К. С. Арбаев, Б. С. Ажыбеков,
К. А. Арбаев, Н. Абдраманова

# Биологиялык-ветеринардык сөздүк-маалыматнаама

УДК573
ББК 28.0
Б 63

*Рецензент*: **М.А. Арзыбаев,** ветеринария илимдеринин доктору, профессор,
**К.А. Токоев,** ветеринария илимдеринин кандидаты, доцент.

Б 63 **Биологиялык-ветеринардык сөздүк-маалыматнаама.** /К.С. Арбаев, Б.С. Ажыбеков, К.А. Арбаев, Н. Абдраманова. – Б.: «Полиграфбумресурсы», 2017.– 200 б.

ISBN 978-9967-32-203-5

Бул сөздүк-маалыматнаамада биология, ветеринария тармактарында жана жаныбарлардын жалпы патологиясында көбүрөөк санда тез-тез кездешүүчү терминдердин түшүндүрмөлөрү берилген. Сөздүк-маалыматнаама – биологиялык жана ветеринардык факультеттердин жана колледждердин студенттери, аспиранттар, ветеринардык дарыгерлер, илимий жана практикалык кызматкерлер үчүн сунушталат.

**Б 1901000000–17**

**УДК 573**
**ББК 28.0**

ISBN 978-9967-32-203-5

© Автордук коллектив, 2017
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2017

## КИРИШҮҮ

*Биологиялык-ветеринардык сөздүк – маалыматнаама – бул, жандуу жаратылыштын жашоо мыйзамдарына байланышкан кеңири тармактагы илимдердин өкүлдөрү үчүн жана бул тармактагы биологдор, ветеринардык дарыгерлер, аспиранттар, жогорку окуу жайдын жана колледждердин студенттери үчүн – терминдик аталмалардын чечмеленүүсүн сурап билүүгө арналган чыгарылыш. Анткени, илимий жана окуу куралдардагы терминдик аталмалар көпчүлүк учурларда маанисинин чечмеленүүсү жок – түздөн-түз жүргүзүлөт, бул болсо материалды өздөштүрүүнү бир кыйла татаалдантат. Ошондуктан азыркы мезгилдеги биология жана ветеринария багыты боюнча даярдалган окуу китептердеги, окуу куралдардагы жана колдонмолордогу көбүрөөк санда тез-тез кездешүүчү аталмаларга жана түшүндүрмөлөргө муктаждуу түрдө мүнөздөмө берүү зарылчылыгы келип чыгат.*

*Деги эле биология жана ветеринария боюнча маалыматтарды түшүнүүдө, бул багыттарда колдонулуучу атайын адистик терминдик аталмалардын чечмеленүүсүн жана кызматтык маңызын билбегендиктен көпчүлүгү кыйналышат. Ошол себептен, сунушталып жаткан сөздүк-маалыматнаамада – биологияда, жаныбарлардын жана кишинин жалпы патологиясында колдонулуучу терминдик аталмалардын чечмеленүүсү гана камтылбастан, алар тарабынан жүргүзүлүүчү белгидеги процесстердин маңызы кошо түшүндүрүлгөн.*

*Сөздүк-маалыматнаамада көпчүлүк орун – анатомияда, гистологияда, цитологияда, вирусологияда, генетикада, биохимияда, эмбриологияда, физиологияда, экологияда, биогеографияда, иммунологияда кездешкен терминдик аталмаларга бөлүнгөн, мындан тышкары ветеринарияда, ветеринардык патологияда, ж.б. бир канча биологиялык илимдерде жана багыттарда колдонулган негизги терминдик аталмалар жана түшүндүрмөлөр камтылган.*

*Сөздүк-маалыматнааманы түзүүдө биология, жаныбарлардын жана кишинин жалпы патологиясы боюнча чыгарылган Биологиялык энциклопедиялык сөздүк, Ветеринардык жана Медициналык Чоң Энциклопедия, окуу колдонмолору жана куралдары, андан тышкары, бул чыгарылышты түзгөн авторлордун окутуучулук жумушундагы көп жылдык тажрыйбалары колдонулду.*

## – А –

**Аары зыянкечтери** – булар аары чарбачылыгына зыян келтирүүчү ар түрдүү мителер, кээ бир ийнелүү жаргак канаттар, жана курт-кумурскалар. Аары мителери: амеба, грегарина, нозема, ак курт, кене, жумуру баш, кычы коңуз, аары бити. Булар аарынын денесине жабышып, мителик кылат.

**Аары уусу** – жумушчу аарынын коргоочу жана чагуучу куралынын башкача айтканда ийнесинин түбүндөгү безинин бөлүп чыгарган уу суюктук; ар түрдүү химиялык аралашмалардан турган татаал зат. Бул аралашманын ичиндеги уу зат мелитин – протамин тибиндеги белок..

**Абазия** – нерв системасы жабыркаланып басалбай калуу.

**Абдомен** – курсак, ич; организмдин көөдөндөн кийинки көңдөйү.

**Абдуктор** – сырт жакка тартуучу булчуң, кергич булчуң.

**Абиогенез** – жаратылышта таралган органикалык заттардын организмден тышкаркы ферментсиз жаралышы.

**Абиотикалык факторлор** – тиричиликтен тышкаркы факторлор.

**Абиотрафия** – органдын же органдар системасынын тиричилик (жашоо) мүмкүнчүлүгүнүн төмөндөп кетиши.

**Аббревиация** – эволюциянын жүрүшүндө же онтогенез процессинде особдун ата тектеринин кандайдыр бир белгисин жоготуу.

**Абиогенез** – 1) Эволюция процессинде жансыздан жандуу нерсенин п.б. 2) Организмдерден тышкары ферменттердин катышуусу жок органикалык эмес заттардын химиялык реакцияларынын негизинде түзүлгөн органикалык кошундулар (м: вулкандар атылган жерде п.б.).

**Абиосфера** – жандуу организмдердин же биогендүү заттардын таасирине дуушар болбогон литосферанын кабыкчасы.

**Абиссаль** – деңиз тереңиндеги аймак (бенталдын бөлүгү) туруктуу температура (2˚С төмөн), жарыктын жоктугу, суунун аз кыймылы менен мүнөздөлөт.

**Абиссалдык эхиуриды** – теренде жашоочу жөнөкөй тибиндеги жандыктар.

**Абиссалдык кош капкалуулар** – суу терендикте атында жашоочу кош капкалуу моллюскалардын экологиялык тобу.

**Абиссопелагиаль** – пелагиалдын терең катмары.

**Аблактировка** – бутакты же өркүндүн негизги өсүмдүгүнөн ажыратпастан тийиштирип кыйыштыруу.

**Аборальная пора** – арткы тешик; гидралардын түбүнүн, «таманынын» ортосудагы тешик.

**Абораль жагы** же арт жагы – организмде ооз жаткан жактын тескери жагы.

**Аборальный** же арт жак – ооздон тескери жакты көздөө белгилөөчү термин.

**Абораль уюлу** – деңизкирпилердин оозуна тушташ тескери жагындагы арткы тешиги бир жери.

**Аборигендер** – 1) Кандайдыр бир аймакта пайда болбосо дагы илгертеден бери жашоочу жергиликтүү тургундар. 2) Белгилүү бир аймакта эволюциялык жол менен пайда болгон организм.

**Аборт** же бала салуу – бооз малдын бала салуусу же түйүлдүктүн жатында куурашы.

**Абсанс** – карышуу менен коштолбогон, көз ачып жумгучакты эс учун жоготуу.

**Абсцесс** – ткандын бузулушунун негизинде көңдөйчөнүн пайда болушу менен коштолгон ириңдүү сезгенүү.

**Авитаминоздор** – организмде витаминдердин жетишсиздигинен жаралган оорулар.

**Авифауна** – белгилүү бир аймакта жашаган, кездешүүчү канаттуулардын түрлөрүнүн тизмеси.

**Авоморфтуу топурак** – физика-химиялык кубулуштардын таасиринен ар түрдүү тоо тектердин үбөлөнүп, күкүмдөлүшүнүн натыйжасында пайда болуп, алгачкы орунда калган топурак. Ал негизинен кургак климаттык шартта өөрчүп, түз жерлерде, бөксө тоо жана тоолуу субальпы, альпы ж.б. типтеги топурактар кирет.

**Австралопитек** – түз, эки буту менен баскан адам сымал маймылдын калдыгы. А. калдыктары Түштүк Чыгыш жана Борбордук Африкада табылган.

**Автогамия** – өзүн – өзү чаңдаштыруу, боозутуу (бир клеткалуу, же көп клеткалуу жөнөкөй түзүлүштөгү жандыктардын жана өсүмдүктөрдүн арасында кезигет).

**Автогенез** же аутогенез – организмдин өрчүшүнүн анык ички себептери жөнүндө сунуш кылынган концепция.

**Автодупликация** – жандуу организмдердин жана алардын бөлүктөрүнүн (клеткалар, хромосомалар, пластидалар, митохондриялар ж.б.) мурункусуна окшош структураларды түзүүсү.

**Автолиз** – ткандын, клетканын өзүнөн өзу эзилиши жана эриши.

**Автомиксис** – бир эле особго өзүнчө таандык жыныс клеткаларынын кошулушу, жөнөкөйлүүлөрдө, козу карындарда, диатомдуу балырларда кеңири таралган.

**Автополиплоидия** – тукум куучулук өзгөрүүнүн негизинде өсүмдүк клеткасында хромосома жыйнагынын чар жайыт көбөйүшү.

**Автостерилдүүлүк** – айрым өсүмдүктөрдүн чаңчаларынын ошол эле өсүмдүктүн энелигинин чаң алгычтарында өсө албастыгы. Кара буудайга, кызылчага ж.б. көптөгөн өсүмдүктөргө мүнөздүү.

**Автотомизатор** – автотомия жасоочу булчуң, м: кескелдириктин куйругу.

**Автотомия, аутотомия** – айрым жаныбарлардын өзүнүн дене бөлүгүн таштап салуу өзгөчөлүгү м: кескелдириктер куйругун таштап салат. А. негизинде жоголгон дене бөлүгү регенерацияланат.

**Автотрофтор** – тиричиликке керектөөчү бардык органикалык заттарды жана органикалык эмес заттардан өздөрү синтездеп алуучу организмдер.

**Автофагия** – өзүн өзү мүлжүү.

**Автофертилдүүлүк** – 1) Өзүн – өзү чаңдаштырууда өсүмдүктүн нормалдуу уруктарды пайда кылуусу. 2) Бир эле гүлдүн аталык чаңчаларынын энеликке туш болуп өсүүсү.

**Автохор** – тышкы факторлордун жардамы жок эле өсүмдүктөрдүн таралышы: жарылган мөмөдөн уруктардын таралышы (механохория), мөмөлөрдүн топуракка көмүлүп калышы (геокарпия), мөмө жана уруктардын тартылуу күчүнүн негизинде жерге түшүшү (барохория).

**Автохтон,** же аутохтон – эволюция процессинде ушул эле жайда пайда болуп, ушул кезде да ошол жерде жашоочу түрлөр, уруулар жана тукумдар.

**Автоклав** же буу стерилизатору, тазалагыч – суунун буусуна каныккан басым астындагы стерилдештирүүчү (тазалоочу) аппарат.

**Автолиз,** аутолиз, же эрүү – клетка жана ткандардын өлгөндөн кийин, лизосомалардан бөлүнүп чыккан, литикалык ферменттердин таасири астында структуралык компоненттеринин ээриши, зыянсыздандырылышы жана алардын организмден бөлүнүп чыгарылышы.

**Агалактия** же кара желин – желинден сүт чыкпай калышы.

**Агамия** – жыныстын жок болушу. Агамдуу түрлөр болуп төмөнкү өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын түрлөрү эсептелинет, алар уруктануусуз көбөйүшөт. А. түрлөр омурткалуу жаныбарлардын арасында дагы кездешет, м: Кавказ кескелдиригинин айрым формалары.

**Агамогония** – жыныссыз көбөйүү, бөлүнүү, бүчүрлөнүү ж.б. менен ишке ашат.

**Агар эт** – тыгыз пептондуу же чала коюу универсалдуу азык чөйрө, көпчүлүк патогендүү микробдорду өстүрүү үчүн колдонгон 5,5 – 2% агар кошулган эттүү, пептондон турган килкилдек.

**Агглютинация** – 1) Бактериялардын, эритроциттердин ж.б. клеткалардын бир өнчөй аралашмасынын жабышуу чөкмөнү пайда кылуу өзгөчөлүгү. Антитело – антигендердин кошулуусунун негизинде байкалат. 2) Жогорку температура, уулуу заттардын ж.б. агенттердин таасири астында тирүү клеткадагы белоктунчапталышы, катталшы.

**Агглютининдер** – кан сары суусунда пайда болгон заттар, алардын таасири алдында белоктун уюшу микроб жана кан денечелеринин жабышуусу ишке ашат.

**Агевзия** – даам татуу сезгичтигин жоготуу.

**Агенезис** – эмбрионалдык өнүгүү, ткандардын калыптануу процесстеринин бузулушунун негизинде дененин кандайдыр бир бөлүгүнүн жок болуп туулушу.

**Агенезия** – түйүлдүктүн өрчүшүнүн бузулушу менен тигил же башка органдардын жок болушу. Органдын түйүн түрүндө болушу – аплазия. Органдын өсүп жетилбөөсү – гипоплазия. Жыныс клеткаларында хромосомалык аппараттын бузулушу себеп болот.

**Агнозия** – баш мээ кыртышынын жабыркаланышынын, же сезүү (көрүү, угуу, даам татуу, жыт сезүү) органдарынын бир аз бузулушунун негизинде предмет, кубулуштарды таанып билүүдөгү бузулуулар.

**Агония** – жашоонун акыркы учуру, жанталашуу башкача айтканда өлөөрдүн алдындагы абал. Айрым учурларда А. абалынан аман калышы дагы ыктымал (реанимация).

**Агранулоцит** – цитоплазмасында бүртүкчөлөр, данчалар байкалбаган лейкоциттер.

**Агробиология** – өсүмдүк өстүрүүчүлүктө, мал чарбачылыгында биологиялык закон ченемдүүлүктөрдү изилдөөчү комплекстүү илимий тармак.

**Агроиндустрия** – 1) Интенсивдүү көп тармактуу айыл чарбасы, механизация, химизация жана автомотизация процесстерине негизделет. 2) Агро өнөр жай ишканаларынын комплекси, анда өсүмдүктөрдү өстүрүү (м: теплицада) жаныбарларды багуу (м: бройлер) организмдеги физиологиялык процесстерин интенсификациялоо схемалары боюнча жүргүзүлөт.

**Агроклиматология** – айыл чарба метеорологиясынын бир тармагы; климаттык шарттарда айыл чарба өндүрүшүнө тийгизген таасирин изилдейт. Жер кыртышы, анын күрдүүлүгү, суу ресурстары, өсүмдүктүн өсүшү климатка жараша болот. Айыл чарба өндүрүшүн адистештирүүдө климаттык шарт эске алынат. Агроклиматологиянын милдеттери: климатка айыл чарба жагынан баа берүү жана айыл чарба өсүмдүктөрүн, малдын түрлөрүн билгичтик менен максатка ылайык өстүрүү, асыроодо жерди агроклиматы боюнча райондоштуруу; климаттын жана аба ырайынын катаал шартынан сактануу жолдорун иштеп чыгуу ж.б. Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн өсүшү, түшүмдүүлүгү негизинен климаттык факторлорго байланыштуу болот.

Ошол байланыштардын эсептеп тастыктоо бул агроклиматтык көрсөткүчтөр деп аталат.

**Агротокой мелиорациясы** – токой чарба иш чараларынын системасы, аймактын топурактуу – гидрологиялык жана климаттык шарттарын жакшыртууга багытталып айыл чарба иштерин жүргүзүүгө жагымдуу шарттарды түзөт. А. мелиорациянын негизги формаларынын бири.

**Агроценоз** – өсүмдүк, жаныбар, козу карындар жана микроорганизмдердин биотикалык коомдоштугу. Айыл чарба продукцияларын алуу максатында түзүлүп адам тарабынан тейленет.

**Адаптация** – особь, популяция же түрдүн морфофизиологиялык, жүрүм турум өзгөчөлүктөрүнүн комплекси башка түрлөр, популяциялар, особдор менен күрөшүүдө ийгиликтерди камсыз кылат.

**Адаптациялык синдром** – жаныбарларда, адам организминде пайда болгон мүнөздүү эмес өзгөрүүлөрдүн жыйындысы, татаал биологиялык реакция, зыяндуу агенттерди жоюуга, аман калууга багытталат.

**Адвентивдүүлүк** – башка коомдоштуктан, географиялык аймактан түрдүн келиши (иммеграция).

**Адвентивдүү орган** (өсүмдүктүкү) – өзгөчө жерлеринде өсүүчү кошумча органы, м: бүчүрлөрү жана өркүндөрү жалбырак кучактарында пайда болбостон тамырларында жана жалбырактарында пайда болот.

**Адвентивдүү өсүмдүк** – мурун өспөгөн жерлерге адам тарабынан алынып келинген өсүмдүктөр.

**Адвентивдүү эмбриония** – түйүлдүк баштыкчадагы клеткалардын уруктануусу жок эле өсүмдүк түйүлдүгүнүн өрчүшү.

**Адвентиция** – 1) Кан тамырлардын бириктиргич жана булчуң ткандарынан пайда болгон тышкы кабыкчасы. 2) Сөөк кабынын тышкы кабыкчасы.

**Аддуктор** – ич жакты, орто жакты карай тартуучу булчун.

**Аденин** – пуриндүү негиз, бардык организмдердин нуклеин кислоталарынын курамында болот. Генетикалык коддун 4 «тамгасынын» бирөөсү. Ошондой эле аденозинофосфат, айрым кофермент ж.б. биологиялык маанилүү заттардын курамында болот.

**Аденозин** – нуклеозид пуриндүү негиз аденинден жана рибоза моносахаридден турат. Бардык жандуу организмдерде НК, аденозинфосфат, айрым кофермент ж.б. биологиялык заттардын курамында болот.

**Аденолимфома** – шилекей бездеринин зыяны жок шишиги.

**Аденома** – дем алуу, тамак сиңирүү, жыныс системаларында бездүү эпителийден пайда болгон шишик. Түзүлүшү боюнча ар кандай болуп зыяндуу формасына өтүп кетиши ыктымал.

**Адинамия** – булчундардын алсыздыгы (карылыкта, узак оорууда, ачкачылыкта байкалат).

**Адолескарий** – трематода классындагы жалпак мите курттардын кээ бирөөлөрүнүн личинкасы.

**Адсорбция** – газ же суюк чөйрөдөн заттардын суюк же катуу заттын бетине сиңиши. Сиңген зат – адсорбат, сиңирген зат адсорбент деп аталат. Алардын молекулаларынын өз ара аракеттенүү мүнөзүнө жараша физикалык адсорбция жана хемосорбция болуп бөлүнөт. Физикалык адсорбцияда адсорбаттын молекулалары өзгөрбөйт, хемосорбцияда молекулалар адсорбенттин бетинде химиялык бирикме пайда болот. Заттын катуу адсорбенттин (топурак, чым көң, көмүр ж.б.) массасына сиңирүүсү адсорбция деп аталат. Бир түр экинчисине өткөндүктөн адсорбциянын баары жалпысынан сорбция, адсорбцияланган молекулалардын кайра бөлүнүшү десорбция делет. Адсорбция табиятта кеңири таралган. Газ (же буу), суюк, катуу зат бири – бирине тийишкен, беттешкен жерде адсорбция кубулушу жүрөт. Топурак абаны, көмүр кычкылын, суу буусун, аммиакты, сууда ээриген органикалык жана минерал заттарды адсорбциялайт. Өсүмдүктүн тамыры аркылуу азык заттарды, жалбырак аркылуу көмүр кычкылын сиңириши, ал заттардын өсүмдүктө андан ары сиңирилиши адсорбция, десорбция менен байланыштуу. Адсорбция кубулушу өнөр жайларда (газ жана суюк аралашмаларды бөлүүдө ж.б.) илимде, турмуш тиричиликте кеңири колдонулат.

**АДФ (аденозиндифосфат, аденозиндифосфордуу кислота)** – акыркы фосфаттык топ АТФтин ташылышынын негизинде пайда болгон зат. Клеткада энергиянын ташылышындагы реакция.

**Азоттук бактериялар** – аэробдуу, эркин жашоочу бактериялардын тобу, аба азотун иштетип топуракты байытууга жөндөмдүү.

**Азот жер семирткичи** – өсүмдүктү азот менен азыктандыруучу минерал жана органикалык заттар. Азот жер семирткичи органикалык жер семирткич (кык, чым көң, компост) минерал жер семирткич (аммиак селитрасы, аммоний сульфаты, мочевина жана суулуу аммиак) жана көк жер семирткичке (люпин, сераделла ж.б. көк массасы) бөлүнөт. Азот жер семирткичи – эгилме өсүмдүктөрдүн түшүмүн жогорулатуунун натыйжалуу каражаты. Өсүмдүк көбүнчө азоттун минерал бирикмелери, негизинен аммоний туздары жана нитраттар менен азыктанат. Азот – азот жер семирткичинде – аммиак, аммиак – нитрат, нитрат же амид түрүндө болуп, өсүмдүккө оңой сиңет жана анын өсүшүн тездетет. Аммиак жер семирткичтерине аммоний сульфаты, аммоний бикарбонаты, суусуз аммиак, суулуу аммиак, аммиакаттар кирет. Күкүрт кычкыл аммонийдин аммиак азоту нитрат азотуна караганда топуракта жакшы кармалат. Хлордуу аммоний да кычкылдуу, аны акиленген топуракта пайдаланган дурус. Аммиак түрүндөгү азот жер семирткичинин ичинен суюк азот жер семирткичтер чоң мааниге ээ. Аммиак – нитрат жер семирткичтери: аммиак селитрасы (аммоний нитраты, азот кычкыл аммоний) жана аммоний сульфонитраты. Аммиак селитрасы бүртүктөлгөн түрдө чыгарылат; топуракты бир аз кычкылдантат. Аммоний сульфонитратынын таасири аммоний сульфатыныкына окшош, кычкылдуулугу жогору. Нитрат

жер семирткичтери: натрий селитрасы, кальций селитрасы. Булар жегичтүү жер семирткичтер. Азоттун нитрат түрү топуракка сиңбейт, ным менен кошо топурак профилинде жылып жүрөт. Амид жер семирткичтер: мочевина (карбомид), мочевина – формальдегид жер семирткичтери. Мочевина – азот жер семирткичинин үнөмдүү түрү. Натыйжалуулугу аммиак селитрасы менен бирдей. Мочевина – формальдегид жер семирткичтери көпкө сакталат, нымдуу жана сугат жерлерде колдонгонго жакшы. Азот жер семирткичин пайдалануу нормасы өсүмдүктүн биологиялык өзгөчөлүгүнө, климат жана топурак шартына, ж.б. жараша болот.

**Азот (о) фиксация** – атмосферанын молекулярдык азотунун органикалык азоттуу кошундуларга – амино кислоталарга ж.б. өтүшү. Азоттук бактериялар ишке ашырат.

**Азоттук тең келишүү** – организмден чыккан азоттуу заттар организмге кирген азоттуу заттар менен барабар болуп турушу, бирдей теңдикте.

**Азуу** – тамакты майдалоочу тиш.

**Азыктануу чөйрөсү** – жасалма шартта микроорганизимдерди, ткандарды өстүрө турчу субстраттар.

**Айыл чарба биологиясы** – эксперменттик биологиянын эгилме өсүмдүк түшүмүн, малдын кунардуулугун, о.э. пайдалуу микроорганизмдердин тийгизген таасирин жогорулатууга багытталган иш – чаралардын теориялык негизин иштеп чыгуучу бөлүмү. Айыл чарба биологиясы айыл чарба керектөөлөрүнө жана тажрыйбасына генетика, физиология, биохимия, биофизика, молекулярдык биология ж.б. илимдердин жетишкендиктеринин негизинде өнүгүүдө. Айыл чарба биологиясынын негизги милдеттери; айыл чарба биологиясы өсүмдүгү менен малдын геторозисинин жана физиологиялык – биохимиялык негизин ачуу, гибриддештүрүүдө ата энелик жупту тандап алуу, өсүмдүктүн полиплоидиялуу формасын пайдалануу, о. эле жасалма мутагенездин табиятын изилдөө; өсүмдүк жана малдын патогенези менен иммунитеттин генетикалык, физиологиялык- биохимиялык негизин иштеп чыгуу; мал тоюттандыруу нормасы менен рационун, асыроо жолдорун иштеп чыгуу жана өркүндөтүү, малдын эт, сүттүүлүгүн арттыруу, жүнүнүн сапатын жакшыртуу ж.б. максатында мал азыктанышынын, сүт пайда болууда биохим. жана физиол. процестердин, организиминде белок жана май синтезинин өзгөчөлүктөрүн кылдаттык менен изилдөө. Айыл чарба биологиясынын милдеттерине о.э. өсүмдүк менен малдын илдет, ылаңдарына жана зыянкечтерине каршы күрөшүүнүн химиялык, биологиялык ыкмаларын өркүндөтүү; фотосинтез процессинде а.ч. өсүмдүгүнүн күн энергиясын алуу коэффицентин көбөйтүү, мисалы, айдоо структурасынын оптималдуу моделин иштеп чыгуу; бир катар маанилүү органикалык бирикмелерди (амин кислотасы, белок, антибиотик, фермент ж.б.) пайда кылуучу микроорганизмдерди, о.э. топурак микроорганизмдерин, малдын ичеги-карын микрофлорасын изилдөө кирет.

**Акарифагдар** – өсүмдүк кенелери менен азыктануучу организмдер. Жүзүм, жашылча жана мөмө дарактарды желеме кенелерден коргоодо фитосейулюс, метасейулюс кенелери пайдаланылат.

**Акарициддер** – зоология илими, жаныбарлардын зыяндуу кенелерин жок кылуучу пестициддер.

**Акарология** – омурткасыздар зоологиясынын бөлүгү, кенелерди изилдейт.

**Аквакультура** – деңиз суу чөйрөсүндө пайдалуу организмдерди өстүрүү.

**Аквариум** – айбандарды багуу жана өсүмдүктөрдү өстүрүү үчүн атайын суу толтуруп койгон жай.

**Акведук** – кокту, канал, жол, сай ж.б. суу алып өтүш үчүн курулган (ноо, түтүк) гидротехникалык курулма. Көбүнчө сугат жерди кургатуу жана суу менен камсыз кылууда колдонулат. Акведук темир, темир – бетон жана бетондон курулат. Мындай гидротехникалык курулмалар Кыргызстанда да көп.

**Акинез** – 1) Жаныбарлардын убактылуу кыймылдабай калышы («өлүмүш болуп калышат»), адаптациялык мүнөзгө ээ. 2) Цитологияда ядро бөлүнбөй эле клетканын өсүүсү.

**Акклиматизация** – айбанатты жана өсүмдүктөрдү жаңы тиричилик шарттарга байыр алдырып, көндүрүү, жергиликтештирүү.

**Аккомодация** – көнүктүрүү м: көздү жарыкка жана караңгыга көнүктүрүү.

**Акрания** – башсыздык, күмөндүн башы жок төрөлүшү.

**Акриддер** – чегирткелердин ар кандай түрлөрү.

**Аккумуляция** – 1). Организмде химиялык заттардын топтолушу (м: май тканында пестициддердин топтолушу, өсүмдүктөрдө металлдардын топтолушу). 2). Тамактануу чынжырчасында заттардын топтолушунун көбөйүшү. Коркунучтуу натыйжаларга алып келиши мүмкүн.

**Акромегалия** – муундардын, бет сөөгүнүн өтө эле пропорционалдуу эмес өсүп кетиши, гипофиздин функциясынын бузулушунда байкалат.

**Акрон** – деңиз жээктериндеги кумдун ичинде жашоочу майда ракчалардын сүйрү баштарынын алдыңкы уч жагы.

**Акросома** – сперматозоиддин башынын төбө жагы.

**Акселерация** – 1) Балдар, өспүрүмдөр арасында байкалуучу эрте жыныстык жетилүүнүн санынын көбөйүшү. XIX к. экинчи жарымында байкала баштаган. 2). Түйүлдүктүн өнүгүшүндөгү айрым стадияларында айрым бөлүктөрүнүн калыптанышынын тездеши.

**Аксолотль** – куйруктуу амфибия, амбистоманын личинкасы.

**Аксон** – нерв клеткасынын өсүндүсү, денесинен импульсту алып чыгуучу бутагы.

**Аксоподий** – күн сымал жөнөкөй жандыктардын таянуучу, жөлөнүүчү органелласы.

**Активдүүлүк аракеттүүлүк** – организмдин көп кыймылдашы, тез шамдагай аракеттениши.

**Актинотроха** – форонид тибиндеги жандыктардын сууда эркин калкып жүрүүчү личинкасы.

**Актинохитин** – кенелердин хитин кабыгын жылтылдаткан нерсе.

**Актиномикоз** – малдын жана кишинин өнөкөт ылаңы, оорусу. Аны актиномицетердин түрү козгойт. Актиномикоз менен көбүнчө уй, кээде чочко, кой, эчки, жылкы ылаңдайт. Козгогучу көбүнчө былжыр челдин жараланган жери аркылуу организмге кирип, ар кайсы орган, тканда (көп учурда башта) ириңдүү шишик – гранулеманы пайда кылат. Ал жанындагы тканга таралышы мүмкүн. Алдын алуу үчүн малды саздак жерге жайбоо, кургак, катуу чөптү малга берүү алдында буулап жумшартуу керек. Дарылоодо негизинен антибиотиктер (пенициллин, окситетрациклин ж.б.) пайдаланылат.

**Актинула** – кээ бир гидроид жандыктарынын личинкасынын аты.

**Актуализм** – жер кыртышынын жана бүтүндөй жаратылыштын өзгөрүшү жөнүндөгү көз караштардын жыйынтыгы. Глобалдык кыйроо, кудай жараткан деген көз караштарды четке кагып табигый себептердин (климат, жанар тоо, жер титирөө, эрозия процесстери, организмдердин жашоо тиричилиги ж.б.у.с.) негизинде жүргөн деген көз караштар.

**Акцептор** – 1) Молекулярдык биологияда электрондорду жана кычкылданган кошундулардан суутекти кабыл алып, башка заттарга өткөрүп берүүчү заттар. 2) Кандайдыр бир органды же тканды көчүргөн организм.

**Алкалоиддер** – составында азоту бар органикалык бирикмелер. Көбүнчө өсүмдүктөрдө болот. Алкалоид (морфин) алгач 1806-ж. апийимден бөлүнүп алынган. Кийин стрихнин, хинин, атропин, кофеин, эфедрин ж.б. табылган. Алкалоиддер физиологиялык активдүү зат.

**Алкым** (ганаш) – сагак, алдыңкы жаактардын астыңкы бети.

**Аллантоис** – жогорку түзүлүштөгү омурткалуу жаныбарлардын түйүлдүктөрүн ороп турган челдеринин бири, каканактын суу толгон катмары.

**Аллелогония** – коомдоштукта организмдердин энергия жана заттарды бири бирине өткөрүп берүүдөгү тыгыз карым катнаштары, м: ээси жана мите, жырткыч жана жем болгон жаныбар.

**Аллелопатия** – өсүмдүктөрдүн түрдүү органикалык заттарды бөлүп чыгаруу менен бири-бирине таасир этиши. Мындай заттардын 4 тобу бар, 2 тобун – антибиотиктерди (башка микроорганизмдердин өсүүсүн токтотуучу зат) жана маразминдерди (татаал түзүлүштүү өсүмдүктөргө таасир этүүчү, соолутуучу зат) микроорганизмдер пайда кылат. Башка 2 тобун татаал түзүлүштүү өсүмдүктөр бөлүп чыгарат. Алар – микроорганизмдердин өсүүсүн басаңдатуучу зат – фитонциддер жана татаал түзүлүштүү өсүмдүктөрдүн

өсүүсүн токтотуучу – колиндер. Которуштуруп жана аралаш эгүүдө өсүмдүк түрүн тандоо үчүн алкалоиддердин мааниси зор.

**Аллель (аллелдүү ген, аллеломорфа)** – гомологиялык (жуптуу) хромосомалардын бирдей локустарында жайгашкан бир эле гендин ар кандай формалары.

**Аллергия** – мал организминин кандайдыр бир затка (аллергенге) болгон сезгичтиги. Жаныбар же өсүмдүктөгү түрдүү белоктуу заттар – кан сары суусу, жүн, гүл чаңчасы ж.б., липоид, углевод, дары-дармек, орг. эмес заттар, о.э. организмде пайда болуучу аутоаллергендер аллерген боло алат. Аллергия сезгичтиктин азайышынан (иммунитеттин пайда болушу) же сезгичтиктин күчөшүнөн байкалат. Организмдин өтө сезгичтик абалы – анафилаксия бөтөн белоктун организмге кайталап киришинен, аллергиялык ылаңдардан, айрым дары-дармектерге тубаса аллергия ж.б. болот.

**Аллергология** – биология илимдеринин аллергияны изилдөөчү тармагы.

**Аллогамия** – бир гүлдүн экинчи гүлдүн чаңчасы менен чаңдашуусу.

**Аллогенез** – организмдердин топторундагы эволюциялык өзгөрүүлөр, систематикалык жактан жакын түрлөрдө кандайдыр бир өздүк ыңгайлануулары башка ыңгайлануулар менен алмашылат, бирок жалпы белгилери мурункудай эле калат.

**Алкалоз** – организмдин канында же башка ткандарында оң заряддалган бөлүкчөлөрдүн, жегичтердин көбүрөөк болушу.

**Аллополиплоид** – клеткасында ар башка түр же уруунун хромосома жыйындысы кошулган организм. Кээде гибриддик полиплоид деп да аталат. Гибриддин хромосома жыйындысы эки эсе көбөйгөндө пайда болот.

**Аллополиплодия** – өсүмдүктөрдүн же айбандардын клеткасында тукум куучулук касиетинин өзгөрүү жолунун бир түрү.

**Аллосома** – башка хромосомалардан морфологиялык өзгөчөлүгү менен айырмаланган хромосома м: эркек жыныс хромосомалары.

**Аллохор** – тышкы факторлордун (шамал, суу, жаныбарлар, адам ж.б.) негизинде таралган өсүмдүктөр жана козу карындар.

**Алохтондор** – башка жактан келип, бир жерге отурукташып, жайгашып байыр алган түрлөр, уруулар, тукумдар.

**Альбинизм** – тубаса организмдин пигментациясынын жок болушу. Жаныбарларда, адамда тери, чач, көз карегинин пигментацияларынын жок болушу. Өсүмдүктөрдө жашыл түсүнүн (хлорофиллдин) жок болушу.

**Альбумин** – жумуртканын агында, кан сары суусунда, сүттө жана өсүмдүктүн уругу менен жалбырагында болуучу жөнөкөй белок. Альбумин кан плазмасынан, мал канынан (кан сыры суу альбумини), сүт сары суусунан (сүт альбумини) алынып, кондитер, текстиль жана фармацевтика өнөр жайларда, о. э. медицинада колдонулат.

**Альвеолдор** – өпкөнүн аба кирүүчү же бездердин секреттерди чыгаруучу жолдорунун туюк учундагы майда исиркектер.

**Альвеолалык** – уюктуу, исиркектүү.

**Альгология** – балырларды изилдөөчү илимий тармак (ботаниканын бир бөлүгү).

**Амбра** – кашалоттун ичеги-карынында жаралуучу мом сыяктуу зат.

**Амбулакр системасы** – деңиз жылдыздардын анатомиялык түзүлүшү.

**Амбулакрдык кулкун шакеги** – амбулакр системасынын ортосундагы тегерек тешик.

**Амбулакр кобулдары** – амбулакр системасындагы жылгалар.

**Амбулакр каналы** – деңиз жылдыздардын амбулакр системасынын бир түтүкчөсү.

**Амбулакр бутчалары** – амбулакр системасынын бир тетиги.

**Амбулакр эбелектери** – амбулакр системасынын керегелерин түзүүчү жука эбелектер.

**Амбулакр тешиктери** – амбулакр бутчалары кабыктын сыртына чыгуучу тешиктер.

**Амбулакр катарлары** – дененин амбулакр системасы орношкон катарлары.

**Амбулакрлар** – амбулакр системасынын чачыраган каналдары жана бутчалары жайгашкан секторлор.

**Амебоциттер** – омурткасыз жаныбарлардын түзсүз кан клеткалары. Чоочун заттарды кармап эритүүгө жөндөмдүү.

**Амебиаз** – амебанын кесепетинен жаралган ич өткөк тумоо (кишиде болот, адамдын жоон ичегисин дизентерия амебасын жаралантып жабыркатуусунан болгон мите ооруусу).

**Амебоид** – амеба сымал, миксоспоридий жөнөкөй жандыктарынын спораларынын бир түрү.

**Амеба сымал клеткалар** – амебага окшоп түзүлүшүн өзгөртүп туруучу клеткалар.

**Амебоциттер** – омурткасыз жандыктардын канынын түссүз клеткасы; киши менен омурткалуу айбандардын лейкоциттерине теңдеш.

**Амелия** – мунжулук, колу-буту жоктук, кумөндүн майыптыгы.

**Аменсализм** – бир организмдин экинчи организмди басынтышы.

**Аметаболия** – метаморфоздун байкалбастыгы, б.а. айрым төмөн курткумурскалардын эски хитин кабыкчасын ыргытып жөнөкөй өсүү жолу менен өнүгүшү.

**Аметропия** – көздүн даана көрүшүнүн бузулушу, м: алысты же жакынды көрбөстүк.

**Амиддер** – орг. кислоталарда гидроскил тобу (OH) амин тобуна алмашылган хим. бирикмелер; жалпы формуласы; $R\text{-}CO\text{-}NH_2$. R радикалы түр-

дүү түзүлүштө болушу мүмкүн. Карбон кислоталарынын, амин кислоталарынын, сульфокислоталардын амиддерине бөлүнөт. Амиддер сууда эрийт; молекулалык массасы жогорулаган сайын эригичтиги азаят. Амиддер орг. кислоталардын аммоний туздарын ысытуу; ангидрид жана хлор, ангидриддерге аммиак менен таасир этүү; нитрилге суутек өтө кычкыл же минерал. Кислота менен таасир этүү; кислоталардын эфирине аммиак менен таасир этүү аркылуу алынат. Аспарагин, глутамин, мочевина амиддери биологилык жактан чоң маниге ээ. Аспарагин менен глутамин белоктун составына кирип, белок менен амин кислоталары ажыраганда бөлүнүп чыккан аммиак алар пайда болгондо байланышып, зыянсыздандырылат. Мочевина айрым өсүмдүктөрдө, шампиньон, жаанчыл козу карындарда көп жыйналат. Бул амиддер өсүмдүктөгү топурактан келген орг.эмес азотту байланыштырууда да маанилүү роль ойнойт. Кишинин жана жаныбарлардын организминдеги никотин кислотасынын амиддери РР витаминдеринин булагы болот.

**Амиктоз** – диплоидия кубулушу, жумуртка клеткаларынын өрчүшүндө хромосомалардын редукциясынын байкалбастыгынын натыйжасында пайда болот.

**Амилопласт** – өсүмдүк клеткаларындагы түзсүз пластида же крахмалдын запасын алып жүрөт.

**Амин кислоталары** – амин жана корбоксил (СООН) топтору бар органикалык кислоталар. Амин кислоталары жана алардын бирикмелери табиятта кеңири таралган, өсүмдүк, жаныбар жана микроорганизмдердин азот алмашуусунда негизги орунду ээлейт. Белок, фермент, гормон, амин ж.б. маанилүү заттар амин кислоталарынан пайда болот. Амин кислотасы – түссүз кристалл заттар, көбү сууда ээрийт, кислоталык жана жегичтик касиетке ээ. Табыгый амин кислоталары 200гө жакын. Белоктун биосинтезине 20 амин кислоталары катышат: лизин, гистидин, аргинин, аспарагин кислотасы, аспарагин, треонин, серин, глутамин кислотасы, глутамин, пролин, глицин, аланин, цистеин, изолейцин, лейцин, метионин, валин, тирозин, фенилаланин, триптофан. Белоктун составындагы амин кислоталары алардын ферменттик өзгөрүүлөрүнөн пайда болот. Кээ бир амин кислоталары кишинин, жаныбарлардын организминде синтезделбейт. Алар – алмаштыргыс амин кислоталары – триптофан, фенилаланин, метионин, лизин, валин, треонин, изолейцин, лейцин. Өсүмдүк керектүү амин кислоталарын топурактан органикалык эмес азоттуу бирикмелерди синтездөө менен алат. Амин кислоталарын өнөр жайларда синтездөө жолу өздөштүрүлгөн. Медицинада дары-дармек зат катары, пластмасса жана синтетикалык була алууда, мал чарбасында жана ветеринарияда, тамак-ашка, тоютка кошулуп колдонулат.

**Амин кычкылдыктары** – составында корбаксил (СООН) жана амин (NH) топтору бар органикалык кислоталар, белокторду жаратуучу кычкылдар.

**Амитоз** – жөнөкөй жандыктардын ядросунун түз бөлүнүшү; клеткалардын көбөйүшүндөгү бир жол.

**Амнион** – амниоттордун түйүлдүк кабыкчаларынын бирөөсү. Эктодерма жана мезодерма бүктөлүүсү түрүндө өрчүйт.

**Амниота** – жогорку омурткалуу жаныбар (сойлоп жүрүүчүлөр, канаттуулар, сүт эмүүчүлөр, о.э. адам баласы) кургактыкта жашоого ыңгайланышкан.

**Амниоцентоз** – генетикалык анализге негизделген эненин ичиндеги баланын жынысын аныктоо ыкмасы.

**Амплификация** – организмдин тышкы түзүлүшүн тең салмактоо өзгөчөлүгү. м: суукта канаттуулардын «үрпөйүшү».

**АМФ (аденозинмонофосфат циклдык, ц АМФ)** – нуклеотид, маанилүү биохимиялык тейлөөчү заттардын бири, көпчүлүк гормондордун таасир этүү механизмдеринде, нерв дүүлүгүүсүнүн өткөрүлүп берилишинде, көрүү аркылуу кабыл алуу процессинде, булчундардын жыйрылышында ж.б. көптөгөн процесстерге катышат. Негизинен АМФ АТФ реакцияларында катышуучу зат.

**Амфибионт** – 1) Өнүгүүсүндө бир канча куракттык фазаларды башынан өткөргөн организм. 2) Эки жашоо чөйрөсүнө ыңгайланган организмдер. М: сууда жана кургактыкта амфибиялар жашай алат.

**Амфибореалдуулук** – Атлантикалык жана Тынч океандарынын суук жана мээлүүн алкактарында кездешүүчү океан түрлөрүнүн ареалдары жана өсүмдүк жаныбарлардын уруулары. Булар бирок Түндүк муз океанынын муздарында кездешпейт.

**Амфидиплоид** – клеткасында эки башка түрдүн эки эселенген хромосома жыйындысы бар гибрид организм. Аллополиплоидиянын ар бир көрүнүшү. Амфидиплоиддерге кара буудай менен буудайдын, буудай менен буудайыктын, капуста менен түрптүн гибриди мисал болот.

**Амфидисктер** – былпылдактардын скелетинин бир тетиги.

**Амфиддер** – жумуру курттардын жыт алуу нервдери орношкон чуңкурлар.

**Амфикарпия** – өсүмдүктө бир эле убакта жер үстүндөгү жана жер алдындагы мөмөлөрдүн пайда болушу.

**Амфимиксис** – эркек жана ургаачы жыныс клеткаларынын (гаметалардын) ядролору кошулган жыныстык процесс.

**Амфипацификалык түрлөр** – Тынч океандын батыш жана чыгыш жактарында (о.э. аралдарында, жээктеринде) кездешүүчү түрлөр, бирок борбордук бөлүктөрүндө кездешпейт.

**Амфитокия** – уруктануусуз эле жаралуу, тукумдары эки жыныстын особдорунан турат (м: өсүмдүк биттери).

**Амфиценоз** – кошуна коомдоштуктарга мүнөздүү жашоо формаларын, түрлөрдүн коомдоштугу (м: токой тундра, токой талаасы).

**Амфодиплоид** – өсүмдүктөрдүн же айбандардын эки башка түрүн жалгаштыруу натыйжасында алынган гибрид же аргын организм.

**Амфомиксис** – өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын жыныс процессинин кадимки жолу. Мисалы: аталык жана энелик клеткалардын ядролорунун биригиши.

**Анабиоз** – жагымсыз шарттардан сактануу максатында айрым организмдердин жашоо тиричилик процесстеринин төмөндөлүшү менен коштолгон организмдин убактылуу абалы.

**Анаболизм** – айбандын организминде клеткалардын, ткандардын структуралык бөлүмдөрүнүн жаралышы жана жаңырышына багытталган химиялык процесстер.

**Анализаторлор** – айбанга жана адамга таасир көрсөтүп жаткан дүүлүктүргүчтөрдү кабыл алып, алардын түркүндөрүн талдап биле турган сездиргич нервдердин татаал системасы (м: көз, кулак, мурун ж.б.у.с. органдар).

**Аналогиялык органдар** – ар башка системалык топтордогу айбандардын окшош кызматы, бирок теги жагынан ар бөлөк органдары. М: көпөлөктүн жана куштун канаты бири-бирине аналогиялык органдар.

**Анамнийлер** – төмөнкү биринчилик суудагы омурткалуу жаныбарлар (тегерек ооздулар, балыктар, жерде – сууда жашоочулар) түйүлдүгүндө амнион байкалбайт.

**Анаморфоз** – постэмбрионалдык өнүгүү формасын, мында жумурткадан жаныбар толук эмес дене сегменттери менен жаралат. Бир канча ирет түлөгөндөн кийин өсүү зоналарында дене сегменттери толукталат.

**Анаплазмоз** – уй, кой, эчкинин безгек сымал ылаңы; кан митеси – анаплазма пайда кылат. Ылаң козгоочу соо малга кене, айрым курт – кумурскалар (көгөндөр) аркылуу жугат. Ылаңдын букма мезгили 3-6 жумадан 3 айга чейин созулат. Анаплазмоз ылаңы жаз, жай, күз айларында көп учурайт. Ылаңданган малдын каны азайып, арыктайт; кезек-кезеги менен температурасы жогорулап, безгек кармайт. Анаплазмоз менен уй 14-21 күн, кой, эчки 15-40 күн ылаңдайт. Ылаңдаган малды террамицин, биомицин, биовитин, тетрациклин менен дарылайт.

**Анастомоз** – органдардын тигил же бул бөлүктөрүнүн, же организм системаларынын кошулушу: 1) Түтүкчөлүү органдардын ортосундагы биригүүлөр. 2) Түтүкчөлүү структуралардын кошулушу м: өсүмдүк жалбырактарындагы тарамыштардын кошулушу.

**Анатоксин** – атайы иштетилгенден кийин уулуу касиеттерин жоготкон, бирок организмде антителону, иммунитетти пайда кылууга жөндөмдүү токсин.

**Анаморфоз** – жандыктардын сегментинен куйругун көздөй жаңы сегмент өсүп туруу процесси.

**Анатомия** – органдардын жана алардын системаларынын формасын, түзүлүшүн изилдөөчү илимий тармактардын тобу.

**Анафаза** – клеткалардын кариокенез менен көбөйүүдөгү үчүнчү стадиясы (клетканын бөлүнүшүнүн үчүнчү стадиясы).

**Анафилаксия** – бир эле затты, сары сууну ж.б.у.с. экинчи жолу куйгандагы организмдин жогорку сезгичтиги.

**Анаэроб** – кычкылтексиз чөйрөдө жашай алган организм (көптөгөн бактериялар, кирпикчелүү инфузориялар, айрым курттар жана үлүлдөр).

**Анаэробиоз** – атмосферанын кычкылтексиз өтүп жаткан тиричилиги, эркин кычкылтек катышпаган тиричилик.

**Ангиология** – анатомия илиминин жүрөктү, кан жана лимфа тамырларын изилдөөчү бөлүгү.

**Андрогенез** – организмдин көбөйүү түрү; энелик клетканын аталык ядро менен гана өрчүшү.

**Андрогендер** – эркек жыныс гормондорунун тобу, бир эле эркек урук бездеринде пайда болбостон ургаачы жумуртка бездеринде бөйрөк үстүндөгү бездин кыртыштарында п.б.

**Андроцей** – гүлдөгү аталыктардын жыйындысы.

**Анемия** – эритроциттердин, гемоглобиндин, жалпы эле кандын азайышы менен коштолгон оорулар.

**Анемофил** – шамалдын жардамы менен уруктанган өсүмдүк.

**Анемохор** – уруктары, споралары ж.б. шамал аркылуу таралуучу өсүмдүктөр.

**Анестезия** – теринин, булчуңдун жана башка ички органдарынын сезгич нервдеринин нервдик козголуулардын өтүшүнө тоскоолдук кылуучу заттардын таасиринин натыйжасында сезгичтиктигин толук же жарым жартылай жоголушу. Сезгичтиктин начарлоосу гипостезия деп аталат. Анестезияда сезгичтиктин бардык же айрым гана түрү (оорууну, температураны ж.б. сезгичтик) бузулушу мүмкүн. Анестезия түрдүү патологиялык процесстен же жасалма жол менен пайда болот. Жасалма анестезия (ооруган жериндеги анестезия же жалпы анестезия – наркоз) хирургиялык операцияда колдонулат. Ыландуу жердеги анестезия – малдын денесинин белгилүү бир жерин анестезия каражаттары (новокаин, дикаин, кокаин ж.б) менен сезгичтигин жоготуу. Жалпы анестезия (наркоз) – ууландыруучу заттар аркылуу пайда болгон уйку. Мында сезгичтик жоголуп, булчуң бошоңдоп, рефлекс басаңдайт. Ууландыруучу заттардын таасири малдын түрүнө жана анын жеке өзгөчөлүгүнө жараша болот. Мисалы, жылкыга – хлоралгидрат, уйга – алкоголь жана хлоргидрат, койго – тиопентал, алкоголь, чочкого – гексенал, тиопентал көбүрөөк таасир этет.

**Анизотропия** – чөйрөнүн бир эле факторунун таасири астында өсүмдүктүн органдарынын ар кандай жайгашуусу.

**Анизогамия** – чоңдугу, формасы жана кыймылы боюнча ар башка жыныстык клеткалардын кошулуу процесси.

**Анималькулисттер** – сперматозоидде чоң жаныбар, микроскоптуу формада жайгашкан деп, туура эмес көз караштa болгон XVII – XVIII к. айрым биологдор (А. Левенгук ж.б.).

**Аноксемия** – канда кычкылтектин жоктугу.

**Аноксия** – организмде же анын кайсы бир ткандарында кычкылтектин жоктугу.

**Анорхизм** – эки эндин тубаса жоктугу, кемтик.

**Анофтальм** – эки же бир көздүн тубаса жоктугу же майып болуп жоголуушу.

**Антеннулалар** – майда мурутчалар, рак сымалдуулардын алдыңкы антенналары, майда муруттары, сезүү органдары.

**Антагонист** – 1) Чогуу, же кезектешип 2 карама каршы багытта иштеген булчуңдар тобу. 2) Бир түрдөгү микроорганизмдер бири-биринин жашоо тиричилигин басаңдатуу, же башка түрдөгү микроорганизмдердин жашоо тиричилигин басаңдатуу. 3) Үстүңкү жана астыңкы жаактагы бири-бирине карама-каршы турган тиштер.

**Антеридий** – козу карын, балыр, мох сымалдуулардын, папоротник сымалдуулардын эркек органы.

**Антибиоз** – чөйрөнүн интоксикациясынын негизинде бир түрдүн башка бир түрдүн жанында жашай албастыгы.

**Антибиотик** – микроорганизмдерди өлтүрүүгө, же өсүүсүн токтотууга жөндөмдүү болгон, химиялык, биологиялык жол менен п.б. зат.

**Антигендир** – татаал органикалык зат, организмге туш болгондо жоопту иммундук реакцияны, антителону п.к. жөндөмдүүлүгү.

**Антикодон** – тРНК молекуласынын бөлүгү, иРНКнын кодону менен байланыша турчу 3 нуклеотидден турат.

**Антиметаболит** – биологиялык активдүү зат, организмде п.б., же жасалма жол менен синтезделет.

**Антипод** – 1) Жабык уруктуу өсүмдүктөрдүн түйүлдүк кабындагы клеткалар жумуртка клеткасына жана синергидке каршы жатат. 2) Жер бетинде карама – каршы пункттарда жайгашкан жашоочулар м: Арктика жана Антарктида.

**Антисептиктер** – зыяндуу микробдорго каршы таасир этүүчү хим. заттар. Көбүрөөк пайдаланылган антисептиктер – йоддун спирттеги эритмеси, йодоформ, суутек өтө кычкылы, ривомол, хлороформ, хлороцид, хлорамин, лизол, марганец кычкыл калий, бор кислотасы, фурациллин ж.б. Антибиотиктер, сульфаниламид препараттары да антисептикалык касиетке ээ. Антисептиктердин белгилүү концентрациядагы эритмелери дизенфекция үчүн пайдаланылат.

**Антитело** – адамдын, жылуу кандуу жаныбардын кан плазмасындагы татаал белок – иммуноглобулин. Антигендердин таасири алдында лимфоиддүү ткандын клеткалары менен синтезделет.

**Антропоген** – акыркы геологиялык мезгил (кайназойдун бир бөлүгү) узактыгы 2 – 2,5 млн жыл. Бул мезгилде адамдын жаратылышка болгон таасири күчөгөн башкача айтканда адамдын тиричилик аракеттеринин натыйжасында жаратылыштагы терс өзгөрүүлөр башталган.

**Антропогенез** 1) Адамдын, эмгек ишмердүүлүгүнүн, коомдун тарыхый эволюциялык калыптанышы. 2) Антропологиянын бир бөлүмү адамдын келип чыгышы жөнүндөгү окуу.

**Антрогенез** – кишинин тарыхый эволюциялык калыптануу процесси.

**Антропозооноздор** – зооантропоноздор – адам менен малга жалпы тиешелүү жугуштуу жана инвазиялуу оору, ылаңдар. Буга туберкулез, сибирь кулгунасы, бурцеллез, шарп, кутурма, чума, туляремия, эхинококкоз, трихинеллез ж.б. кирет. Антропозооноздун козгогучу ылаңдаган же таза малда да болот. Ооруу адамга көбүнчө малдын кайнатылбаган сүтүн, чала бышкан этин пайдаланганда, ылаңдуу малды бакканда, ветеринардык жардам көрсөткөндө жугат. Антропозооноздордон айырмаланып зооноздор малдын (бодо мал, кой, эчки, ж.б.) гана ылаңын козгоп, адамга жукпайт. Антропозооноздордун көбүнүн (туляремия, чума ж.б.) табигый очогу – ылаң чыккан жер болот. Анда ылаң козгогуч жаныбарлардын (суур, чычкан, курт-кумурска ж.б.) биринен экинчисине өтүп сакталат. Алдын алуу: антропозооноздорду өз убагында аныктап, ооруунун очогун жок кылуу, оорлуу ооруга шектүү деген малды бөлүп коюу, вакцинациялоо,(эмдөө) кан сары суусун куюу, карантин чектөө.

**Антропология** – кишинин келип чыгыши, теги жана эволюциясы жөнүндөгү илим.

**Антропоморфизм** – 1) Жаныбарларда адамдар сыяктуу сапаттарынын болушу (м: аң сезим, ой жүгүртүү). 2) Кудайларды адамга окшоштуруу. 3) Жандуу нерсенин өнүгүүгө умтулушу жөнүндөгү эволюциялык концепция.

**Антропосфера** – 1) Адам кездешкен, жашаган жер кабыкчасы. 2) Адамдын ишмердүүлүгүнүн негизинде өзгөрүлө турган же өзгөрүлгөн жер кабыкчасы жана жакынкы космос аймактары.

**Антропофит** – 1) Адамдын жардамы менен жергиликтүү флорадан орун алган өсүмдүк. 2) Адам тарабынан өстүрүлгөн жерлерде өсүүчү өсүмдүк түрлөрү.

**Антропохор** – кокусунан адам баласы тарабынан таралган өсүмдүктөрдүн, козу карындардын уруктары, споралары ж.б.

**Апобиосфера** – атмосферанын жогорку катмары (60 – 80 км. дан өйдө), ал жерге жандуу организмдер эч качан барбайт, кезикпейт. Ал эми биогендүү заттар бир аз санда туш болушу мүмкүн.

**Апогамия** – түйүлдүгү түйүлдүк баштыкчасынан же түйүлдүктүн өсүндүсүнөн өрчүүсү айрым өсүмдүктөрдүн көбөйүү ыкмасы. А. айрым гүлдүү өсүмдүктөрдө жана папоротник сымалдууларда кездешет.

**Аполиксис** – жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн жыныссыз жол менен көбөйүшү.

**Апомиксис** – жыныссыз көбөйүүнүн ар кандай ыкмалары.

**Апоспория** – айрым жогорку өсүмдүктөрдө спораны пайда кылбастан эле вегетативдүү клетка спорофиттен гаметофиттин өрчүшү, м: спорангий бутчасынан же ткандан папоротник өсүндүсүнүн пайда болушу.

**Апотеций** – айрым баштыкчалуу козу карындардын (дискомицеттер) жана эңгилчектердин ачык мөмөлүү денечеси.

**Апофермент** – эки компоненттүү ферменттердин белоктуу бөлүгү, катализдик активдүүлүк байкалыш үчүн белоктуу эмес компонент кофактордун (кофермент) болушу зарыл. А. ферменттердин тандап таасир этишин аныктайт.

**Апофит** – айдоо жерлеринен оңой орун алуучу жана отоо чөпкө айлануучу жергиликтүү өсүмдүктөр.

**Аранеология** – зоологиянын жөргөмүш сымалдуулар классын изилдөөчү тармагы.

**Арахнология** – зоологиянын жөргөмүш сымалдуулар классын изилдөөчү тармагы.

**Арборетум** – дарактар питомниги, дендрарий.

**Аргындаштыруу, гибриддештирүү** – өсүмдүк жана жаныбар селекциясынын ыкмаларынын бири. Чарбаларда пайдалуу белгилери боюнча тандоо жана тандап алуу, о.э. жаңы порода (сорт) чыгаруу үчүн баштапкы материал болуучу гибрид жана метис, чалыш, аргын алуу үчүн пайдаланылат. Аргындаштыруунун түрдүү системасы бар. Алар тектеш жана тектешсиз аргындаштырууга бөлүнөт. Тектешсиз аргындаштыруунун түрлөрү: порода аралык (сорт аралык) аргындаштыруу, линия аралык аргындаштыруу, алыскы тегинен аргындаштыруу. Мал чарбасында аргындаштыруу метистештирүүнү түшүндүрөт. Метистештирүү тукумдаш аргындаштыруу, порода жакшыртма аргындаштыруу, сиңирме аргындаштыруу, өнөр жайлык аргындаштырууга бөлүнөт.

**Ареал** – жаныбарлардын же өсүмдүктөрдүн белгилүү түрү таралган аймак.

**Арогенез** – 1) Жалпы мүнөздөгү кандайдыр бир ыңгайлануу (учууга ыңгайлануу, жылуу кандуулуктун п.б.), натыйжада биологиялык жактан жаңы, прогрессивдүү тепкичке көтөрүлөт. 2) Эволюциянын жүрүшүндө организмдер тобундагы чоң морфологиялык өзгөрүү.

**Арреноидия** – ургаачыда эркектин экинчилик жыныстык белгилеринин байкалышы, м: тоокто «короз канатынын» байкалышы.

**Арренотокия** – жалаң эркектерден турган тукумдун партеногенетикалык жол менен п.б.

**Араморфоз** – эволюциялык процессте организмдердин түзүлүшүнүн жана функцияларынын татаалдашы.

**Артериялар системасы** – жүрөктөн сыртка карай кан жүгүртүүчү тамырлар системасы.

**Атериялар** – канды жүрөктөн сыртка карай жүгүртүүчү тамырлар.

**Артериолалар** – майда артериялар.

**Артефакт** – биологиялык обнектини изилдөөдө ар кандай шарттарды таасир этүүнүн натыйжасында кандайдыр бир структуранын же процесстин п.б.

**Артрит** – малдын муундарынын кабылданып сезгениши. Пайда болушуна жараша негизинен асептикалык жана жугуштуу артритке бөлүнөт. Асептикалык артрит малдын денеси катуу нерсеге урулганда, тарамышы чоюлуп же үзүлгөндө, муун сөөктөрү талкаланып же аштоосунан чыгып кеткенде, организмде зат алмашуу бузулганда ж.б., жугуштуу артрит жугуштуу ылаңдардын (бруцеллез, туберкулез, сакоо, нерабактерия ж.б.) кесепетинен пайда болот. Муунга жакын ткандардын кабылдап кетиши (флегмона, ириңдүү бурсит, тендовагинит ж.б.) да артритти пайда кылат. Артритти дарылоодо анын түрүнө жараша йод ионофорези, пенициллин, новокаин, сульфаниламид препараты, уротропин ж.б. колдонулат.

**Артроз** – сөөктөрдүн ткандарындагы деструктивдүү жана полифеpативдүү өзгөрүүсүнөн пайда болуучу муун оорусу. Артроз менен көбүнчө саан уй, бука, жылкы ылаңдайт. Ылаңга белок, витамин, минералдык зат алмашуунун бузулушу, күн нурунун жетишсиздиги, о.э. эндокрин оорулары, тамак-аштан ууулануу, борбордук нерв системасынын бузулушу ж.б. себепкер. Ылаңдаган малдын жамбаш, толорсук, томук, шыйбылчак муундары деформацияланып, бужүрөп басып, аксайт, жаталактайт. Дарылоо: белок, витамин, минер. заттары жетиштүү тоют берилет. Кышкысын кезеги менен ультра-кызгылт көк нурга какталуусу үчүн мал дайыма сыртка чыгарылат,

**Архаллаксис** – түйүлдүктүн өнүгүшүнүн баштапкы стадиясындагы эволюциялык өзгөрүүлөр, же органдардын түйүндөрүнүн өзгөрүшү.

**Архантроп** – адамдын байыркы өкүлү, палеонтроптордун ата теги.

**Архегоний** – мох, папоротник сымалдуулардын, кырк муундун, плаундардын, айрым жылаңач өсүмдүктөрдүн, балырлардын жана козу карындардын жумуртка клеткасын алып жүрүүчү ургаачы органдары.

**Археспорий** – споралар өрчүп чыгуучу клеткалар, же мега – микроспоралар.

**Археоциттер** – былпылдактардын скелетиндеги дифференцияланбаган клеткалар.

**Аскаридиоз** – томок, күрп, көгүчкөндөрдүн инвазиялуу ылаңы (нематоздор тобундагы гельминтоз). Askaridia galli Schrank (ичегиде мителейт) көбүнчө балапандар ылаңдайт. Ургаачы аскаридиянын уз. 70 – 120 мм, эркегиники 26 – 70 мм. Ургачысы уруктангандан кийин тооктун ичегисине жумуртка таштайт. Ал жумуртка тооктун кыгы менен чогуу сыртка чыгып,

10 – 28 күндөн кийин чоң гельминтке айланат. Ылаңдуу балапан арыктап, алы кетет, жакшы чоңойбойт. Тоютка пиперазин, төрт хлорлуу углевод кошуп берүү жолу менен дарылайт.

**Аскахитоз** – өсүмдүктөрдүн оорусу. Ascochyta уруусундагы козу карын пайда кылат. Көбүнчө чанактуу өсүмдүктөр (буурчак, маш буурчак, жер буурчак, кой буурчак, соя ж.б.) зыгыр, мөмө – жемиш дарактары жабыркаланат, жалбыракка ар кандай түстөгү так түшөт, соолуйт, сабагы көөп жумшарат, сынат, өнүмү кечигип, тамыр муунагы чирийт ж.б. Каршы күрөшүү чаралары: которуштуруп эгүү эрежелерин сактоо; илдетке туруктуу, тез бышуучу, таза сортторду эгүү; агротех. иштерди туура жүргүзүү.

**Аскон** – былпылдак жандыктардын бир формасы.

**Аспергиллез** – куштун, сейрек убакытта кишинин жугуштуу ооруусу жана малдын ылаңы менен оорушу. Мында теринин, дем алуу органдарынын, ичеги карындын былжыр чели сезгенет. Козгогучу – Asperggillus fumigates, кээде аспергиллез flavus жана аспергиллез niger кебер козу карындары. Дем алуу жана тамак сиңирүү органдары аркылуу кирет. Аспергиллез менен куштун бардык түрү, көбүнчө жөжө, уй, жылкы, кой, чочко да ылаңдайт. Ылаңдын букма мезгили 3 – 10 күн. Катуу кармаган аспергиллез (жөжөдө) жана өнөкөт аспергиллез (куштарда) болушу мүмкүн. Катуу кармаган аспергиллездо куш жем жебейт, суусайт, дем алуусу тездеп, кыйындайт, тердейт, муундарынан суу агат, көзү ооруйт, ичи өтөт, өлүм алдында титирейт. Өнөкөт аспергиллездо ушундай эле белгилер жай өтүп, куш арыктап өлөт. Алдын алуу чаралары: жумуртканы кебер басып кетүүдөн сактоо, кебер баскан жемди кушка бербөө, кебеhенген төшөлгөнү колдонбоо, кушкананы, шаймандарды өз убагында тазалоо, желдетүү, дизинфекциялап туруу.

**Асперматизм** – жыныстык катнашүүда бел суусунун түшпөй коюушу.

**Аспермия** – бел суусунда сперматозоиддердин жоктугу.

**Асый** – төрт жаштагы бодо. Малдын (айрыкча жылкы жана койдун) жашын тиши аркылуу аныктоого болот. Асый болгондо ортоңку кашка тиши түшүп, анын ордуна туруктуу кашка тиш чыгат. Жылкынын жашы улам жогорулаган сайын анын тишиндеги чуңкурлар жоголуп, 10 – 12 асыйында кашка тиштери үч бурчтуу формага айланат.

**Ассимиляция** – зат алмашуунун бир түрү, организмге туш болгон заттардын керектелиши, өзгөрүшү.

**Астробиология** – Ааламда, космосто жашоонун белгилерин изилдөөчү илимий тармак.

**Асфиксия** – дем алуунун токтошу, думугуу, кычкылтектин жетишсиздиги.

**Атавизм** – байыркы тектин эволюция процессинде жоголуп калган белгилеринин тукумдарында кайра кайталануусу.

**Атаксия** – кыймыл аракеттин бузулушу.

**Атлант** – моюндун биринчи омурткасы.

**Атолл** – шурулардын түзүлгөн төнөлөк түспөлдү арал.

**Атония** – скелет булчуңдарынын, ички органдардын нерв жана башка оорулардын негизинде тонусун жоготуп балбырап шалдаюусу.

**Атрезия** – организмдеги табигый тешиктердин тубаса жок болушу, же кийин бүтөлүп калышы.

**Атрофия** – ткандардын, органдардын көлөмүнүн кичирейип, соолушу.

**Аттрактант** – 1) Жыныстык А. – феромон тобундагы зат, башка жыныстагы особду өзүнө тартуу максатында б.ч. 2) Жандуу организмдерди чогултуп байкоо, кармоо, өлтүрүү максатында колдонулучу зат.

**Аудиология** – уктуруу органдары жана угуу процесстери жөнүндө илим.

**Ауксиндер** – өсүмдүк клеткасы иштеп чыккан, өсүмдүктүн өсүшүн жөнгө салуучу физиологиялык активдүү заттар. Ауксиндерге В-индолуксус кислотасы (гетероауксин) жана анын бирикмелери кирет. Синтездик ауксиндер калемченин тамыр алышын жакшыртуу, айрым өсүмдүктөрдүн түшүмүн жогорулатуу ж.б. да колдонулат.

**Аутбридинг** – жакын тууганчылыгы жок бир түрдүн особдорун аргындаштыруу.

**Аутвеллинг** – биогендүү химиялык элементтерге бай суулардын дарыялардан ачык деңиздерге агып чыгышы.

**Аутополиплодия, автополиплодия** – бир организмде бир эле түрдүн эки же андан көп хромосома жыйындысынын болушу. Аутополиплодиянын пайда болуу себептери белгисиз. Бирок жогорку температура, хим. зат жана түрдүү нурдун таасири менен аутополиплодияны жасалма түрдө пайда кылууга болот. Аутополиплодия өзү менен өзү чаңдашуучу өсүмдүктөрдө бар. Организмдин белгилери менен касиеттери өзгөрөт; селекцияда пайдаланылат. Кара күрүч, кара буудай, кант кызылча ж.б. аутополиплодиялуу сорттору алынган.

**Аутопсия** – өлүк союу; өлгөн себебин билүү үчүн өлүктүн денесин жарып көрүү.

**Аутосома** – өзүнүн гомологиялык жубуна окшош морфологиялык хромосома.

**Аутотренинг** – психотерапия ыкмаларынын бири, өзүн алдоо менен өзүнүн физикалык жана эмоционалдык абалына таасир этүү. А. кыска мөөнөткө эс алууда, стрессти басаңдатууда эффективдүү келет.

**Аутотрофтуу организмдер** – органикасыз заттар менен тамактанып, органика заттарын жаратуучу организмдер.

**Аутоэкология** – особдун айлана-чөйрө менен болгон байланышын изилдөөчү экологиянын бир тармагы.

**Афиллия** – жалбырактарынын жоктугу. Мындай өсүмдүктөрдүн фотосинтездөөчү органы болуп сабактары эсептелинет (кактустар ж.б.)

**Аффект** – кыска мөөнөттүү, курч мүнөздөгү эмоционалдык кайгыруу, стресс.

**Ахроматин** – гистологиялык иш жүргүзүүдө начар боелуучу клеткалык ядродогу зат.

**Ахроматин жипчелери** (бөлүнүү жипчеси, митоз жипчеси) – клетканын бөлүнүүсүндө (митоздо) профаза мезгилинде (ядролук кабыкча эригенден кийинки п.б.) түзүлгөн жипче сымал боолбогон туруктуу эмес нуклеопротеиддү убактылуу денече. А.ж. түзүлүшүнө болжол менен клетканын 15% белогу сарпталат. А.ж. бир уюлдан экинчи уюлга чейин созулган таяныч жипчелеринен жана хромосомаларды тартып кетүүчү жипчелерден турат.

**Ачуу** – микроорганизмдердин же алардын ферменттеринин таасири менен органикалык заттардын, көбүнчө углеводдордун анаэробдук ажыроо процесси. Ачуу процессинде энергия бөлүнүп чыгып, аны микроорганизмдер биосинтезде (амин кислоталары, белок, орг. кислота, май ж.б. жаратууда) пайдаланылат. Спирттик, сүт ачыткыч, май ачыткыч, уксус ачыткыч ж.б. ачуу процессин жаралуугулар.

**Ацидоз** – организмдин канында, ж.б. ткандарында терс заряддалган иондордун топтолушу.

**Ацидофилдер** – 1) Кычкыл чөйрөдө кездешүүчү бактериялар. 2) Кычкыл топуракта өсүүчү өсүмдүктөр.

**Ациклия** – өрчүү циклдарынын, жыныстык жана жыныссыз көбөйүүнүн жоктугу (м: айрым рак сымалдуулар).

**Аэрация** – 1) Желдетүү, аба кычкылтек менен толтуруу. 2) Топурактын А. топурак абасы менен атмосферанын ортосундагы газ алмашуу. 3) Сууну тезирээк тазалоо максатында биологиялык чыпкаларды аба менен толтуруу.

**Аэробдор** – кычкылтектүү чөйрөдө гана жашай алуучу микроорганизм.

**Аэробиоз** – эркин абалдагы кычкылтеги бар чөйрөдөгү тиричилик. Аэробиоз өсүмдүк, жаныбарлардын дээрлик бардыгына жана микроорганизмдердин көбүнө мүнөздүү. Бардык аэробдук организмдер анаэробдордон айырмаланып, тиричилик үчүн керектүү энергияны заттардын кычкылдануусунан алат. Көпчүлүк аэробдук организмдердин дем алуусу мол. Кычкылтекти сиңирип, көмүр кычкыл газын бөлүп чыгаруу менен жүрөт. Заттардын жана энергиянын аэробдук алмашуусу анаэробдорго караганда натыйжалуу, анткени 1 мол. затка энергиянын көп бөлүнүп чыгышын камсыз кылат.

**Аэробионт** – 1) Аэробиосферада кездешүүчү организм. 2) Тропосферанын абасы менен дем алган организм.

**Аэробиос** – кургакта жашаган жандыктардын баарысы.

**Аэробиосфера** – жер бетинен 6-7 км бийиктике чейинки атмосфера кабыкчасы.

**Аэрогидатофит** – сууга чөмүлгөн суу өсүмдүктөрү, чаңдашуу мезгилинде гана гүлдөрү суу үстүнө чыгат.

**Аэрозолдор айыл чарбасында** – түрдүү пестициддерден алынган жасалма туман (аба менен суюктуктун өтө майда тамчыларынын аралашмасы) жана түтүн аба менен катуу заттын өтө майда бөлүкчөлөрүнүн аралашмасы). Мындай туман же түтүн аба аркылуу тарап, зыяндуу курт-кумурска, кене жана башкаларды өлтүрөт.

**Аэропланктон** – аба массасында калкып жүргөн организмдер.

**Аэропоника** – өсүмдүктөрдү топураксыз өстүрүү. Өсүмдүктөрдү нымдуу абада кармап, тамырларына азык зат эритмелерин чачыратып туруу.

**Аэросфера** – жер үстүндөгү атмосфера жана тропосферанын ылдыйкы бөлүгүнөн түзүлгөн, ошондой эле топурак абасын камтыган жер кабыкчасы; аэробдорду камтыган кабыкча.

**Аэротаксис** – бир клеткалуу жана айрым көп клеткалуу төмөнкү организмдерден кычкылтектүү көздөй жылышы.

**Аэротропизм** – кычкылтекке бай жерлерге өсүмдүк сабактарынын, тамырларынын багыт алышы.

**Аэрофит** – 1) Бир гана абадан өзүнө керектүү негизги азык заттарын алуучу өсүмдүктөр. 2) Жакшы аэрацияланган топуракка муктаж өсүмдүктөр.

**Аутбридинг** – тектеш эмес (теги алыс) сортторду, түрлөрдү, породаларды жалгаштырып, тукум алуу.

**Аутосомалар** – жыныстык хромосомалардан башка хромосомалар.

**Аутоэкология** – сырткы чөйрөнүн факторлоруна организмдердин жана алардын популяцияларынын түрүнө жараша бөтөнчүлүгүн изилдөөчү экологиянын бөлүмү.

**Ахроматиндүү түймөк** – клетка митоз жолу менен бөлүнүп жатканда хромосомалардын түссүз түйдөктөшкөн абалы.

**Азуу** – тамакты майдалоочу арткы тиш.

**Анаэробдуу чөйрө** – эркин кычкылтеги жок чөйрө.

## – Б –

**Бабезидозалар** – Бабезиа уруусундагы жөнөкөйлүүлөр менен козголуучу жаныбарлардын ар кандай түрлөрүнүн облигаттуу – трансмиссивтүү ылаңы. Ооруу курч мүнөздө өтөт. Белгилери: кан тамырлардын жарылышы, уюшу, анемия, спленомегалия, боордун, бөйрөктүн белок майларынын дистрофиясы, канталаган заара, миокарддын дистрофиясы ж.б.

**Бабеша – Негри денечелери** – кутурмадан өлгөн жаныбарлардын, адамдардын БНС нын нерв клеткаларындагы цитоплазмалык бүртүкчөлөр. Чоңдугу 0,25 – 27 мкм келген аркандай формадагы полиморфтуу, оксифилдүү кошундулар. Абдан татаал түзүлүшкө ээ. Бүртүкчөлөрдүн болушу диагнозду далилдейт.

**Багбанчылык** – айыл чарбанын мөмө дарагын өстүрүүчү тармагы.

**Багытуу селекция** – өсүмдүктөрдү, малды азык берүүчү багытка карата селекция жүргүзүү.

**Бада** – жайытта багылуучу уйлардын тобу. Жайытка айдардын алдында зоотехникалык вет. кароодон өткөрүлүп, жашына, эркек – ургаачысына, салмагына жараша инек жана туут кунажын, торпок, этке төгүлүүчү уй, 6-12 айлык музоо – торпок (эркек – ургаачысы өзүнчө), 2-6 айлык музоолор өзүнчө бадаларга бөлүнөт. Бадалардагы уйдун саны зоотехниялык эрежелерге, жер шартына жараша болот.

**Базалдык** – түбүнө кароочу, түбүндө жатуучу м: органдын базалдык жагы, ичеги көңдөйлүүлөрдүн базалдык жаргакчасы, базалдык денечелер – инфузорийлердин кирпикчелеринин түптөрүндө жайгашат.

**Базалиома** – базалдык клеткалык эпителиома, зыяндуу шишик, эпителийдин базалдык клеткаларынан п.б.

**Базедов ооруусу** – калкан безинин гипер функциясынын негизинде пайда болгон оору.

**Базофилия** – 1) канда базофилдүү лейкоциттердин көбөйүшү. 2) Эритроциттерде базофилдүү бүртүкчөлөрдүн п.б. 3) Базофилия (гистологияда) клеткалык компонеттердин негизги боөктор менен боөлуучу өзгөчөлүгү.

**Базофилдер** – негизги боөктор менен дөлуучу кандын ак бүртүкчөлөрү.

**Байламта** – муундарда жиликтердин башын кошуп туруучу тарамыш, борбуй, (каргыш).

**Байырлашуу** – жаныбар жана өсүмдүктүн жаңы чөйрөгө, шартка, жаңы биоцентозго көнүгүүсү (ыңгайланышы). Байырлашуу табыгый (жаныбарлардын миграциясы, өсүмдүк уругунун башка жерлерге жаныбарлар аркылуу таралышы ж.б.) жана жасалма (өсүмдүк жана жаныбарлардын интродукциясынан кийин) түрдө болот. Байырланган жаныбар жана өсүмдүк жаңы чөйрөдө жашоого, өсүүгө жарактуу тукум берет.

**Бактериемия** – канда бактериянын болушу.

**Бактериолиз** – бактерия кабыкчасынын бузулушу жана анын протоплазмасынын тышкы айлана чөйрөгө туш болушу.

**Бактериолизин** – бактерияны эритүүчү, бузуучу антитело.

**Бактериология** – бактерияларды изилдөөчү микробиологиянын негизги тармагы.

**Бактерия алып жүрүүчү** (вирус алып жүрүүчү) – инфекциялык ооруларды козгоочу бактерия, вирустардын, адамдын, жаныбардын организминде болушу мүмкүн. Оорунун белгилери байкалбайт.

**Бактерио планктон** – планктондун микроскопиялык флорасы.

**Бактериостаз** – ар кандай факторлордун таасиринин негизинде бактериянын өсүшүнүн, көбөйүшүнүн убактылуу токтошу (дары дармек, бактериофаг ж.б. негизинде).

**Бактериотропин** – инфекциялык оорунун негизинде адамдын жаныбардын канында фагоцитозду күчөтүүчү антителонун пайда болушу.

**Бактерофаг** – бактериалдык клетканы талкалап, эритип анда көбөйүүчү вирус.

**Бактериохлорофилл** – фотосинтезге жөндөмдүү жашыл ж.б. бактерияларда кездешүүчү пигмент. Химиялык курамы боюнча жогорку өсүмдүктөрдүн хлорофиллине окшош. Кызыл пигмент бактериопурпурин жана жашыл пигмент бактериохлоринди айырмалашат.

**Бактериоцид** – башка бактериянын түрүн өлтүрүү үчүн бөлүп чыгарган өзгөчө белоктуу заты. М: стафилококк стафилоцин бөлүп чыгарат. Бактерияларды органикалык эмес заттар антисептиктер д.а. (спирт, формалин, сулема ж.б.).

**Бактерецидүүлүк** – бактерияларды өлтүрүү касиети. Бактерецидүүлүк касиетине кан сары суусу, көпчүлүк өсүмдүктөрдүн ширелери, газ сымал бөлүнүп чыккан заттары ээ.

**Бакалоорагандар** – суудa эриген кычкылтек менен дем алуучу айбандардын дем алдыргыч органдары.

**Бактериялар** – жерде кеңири таралган микроскоптуу бир клеткалуу, биологиялык касиеттери боюнча ар кандай келген төмөнкү формадагы организмдер.

**Бактериологиялык лаборатория** – илимий практикалык мекеме, бактериологиялык, иммунологиялык ж.б. микробиологиялык изилдөөлөрдү ишке ашырган лаборатория.

**Бактериоциттер** – инфекциялык ооруулардын козгоочуларды өлтүрүүчү уулуу химикаттар.

**Балантидиоз** – протозойлуу оору, жоон ичегиде жаранын п.б. менен мүнөздөлөт. Бул чочконун инфузориялык дизентериясы.

**Балтыр** – кишинин согончогу менен тизе бүгүшүнүн ортосундагы чоң булчун.

**Барахор** – уруктары оордук күчтүн негизинде таралуучу өсүмдүктөр. Оордук күчтүн негизинде уруктардын таралуу кубулушу барохория деп аталат. Автохориянын бир формасы. Канатсыз оор уруктары бар өсүмдүктөр – барахордуу өсүмдүктөр м: төө бурчагы ж.б.

**Барорецепторлор** – кан тамырлардын бетиндеги сезгич нерв талчалары, кан басымынын өзгөрүшүн кабыл алып, деңгээлин рефлектордуу түрдө тейлеп турат. Алар тышкы чөйрөнүн басымынын өзгөрүшүн дагы кабыл алышат. Ошондуктан баротерапияны абанын жогорку жана төмөнкү басымдары менен дарылоо ыкмасын колдонушат.

**Барра денечелери** – тыгыздалган хроматиндин бүртүкчөсү (X – хромосома заты), ядролук мембранага жакын жатат. Зыяндуу сапаттагы ооруларды аныктоодо Бара денечелерине көбүрөөк көңүл бурулат.

**Басымдуулук белги** – укум-тукумга өткөн ата-энелердин белгилеринин даана көрүнгөн күчтүү белгиси.

**Батиаль** – деңиз түбүндөгү аймак.

**Батибионт** – суунун тереңинде жашаган организм.

**Бацилла** – 1) Таякча формасындагы бактерия. 2) Баардык ооруну козгогон бактериялар.

**ББӨЧ** (белгилүү бир өлчөмдүн чегинде) – адамды курчаган чөйрөдө зыяндуу заттын саны, ден-соолукка таасирин тийгизбейт. ББӨЧ – норматив.

**Бездер** – организмдин биохимиялык процесстерине жана физиологиялык функцияларына катышуучу бөтөнчө заттарды жаратуучу органдар.

**Безоар** – тегерек формадагы чоочун денече, ашказан ичеги жолдорунда тоюттун иштетилбеген бөлүкчөлөрүнөн п.б.

**Белок** (протеиндер) – жогорку молекулярдуу азоттуу органикалык кошундулар, 20 аминокислотанын калдыгынан түзүлөт. Организмдердин негизги маанилүү түзүүчү бөлүкчөсү.

**Белоктуу дистрофия** (диспротеиноза) – белоктун алмашууларынын бузулушунан п.б. патологиялык процесстер.

**Бентос** – океандык жана континенталдык көлмөлөрдүн түбүндө жашоочу организмдердин жыйындысы.

**Бентофаг** – көлмөлөрдүн түбүндөгү организмдер менен тамактануучу жаныбарлар.

**Бери – бери** – организмге В 1 витамини жетишпегендиктен, же аны өздөштүрүү функциясы бузулганда пайда болуучу дарт.

**Бивалент** – эки гомологиялык хромосомалар клетканын ядросунун бөлүнүшүндө пайда болот.

**Билатералдуу** – организмдердин эки жактуу, эки каптал симметриясы: бир симметрия жыштыгы организмди же органды тең оң жана сол бөлүктөргө бөлөт.

**Бинардык номенклатура** – систематикада ар бир түрдү (айбанды же өсүмдүктү) эки ат менен белгилөө.

**Биоакустика** – жаныбарлардын үн белгилерин изилдөөчү этологиянын бөлүмү.

**Бикстер** (стерилдүү барабандар, коробкалар) – темир коробкалар, автоклавдарда таңуучу материалдарды стерилизациялоодо колдонулат жана стерилдүү абалда анда сакталат.

**Биогаз** – катуу жана суюк таштандылардан мал чарбачылык комплекстеринен, шаардык агын суулардан, атайы өстүрүлгөн балырлардын ж.б. организмдердин биомассасынан алынган күйүүчү газ.

**Биогельминттер** – мите курттары, өнүгүшүнүн аякташы үчүн ээсинин алмашылышы зарыл.

**Биогенез** – 1) Жердин эволюциясында жансыздан жандуунун п.б. процесси. 2) Жандуу организмдердин органикалык кошундуларды пайда кы-

луусу. 3) Жандуу жансыз материядан пайда болгон деген көз карашты жокко чыгарган окуу.

**Биогендер** – 1) Жандуу организмдердин курамында сөзсүз түрдө болуучу жана керектүү заттар. 2) Организм калдыгынын ажыроо процессинде түзүлгөн заттар бирок, толугу менен минералдаша элек. 3) Жандуу организмдин жашоо өзгөчөлүгүнө жараша түзүлгөн заттар (фитонцид ж.б.). 4) Организмде пайда болгон жана ага таасирин тийгизүүчү биогендүү стимуляторлор.

**Биогенетикалык закон** – ар кандай айбан өзүнүн онтогенезинде (жекече өөрчүшүндө) филогенезин (эволюциясынын маанилүү этаптарын) кыскача кайталайт деп жалпылаган закон.

**Биогеография** – жердин органикалык дүйнөсүнүн жалпы географиялык закон ченемдүүлүктөрүн (өсүмдүктөр, жаныбарлар дүйнөсүнүн, биоценоздордун таралышын ж.б.) изилдөөчү илимий тармак.

**Биогеосфера** – планетанын жандуу затынын негизги массасы топтолгон кабыкчасы.

**Биогеоценоз** – эволюциялык жол менен калыптанган, узак убакытка чейин өзүн тейлөөчү жаратылыш системасы, анда жандуу организмдер жана аларды курчаган абиотикалык чөйрө бири бири менен тыгыз байланышта. Заттардын алмашуусу күндүн энергиясын пайдалануу белгилери менен мүнөздөлөт.

**Биогеохимия** – жандуу организмдердин тоотектерди, минералдарды талкалоосундагы маанисин биосферада химиялык элементтердин айланышын, бөлүштүрүлүшүн, топтолушун изилдөөчү илимий тармак.

**Биогеохимиялык провинция** – тышкы чөйрөдө химиялык элементтердин жетишсиздиги же ашык болушу, натыйжада жаныбарларда эндемикалык оорулар пайда болот.

**Биоиндикатор** – 1) Чөйрөнүн табийгый, же антропогендүү өзгөрүшүн, зыяндуу заттардын болушун чагылдырып туруучу бир түрдүн особдору, же коомдоштук. 2) Түр, же коомдоштуктун болушу, ошол чөйрөнүн өзгөчөлүгүн көрсөтөт.

**Биоклимат карталары** – климаттын тиричиликке көрсөткөн таасирин билдирет.

**Биокристаллдар** – клеткалар жараткан кристаллдар, м: тикен тирелүүлөрдүн акиташ кристаллдары.

**Биолиндер** – организмдердин жашоо ишмердүүлүгүнүн негизинде алынган газ сымал суюк, катуу продуктылар.

**Биолиттер** – организмдер тарабынан жаратылган тоотектер, таштар.

**Биологиялык индикаторлор** – өзгөрүнүн бар экендиги, же өрчүшүнүн бар интенсивдүүлүгү сырткы чөйрөнүн табигый процесстерине көрсөткү болуучу организмдер.

**Биология** – жашоону, жандуу организмдерди изилдөөчү илимий тармактардын жыйындысы.

**Биологиялык активтүү заттар** – организмде катализатордук, биотикалык. абиотикалык ж.б. функцияларды аткаруучу органикалык кошундулар, жогорку активдүүлүккө жана өзгөчөлүккө ээ.

**Биологиялык кычкылдануу** – тирүү клеткаларда ферменттердин катышуусу менен жүрүп турган кычкылдануу жана калыбына келтирүү реакцияларынын жалпы тобу.

**Биологиялык фильтр** же биологиялык чыпка – агын сууларды биологиялык жол менен тазалоо үчүн курулган нерсе.

**Биолокация** – жаныбардын мейкиндикте жайгашышын аныктай алуу өзгөчөлүгү (м: жарганаттар – ультраүндөр аркылуу).

**Биолюминесценция** – айрым организмдердин жашоо өзгөчөлүгүнө байланыштуу жаркырашы (жарык сымал). Айрым бактериялардын түрлөрүндө, төмөнкү өсүмдүктөрдө, омурткасыздарда, балыктарда, деңиз жаныбарларында байкалат.

**Биом** – (кандайдыр бир жыйындын): 1. Экосистеманы түзгөн жандуу түрдүн жана айлана чөйрөнүн айкалышы. 2. Белгилүү бир аймакта өсүмдүк, жаныбарлар түрлөрүнүн жыйындысы.

**Биомасса** – тигил же бул организмдердин жандуу массасын аныкташат. Өсүмдүктөрдүн биомассасын – фитомасса, жаныбарлардыкын – зоомасса деп аташат.

**Биометрия** – биология жана медицинада математикалык көрсөткүчтөрдү аныктоочу ыкмалардын жыйындысы.

**Биомеханика** – орган же организмдин тирүү ткандарынын механикалык касиеттерин изилдөөчү биофизиканын бир бөлүгү.

**Биоморфоз** – айлана-чөйрөгө ыңгайлануунун негизинде, организмдин жекече жашоосунда пайда болгон өзгөрүүлөр.

**Бионика** – организмдердин структурасын, жашоосун изилдеп, аныкталган закон ченемдүлүктөрүн, инженердик маселелерди чечүүдө, техникалык системаларды түзүүдө колдонуу.

**Бионт** – эволюциянын жүрүшүндө организмдин белгилүү бир чөйрөгө ыңгайланышы (биотопко). Б. көптөгөн формаларын айырмалашат: аэробионттор, гидробионттор ж.б.

**Биополимерлер** – жогорку молекулярдуу жаратылыш кошундулары (белок, нуклеин кислоталары, полисахариддер ж.б.) организмдердин түзүүчү бөлүктөрү.

**Биопсия** – микроскоп аркылуу изилдөө үчүн, тирүү организмдин ткандарынан алынган бир кесинди.

**Биоритм** – айлана-чөйрөнүн өзгөрүүлөрүнө организмдердин ыңгайланышына мүмкүндүк берүүчү биологиялык процесс, кубулуштардын ритмикалык – циклдык (суткалык, мезгилдик ж.б.) өзгөрүүлөрү.

**Биосестон** – сууда калкып жүрүүчү жандуу организмдер.

**Биосинтез** – 1) Клеткаларда организмге керектүү заттардын пайда болушу. Б. процессинде жөнөкөй заттардан татаал заттар – белоктор, НК, полисахариддер ж.б. п.б. 2) Организмдердин жардамы менен өнөр жайларда антибиотик, гормон, витамин, аминокислоталарды ж.б. алуу.

**Биостимуляторлор** – организмде зат алмашуу процессин ылдамдатуу максатында колдонулуучу жаныбар же өсүмдүк ткань заттары.

**Биосфера** – бардык организмдер кездешүүчү аймак, атмосферанын алдыңкы бөлүгүн (аэробиосфера), бүт гидросфераны, жердин бетин, жана литосферанын үстүңкү бөлүгүн камтыйт. Б. – жердин активдүү кабыкчасы, андагы жандуу организмдердин жашоо ишмердүүлүгү геохимиялык фактор б. э. Б. деген түшүнүк жандуу организмдерди жана алардын чөйрөсүн камтыйт.

**Биосферанын радиоактивдүү булганышы** – радиоактивдүү изотоптордун жандуу организимдерде, алардын жашоо чөйрөсүндө (атмосфера, гидросфера, топурак) болушу.

**Биотазалоо (биологиялык тазалоо)** – суудан, топурактан жандуу организмдердин жардамы менен чоочун же зыяндуу агенттерди тазалоо. Микроорганизмдерден тышкары Б.т. суу өсүмдүктөрү колдонулат.

**Биотаксис** – биологиялык умтулуу.

**Биота дем алуусу** – мезгилдик дем алуунун бир формасы, демигүүнүн бир түрү, бир калыптагы ритмикалуу дем алуу кыймылдары жана узак тыныгуулар менен мүнөздөлөт.

**Биотехния** – 1) Зоологияда аңчылык илиминин бир бөлүгү. 2) Организмде жүрүп аткан табигый процесстердин моделин кол менен жасоо илими.

**Биотехнология** – 1) Биология жана техниканын ортосундагы илимий тармак, адамдын талаптарынын негизинде жаратылыш чөйрөсүнүн өзгөрүү жолдорун, ыкмаларын изилдейт. 2) Биологиялык агенттердин жардамы менен адамга пайдалуу продукт, кубулуштарды алуу ыкмаларынын, жолдорунун жыйындысы. М. микроорганизмдердин жардамы менен тоют белокторун өндүрүү ж.б.

**Биотермдүү аң** – жаныбарлардын калдыктарын, өлүктөрүн жоготуу үчүн колдонулат.

**Биотикалык факторлор** – организмдердин бири – бири менен болгон тиричилик байланыштары.

**Биотип** – 1) Популяциянын деңгээлинде генотип, фенотип белгилери боюнча окшош особдордун жыйындысы. 2) Жашоо формасынын синоними.

**Биотоп** – организмдердин белгилүү бир коому ээлеп турган жай.

**Биоотун** – чиригенде жылуулук чыгаруучу органикалык заттар (кык, чымкөң ж.б.).

**Биофабрика** – биологиялык препараттарды даярдоочу индустриалдуу ишкана (вакциналарды, сары сууларды ж.б.). Оорулуу жаныбарларды, адамдарды дарылоодо, профилактикалык иш чараларында колдонулат.

**Биофизика** – тирүү организмдердеги физикалык жана физикалык – химиялык кубулуштарды изилдөөчү илим.

**Биофильтраторлор** – сууну биологиялык жол менен чыпкалап тазалоодо колдонулуучу организмдер.

**Биохимия** – тирүү организмдердеги химиялык процесстерди изилдөөчү илим.

**Биочөйрө** – организмдердин коомдоштуктары менен түзүлгөн же түрүн өзгөрткөн чөйрө. Башкача айтканда түрлөрдүн анча көп эмес саны – детерминанттардын болушу менен аныкталат. Б. климаттык жана химиялык көрсөткүчтөрдү – биолин, фитонцид $CO_2$ $O_2$ болушунун организмдердин бири – бирине тийгизген таасирин ж.б. камтыйт. Белгилүү биогеоценозго же чоң экосистемага кирген түрлөргө Б. жагымдуу шарттарды түзөт.

**Биоценоз** – белгилүү бир жайда жашоочу тирүү организмдердин жалпы тобу, алардын өз ара мамилеси жана сырткы чөйрөнүн шарттарына байыр алышы жөнүндөгү жалпы түшүнүк.

**Биоценология** – биоценоз жөнүндөгү илим.

**Биоциклдер** – мезгил – мезгили менен кайталанып туруучу биологиялык процесс.

**Биоэнергетика** – организмдин тиричилик аракетинде энергиянын кубулуштарынын механизмдерин жана закон ченемдүүлүгүн текшерүүчү биологиянын бир бөлүгү.

**Бипиннария** – деңиз жылдыздардын эркин сүзүп жүрүүчү личинкасы.

**Биполярдуулук** – ареалдын тиби, түр, же башка таксондун бир жагынан түндүк жарым шардын мээлүүн кеңдиктеринде, экинчи жагынан түштүк жарым шарда алардын өкүлдөрүнүн субтропикалык, тропикалык алкакта кездешпеши.

**Бириктиргич ткань** – борпоң клетка аралык заты жакшы өрчүгөн таяныч трофикалык ткандын бир түрү. Мезенхимадан өрчүп таяныч механикалык, трофикалык, коргоочу жана репаративдүү функцияларды аткарат.

**Биссус** – кош капкалуу моллюскалардын бутундагы, биссус затын бөлүп чыгаруучу бези.

**Биссиноз** – пахта чаңы менен дем алууда, дем алуу органдарынын оорушу.

**Биттер** – Anoplura түркүмүндөгү кан соруучу курт-кумурскалар, сүт эмүүчүлөрдүн жана адамдын митеси.

**Бифуркация** – бир нерсенин эки бутакка бөлүнүшү (полифуркация – көп бутакка бутактанышы). М: трахеянын эки бронхага бөлүнүшү.

**Бластодерма** – жумуртканын бытырашында пайда болгон бир типтүү клеткалардын катмары, түйүлдүктүн өөрчүшүндөгү бир стадия.

**Бластея** – бластуланы элестеткен гипотезалык биринчилик колониялдуу бир клеткалуу жандыктардын бир катмарлуу формасы.

**Бластома** – жаңы түзүлгөн клеткалык элементтерден пайда болгон шишик.

**Бластомерлер** – көп клеткалуу айбандардын жумурткасы бөлүнүп көбөйгөндө жаралган клеткалар, (түйүлдүктүн клеткаларынын бир түрү).

**Бластомикоз** – өнөкөт ооруусу терини, ички органдарды сезгентет (түймөкчөлөр, ириңдер ж.б.). Ооруну козгоочулар ачыткы козу карындар.

**Бластопор** – жаныбарлардын эки катмарлуу түйүлдүгүнүн (гаструла) тешикчеси аркылуу сырткы чөйрө менен байланышы.

**Бластоцель** – бластула стадиясында түйүлдүктө жаралган көңдөй.

**Бластоциста** – сүт эмүүчүлөрдүн уруктанган жумурткасынын өнүгүү этабы, түйүлдүк түйүнүнөн түйүлдүктүн пайда болушу.

**Бластула** – көп клеткалуу айбандардын түйүлдүк өөрчүү процессиндеги бир стадиясы.

**Блефарит** – көздүн суурмасынын сезгениши.

**Богара** – жерди иштетүүдө сугатсыз эле айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү. Сугарылбаган жерлер башкача айтканда кайрак жерлер деп аталат.

**Богок бези** – омурткалуу жаныбарлардын кекиртегинин эки капталында жайгашкан жуп без.

**Бокстар** – өзгөчө план менен курулган аянтча, айлана-чөйрөгө коркунучтуу материалдар менен иштөөгө негизделет.

**Болюс** – дары дармектин бир формасы, болюстун негизин карабуудайдын уну, жашыл самын, алтей тамыры түзүшү мүмкүн. Сактоо мөөнөтү 1 – 2 сут.

**Бонитет** – биологиялык обнектилердин, жерлердин экононоmикалык жактан пайдалуулугунун, баалуулугунун салыштырмалуу мүнөздөмөсү (топурактын асылдуулугу, 1 га – дарактардын өсүшү ж.б.).

**Бонитировка** – өзүнчө жаратылыш ресурстарынын (суу, жерлер, токойлор, жаныбарлар дүйнөсү ж.б.) аймактык айкалышууларынын же жыйындарынын (биогеоценоздордун, ландшафтардын. коруктуу аймактардын ж.б.) чарбалык баалуулуктарынын сапаттык көрсөткүчү.

**Боордун токсиндүү дистрофиясы,** же болбосо боордун курч сары дистрофиясы. Бул оору майлуу дистрофия, некробиоз, боор паренхимасынын авитаминозу, жалпы токсикоз менен мүнөздөлөт. Ооруунун себептери кайталанып туруучу экзогендүү интоксикациялар.

**Борбордук нерв системасы** – чоң мээ, каракуш мээ, сүйрү мээ жана жүлүн баарысы биригип нерв системасынын айтылган бөлүгүн түзүшөт.

**Борук** – эки жашар бычмал кой. Жакшы семирет, эти даамдуу келип, жүнү сапаттуу болот. Тирүүлөй салмагы 40-50 кг (айрымдарыныкы 60 кг), 3-5 кг чейин жүн кыркылат.

**Ботаника** – өсүмдүктөрдүн, козу карындардын дүйнөсүн изилдөөчү илимий тармактардын комплекси.

**Ботримикоз** – ботриомицесс аскоформанс, козу карыны менен козголуучу өнөкөт инфекциялык оору. Козу карын жайгашкан булалуу бириктиргич тканда шишиктин пайда болушу байкалат.

**Ботулизм** – клостридиум ботулинус токсиндери менен уулануунун натыйжасында п.б. коркунучтуу, оор абалда өтүүчү ооруу. ЖНС жабыркаланат. Микробдун жашоо ишмердүүлүгүнүн негизинде тоюттарда топтолот.

**Боумен капсуласы** – бөйрөктө заара каналчасынын жоонойуп бүткөн туюк учу.

**Боянус органы** – моллюскалардын бөйрөктөрү.

**Брадикардия** – жүрөктүн иштешинин ритминин басаңдашы, систоланын узактыгы нормалдуу, диастоланыкы узакка созулуп кетет.

**Брадзот ылыңы** (койлордуку) – курч мүнөздө өтүүчү энзоотикалык ылаң, клостридиум септикум эдематиенс анаэробдордун токсиндеринин негизинде п.б.

**Брадипноэ** – басаңдаган, үзгүлтүктүү дем алуу.

**Браконьерлер** – 1) Мергенчилик, аң улоочулук ж.б. мыйзамдарын бузуу менен жапайы жаныбарларды кармап өлтүрүү. 2) Б. о.э токойлорду бузуу, мыйзамсыз сейрек кездешүүчү баалуу өсүмдүктөрдү жыйноо кирет.

**Брахибрахия** – алдыңкы муундардын өрчүбөй калышы.

**Брахигнатия,** же агнатия – алдыңкы жаактын өрчүбөй калышы, же жок болушу, үстүңкү жана астыңкы жаактарынын кыска болушу.

**Брахидактия** – буттун манжаларынын кыска болушу.

**Бриобионт** – эңгилчектүү жерлерде жашоочулар, кездешүүчүлөр.

**Бриология** – эңгилчектерди изилдөөчү илимий тармак (ботаниканын бир бөлүгү).

**Бронхиолдор** – коко бөлүнгөндө жаралган майда түтүктөр.

**Бронхиалдуу дем алуу** – өпкөнү тыңшоодо угулуучу, кыркыраган үн. Дени сак жаныбарлардын көөдөн клеткасында угулуучу үн – бронхиалдуу д. а; трахеяда угулуучу – трахеялдуу д. а.

**Бронхиолит** – майда альвеолдорго өтүүчү бронхеолдордун катуу сезгениши.

**Бронхит** – бронханын былжырлуу кабыкчасынын сезгениши, катаралдуу ириңдүү, деструктивдүү бронхит: эндо – , пан – , макро – , микро – , бронхиолиттерди айырмалашат.

**Бронхография** – контрастуу заттардын киришинин негизинде бронхаларды рентгенге тартуу.

**Бронхолит** – бронханын көңдөйүндө пайда болуучу катуу, фиброздуу шишик. Көбүнчө иттерде байкалат.

**Бронхопневмония** – бронханын былжырлуу кабыкчасынын жана альвеолярдуу паренхиманын сезгениши.

**Бронхоскопия** – трахеяга бронхоскопту киргизип, трахеянын, бронханын ички беттерин изилдөө.

**Бронхостеноз** – өнөкөт бронхит, же перибронхиттин негизинде бронхиалдуу жолдордун кысылышы.

**Бронхостаз** – бронхалардын бетинин, структурасынын өзгөрүшүнүн негизинде бронхалардын патологиялык кеңейиши. Ал тубаса болушу мүмкүн, же пайда болот.

**Бруцеллез** – жаныбарлардын, канаттуулардын, адамдын инфекциялык ылаңы, ооруусу. Козгогуч – Brucella бактериясы. Ооруу аборт, септикалык түйүлдүк, артрит, орхит, эпидидимит, синовит, бурсит жана лимфа түйүндөрүндө, боордо, бөйрөктө ж.б. ткандарда бүртүкчөлөрдүн өнүгүшү менен коштолот.

**Булимия** – м: кант диабетинде байкалуучу тез-тез тамак аш талап кылуучулук.

**Буллездуу** – исиркектүү, ыйлаакчалар менен капталган.

**Бульбардуу** – сүйрү мээге тиешелүү.

**Буностомоз** – кепшөөчү малдын жугуштуу ылаңы. Аны жумуру мите курт – буностом пайда кылат. Көбүнчө жаш төл ылаңдайт. Ылаңдуу малдан бөлүнүп чыккан буностомдун жумурткасы сырткы чөйрөдө инвазиялуу личинкага айланат да личинка тери, тоют, суу, кан аркылуу малдын ичегисине кирип, ылаң жугузат. Ал ооз соргучтары менен ичегинин ички бетине жабышып жаралантат, организмди уулантуучу уу зат бөлүп чыгарат. Ылаңдуу мал чычкактап, тез арыктайт, анемия болот, өлүмгө дуушар болот. Дарылоо: ылаңдуу малга тиабендазол, фенотиазин, диптеренс берүү. Алдын алуу чаралары: жаш төлдү өзүнчө бөлүп багуу, малды таза, жарык сарайда асыроо жана туура рацион боюнча тоюттандыруу.

**Бурсит** – механикалык травма, инфекция, же инвазиянын негизинде синовиалдуу баштыкчанын сезгениши. Ылаң абдан курч жана өнөкөт формасында өтөт. Көбүнчө жылкыларда жана бодо малдарда кездешет.

**Бутактануу** – жаңы өркүндөрдүн пайда болушу жана алардын сабактарда, бутактарда ж.б. орун алышы.

**Буулантма,** буулантма талаа – вегетация мезгилинде же ал мезгилдин бир бөлүгүндө үрөн себилбей калтыруучу которуштуруп айдоо талаасы; отоо чөп, зыянкеч жана илдеттерди жок кылуу, ным жана өсүмдүккө азык заттарды топтоо максатында бир нече ирет иштелет. Буулантма үчкө бөлүнөт: 1) таза буулантма 2) эгилме буулантма 3) сидерация буулантмасы.

**Буфердүү эритмелер** – буфердүү системаларды алып жүрүүчү эритмелер, PH ты белгилүү деңгээлде сактоого жөндөмдүү.

**Бөйрөк** – омурткалуу жаныбарларда жана адамда заараны пайда кылуучу, аны бөлүп чыгаруучу жуп орган. Бөйрөктүн негизги анатомиялык жана функциялык элементи нефрон болуп эсептелет.

**Бөйрөк каналчалары** – бөйрөктөн бөлүнгөн заараны чогултуучу майда түтүкчөлөр.

**Бөйрөк таш оорусу** же нефролитиаз, уролитиаз – бөйрөктө, заара бөлүнүп чыгуучу жолдордо заараныn курамындагы бөлүктөрдөн калыптануучу конкременттердин пайда болушу.

**Былжыр** – былжырдуу бездер жараткан, илээшкек коймолжун суюктук.

**Былжыр чел** – органдардын сырткы чөйрө менен катышуучу көңдөйлөрүн, түтүктөрүн ичинен каптап туруучу жука чел, мында бездер жайгашкан, булар былжыр чыгарышат.

**Бөлүп чыгаруу процесстери** – организмдин зат алмашуу процессиндеги акыркы керексиз заттарды жана чоочун заттарды бөлүп чыгаруусу.

**Бүчүр** – өркүн түйүлдүгү. Ал сабак жана жалбырак түйүлдүгүнөн турган вегетативдүү бүчүр, гүл жана топ гүл түйүлдүгүнөн турган генеративдүү бүчүргө бөлүнөт. Сырткы түзүлүшү тоголок, сүйрү, конус, ийик, жумуртка сымал болот. Көпчүлүк өсүмдүктөрдүн бүчүрү түрпүлөр менен капталып, ички назик бөлүгүн сырткы таасирден коргойт. Бүчүрдүн пайда болушу, түзүлүшү, жайгашкан орду ар түрдүү.

**Былжыр чирик** – өсүмдүктүн кеңири таралган илдети. Бул илдетке көбүнчө мөмөсү ширелүү, түймөк тамыр жана тамыры азык өсүмдүктөр, пияз, капуста чалдыгат. Мында өсүмдүктүн тканы бузулуп, эзилип, былжырап чирийт. Илдетти бактерия жана мите козу карын пайда кылат. Алар өсүмдүккө жараат аркылуу кирип, аба, топурак нымдуу болсо илдетти күчөтөт. Картошка, жашылча, мөмө-жемиштерди жыйноо, ташуу, сактоо учурунда да былжыр чирик илдетине чалдыгат. Каршы күрөшүү чаралары: өсүмдүктү өстүрүүдө фосфор, азот, калий жер семирткичтерин, микроэлемент (бор, магний) менен кошумча азыктандыруу, талааны илдеттүү өсүмдүк калдыктарынан тазалоо, агротех. ыкмаларын туура жүргүзүү, түшүмдү таза сактоо.

**Бычалга (мокрец)** – жылкынын жана уйдун туягы менен чачысынын ортосундагы теринин сезгениши. Бычалга шагыл, ташка урунуудан, чөңөр тилүүдөн, чалчык, шүүдүрүм аңыз, сазга жаюудан же аки таш чаңына, нефть чалчыгына күйүүдөн, жугуштуу ылаң козгогучтарынан пайда болот. Дарттын паталогиялык процессине жараша бир нече түргө бөлүнөт: экземалуу – териге майда ыйлаакчалар чыгып, жарылып, карттанып, асты ириңдейт; гангреналуу – теринин катмарлары бузулуп, чирийт; чор – тери калыңдап, жүнү түшөт, ар кайсы жери жарылып сасык сары кочкул суюктук же ириң агат. Дарылоо: дарттын себебин аныктап, жараатты тазалоо; эритеме алуу бычалгада – йод. Глицерин, пиоктаниндин спирттеги 1% түү

эритмесине кебезди чылап, жараатка басат, висмут же цинк майын сыйпайт. Кабылдап кеткенде операция жасайт.

**Бычуу,** же биттөө – эркек малдын жыныс бездерин хирургиялык жол менен алып таштоо же ал бездердин функциясын башка ыкмалар менен (гормон берүү, нурга кактоо) токтотуу. Вет. практикада малды хирургиялык жол менен бычуу кеңири колдонулат. Бычылган мал жоош болуп, жакшы бордолуп, эти даамдуу, жагымдуу келет. Кээде малдын жыныс мүчөсүнүн сезгениши ж.б. жарааттарын айыктыруу үчүн да бычылат. Мал көбүнчө эрте жазда же кеч күздө бычылат. Малды бычуу ишин вет. врач же вет. фельдшер жүргүзөт. Хирургиялык бычуу эки түрдүүчө болот: кандуу – калтаны кесип, эн алынып ташталат; кансыз – эн танабын кысуу же эзүү менен эндин иштеши токтотулат. Бычылган айгыр – ат, бука – өгүз, бура – атан, кочкор – ирик, теке – серке, (эргеч) деп аталат. Жылкы 3-4 жашында (бышты кезинде), букачар 1 жашында, борго байлануучулары 6 айлыгында, козу-улак 4-5 айлыгында биттелет.

**Бышты** – үч жаштагы жылкы. Кээде жылкыдан башка үч жаштагы бодо малга карата да айтылат. М: бышты ноопаз, бышты кунаажын ж.б.

## – В –

**Вагилдүүлүк** – түрдүн кеңири таралышын камсыз кылган чоң организмдин же личинкалардын тубаса жылып жүрүүгө жөндөмдүүлүгү, кыймылы.

**Вагина жасалма** – эркек малдан урук (сперма) алуучу жабдык. Жасалма вагинада сперма алуу ыкмасы малды колдон уруктандырууда кеңири колдонулуп, башка бардык ыкмалардан жөнөкөйлүгү, алынган сперманын сапаттуулугу менен айырмаланат. Вагина калай цилиндр, айнек, эбониттен, көзөнөгүнө резина түтүкчө орнотулган пластмасса же ийилчээк резинадан турат. Бул түтүкчөнүн учтары цилиндрге бекитилет. Анын натыйжасында цилиндрдин ички бети менен түтүкчөнүн сырткы бетинин ортосунда туюк боштук калып, ал сырткы чөйрө менен патрубок аркылуу байланышат. Патрубоктон ал туюк боштукка суу куюлат жана аба үйлөтүлөт. Вагинанын бир учу ачык калат, экинчи учуна сперма кабыл алгыч бекитилет. Букадан сперма алыш үчүн вагинанын 1942, 1960-жылдагы үлгүсү, кочкордон 1942-жылдагы, айгырдан 1952-жылдагы үлгүсү пайдаланылат.

**Вагинизм** – жасалма уруктарды куюуда вагиниттин болушунун, кыздык челинин күчтүү өрчүшүнүн негизинде, жогорку нерв дүүлүгүсүнүн натыйжасында жыныс конулунун булчуңдарынын диртилдеп жыйрылышы.

**Вагинит** – жыныс коңулунун былжырлуу кабыкчасынын сероздуу, ириңдүү, фибриноздуу сезгениши. Вагинит ооруусу курч жана өнөкөттүү болот.

**Важенка** – түндүк бугусу, түндүк бугунун ургаачысы.

**Вазодилятаторлор** – кан тамырды кеңейтүүчү нервдер.

**Вазоконстрикторлор** – кан тамырды таарытуучу нервдер.

**Вазэктомия** – эркек малдардын операция жолу менен урук бөлүп чыгаруучу түтүкчөсүн кесип салуу.

**Вакантуу гиперемия** – барометрдик басымдын төмөндөшүнүн негизинде кан агымынын жогорулашы, кан тамырлардын кеңейишине, жарылышына, кан агууга алып келет.

**Вакантуу гипертрофия** – паренхиматоздуу бөлүктөрдүн атрофиясында органдардын бириктиргич ткандарынын өсүп кетиши. М: булчуң жана без элементтеринин атрофиясынын негизинде, булчуң жана сүт station бездеринде май жана булалуу бириктиргич ткандарынын өсүп кетиши.

**Вакуоля** – көңдөй, клетканын протоплазмасындагы клеткалык шире менен толтурулган көңдөйчө: тамак сиңирүү, бөлүп чыгаруу функцияларын, осмостук басымды тейлейт ж.б.у.с.

**Вакуолярдуу дистрофия** – клетканын цитоплазмасында, ядросунда көптөгөн исиркектердин пайда болушу.

**Вакцина** – адамды, жаныбарларды имуннизациялоодо алсыз, же өлгөн микроорганизмдерден (бактерия, бацилла, риккетсия, вирус, микоздор), же башка антигендүү компоненттерден жасалган препарат. Вакцинаны биринчи жолу 1796-ж. англ. Врач Э.Женнер (адамдын чечек оорусуна каршы уй чечегинен) алган. Ал тирүү, өлүү, химиялык антитоксин; моно-вакцина, дивакцина, поли- вакцина деп бөлүнөт. Ветеринарияда тирүү вакцина сибирь кулгунасы, чочко тилмеси, чумасы, бруцеллез, шарп ж.б. 20 дан ашык ылаңды дарылоо жана алдын алуу үчүн колдонулат.

**Вакцинация** – жугуштуу оорууларга каршы активдүү иммунитетти пайда кылуу ыкмасы.

**Ванна** – гигиеналык, дарылоо профилактикалык максат менен колдонулуучу суу, аба, кум, ылай ж.б. процедуралары.

**Ван – Гизон ыкмасы** – гистологиялык кесиндилерди пикрофуксин менен боө. Бул ыкма бириктиргич ткандардын булаларын аныктайт.

**Варикоцеле** – вена канн тамырларынын эни кеңейип, кебетеси өзгөрүлгөн дарт.

**Вароли көпүрөсү** – мээнин сөңгөгүнүн астыңкы бетинде туурасынан жатышы.

**Васкулит** – кан тамырлардын бетинин сезгениши.

**Вегетативдүү** – тамактануу жана өсүү менен байланыштуу өсүмдүктөргө, органдарына тиешелүү түшүнүк.

**Вегетативдик гибриддештирүү** – кыйыштырылган материалдардын бири-бирине таасир берүү кубулушу. Бул кубулуш Ч. Дарвиндин, Л. Бербанктын эмгектеринде каралган. Жемиш бактарынын жаңы сортторун чы-

гарууда В.И. Мичурин кыйыштырылган компоненттердин өз ара таасирин пайдаланган жана багбанчылыкта кеңири колдонулуучу ментор (тарбиячы) ыкмасын иштеп чыккан. Кыюу асты менен кыюу үстүнүн өз ара таасири канча көп түрдүү (вегетация, гүлдүн мезгилинин, суукка байымдуулугунун ж.б. өзгөрүшү) болбосун, негизинен эки симбионттун азыктанышынын өзгөрүшүнө алып келет. Мында негизинен түрдүк белгилери, генотиптик касиеттери өзгөрүлбөстөн сакталып калат. Мал чарбасында порода арасында жыныс боздерин же зиготаны көчүрүп жайгаштыруу, канды же анын составындагы компоненттерди алмаштырып куюу, жаныбарлардын кан жүгүрүү жана лимфа системасын же алардын эмбриондорун бириктирип жалгоо аркылуу жаңы «гибрид» малды алуу вегетативдик гибриддештирүү деп аталат.

**Вегетативдик көбөйүү** – көбөйүүнүн бир түрү, энелик организмдин бөлүктөрүнөн жаңы организмдин пайда болушу. Вегетативдик көбөйүү микроорганизмдерде, жөнөкөй түзүлүштүү жаныбарларда жана дээрлик бардык өсүмдүктөрдө таралган. Татаал түзүлүштүү өсүмдүктөр вегетатив органдары менен көбөйөт. Вегетативдик көбөйүүнүн жардамы менен бир эле өсүмдүктөн түрдүү өзгөчөлүктөгү өсүмдүк алууга болот. Вегетативдик көбөйүүдө өсүмдүктүн өзгөргөн белгилери, касиеттери жана вирустук илдеттер тукумга берилиши мүмкүн. Ошндуктан чарбаларда өстүрүлүүчү материалдын тазалыгына кам көрүү маанилүү. Көпчүлүк өсүмдүктө вегетативдик көбөйүүгө бүчүрү, жалбырагы, сабагы, тамыры ылайыкталган. Айрым өсүмдүктөр түрүн өзгөрткөн өркүндөрү – мурутча, түймөк, пияз, түп, тамырсабактары менен көбөйөт. Кулпунай, бүлдүркөн, байчечекей ж.б. сойломо сабактары же мурутчалары менен, картошка, пияз, мандалак түймөктөрү жана пияз түбү менен көбөйөт.

**Вегетативдүү нерв системасы** – кишинин жана айбандардын ички органдарынын аракеттерин тейлөөчү нерв системасы.

**Вегетатив органдары** – өсүмдүктүн тиричилигин камсыз кылуучу бөлүкчөлөрү. Жөнөкөй түзүлүштүү өсүмдүктөрдүн вегетатив денеси (талломy) органдарга бөлүнбөйт. Ал бир клетка (бир клеткалуу балырлар, козу карындар) же клеткалардан тизилген жипче (жип сымал балырлар, козу карындардын мицелийи) жана жалпак же тоголок колония түрүндө болот. Татаал түзүлүштүү өсүмдүктөрдүн вегетатив органдары – тамыр, сабак, жалбырак. Тамыры жер кыртышына бекип, суу жана эриген минералдык туздарды алат. Сабак азык заттарды өткөрүп, жалбырак менен тамырды байланыштырып турат. Жалбыракта фотосинтез, газ алмашуу жана транспирация процесстери жүрөт. Вегетатив органдарынын тышкы жана ички түзүлүшү алардын функциясын аткарышына ылайыкталган. Алар вегетативдик көбөйүү кызматын да аткарат.

**Вегетация** – өсүмдүктөрдүн активдүү жашоо мүмкүнчүлүгү, өсүшү, тамактанышы.

**Веналардын варикозу** – веналардын өзгөрүшү, вена көңдөйүнүн бирдей эмес жоонойюп, ичкерип, түйүн сымал бүктөлүүлөрдү түзүү ж.б. менен мүнөздөлөт.

**Везикула** – 1) Теридеги исиркектер. 2) Организмдеги исиркектер (урук п.б. исиркектер, өпкө алвеолдору, жумуртка бездериндеги граф исиркектери ж.б.). 3) Киндик исиркеги.

**Везикулярдуу дем алуу** – аускультативтүү феномен, нормалдуу шартта өпкөнүн үстүнөн угулат: дем алуу үндөрү дем чыгаруудагы үндөргө басымдуулук кылышы менен мүнөздөлөт.

**Вейсманизм** – немец зоологу, эволюционист А. Вейсман окумуштуунун дарвинизмди жаңы деңгээлге көтөргөн илимий концепциясы.

**Веналар** – дененин бардык мүчөлөрүндөгү канды жүрөккө жеткирүүчү тамырлар.

**Вентралдуу** – курсак жактагы, жаныбардын курсак бөлүгүнө кароочу.

**Вестибулрецепторлор** – тулку бойдун жана баштын абалынын өзгөрүшүн сездирүүчү нерв клеткалары, вестибуль аппаратынын жарты тегерек каналдарында жатат.

**Ветеринария** – жаныбарлардын, канаттуулардын организминин түзүлүшүн изилдөөчү илимдердин системасы. Физиологиялык, патологиялык процесстерди, ооруларды алдын алуу, дарылоо ыкмаларын, адамдарды оорулардан сактоо маселесин ж.б. изилдейт.

**Ветеринардык токсикология** – уулуу заттардын касиеттерин, организмге тийгизген таасирин, организмде уунун айланышын, орган ткандарда топтолушун, сүт жумуртка аркылуу бөлүнүп чыгышын изилдөөчү илим.

**Вибицес** – былжырлуу кабыкчалардын бүгүштөрүнүн уч жактарындагы кандын уюшу.

**Вибриоз** – негизинен уй, койдун жугуштуу ылаңы. Спираль полиморфдуу (Vibro felus Вибриоз) микробду пайда кылат. Вибриоздун козгогучу 1913-ж. козу салган койдон, 1918-ж. музоо салган уйдан табылган. Ал козгогуч буканын спермасында, тубар уй менен койдун жыныс органдарында, музоонун, козунун чөбүндө ж.б. ткандарда болот. Вибриоз ылаңына чалдыккан уй кысыр калат, музоо салат, музоонун чөбү көпкө түшпөй, жатыны сезгенет ж.б. кой бооз мезгилинин экинчи жарымында козу салат. Уйга инфекция куут мезгилинде ылаңдуу букадан алынган спермадан жугат. Кой негизинен жайытта вибриоз козгогучу менен булганган тоют жана суудан ылаңга чалдыгат, инфекция булагы – ара туулган козу, козу салган койдун жатынынан чыккан сары суу. Алдын алуу жана дарылоо: ылаңдуу койду өзүнчө бөлүп дарылоо, мал кароо сарайларын дизенфекциялоо, ылаңга чалдыккан бооз уйга антибиотиктерди (пенициллин, экмановоциллин ж.б.) берүү ж.б.

**Вибрисса** – сезгич мурут: желиндүү айбандардын эриндеринде, көздөрүнүн тегерегинде өскөн узун катуу кылдар.

**Виварий** – тажрыйба жасалуучу айбандарды багуучу жай.

**Вивипария** – тирүүлөй тууш: айбандардын жумуртка эмес тирүү тукум туушу.

**Вивисекция** – организмди тирүүлөй жаруу.

**Викариат** – айбандардын жана өсүмдүктөрдүн жакын түрлөрү ар башка жайларда, же ошол эле жайлардын ар кандай экологиялык шарттарында жашашы.

**Вируленттүүлүк** – жугуштуу ылаӊ козгоочу микроб касиеттеринин жыйындысы. Ылаӊ козгогучтун инфекциялуу касиетине ылаӊ жуккан организмдин кабыл алуусуна жараша вируленттүүлүк туруктуулугу болбойт. Вируленттүүлүк микроорганизмдин төмөндөгү касиеттери боюнча аныкталат: инвазиялуулук (микробдун организминде көбөйүү жөндөмдүүлүгү), инфекциялуулук (жугуштуулугу), токсиндүүлүк (организм үчүн уулуу зат бөлүп чыгаруусу). Вируленттүүлүк күчөп же басаӊдап кетиши мүмкүн. Бул микробдун өзгөргүчтүк касиетин билдирет.

**Вирусология** – вирустарды изилдөөчү илимий тармак.

**Вирустар** – нуклеин кислотасы (ДНК же РНК) жана белок кабыкчасынан турган клеткасыз эӊ майда бөлүкчөлөр. Адам, мал жана өсүмдүктөрдүн көптөгөн жугуштуу оору, ылаӊ, илдет козгогучу. Алгач вирустарды 1892-ж. орус окумуштуусу Д.И. Ивановский ачкан. Ал тамекинин темгил илдетин изилдөөдө илдеттүү өсүмдүктүн чыпкадан (бактерия өткөрбөгөн) өткөрүлгөн ширеси өзүнө мүнөздүү белгилери бар илдетти пайда кылгандыгын аныктап, эӊ майда илдет козгогуч бар экендигин ачкан. Кийин ал илдет козгогучтар вирустар деп аталган. «Вирустар» терминин 1899-ж. М. Бейеринк киргизген. Вирустар бактериялардан өтө майда (өлчөмү 20-3000 нм). Илдет, ылаӊ, оору жугузуучу 800 дөн ашык вирустар белгилүү. Табиятта вирустар ээсинин организминде гана көбөйөт. Морфологиясы боюнча вирустар бир нече топко бөлүнөт. Алар цилиндр таякчасы түрүндө (тамеки темгил илдетинин вирустары ж.б.), тегерек (тамеки некроз илдетинин вирустары) адамдын оорусун, мал ылаӊын козгогуч вирустар (полиомилит вирустары, шарп вирустары ж.б.) да тегерек же полирэд формасында болот ж.б. Вирустардын химиялык составы алардын түрүнө жараша ар башка болот. Составында негизинен липид, ДНК, РНК, полиаминдер, виаминдер кезигет. Вирустар ысык ($90^0$С), суук ($-70^0$С) температурага чыдамдуу. Табиятта көп кездешип, адам, жаныбар, өсүмдүк аркылуу таралат. Айыл чарбасына чоӊ зыян келтиргендиктен дыйканчылыкта ага каршы агротех. ыкмалар, мал чарбасында алдын алуу иш-чаралары, медицинада эмдөөлөр жүргүзүлөт ж.б.

**Вирустуулук** – организмде вирустардын илээшип жүрүүсү.

**Висцералдык** – ичке таандык, ички органдарга таандык нерсе.

**Висцералдуу скелет** – дененин ичиндеги скелет.

**Витализм** – биологиядагы идеалисттик теория.

**Виталдуу** – тиричилик кубулушуна тиешелүү нерселер.

**Витаминдер** – биологиялак жактан активдүү жана аз өлчөмдө болсо да организмдин нормалдуу тиричилиги үчүн зарыл бирикмелер. Негизги азык заттардан (белок, май, углевод, мин. туздар) айырмаланып витаминдер энергия булагы же ткань түзүүчү материал боло албайт, бирок зат алмашууга катышат. Витаминдердин көпчүлүгү организмде белок, май, углеводдордун ажыроосун катализдөөчү ферменттердин же фермент системаларынын составына кирет. Витаминдер негизинен өсүмдүктөрдө пайда болот. Витаминдердин пайда болуусунда микроорганизмдердин ролу чоң. Адам жана жаныбарлар витаминдерди түздөн-түз (өсүмдүктөн) же кыйыр (жаныбарлар продуктуларынан) түрдө алышат. Витаминдердин организмде жоктугу авитаминоз оорусуна дуушар кылат. Витаминдерди орус врачы Н.И.Лунин (1880) ачкан. 1912-ж. польшалык врач К.Функ «Витамин» деген атты киргизген. Негизинен витаминдер: $A_1$ (ретинол), $B_1$ (тиамин), $B_2$ (рибофлобин), $B_3$ (пантотен килотасы), $B_6$ (перидоксин), $B_{12}$ (цианкобаламин), $B_c$ (фолий кислотасы), С (аскарбин кислотасы), Д (кальцеферол), Е (токоферол), Н (биотин), РР (никотин кислотасы), $K_1$ (филлохионин). Эригичтигине карата витаминдер майда ээрүүчү (А, Д, Е жана К) жана сууда ээрүүчү (С, $B_1$, $B_2$, В, $B_{12}$, РР, пантотен кислотасы, фолий кислотасы, холин, биотин ж.б.) болуп айырмаланат. Витаминдер негизинен химиялык жана микробиологиялык синтез жолу менен алынат.

**Витаминотерапия** – витаминдер менен дарылоо. Витаминдерге бай тоюттар жана витаминдүү препараттар колдонулат.

**Витилиго** – териде ар кандай чоңдуктагы, формадагы ак түстөгү тактардын п.б. менен мүнөздөлөт.

**Вольтинизм** – бир жылдагы муундардын санын белгилөө.

**Ворвань** – деңиз айбандарынын майы.

**Вульва** – ургаачы жаныбарлардын сырткы жыныс органы.

## – Г –

**Габитус** – жаныбардын (адамдын), же өсүмдүктүн сырткы келбети.

**Габронемоз** – ача туяктуу малдын (жылкы, эшек, качыр) гельминтоз ылаңы. Жылкынын таз карынында мителөөчү габроне нематодасы пайда кылат. Малдын тезеги менен сырткы чөйрөгө чыккан габронема жумурткасын чымын личинкасы жутат. Чоң чымындын денесинде габронема личинкасы инвазиялуу болгуча өнүгөт. Чымын жылкынын эрдине конуп, габронема личинкасын бөлүп чыгат. Аны жылкы шилекейи менен кошо жутат. (Habronema muscae) личинкасы жылкынын жооруган жерине түшсө кан аркылуу өпкөгө өтөт. Габронемоз таз карындын безин чүрүштүп, иштөө функциясын бузат, жылкынын терисин айыкпас жоорго айлантат. Ылаңда

дарылоо үчүн төрт хлордуу көмүртек пайдаланылат. Каршы күрөшүү жолдору: атканаfны таза кармоо жана андагы чымындарды жок кылуу керек ж.б.

**Газдардын алмашуусу** – организм менен айлана-чөйрөнүн ортосундагы газдардын алмашуу процесстеринин жыйындысы.

**Гайморит** – жогорку жаак жолдорунун былжырлуу кабыкчаларынын сезгениши, сөөк кабы, сөөктөр дагы сезгениши мүмкүн. Сероздуу, ириңдүү, курч жана өнөкөт формаларын айырмалайт. Жылкыларда, иттерде, сейрек айрым жаныбарларда байкалат.

**Галлдар** – өсүмдүктүн түрдүү органындагы (тамыр, жалбырак ж.б.) дөмпөк өсүндүсү. Клеткалардын механикалык дүүлүгүсүнөн же кене, курт-кумурска, нематода ж.б. чыгарган токсиндин таасиринен пайда болот. 15 миңдей түрү белгилүү. Көбүнчө эмен, атыр гүл жана татаал гүлдүү өсүмдүктөрдө кездешет. Галлдар таза ткандын хим. составында суу, азык зат, өндүргүч заттардын көптүгү менен айырмаланат. Галлдар өсүмдүктүн азыктануусун бузат, өсүшүн начарлатат, кээде өсүмдүк солуп калат. Буудай нематодасы жалбыракты буралтып, сырткы көрүнүшү боюнча кадимки данга окшогон галды пайда кылат. Кызылча нематодасы кызылчанын тамырында галлдарды пайда кылат. Чанактуу өсүмдүктөрдүн тамырларындагы галлдар топуракты азот менен байытып, айыл чарбасында пайдасы бар. Бирок галлдардын таралышына жол берүүгө болбойт. Каршы күрөшүү чаралары: илдетке туруктуу сорт эгүү; которуштуруп эгүүнү туура жүргүзүү; галлдарды жок кылуу (мисалы, жалбырактан, бутактан кесип салуу) ж.б.

**Галлдар, цецидии** – можулар: омурткасыз майда жандыктар бүлүнтүүнүн натыйжасында өсүмдүктөргө, дарактарга өсүп чыккан чокморбаш шишиктер: ич өткөккө каршы даарылыкка колдонулат.

**Галобионт** – 1) Туздуулугу жогору келген суу, топурактын жашоочусу. 2) Абдан туздуу сууда жашоочулар.

**Галоксерофит** – кургакчылыкка, туздуу жерлерге чыдамдуу келген өсүмдүктөр.

Галосфера – деңиздин туздуу чөйрөсү.

**Галлофил** – туздуулугу жогору келген жерлерге ыңгайланган организм.

**Галофит** – туздуу топурактарда, же тоо тектерде өсүүчү өсүмдүктөр.

**Галлофоб** – туздуулугу жогору келген чөйрөгө чыдамы жок организмдер.

**Гамета** – өсүмдүк жана жаныбарлардын хромосомалардын гаплоиддик жыйнагына ээ болгон жыныстык, репродуктивдүү клеткалар. Карама-каршы гаметалар биригип зиготаны пайда кылат. Гаметалар аркылуу тукум куучулук белгилер кийинки тукумга өтөт.

**Гаметангий** – 1) Гаметалар пайда болуучу көңдөйлүү орган (козу карындар, балырлар, жогорку өсүмдүктөрдө болот). 2) Жыныстык процессинде гаметаларга бөлүнбөстөн эле көп ядролуу клеткалардын кошулушу.

**Гаметогамия** – жынысы боюнча айырмаланган эки гаметанын кошулушу, алардын кошулган ядролору зиготаны п. к.

**Гаметогенез** – жыныс клеткаларынын – гаметалардын пайда болуу, өнүгүү процесси.

**Гаметогония** – жөнөкөйлүүлөрдүн жыныстык көбөйүшү: башында гаметоциттер п.б. андан кийин гаметага айланышат.

**Гаметопатия** – жыныс клеткаларынын жетилүү процессинде, уруктануу же уруктанган зиготанын бытыроо мезгилинде генетикалык материалдын өзгөрүшүнүн негизинде п.б. тубаса оорулардын тобу.

**Гаметофит** – өсүмдүктүн спорадан – зиготага чейинки жашоо циклы, жыныстык муундун өкүлү. Өнүгүү циклинде спорофит менен кезектешет, дайыма гаплоиддүү.

**Гаметоцит** – жөнөкөйлүүлөрдүн жетиле элек жыныс клеткалары, гаметагонийде п.б.: микрогаметоциттер – эркек, макрогаметоциттер – ургаачы.

**Гаммоз** – курт-кумурска менен микроорганизмдин кесепетинен, ыңгайсыз шарттан, доо кетүүдөн пайда болуучу өсүмдүк илдети. Илдетке негизинен данектүү мөмө дарактары, о.э. цитрус өсүмдүктөрү, тыт, гозо, кунжут чалдыгат. Илдеттүү дарактардын бутак, сөңгөктөрүнөн (кээде мөмөсүнөн) килкилдек, саргыч суюктук (чайыр) агат, түшүмдүүлүгү азайып, айрым учурда дарак куурап калат. Каршы күрөшүү чаралары: илдетке учураган өсүмдүктүн калдыгын жок кылуу, которуштуруп эгүү, терең айдоо, дарактын жаратынан тазалап жез купоросунун (көк таш) эритмесин, нигронал ж.б. сүйкөө, 1% түү бор суюктугун чачуу, ысыктан, үшүктөн сактоо, агротехника эрежелерин туура колдонуу.

**Ганглиялар** – нерв түйүндөрү, нерв клеткаларынын жыйыны) – перифериялык нервдерди бойлото жайгашкан бириктиргич ткань жана глиа клеткалары менен курчалган нерв клеткалары.

**Ганглий клеткалары** – нерв түйүнүн түзүүчү клеткалар.

**Гангрена** – некроздун (орган же ткандын чириши) бир түрү. Жандуу организмде ткандын өлүшүнүн, бузулушунун бир формасы, ткандын некрозу. Г. кургак, нымдуу, чириген, септикалык болушу мүмкүн. Г. травмалык, инфекциялык, токсиндүү, термикалык, нейротрофикалык, химиялык, диабеттүү болуп бөлүнөт.

**Гаплоид** – дене клеткасында хромосомалардын саны жалкы, жупсуз топтолгон (2n дин ордуна n) организм. Аларда диплоиддүү (моноплоид) же полиплоидүү (полигаплоид) энелик особдордун хромосома жыйындысынын жарымы гана болот. Гаплоиддик организмдер табыгый түрдө өзүнөн өзү же жасалма жол менен өсүмдүккө нур, колхицин, температураны кескин өзгөртүп таасир эткенде ж.б. пайда болот. Гаплоид өсүмдүктөрдүн 39 тукумга, 16 урууга таандык 70 түрүндө белгилүү. Селекцияда гомозиготалуу линияны алуу үчүн колдонулат.

**Гаплоиддик сан** – жалкы сан, жуп эмес сан, сыңар сан,хромосомалардын топтолушун белгилөөдө колдонулат.

**Гаплоиддик ядро** – хромосомалары жалкы топтолгон ядро.

**Гаремдер** – бир эркек айбанга караштуу бир үйүр ургаачы айбандар.

**Гастрея** – гаструла тибиндеги гипотезалык эки катмарлуу организм.

**Гастрит** – ашказандын былжырлуу кабыкчасынын ж.б. ткандарынын айсезгениши. Курч же өнөкөт формада байкалат. Малдын бардык түрү, айрыкча жылкы, чочко ж.б. ылаңдайт. Ылаң катуу жана өнөкөт түрүндө өтөт. Карын секрециясынын бузулушуна жараша нормациддүү (карында кычкыл жетиштүү болот), анациддүү (кычкылы жок), гапациддүү (кычкылы аз), гиперациддүү  кычкылдуулук жогору) болот. Малдын катуу гастрити көгөргөн же чириген саман, чөп, картошка, кызылча, өтө касек тоют ж.б. менен тоюттандырып, булганч суудан сугаруудан пайда болот. Ылаңдуу мал жаталактап, чөп жебейт же аз жейт. Жылкы муздак нерселерди жалайт, кулгуйт. Уйдан сүт аз чыгат, кандын составында лимфоцит көбөйүп, карындын тушу оруйт, малдын тынчы кетет. Ылаң кабылдаса, ичке ичегилери да сезгенет. Карындагы тоют ачып, уулуу заттар организмди уулантып, калтырак басат. Малдын өнөкөт гастрити катуу кармаган гастритиндей эле өтөт. Гастрит ылаңына чалдыккан малдын карынын дезинфекциялоочу дары менен жууп, сиңимдүү тоют берилет. Ылаңдын алдын алуу үчүн мал зоогигиеналык эрежеге ылайык багылат.

**Гастроскопия** – гастроскоп приборунун жардамы менен ашказандын ички бетин изилдөө.  Гастроскопту ооз, кызыл өңгөч аркылуу ашказанга киргизет.

**Гастротомия** – чоочун нерсени алуу максатында ашказанды союу.

**Гастроцель** – гаструла мезгилиндеги түйүлдүктөгү көңдөй – биринчилик ичеги, же биринчилик – тамак сиңирүүчү.

**Гаструла** – көп клеткалуу организмдердин түйүлдүктөрүнүн өөрчүү стадияларынын бири.

**Гаструляция** – гаструланын п.б. процесси.

**Гаустория** – 1) Мите өсүмдүктүн ээси өсүмдүгүнөн азык заттарды соргучтары аркылуу соруп алуу. 2) Гаметофиттен азык заттарды алуучу спорофиттин соргучтары. 3) Жабыркалануучу өсүмдүктүн клеткасына кирүүчү мите козу карындын клеткасындагы өсүндү.

**Гейтоногамия** – бир эле өсүмдүк гүлүнүн ошол эле өсүмдүктүн башка гүлүн чаңдаштыруусу.

**Гелиобиология** – жердеги организмдерге, коомдоштуктарга күндүн активтүүлүгүнүн таасирин изилдөөчү биофизиканын бир тармагы.

**Гелиобионт** – дайыма күн нуру тийүүчү жерлерде жашоочу организм.

**Гелиоз** – күн нурларынын башка таасир этишинин негизинде п.б.

**Гелитерапия** – күн нурлары менен дарылоо (рахит, остиомаляция, аз кандуулук, ириңдүү жаралар ж.б.).

**Гелиотроф** – күндүн энергиясын пайдалануу менен органикалык эмес заттардан органикалык заттарды синтездөөчү автотрофтуу организмдер.

**Гелиофил** – күндү, жарыкты сүйүүчү түр.

**Гелиофит** – күн нуру жакшы тийүүчү жерлерде өсүүчү өсүмдүктөр.

**Гелобионт** – сазда жашоочу организм.

**Гелофиттер** – саз өсүмдүктөрү.

**Гельминтоз** – адам, мал жана өсүмдүктүн инвазиялуу ооруусу, ылаңы, илдети; мите курттар (гельминттер) пайда кылат. Түрдүү орган жана ткандарда мителейт. Малда төрт класстагы гельминттер (нематода, цестода, терматода, актантоцеффалдар), ал эми өсүмдүктөрдө нематодалар гана мителейт. Ылаң пайда кылуучу гельминттерге карата нематодоздор, цестоздор, терматодоздор жана акантоцефалездор деп аталат. Гельминтоздун эпизоотологиясы негизинен митенин биологиялык өзгөчөлүгүнө жараша ар түрдүүчө болот. Бардык гельминтозду эки топко (биогельминтоздор, геогельминтоздор) бөлүүгө болот. Эгер ылаң козгогуч (гельминит) аралык ээсинде өөрчүсө биогельминтоздор, аралык ээси жок болсо геогельминтоздор деп аталат. Ылаң козгоочу киши жана малдын катышуусу менен өөрчүгөн гельминтоздун өзгөчө топту (гельминтоатропозооноздор) түзөт. Гельминтоз малды өлүмгө учуратып, өсүмдүктү кууратышы мүмкүн. Көпчүлүк учурда малдын кунары кетип, өсүмдүктүн түшүмү төмөндөйт. Гельминтоз ылаңы малга көбүнчө тоют жана суу аркылуу жугат. Ылаң көбүнчө клиникалык гельминтологиялык изилдөөнүн натыйжасында жана ылаңдын белгилери боюнча аныкталат. Анын 43 түрү бодо малда, 105 түрү койдо, 36 түрү жылкыда, 28 түрү чочко жана үй куштарында мителейт.

**Гельминтология** – мите курттарды (гельминт) жана алардан пайда болгон оору, ылаң, илдет (гельминтоз) жөнүндөгү илим, негизинен мите курттарды, алар менен күрөшүү ыкмаларын изилдөөчү зоологиянын бир тармагы. Гельминттердин морфология, физиология, биохимиясын, биологиялык-экологиялык өзгөчөлүгүн, таралышын жана жаныбарлар дүйнөсү системасындагы абалын, о.э. гельминттердин киши, мал жана өсүмдүктөрдүн организмине тийгизген таасирин изилдейт. Гельминтология диагноздоо ыкмаларын иштеп чыгат, гельминтоздордун клиникасын, эпидемиология жана эпизоотологиясын изилдейт, ал изилдөөлөрдүн негизинде ылаң, илдеттин алдын алуу, дарылоо, ылаңдын кайталанышына жол бербөө иш-чараларын иштеп чыгат.

**Гелминтофауна** – мите курттардын баарысы.

**Гельминттер** – киши, жаныбар жана өсүмдүктөрдүн ар кандай орган, ткандарында мителөөчү курттар. Алардан пайда болгон илдет, ылаң жана оорулар гельминтоздор деп аталат. Гельминттердин 17 миңден ашык түрү

белгилүү. Түзүлүшү ж.б. өзгөчөлүктөрүнө карата гельминттер негизинен 5 топко бөлүнөт: 1) жалпак курттар (цестоддор же тасма курттар, трематоддор); 2) жумуру курттар – нематоддор (аскарида ж.б.); 3) тикен баш курттар (скребнилер жана акантоцецефаллдар); 4) немертиндер; 5) муунак курттар. Түрүнө жараша гельминттер бардык органдарда болушу ыктымал (жүрөк, мээ, бөйрөк, көз, кан тамырларда ж.б.) бирок көпчүлүгү тамак-аш сиңирүүчү органдарда бөлүнүп чыккан заттар аркылуу ууландырат жана өзү жашаган органга оозундагы соргуч илмекчелери аркылуу бекип, аны ар кандай сезгенүүгө учуратып, айрым учурда жарага айлантат, кээде ичегиде тыгылып, аны тешип кетет же дем алуу жолдоруна өтүп, жыйылып, малды дем алдырбай өлүмгө учуратат. Кыргызстанда 182 түрү белгилүү, алардын койдо 85, уйда 38, жылкыда 35, топоздо 18 түрү табылган.

**Гемм** – курамында темир бар боечу зат. Эки валенттүү темири бар протопорфирин кошулуусу. Гемоглобин, миоглобин, каталаза ферменттеринин, пероксидаза, цитохромоксидаза ферменттеринин курамына кирет.

**Гемагглютинация** – эритроциттердин бири – бирине чапташуу феномени.

**Гемангиома** – зыяны жок шишик, кан тамырлардан өрчүйт. Артериома, каверноздуу гемангиома капилляриомаларды айырмалайт.

**Гемартроз** – муун көңдөйүнө кан агуу.

**Гематобластар** – кан клеткалары.

**Гематология** – кан жана анын пайда болушуна катышуучу органдар жөнүндөгү илим. Алардын түзүлүшүн, функциясын нормалдуу жана патологиялык шарттарда изилдейт.

**Гематома** – ткандарда суюк же уюган кандын топтолушу.

**Гематомиелия** – жүлүндө кандын уюшу.

**Гематоракс** – плевра көңдөйчөсүндө кандын уюшу. Көкүрөк көөдөнү, өпкө ж.б. жабыркаланганда байкалат.

**Гематоэнцефалдык тоскоолдук** – кан церебралдуу суюктук жана нерв ткандарынын ортосундагы гистологиялык тоскоолдук. БНСти чоочун заттардан сактайт.

**Гематурия** – кан аралашкан зааранын бөлүнүп чыгышы.

**Геммулалар** – былпылдактардын жана балык курттардын жыныссыз көбөйүшүндө жаралган майда нерселер.

**Гемобилия** – өт аралашкан кандын башкача айтканда боор, өт түтүкчөлөрү жабыркаланганда ж.б. байкалат.

**Гемоглобин** (гр. haima – кан жана лат. globus – тоголок) – адамдын, омурткалуу жана айрым омурткасыз жаныбарлардын канындагы эритроциттин кызыл пигменти. Гемоглобин канга кызыл түс берүү менен кычкылтекти ($O_2$) өпкөдөн тканга жана көмүр кычкылын ткандан өпкөгө жеткирүү милдетин аткарат. Гемоглобиндин молекуласы глобин белогунан жана темирдүү

порфириинден турат. Айрым омурткасыздардын канында гемоглобин плазмада эркин эриген түрдө болот. Омурткалуу жана айрым омурткасыздардын кызыл кан клеткаларынын (эритроциттеринин) кургак калдыгынын 94%ин гемоглобин түзөт. Организмде кычкыл-жегичтик тең салмактуулукту сактоого, кандын буфердик системасына катышат.

**Гемоглобинемия** – кандын плазмасында бош гемоглобиндин көбүрөөк болушу, канды бузуучу оорулардын, уулардын натыйжасында эритроциттердин бат бузулушунун негизинде байкалат.

**Гемодинамика** – кан айлануу физиологиясынын бир бөлүгү, жүрөк кан тамыр системасында кандын жылышынын себептерин, шарттарынын механизмдерин изилдөөдө гидродинамика закондорун колдонот.

**Гемолиз** – эритроцит бузулуп, андан гемоглобиндин бөлүнүп чыгышы.

**Гомолизин** – эритроциттерди бузуучу заттар.

**Гемолимфа** – омурткасыз жаныбарлардын кан сыяктуу суюк тканы.

**Гемоперикард** – перикард көңдөйүндө кандын уюшу.

**Гемопоэз** же кан жараткычдын орандарда кандын бүртүкчөлөрүнүн жаралуу процессии.

**Гемоптое** – өпкөнүн канашы же кан түкүрүү.

**Геморрагия же кан агуу** – кан тамырлардан кандын тышкы чөйрөгө агышы. Аккан кандын ткандарда, көңдөйлөрдө топтолуп уюшу.

**Гемостаз** – организмдин эволюциялык жол менен калыптанган коргонуучу реакциясы. Кан агуунун токтошу менен мүнөздөлөт.

**Гемотерапия** – кан, анын компоненттери жана андан жасалган препараттар менен дарылоо.

**Гемотоксиндер** – эритроциттерди бузуучу микробдуу, өсүмдүк же жаныбар заттары.

**Гемотома** – тканга кандын белгилүү өлчөмдө чогулушу. Гемотома көбүнчө жараттан, кээ бир ылаң таасиринен, кан тамыр кабыкчасынын жаралышынан пайда болот. Кан тканга, теринин астына, булчуң этке ж.б. жерлердеги көңдөйчөлөргө жыйылып, уюйт. Гемотома болгон жер шишип, көгөрөт, ооруйт, органдын иштеши бузулат. Кабылдаса малдын денеси ысып, кан уюган жери ириңдейт. Дарылоо: кандын агышын токтотуу; жылуу компресс коюу. Эгер ириңдесе же ички орган жарылса, хирургиялык жол менен дарылайт.

**Гемотрансфузия** – дарылоо максатында кан куюу.

**Гемотоксиндүүлүк,** же кан ууктургучтук – жыландардын ууларынын канды ууктургуч бир касиети.

**Гемафилия** – тукум кубалоочу оору, кандын уюшунун төмөндөшү (иттерде, чочколордо, жылкыларда байкалат).

**Гематопоэз** – 1) Кандын пайда болушу. 2) Эритроциттердин санынын калыбына келиши.

**Гемерофил** – 1) Адамдын таасиринин негизинде аймагын кеңейткен түр. 2) Маданий өсүмдүктөрдүн коомдоштугунда гана кездешүүчү өсүмдүк, же жаныбар түрү.

**Гемерофоб** – 1) Адамдын таасиринин негизинде жоголуп бара жаткан, же жоголгон өсүмдүк түрү. 2) Маданий өсүмдүктөрдүн коомдоштугунан алыстаган өсүмдүк, же жаныбар түрү.

**Гемикриптофит** – кышында жер үстүндөгү бөлүктөрү толугу менен өлүп, ал эми жандануучу бүчүрлөрү жалбырактардын, кардын алдында корголуп калуучу чөп өсүмдүктөрү.

**Гемоглобин** – адамдын, омуркалуулардын, айрым омурткасыз жаныбарлардын канындагы дем алдыруучу кызыл пигмент.

Г. белок (глобин) жана темирпорфиринден (гема) турат да, кычкылтек менен көмүр кычкыл газын ташыйт.

**Гемоглобинемия** – гемолитикалык уулардын, кандагы мителердин таасиринен эритроциттер бузулуп, кандын плазмасында эркин гемоглобиндин көп болушу.

**Гемолиз** – чөйрөгө гемоглобинди бөлүп чыгаруу менен кандын эритроциттеринин бузулушу.

**Гемолимфа** – туюк эмес кан айлануу системасында айлануучу суюктук ( муунак буттуулар, моллюскалар), буларда дем алуу пигменттери болот. Алар аркылуу кычкылтек, көмүр кычкыл газы, азык заттар ж.б. ташылат.

**Гемотерапия** – канды, анын составдык бөлүктөрүн (плазма, эритроцит, лейкоцит жана тромбоцит массаларын) же кан дарыларын куюу менен дарылоо. Гемотерапия кансыроо, ууланнуу, күйүк, ириңдөө, узакка айыкпаган жараат, кызыл жүгүрүк, жугуштуу ылаңдарда ж.б. колдонулат.

**Гемофилия** – кан уюу факторунун жетишсиздигине байланыштуу кандын узак убакытка чейин токтолбогондугу менен мүнөздөлгөн тукум куучулук оорую.

**Гемоцианин** – айрым омурткасыз жаныбарлардын гемолимфасындагы дем алдыруучу пигмент. Г. жезди алып жүрүүчү белок, канга көк түстү берет, организмде кычкылтекти ташыйт.

**Гемоцит** – кандын клеткалык элементи.

**Гемоцитобласт** – омурткалуу жаныбарлардын (адамдын) канды п.к. клеткаларынын бир формасы.

**Гемэритрин** – айрым омурткасыз жаныбарлардагы дем алдыруучу пигмент (м: айрым жумуру курттар), жаратылышы боюнча темирди алып жүрүүчү белок.

**Ген** – тукум куучулук материалынын бирдиги; Терминди даниялык окумуштуу В.Иогансен 1909-ж. киргизген. Ген – дезоксирибонуклеин к-сынын (ДНК) молекуласынын участогу (жогорку организмдерде), РНК нын участогу (вирус, фагдарда) – белоктун биринчилик структурасы жөнүндөгү

маалыматты алып жүрөт. Жайгашкан ордуна карата ген хромосомалык (ядролук), цитоплазмалык же пластидалык болушу мүмкүн. Ар бир ген белгилүү бир белоктун (ферменттин ж.б.) синтезделишин камсыз кылат жана контролдойт. Гендер организмдин бардык химиялык реакцияларын башкаруу менен анын белгилүү касиеттери жана белгилеринин жаралышын аныктайт. Ген ДНКнын бир нече нуклеотиддеринен турат. Нуклеотиддердин түз жайгашуу ирети генет. маалыматты чечмелейт. Генетика бөлүнүшү жана анын аракети айрым бөлүктөрүнүн жыйындысына жараша болот. Гендин бөлүктөрү рекомбинацияга (жуп хромосомаларда бөлүктөр өз ара алмашып гендин жаңы айкалышын пайда болушу) жана мутацияга жөндөмдүү. Аргындашууда особдордун хромосомалары гендери менен гана алмашпастан, анын бөлүктөрү менен да алмашат.

**Гнеология** – айбандардын санжырасы.

**Генеологиялык ыкма** – нормалдуу жана патологиялык белгилердин тукум куучулук закон ченемдүүлүктөрүн тактоодо ата тектерин анализдөө.

**Генерализация** – очоктон оорунун органдарга, бүтүндөй организмдерге таралышы

**Генерация –** 1. Особ, топ, же популяциялардын бир берген тукумдары М: жөнөкөйлүүлөр көп тукум берет; курт – кумурскалар бир канча тукум берет; туяктуулар бирден тукум берет. 2. Мурунку муундун тукумдары.

**Генетика** – организмдин тукум куугучтук жана өзгөргүчтүк касиеттери жөнүндөгү илим. Тукум куугучтук фактору – генди организмдин көбөйүүсүндө ген менен хромосомалардын кайталанып жаралышын, онтогенездеги белгилердин пайда болуусуна гендердин тийгизген таасирин, органикалык дүйнөнүн эволюциясында тукум куугучтук, өзгөргүчтүк жана тандоонун өз ара байланышын ж.б. изилдейт. Генетиканын негизги маселеси – тирүү организмдин тукум куугучтук, өзгөргүчтүк касиеттерин таанып билүү жана организмдеги форма пайда кылуучу процессти адамдын талабына ылайык керектүү багытта өзгөртүп, башкаруу. Генетикада тирүү материя түрдүү деңгээлде – молекулалык, хромосомалык, организмдик жана популяциялык деңгээлде изилденет. Изилдөөлөрдө гибриддик талдоо, генеологиялык, цитогенетикалык, популяциялык-статистикалык, онтогенездик, иммуногенетикалык, о.э. физиологиялык, биохимиялык ж.б. ыкмалар колдонулат. Генетиканын бир катар тармактары бар, анын ичинде изилдөө обьектисине карай микроорганизм, өсүмдүк, жаныбар жана киши генетикасы; башка илим тармагынын ыкмасын колдонууга байланышту биохимиялык, молекулалык, экологиялык, цитологиялык, математикалык, радиациялык, космостук генетика ж.б. Генетика эволюциялык теориянын өнүгүшүнө зор салымын кошот; медицина, айыл чарба, өнөр жайынын актуалдуу маселелерин чечүүдө мааниге ээ. Генетиканын жаңы жетишкендиктери ген инженериянын өнүгүшүнө байланыштуу.

**Генетикалык жүк** – популяцияда леталдуу ж.б. терс мутациялардын болушун гомозиготалуу абалга өткөндө особдун өлүмүнө же жашоо мүмкүнчүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келет. Г.ж. жакын тукумдарды аргындаштырууда байкалат.

**Генетикалык банк** – уруктарды, тондурулган ткандарды өсүмдүк жана жаныбарлардын жыныстык, сомалык клеткалары сакталуучу жай. Г.б. селекциялык иштерди жүргүзүүдө өзгөчө маданий өсүмдүктөрдүн жана алардын ата тектеринин уруктарынын сактоодо мааниси зор.

**Генокопия** – ар кандай хромосомалардын ар кандай бөлүктөрүндө жайгашкан гендердин таасиринин негизинде сырткы окшош фенотиптик белгилердин п.б.

**Геном** – 1. Клетканын хромосомаларынын гаплоиддик жыйнагындагы гендердин жыйындысы. 2. Клетканын ядросундагы тукум куучулук белгилердин жыйындысы.

**Генотип** – ар бир организмдин гендеринин жыйындысы, укумдан тукумга берилүүчү тукум куугуч маалыматтарды алып жүргүч. Генотип терминин 1909-ж. даниялык биолог В. Иогансен киргизген. Кеңири мааниде генотип хромосомадагы, о.э. хромосомадан тышкаркы (цитоплазма, пластидагы) гендердин өз ара байланыштуу системасы. Мында ар бир гендин аракети өзү жайгашкан генотиптик чөйрөгө жараша болот. Мисалы, жыттуу буурчактын кызыл түстө болушу анын генотибинде эки башка гендин доминанттык аллелдеринин экөөнүн тең катышуусуна байланыштуу, ал эми бирөө эле катышса гүлү ак болот. Генотип болочок организмдин өрчүп өсүшүн, түзүлүшүн жана тиричилигин (онтогенезди) тескөөчү система. Онтогенез – конкреттүү генотиптин белгилүү айлана-чөйрө шартында аракеттенүүсүнүн натыйжасы.

**Генофонд** – 1. Белгилүү бир жыштыкта кездешүүчү популяциянын особдорунун гендеринин (аллелдеринин) жыйындысы. 2. Тукум куучулук белгилери бар бардык жандуу организмдердин жыйындысы.

**Геобионт** – 1. Кургактыктын үстүндө, тоотектерде жашоочу организм. 2. Топурак катмарында жашоочу түрлөр (сөөл жылан, топурак курт – кумурскалары ж.б.).

**Геобиосфера** – кургак жерлерди камтыган биосферанын аймактары.

**Геоботаника** – фитоценология – ботаника илиминин жер жүзүндөгү өсүмдүктөрдү, алардын жамааташтыгынын жыйындысын же фитоценозду изилдөөчү бөлүгү. Өсүмдүктү флористикалык жана геоботаникалык жол менен изилдейт. Флористикалык изилдөөдө өсүмдүктүн түрүнө, геоботаникалык изилдөөдө өсүмдүк жамаатташтыгынын закон ченемдүүлүгүнө көңүл бөлүнөт. Өсүмдүк менен чөйрөнүн (климат, топурак ж.б.) байланыштуулугун аныктабай туруп, фитоценоздун пайда болушун, түзүлүшүн, таралышын, өнүгүшүн билүүгө мүмкүн эмес. «Геоботаника» терминин география-

лык факторлорго жараша өсүмдүктүн таралышын жана абалын иликтөөчү ботаника илиминин жыйындысын белгилөө үчүн немец ботаниги А. Гризебах сунуш кылган (1866).

**Геокарпия** – өсүмдүктүн топурак катмарында мөмө, же урукту пайда кылуу касиети, же болбосо топуракта көмүлүп калышы жана ушундай жол менен таралышы.

**Геоксен** – жаныбарлардын топуруктан, же топурактын алдынан убактылуу жайгашуучу жай табуусу (м: таракандар, кемирүүчүлөр ж.б.)

**Геосистема** – регионалдуу жана жалпы жер системалары, система п.к. фактор катары кеңири регионалдуу, планетардык, космостук кубулуштар эсептелинет.

**Геофилдер** – жашоо циклынын көпчүлүк бөлүгүн топуракта өткөрүүчү организм (көбүнчө жаныбарлар). М: курт – кумурскалардын окурасы жана куурчакчасы.

**Геофилия** – айрым көп жылдык өсүмдүктөрдүн өркүн, же тамырларынын кыштоосунда топуракка терендеп кириши (мандалак, пияз ж.б.).

**Геофит** – бүчүрлөрү жана азык заттары жер алдындагы органдарында болуучу көп жылдык өсүмдүк (картошка ж.б.).

**Геохронология** – жер кыртышын түзүүчү тоотектердин калыптанышынын ирээтүүлүгүн аныктоочу геологиялык көрсөткүч.

**Геоэкология** – ландшафтан биосферага чейинки экосистемаларды изилдөөчү экологиянын негизги тармагы.

**Гепарин (антитромбин)** – кандын уюшун басаңдатуучу зат. Химиялык курамы боюнча мукополисахарид.

**Гепатит** – боордун сезгенүү оорусу.

**Гербарий** – 1) Илимий иштер үчүн атайын чогултулуп кургатылган өсүмдүктөрдүн коллекциясы. Гербарий белгилүү аймактын флорасы жөнүндө маалымат берет. Гербарий жыйноо түрдүү ботаникалык, айыл чарбалык, геологиялык, гидрологиялык, геохимиялык, ж.б. атайын изилдөөлөргө байланыштуу. 2. Кургатылган өсүмдүктөрдүн коллекциялары сакталуучу жана аларды илимий жактан изилдөөчү мекеме.

**Гербицид** – пайдасыз, керексиз айрым өсүмдүктөрдү (отоо жана мите чөптөрүн) жок кылууда колдонулуучу химиялык зат. Гербицид сууда эрүүчү күкүм, сууда суспензия пайда кылуучу нымдалышма күкүм, эмульсия, суу эритиндиси, паста жана бүртүкчө түрүндө чыгарылат. Өсүмдүккө тийгизген таасирине карата тандалма жана жалпы гербициддерге бөлүнөт. Тандалма гербицид өсүмдүктөрдүн айрым гана түрлөрүн, жалпы гербицид өсүмдүктүн бардык түрлөрүн жок кылат.

**Гериатрия** – клиникалык медицина (ветеринариянын) бөлүмү. Улгайган адамдардын, жаныбарлардын оорууларын изилдейт.

**Гермафродитизм** – бир эле организмде эки жыныстык мүчөнүн болушу.

**Геронтология** – адам жана жаныбар организминин картайышын изилдөөчү илим.

**Герпетобионт** – топурактын үстүндө өсүмдүк, же башка органикалык калдыктардын арасында жашоочу организм.

**Герпетология** – жерде – сууда жашоочуларды, сойлоп жүрүүчүлөрдү изилдөөчү зоологиянын бир тармагы.

**Герпетофауна** – жерде – сууда жашоочулардын, сойлоп жүрүүчүлөрдүн фаунасы., жерде – сууда жашоочулардын фаунасы – батрахофауна.

**Гетаракидоз** – куштардын гельминттүү ыланы. Гетеракис нематодалары пайда кылат. Гетаракидоз менен τоок, күрп, кыргоол, цесарка, кээде өрдөк, каз ылаңдайт. Ылаңды дарттуу куштар таркатат. Инвазиялуу личинка жем же суу аркылуу ичке кирип, 7-15 суткада чоңоюп жетилет. Жетилген гетеракис куштун денесинде 10-12 ай мителейт. Ылаңдын белгилери: куш чычкактайт, алы кетет, жумуртканы аз тууйт же туубай калат, жөжөнүн өсүшү начарлайт. Дарылоо жолу: үй куштарына (τоокко) жем менен кошо фенотиазин берүү.

**Гетероаллелизм** – гендин эки, же андан дагы көп формада болушу.

**Гетероауксин** – бета – индолил уксус кислотасы, $C_{10}H_9O_2$ – өсүмдүктөрдүн өсүшүнө таасир этүүчү физиолиялык активдүү хим. зат (өсүү гормону); ауксиндердин эң кеңири таралганы. 1934-ж. голандиялык химик Ф. Кегл ачкан. Синтез жолу менен алынат. Мисалы, цитрус өсүмдүктөрүнүн калемчелерин гетероауксиндин суудагы начар эритмесине (1:2500 жана 1:5000) 24 с салып коюп өстүрсө, ал тез жана текши тамыр байлайт.

**Гетерогалиндүүлүк** – туздуулугу ар кандай чөйрөдө суу организмдеринин жашай алышы.

**Гетерогамия** – жыныстык кошулууда сырткы түрү жана белгилери ар башка гаметалары биригип, түйүлдүк жаратуу процессинин бир тиби.

**Гетерогенезис** – эки, же андан дагы ашык муунда организмдердин көбөйүү ыкмасынын алмашылышы.

**Гетерогония** – кээ бир омурткасыз жандыктардын уруу – тукумдарынын ирээтешүү формаларынын бири.

**Гетерозигота, гетерозиготалуулук** – тукум куучулукта окшош хромосомдор гендин ар формасын сактап жүрүү касиети.

**Гетерозис** – гибриддин мыкты касиетинин, б.а. аргындаштыруунун натыйжасында алынган биринчи муундун тез өсүшүнүн (чоңоюшунун) жана продукттуулугунун көрүнүшү. Гетерозисти айыл чарба өсүмдүктөрү менен мал селекциясында пайдалана билүү – дүң продукцияны көбөйтүүнүн маанилүү жолу. Өсүмдүктүн биринчи муундагы мыкты гибриди түшүмдүүлүктү 10-13% ке, ал эми малдыкы анын продуктуулугун 10-12% ке көбөйтөт.

«Гетерозис» терминин илимге амер. генетик Г. Шелл киргизген (1914). Ага чейин гетерозис жөнүндөгү ойду 1760-ж. немец ботаниги И.Г. Кельрейтер айткан. Ч. Дарвин аргындаштыруунун биол. мааниси жөнүндөгү окуусунда гетерозиститеориялык жактан жалпылоого аракет кылган. Анын таасири менен амер. селекционер В. Билл 1876-ж. жүгөрүнүн көп түшүм берчү сорт аралык гибридин чыгарган. Качыр – мал чарбасындагы алгачкы гибрид. Ал жылкы менен эшекти аргындаштыруудан алынган.

**Гетерокарпия** – 1. Бир түрдүү гүлдүү өсүмдүктө ар кандай жол менен таралуучу мөмөлөрдүн п.б. 2. Бир эле өсүмдүктүн айырмаланган мөмөлөрүнүн болушу.

**Гетероморфоз** – организмдин жоготкон органынын ордуна башка органдын өсүп чыгышы.

**Гетерономия** – муунактуу жаныбарлардын денесинин ар кандай бөлүктөрүндө сегменттеринин ар кандай түзүлүштө болушу.

**Гетероплоидия** – анеуплоидия – хромосома жыйындысынын (геномдун) ага бир же андан көп хромосома кошулушуна же кемишине байланыштуу өзгөрүшү. Кишинин хромосома ооруларынын (мис., Даун оорусунун) негизинде гетероплоидия кубулушу жатат. Гетероплоидия өсүмдүк генетикасы менен селекциясында хромосомадагы гендердин жайгашышын аныктоо жана ген менен хромосомалардын ордун которуштуруу, башкалары менен алмаштыруу үчүн колдонулат. Мындай жол менен Nicotiana tabacum тамекисинин геномунда эки Nglutinosa хромосомасы киргизилип, темгил илдетине туруктуулук касиетке ээ болгон.

Г. бардык жаныбарлар, мите өсүмдүктөрү, козу карындар жана көбүнчө микроорганизмдер кирет.

**Гетеростилия** – бир түрдүн ар башка өсүмдүктөрүндө энелик жана аталык жипчелеринин ар кандай узундукта болушу.

**Гетероталлизм** – тышкы көрүнүшү боюнча айырмаланбаган особдордун айрым жыныстуулугу (айрым козу карындар, балырлар).

**Гетеротерм** – 1) Гомойотермдүү жаныбар. Денеси ар кандай шартта, ар кандай температурага ээ. 2) Пойкилотермдүү жаныбар – чөйрөнүн температурасынан, денесинин температурасын жогору кармаган жаныбарлар м: үй аарысы.

**Гетеротропия** – 1) Ар кандай жерлерде ткань, органдардын пайда болушу м: тиштердин таңдайда п.б. (акула), ашказан алдындагы безде сөөк мээсинин п.б. (сүт эмүүчүлөр). 2) Түйүлдүк мезгилинде органдын п.б. ордунун өзгөрүшү.

**Гетеротрофия** – даяр органикалык заттар менен тамактануу.

**Гетеротрофтуу организмдер, гетеротрофтор** – даяр органикалык заттар менен азыктануучу организмдер. Автотрофтуу организмдерден айырмаланып гетеротрофтороз алдынча орг. эмес заттардан орг. заттарды түзө

албайт. Гетеротрофторго киши, бардык жаныбарлар, кээ бир өсүмдүктөр, козу карындар, көпчүлүк бактериялар ж.б. кирет. Гетеротрофтор топуракты азот, о.э өсүмдүккө азык зат болуучу башка бирикмелер менен байытып, күрдүүлүгүн арттырат жана табияттагы зат алмашуу процессинде маанилүү роль ойнойт. Айрымдары малдын ылаңын жана өсүмдүктүн илдетин козгойт.

**Гетерофиллия** – бир өсүмдүктө ар кандай формадагы жалбырактардын болушу.

**Гетерохроматин** – клетканын бөлүнүү процессинде жана ядронун тынгуу абалында, тыгыз структурасын сактаган хромосома заты.

**Гетерохрония** – эмбриогенезде айрым органдардын тукум куучулукта сакталуучу өнүгүшүндөгү бузулуулар, өзгөрүүлөр.

**Гея** – жаратылыштын биогеографиялык дүйнөсү.

**Гиалоплазма** – жогорку ирээттеги каллоиддүү система, анда клетканын ичиндеги структуралар – ядро, ж.б. органоиддер жайгашат.

**Гиббереллин** – өсүмдүктөрдүн өсүүсүн активдештирүүчү зат.

**Гибрид** – тукум куучулугу жагынан ар башка ата-энелик формаларды аргындаштыруудан алынган тукум (организм). Өсүмдүк өстүрүүчүлүктө теги боюнча ар түрдүү өсүмдүктөрдү (ар башка түргө, урууга ж.б. таандык) да, бир эле түргө ар башка формаларды да аргындаштыруудан алынган өсүмдүк гибрид деп аталат. Мал чарбасында ар башка түр, урууга жана башка таандык малды аргындаштыруудан алынган тукум гана гибрид боло алат.

**Гибриддештирүү** – тукум куугучтук касиеттери айырмаланган жаныбарларды аргындаштыруу жана өсүмдүктөрдү чаңдаштыруу аркылуу алардын жаңы формаларын алуу. Гибриддештирүүнүн негизги максаты – ар кандай типтеги уруктук клеткалардын кошулуусу менен пайда болуп, алардын тукум куугучтук касиеттерин сактаган жаңы организмдерди (гибрид) гибриддештирүү. Табыгый гибриддешүү, жаратылыштагы эволюция процессинин маанилүү факторлорунун бири.

**Гиганттуулук** – адам, жаныбар, өсүмдүк организмдеринин нормадан ашык чоң болуп боюнун өсүшү.

**Гиганттуу клеткалар** – бир же көп ядролуу протоплазмалык структура, кадимки клеткалардан чоңураак келет, сезгенүүдө пайда болот.

**Гигрома** – муун көңдөйчөсүндө, былжырлуу баштыкчасында былжыр затынын, сероздуу суюктуктун топтолушу.

**Гигрорецепторлор** – жандыктардын нымды сезүүчү органдары.

**Гигрофил** – нымдуу жерлерге ыңгайланган жер үстүндөгү жаныбарлар. Саздуу жерлерде, нымдуу токойлордо, көлмөлөрдүн жээктеринде, топуракта кездешишет (м: сөөл жылан, бака, моллюскалар ж.б.).

**Гигрофит** – нымдуу жерлерге ыңгайланышкан өсүмдүктөр. Нымдуу токойлордо, саздарда, көлмөлөрдүн жээктеринде ж.б. өсүшөт.

**Гигрофоб** – нымдуу жерлерден качуучу жер үстүндөгү жаныбарлар. М: нымдуу шалбада кумурскалар кургак жерлерге чогулушат, ал эми талаада булар гигрофил б.э.

**Гидатоддор** – өсүмдүктөрдүн жалбырактарынын эпидермисиндеги суу үттөрү, безчелери.

**Гидатофит** – жарымы, же толугу менен сууда жайгашып өсүүчү өсүмдүктөр.

**Гидремия** – кандын суюлушу, канда суунун көп болушу. Узак мөөнөт ачка болгондо, кахексия, кан мителери козгогон ооруларда ж.б. пайда болот.

**Гидроаспирация** – альвеолдордордо суунун топтолушу. Сууга чөгүп кеткен жаныбарларда байкалат.

**Гидробиология** – океан сууларындагы жана тузсуз суулардагы жашоону изилдөөчү илимий тармак.

**Гидробионт** – дайыма суу чөйрөсүндө жашоочу организм.

**Гидробиос** – суу чөйрөсүндө жашоочу организмдердин жыйындысы.

**Гидробиосфера** – жер үстүндөгү көлмөлөрдө жашаган жандыктарды камтыган биосфера кабыкчасы.

**Гидролаза** – суунун жардамы менен органикалык заттардын молекуласын мономерлерге ажыратуучу ферменттердин классы.

**Гидронефроз же уронефроз** – бөйрөк көңдөйчөлөрүнүн кеңейиши, акырындык менен бөйрөк паренхимасынын бузулушуна алып келет.

**Гидросфера** – жердин суу катмары – океандардын, деңиздердин, көлдөрдүн, дарыялардын, саздардын ж.б. жыйындысы.

**Гидротаксис** – организмдердин нымды көздөй умтулушу.

**Гидротека** – гидроидполиптеринин чөйчөкчөсү.

**Гингивид** – бүлөөлөрдүн сезгениши, көбүнчө стоматит менен коштолот.

**Гинекология** – ветеринарияда клиникалык тармак, ургаачы организмдин жыныс органдарынын өзгөчөлүгүн, ооруларын, дарылоо жана профилактикаларын изилдейт.

**Гинекомастия** – эркеги желиндөө; эркекте ургаачынын желининин болуусу.

**Гиногенез** – боозуган энелик клеткада эркектик клетканын ядросу катышпастан, энелик клетканын гана өөрчүш жолу.

**Гипервитаминоз** – А жана Д витаминдеринин көп болушунан организмдин ууланышы.

**Гипергалалык организмдер** – өтө туздуу суулаларда жашоочу организмдер.

**Гипергенезия** – өсүп өнүгүүдөгү терс көрүнүштөр, кандайдыр бир дене бөлүгүнүн же органдын ашыкча өсүп кетүүсү менен мүнөздөлөт (м: полидактилия, полимастия ж.б.).

**Гипергидроз** же терчилдик, нормадан ашык тердөө.

**Гипергликемия** – канда канттын көп болушу.

**Гипердактилия** – ашык манжалуулук.

**Гиперемия** – перифериялык тамыр системасынын (майда артериялар, капиллярлар, веналар) кандайдыр бир бөлүгүндө кандын толушу, кандын микроциркулятордук системага (артериалдык гиперемия) агып келишинин күчөшү, агып чыгышынын басаңдашы (веноздуу гиперемия). Артериалдуу гиперемия оорубаган жана ооруулу организмде пайда болот. Оорубаган организмде органдардын функциясынын жана зат алмашуунун тездешинин негизинде (функционалдуу же жумушчу гиперемия). Патологиялык шартта активдүү гиперемия кан айлануунун тейлейт. Веноздуу гиперемия – кан айлануунун патологиялык өзгөрүшү.

**Гипериммунизация** – мүнөздүү жогорку активдүү сары сууларды алуу максатында жаныбарга бир канча жолу антигендерди куюу.

**Гиперметаморфоз** – кээ бир каскак жандыктардын татаал өөрчүү.

**Гипериноз** – канда фибриногендин көбөйүшү, кандын уюшунун жогорулашы.

**Гиперплазия** – ткандардын, клеткалардын өтө тез жана көп өсүшү.

**Гиперпротеинемия** – канда белоктун көп болушу, ар кандай патологиялык процесстердин (остемиелит, өпкөнүн абсцесси, өнөкөт ич өткөк ж.б.) негизинде п.б.

**Гиперсалевация** – шилекейдин бөлүнүп чыгышынын көбөйүшү.

**Гипертоникалык оору** – артериалдык басымдын жогорулашы, жүрөк кан тамыр системасында, бөйрөктө, мээде патологиялык өзгөрүүлөр п.б.

**Гипертрихоз** – бpraktуулук, апсыюу, өтө түктүүлүк; айбандардын кадимкисинен ашыгыраак түктүүлүгү, жүндүүлүгү.

**Гипертрофия** – органдын же дененин мүчөлөрүнүн көлөмүнүн чоңоюшу.

**Гиперфункция** – органдын функциясынын күчөшү.

**Гипобиоз** – органдын функциясынын начарлашы, ткандын структурасынын өзгөрүшү.

**Гиподерма** – 1. Омурткасыз жаныбарлардын кутикуласынын алдында жайгашкан эпителий катмары. 2. Өсүмдүктөрдүн эпидермисинин алдында жайгашкан бир же бир нече клеткалардан турган катмар.

**Гиподинамия** – аз кыймылдоонун негизинде булчуңдардын иштешинин начарлашы.

**Гипоксия** – организмдин ткандарында кычкылтек жетишсиз болгондо пайда болгон абал. Г. ар кандай патологиялык процесстердин патогенетикалык негизи болуп саналат.

**Гипоплазия** – ткандын, органдын же бүтүндөй организмдин толук өрчүбөй калышы.

**Гипостаз** – төмөн жаткан органдардын же дене бөлүктөрүнүн кан тамырларында кандын топтолушу, жүрөктүн начар иштешинен же жүрөктүн токтоп калуусунан пайда болушу.

**Гиподинамия** – кыймыл-аракеттин азайуусунун натыйжасында организмдин функцияларынын бузулушу.

**Гипокапния** – артериялдуу кандагы көмүр кычкыл газынын аз санда болушу. Бир кана $CO_2$ дем алуу борборун дүүлүктүргөндүктөн Г. демигүүнү пайда кылат.

**Гипоксия** – организмдин ткандарында кычкылтектин аз болушу. Абада кычкылтек аз болсо, айрым ооруларда, ууланууда байкалат.

**Гипоморфоз** 1. Эволюция процессинде -жөнөкөйлөнүү (функциясын жоготуу). 2. Органдын редукцияланышы.

**Гипоплазия** – бүтүн организмдин, же ткань органдын толугу менен өрчүбөй калышы.

**Гипопус** – кенелердин жетилип чоңое элек стадиясы.

**Гипостаз** – 1. Органдарда кандын жылбай калышы; 2. Аллель эмес ген тарабынан гипостаздык гендин касиетинин басылуусу.

**Гипотермия** – жылуулукту берүүнүн негизинде дененин температурасынын төмөндөшү, дененин муздашы.

**Гипотония** – 1. Ткань жана органдардын төмөнкү чыңалуусу. 2. Төмөнкү кан басымы.

**Гипотрофия** – 1. Органдын көлөмүнүн төмөндөшү. 2. Балдардын тамактануусунун өнөкөттүү бузулушу.

**Гипофиз** – мээнин астындагы эндокрин бези.

**Гистогенез** – организмге тиешелүү ткандардын өнүгүү процесси.

**Гистолиз** – 1. Организмде ткандын өзүн – өзү бузуу процесси (аутолиз) – ферменттердин, фагоциттердин негизинде. 2. Бактериалдуу ферменттердин негизинде организмдин ткандарынын бузулушу.

**Гистология** – кишинин жана көп клеткалуу жаныбарлардын ткандары жөнүндөгү илим. Негизги милдети: ткандардын эволюциясын, организмдеги ткандардын өсүү жолу менен кызматын, бир же бир нече ткандагы клеткалардын өз ара байланышын, ткань структурасынын жана ткандардын биримдүүлүгү менен чогуу аракеттенишин камсыз кылуучу жөндөгүч механизмдин регенерациясын (кайрадан калыбына келип, жаңыланып турушун) изилдөө.

**Гистиоцттер** – тутумдаштыргыч ткандын клеткаларынын бир тиби; организмде коргоо функциясын аткарат.

**Гиф** – козу карындын денесин түзүүчү бир клеткалуу, же көп клеткалуу жипче.

**Глаукома** – көздүн ичиндеги басымдын жогорулашы ж.б. белгилер менен мүнөздөлөт.

**Глаукотоэ** – рак сымалдуулардын кээ биринин өөрчүп жетиле элек стадиясы.

**Гликоген** (жаныбар крахмалы) полисахарид, көп санда боордо болот. Глюкозанын запасы б.с.

**Гликозиддер** – табиятта кеңири таралган, өзгөчө өсүмдүктөрдө көп болуучу органикалык бирикмелер. Молекуласы гликозид байланышы аркылуу бириккен углеводдон (канттардан) жана углевод эмес компонент – агликондон (спирт, фенол, амин, меркаптан) турат. Өсүмдүк гликозиддеринин көпчүлүгүндө өзгөчө жыты болуп, даамы ачуу келет; айрымдары (глюкованилин, жалган кычы майы ж.б.) тамак-аш өнөр жайында колдонулат. Кээде өсүмдүк гликозиддери (синиль к-тулуу гликозиддер, гликоалкалоиддер) малга уулуу. Гликозиддердин көбү медицинада дары-дармек катары колдонулат. Нуклеин кислоталарынын ажыроосунан пайда болгон заттар – нуклеозиддер да гликозиддерге кирет. Алар организмдеги зат алмашууда да чоң мааниге ээ.

**Гликокаликс** – жаныбар организмдеринин клеткаларынын тышкы кабыкчасы. Г. клеткалык мембрананын үстүндө жайгашып, сырткы чөйрө менен байланыштырып турат.

**Гликолиз** – ферментердин жардамы менен углеводдордун ажыроо процесси (кычкылтек катышпайт). Г. акыркы заты сүт кислотасы, өсүмдүк клеткаларында – пировинограддуу кислота.

**Гликолипид** – канттын калдыктарынан туруучу татаал липиддер, клеткалык мембрананын структуралык элементи.

**Гликопротеид** – углеводдуу компоненттерден турган татаал белок. Г. көбүнчө кандын плазмасынын белоктору (иммуноглобулиндер, трансферрин ж.б.), айрым ферментер жана гормондор (биологиялык активдүү заттар) кирет.

**Глобулиндер** – жаныбар менен өсүмдүк белокторунун табиятта кеңири таралган түрү. Протеиндерге кирет. Глобулиндер сууда ээрибейт (миозинден башкасы), кислота, жегичтердин начар эритмесинде эрийт. Молекулалык салмагы бир нече миңден миллионго чейин жетет. Глобулиндер альбуминдер менен бирге клетка протоплазмасындагы жөнөкөй белоктордун басымдуу бөлүгүн, өсүмдүктөрдүн, көбүнчө чанактуулар менен майлуу өсүмдүктүн уругундагы белоктун негизин түзөт. Мисалы, буурчак данында – легумин, маш буурчакта – фазеолин, кара куурайда – эдестин, соя да – глицинин бар. Глобулиндер май алынуучу өсүмдүк (күн карама, зыгыр) уругунан майын чыгарып алгандан кийин күнжарасында көп калат. Жаныбарлардын глобулиндеринен миозин – булчундун жыйрылышында, фибриноген – кандын уюшунда манилүү. Сүттө лактоглобулин бар. Нерв тканындагы нейроглобулин, нейростромин нуклеин кислоталары менен байланышкан.

Глобулиндер цитоплазмада, кан плазмасында (геммаглобулин) жана лимфада да болот.

**Глюкоза** – $C_6H_{12}O_6$ – жүзүм канты, моносахариддер тобундагы табиятта өтө кеңири таралган углевод. Түссүз кристалдар, эрүү температурасы 146,5°С, сууда жакшы ээрийт, даамы таттуу. Жүзүмдө, балда көп. Глюкоза-вирус, татаал түзүлүштүү өсүмдүктөрдө жана омурткалуу жаныбарлардын (анын ичинде кишинин) ткандарында (кан, лимфа ж.б.) о.э сахароза, целлюлоза, крахмалдын составында болот. Глюкоза – тирүү клетканы энергия менен камсыз кылуучу зат алмашуунун (дем алуу, гликолиз, ачуу процесстеринин) бирден бир негизги заты. Глюкоза ветеринарияда жана медицинада жүрөк, сезгенүү, боор ооруларында (сарык, гепатит ж.б.), ууланууда организм оңой сиңирүүчү баалуу азык катары жана малды колдон уруктандырууда спермага кошуу үчүн, белоктуу тоют алууда колдонулат.

**Глютелиндер** – жөнөкөй өсүмдүк белоктору. Негизинен дан өсүмдүктөрүндө болот. Сууда туздардын эритмесинде, спиртте эрибейт, жегичтин же органикалык кислоталардын начар эритмесинде эрийт. Уруктагы жалпы белоктун 1-3% ин глютелиндер түзөт. Молекулалык салмагы орточо 50 00 – 3 000 000, гетерогендүү, көп белоктук компоненттен турат. Глютелиндин составында глютамин кислотасы, лизин бар. Глютелиндер татаал жол менен бөлүнүп, ажыратуу учурунда өзгөрүп кеткендиктен айрымдары гана жетиликтүү изилденген. Алар: буудай данынан – глютенин (глиадин менен ундагы жабышкак затты түзөт), күрүчтөн – оризенин, жүгөрү данынан – глютелин. Глютелиндер дандын негизги белоктору болгондуктан тамак-ашта мааниси чоң.

**Гнотобиоттор** – стерилдүү шартта өстүрүлгөн жаныбар.

**Гологамия** – бир клеткалууларда (жашыл балырлар, төмөнкү козу карындар) байкалуучу жыныстык процесстин жөнөкөй тиби.

**Голопланктон** – бардык жашоосунда жашоо формасын сактаган планктондуу организмдер).

**Голоцен** – антропогендин жогорку жаш мезгили, муз доорунан кийинки геологиялык мезгил.

**Голоциклия** – кош жыныстык жана партогенетикалык муундар кезектешкен өнүгүү циклы.

**Гомеостаз** – жаратылыш системасынын динамикалык кыймылдуу, тең салмактуулук абалы. Татаал ыңгайлануу реакциялары, негизги структураларынын көбөйүшү, заттык энергетикалык курамы, ички касиеттери жана функционалдык жактан өзүн–өзү тейлөөлөрү менен аныкталат.

**Гомоаллелизм** – гендин эки же көбүрөөк формада болушу. Бир бөлүктүн ар кандай өзгөрүүлөрүнө алып келет.

**Гомогалиндүүлүк** – белгилүү туздуу чөйрөсүндө гана жашай алуучу суу организмдери.

**Гомогамия** – 1. Кош жыныстуу өсүмдүктө бир мезгилде эркек жана ургаачы органдарынын калыптанышы, өзүн–өзү чаңдаштырууга мүмкүнчүлүк түзөт.

2. Ургаачы жана эркек жыныстагы особдордун кийинки муундарына гендердин окшош айкалыштарын өткөрүп берүү. 3. Кош жыныстуу гибриддин гендердин бирдей жыйнагын алып жүрүүчү эркек жана ургаачы гаметаларын п. к.

**Гомодинамия** – дененин өзөгүн бойлой тизилишкен окшош органдар, мүчөлөр.

**Гомозиготалуулук** – гомологиялык хромосомалардагы аллелдик гендердин бирдей абалда болушу (гомозиготалуу доминанттуу А+ +А же гомозиготалуу рецессивдүү а/ /а). Гомозиготалуулук терминин 1902-ж. анг. биолог В. Бэтсон киргизген. Өзү менен өзү чаңдашуучу өсүмдүктөрдө жана уруктануучу жаныбарларда гомозиготалуулук өтө жогору. Алардын популяцияларында ар бир кийинки муунда 50% гомозиготалуу жана 50% гетерозиготалуу организмдер болот (АаХАа 25% АА+50% Аа+25% аа). Гомозиготалуулук жасалма жол-инбридинг менен күчөлөт. Гомозиготалуулук бир жагынан организмдеги касиеттердин укумдан-тукумга туруктуулук менен берилишин камсыз кылса, экинчиден организмдин өсүп-өнүүсүн, айлана-чөйрө шартына ыңгайлануусун ж.б. касиеттерин төмөндөтөт. Гомозиготалуулук синтездик селекцияда (таза линия түзүп, аларды аргындаштырууда) кеңири колдонулат.

**Гомойосмостуу айбандар** – сырткы чөйрөнүн осмостук басымынын ар кандай өзгөрүшүнүн карабастан, денесиндеги суюктуктардын осмостук басымын бир калыпта кармап турган айбандар.

**Гомойотермдүү** – денеси туруктуу температурада кармалуучу жаныбарлар, айлана чөйрөнүн температурасына көз каранды эмес (жылуу кандуу жаныбарлар).

**Гомологиялык** – 1. Келип чыгышы бирдей органдардын же алардын бөлүктөрүнүн окшоштугу, эволюциялык окшош баштапкы түйүндөн п.б., бирок ар кандай функцияларды аткарат, м: адамдын колу, жарганаттардын канаты, сүт эмүүчүлөрдүн алдыңкы буту. 2. Митоздун профазасында редупликация процессинин негизинде п.б. эки хромосоманын окшоштугу, бири – бирине төп келиши. 3. Диплоид же автополиплоиддерде хромосомалардын бири – бирине төп келиши.

**Гомология** – түзүлүү планы бир органдардын окшоштугу.

**Гомономия** – муунак буттуу жаныбарлардын денесинин ар кандай бөлүктөрүндө окшош муунакчалардын болушу (м: тасма, жумуру курттар). Гомономдуу деп о.э. бир жаныбардын морфологиялык жактан окшош органдарынын болушун айтышат (тиштери, тырмактары ж.б. у.с.).

**Гомоплазия** – гомопология – ар кандай систематикалык топтогу организмдерде пайда болуучу органдарынын түзүлүштөрүнүн окшоштугу, бирдей шарттарга ыңгайланууну камсыз кылат.

**Гомостилия** – бир түрдүн бардык өсүмдүктөрүнүн гүлдөрүндө аталык жана энелик саптарынын узундуктарынын бирдей болушу.

**Гомотипия** – симметриялык органдардын окшоштугу.

**Гоноподиялар** – көп аяктуу жандыктардын эркегинин жыныстык жалгашууга катышуучу аяктары.

**Гонотека** – каскактар жумурткаларын салып алып жүрүүчү баштык.

**Гормондор** – биологиялык активдүү зат, организмде ички секреция бездери бөлүп чыгарат, органдардын, ткандардын иштешине таасирин тийгизет. Г. өсүү, өнүгүү, көбөйүү зат алмашуу процесстерине катышат.

**Градуализм** – эволюциялык теориядагы эволюциялык өнүгүү процесстеринин акырындык менен өнүгүшү жөнүндөгү көз караш.

**Грандар** – хлорофилл моллекулаларынан туруучу хлоропласттардын ичиндеги майда денечелер.

**Гранулоциттер** – цитоплазмасында бүртүкчөлөрү (гранулдары) лейкоцит. Г. кемик сөөгүндө миелоциттерден п.б.

**Гранулалуу ткань** – жаш клеткаларга жана кан тамырларга бай тутумдаштыргыч ткань.

**Грануляция,** гранулалануу же бүдүрлөнүү – жарааттын кызыл бүдүргө толуп, айыга баштаашы.

**Грена** – накта жибек алууда пайдаланылуучу жибек көпөлөгүнүн уругу. Урук малактын энелик безинде пайда болуп, куурчакчада желелеп, өнүгүп, өсөт. Көпөлөк 300-700 урук (жумуртка) таштайт. тыт жибек көпөлөгүнүн гренасы жасмыкка окшош, кабыгы тунук, илээшкек болот. Кабыкты түйүлдүктүн дем алышы үчүн аба өтүүчү каналчалары болот. Гренанын салмагы көпөлөктүн породасына, урук таштоо мөөнөтүнө жана багуу шартына жараша болот.

**Грипп** – вирустук курч мүнөздө өтүүчү ооруу. Дем алуу жолдорун жабыркатат.

**Гуанин** (2 – амино – 6 – оксипурин) – пуриндик негиз бардык организмдердин клеткаларында, нуклеин кислоталарынын курамында кездешет.

**Гуано**: 1. Ысык, кургак климаттык шартта толугу менен ажырай элек массанын жыйыны жана канаттуулардын кургаган кыктары., 9% – азот, 13% – $P_2O_6$ турат. 2. Аң улоочулук чарбаларынын калдыктарынан жасалма түрүндө даярдалган жер семирткичтер.

**Гумификация** – органикалык заттардын ажырашында калдыктарынын гумуска айлануу процесси.

**Гумордук тейлөө** – организмде физиологиялык жана биохимиялык процесстерди суюктук чөйрөлөр (кан, лимфа, ткандык суюктук) менен тейлөө.

**Гумус** – топурактын жогорку молекулярдуу органикалык заты, өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын калдыктарынын ажырашынын натыйжасында п.б.

**Гуттация** – өсүмдүктүн суу үттөрү (гидатода) аркылуу ашык суу жана туздарды бөлүп чыгаруу. Жылуу, нымдуу аба ырайында трансперация процесси жакшы жүрбөгөндө байкалат.

**Гүл** – уруктуу өсүмдүктүн жыныстык көбөйүү органы. Эволюциялык өнүгүү процессинде, аткарган функциясына жараша микро жана мегаспорага, стерилдүү жалбыракчага (чөйчөкчө, желекче) айланган. Микроспора – аталык, мегаспора – энелик же мөмө жалбыракча болот. Гүл чоку жана каптал өркүндөрдүн учунда өөрчүйт. Мөмө жалбыракчалардын жээги бирге өсүп, мөмөлүктү пайда кылат. Мындай гүлдү өсүмдүк жабык уруктуу өсүмдүктөрдө гана болот. Гүл кош жана айрым жыныстуу болот. Аталык чаңча энелик түтүкчөгө түшүп, андан урук, мөмөлүктөн мөмө чыгат. Гүлдүн бөлүктөрү: гүл сабы, чөйчөкчө, аталыгы, энелиги жана таажыча, желекчелери. Гүл сабы гүлдү негизги сабак менен байланыштырып турат. Айрым гүл сабаксыз болот. Гүл сабагынын учундагы жоонойгон жери – гүл жайгашкыч, анда гүлдүн бардык органдары жайгашат. Бардык аталык – андроцей, энелик – геницей деп аталат. Чөйчөкчө менен таажыча биригип, гүл коргонун түзөт. Гүл 1-2 жана көп үйлүү болот. Аталык жана энелик бир өсүмдүктө болсо, бир үйлүү (жүгөрү, дарбыз, бадыраң), аталык гүл бир өсүмдүктө, энелик экинчисинде болсо, эки үйлүү (тал, терек, ж.б.), бир эле өсүмдүктө айрым жыныстуу жана эки жыныстуу гүлү болсо, көп үйлүү өсүмдүк делет. Гүл гүл бүчүрүнөн өсүп чыгат.

## – Д –

**Д – авитаминоз** – организмде Д витамининин жетишсиздигинен п.б. өнөкөт оору, фосфор – кальций алмашууларынын бузулушу сөөк тканынын п.б. бузулушу жана сөөктөрдүн өсүшүнүн бузулушу менен мүнөздөлөт.

**Дабдыраң** – жаш малдын ылаңы; организмде зат алмашуу бузулуп, булчуң эттери кубарат. Төлдүн бардык түрү жана жөжөлөр ылаңдайт. Кыргызстанда бул ылаң козуларда гана болгондугу аныкталган. Дабдыраң бооз малдын тоютунда А, Е витаминдери ж.б. микроэлементтердин жетишсиздигинен пайда болушу мүмкүн. Ылаңдаган козулардын дарманы кетип, көп жатып, буттары шал боло баштайт, демигет. Оору күчөгөндө эмчек эмбей, чычкактап, температурасы 40-41$^0$ка чейин көтөрүлөт. Ылаң 3-7 күнгө созулат; кээде ылаңдын белгилери пайда болгондон бир нече сааттан кийин мал өлүмгө учурайт. Алдын алуу: бооз койлорго (туутка 20-30 күн калганда) натрий селенитинин 0,1% түү эритмесин куюу, белок, витамини жетиштүү

тоют менен тоюттандыруу. Дарылоо: камфора, антибиотиктерди (тетрациклин, привитамин, бициллин) колдонуу.

**Дакриаденит** – жаш чыгаруучу безинин сезгениши.

**Дактилозоиддер** – гидроид полиптеринин бир формасы.

**Дальтонизм** – нерсенин түсүн ажырата албоо (кызыл менен жашылды).

**Дан** – 1) дан эгиндердин жана буурчак өсүмдүктөрдүн уругу; 2) негизги азык-түлүк продукциясы, мал үчүн концентраттык тоют, өнөр жай сырьесу. Дандан ун, акшак, нан, макарон жана кондитердик азыктар жасалып, адамдын тамак-аш продуктуларына болгон керектөөлөрүнүн бир кыйла бөлүгүн канааттандырат. Дан мал жана куштарды багып өстүрүүдө, алардан сапаттуу продукт алууда да тоют катары чоң роль ойнойт. Дан кабыксыз (буудай, кара буудай, жүгөрү) жана кабыктуу (арпа, сулу, таруу, күрүч, сорго ж.б.) болот; кабыкча түйүлдүк жана эндоспермден турат. кабыкча данды сырткы чөйрөнүн зыяндуу таасиринен – механикалык жарактардан жана ал аркылуу түйүлдүккө уулуу заттардын киришинен сактайт. Дандын эң негизги массасын эндосперм түзөт. Эндосперм белок менен крахмалдан турат. андан мыкты ун алынат. Эндоспермдин сырты алейрон кабыкчасы менен капталган. Дандын болочокку тамыр, сабак өнүп чыгуучу түйүлдүк орун алган.

**Дандын зыянкечтери** – дан азык заттарынын зыянкечтери бул жандыктар буудайды, буудайдан жасалган азык заттарды бузуп жабыркалатышат.

**Дарак** – катуу сөңгөктүү, тамыры бекем көп жылдык өсүмдүктөрдүн жалпы аты. Дарактын жоон сөңгөгүнөн көптөгөн майда бутактар чыгат. Калың токойдо дарак түз бийик өсүп, шагын аз байлайт, ачык жерде жапалак жана жоон өсүп, коюу бутактайт. Токойчулукта дарак бийиктиги боюнча бөлүнөт: 25 мден жогору (кызыл карагай, эмен, ак карагай, кара кайың, шуң дарак, жөкө дарак). 15-25 м (бай терек, кайың, ак мажрум тал, бал карагай). 7-15 м (ак чечек, арча, четин ж.б.). мөмө дарактар үч түргө бөлүнөт: 1) бийик көпкө өсүүчүлөр (алмурут, гилас), 2) көп бийик эмес, аз убакка өсүүчүлөр (шабдалы, алчанын кээ бир түрү), 3) орточо түрлөрү (алма, өрүк ж.б.), дарак сөңгөгүнөн курулуш материалдары ж.б. айыл чарбасына керектүү жыгач буюмдары жасалат.

**Дарвинизм** – органикалык дүйнөнүн эволюциясынын теориясы, анын тарыхый өнүгүшүнүн закон ченемдүүлүктөрүн, процесстерин изилдейт.

**Девастация** – атайы өзгөчө ыкмалардын жардамы менен адамдарда, жаныбарларда, өсүмдүктөрдө инфекциялык, инвазиялык оорулардын же ыландардын козгогучтарын өлтүрүү иш чаралары.

**Девиация** – эмбрионалдуу өнүгүүдө органдын өнүгүшүнүн эволюциялык өзгөрүшү. Мисалы: сойлоп жүрүүчүлөрдүн мүйүзчөлүү кабырчыктары, жана акула балыктарынын сөөктөрү кабырчыктарынын өнүгүүлөрү эң баштапкы өнүгүү стадияларында окшош келет.

**Дегазация** – булганган обьектилердин бетинен ууландыруучу заттарды зыянсыздандыруу же жоготуу. Адамдар, жаныбарлар жабыркаланбаш үчүн жүргүзүлөт.

**Дегельминтизация** – 1. организмди мите курттардан арылтуу; 2. особду, популяцияны, калкты же жашоо чөйрөнү мите курттарынан тазалоо.

**Дегенерация** – 1. Жагымсыз шарттардын негизинде жыл өткөн сайын организмдин биологиялык, чарбалык касиеттеринин начарлашы. 2. Дененин ткандарында, терең структуралык өзгөрүүлөр жүрүп чоочун заттардын пайда болушу (май, гиалин ж.у.с.). 3. Биологиялык редукция, органдын начарлашы же жоголушу.

**Деградация** – организмдин жакшы сапаттарынын акырындап начарлашы же жоголушу.

**Дегустация** – тамак аш азык тарын зат продуктулардын, суусундуктардын даамын органолептикалык ыкма менен баалоо.

**Дезакаризация** – мите курттарын өлтүрүү.

**Дезинсекция** – малдын, аңчылык жаныбарлардын жана адамдардын жугуштуу, инвазиялуу ылаңына жана кишинин оорусун козгогуч, тараткыч, о.э. азык-түлүк менен айыл чарба өсүмдүктөрүнө зыян келтирүүчү курт-кумурскаларына (чымын-чиркей, бит, кене ж.б.) каршы күрөшүү чаралары. Ветеринардык дезинсекцияда көбүнчө хим. каражаттар: хлорофос, карбофос, байтекс, амидофос ж.б. керектелет. Өсүмдүк өстүрүүчүлүктө үрөн, көчөт, өсүмдүк тектүү запас азык-түлүк жана тех. продукт, кампа, тегирмен, акшак з-ддору ж.б. Дезинсекция көбүнчө хим. зат – бромдуу метил, дихлор этан ж.б. менен фумигация колдонулат.

**Дезинфекция** – айлана-чөйрөдөгү жугуштуу мал ылаңдарын жана илдеттерин, козгогучтарды (бактерия, вирус, риккетсия, жөнөкөйлөр, козу карындар ж.б.), аларды таркатуучу курт-кумурскаларды (дезинсекция), кенелерди (дератизация) жок кылуу. Дезинфекция жасоо үчүн физ., хим. дезинфекциялоочу каражаттар о.э. биол., хим. ыкма да колдонулат. Алдын алуучу, күндөлүк жана соңку дезинфекцияга айырмаланат. Мал чарбасында короо – сарай, топурак, кык, суу, мал багууда колдонулуучу шайман, мал союу, азык-түлүк сактоочу жана продукция иштеп чыгуучу жайлар – эт комбинаты, муздаткыч ж.б. дезинфекцияланат. Мында формальдегид, жаңы өчүрүлгөн акиташ, натрий гипохлорти ж.б. керектелет. Өсүмдүк чарбаларда үрөн, көчөт, топурак, кампаны жугушсуздандыруу үчүн дезинфекция жүргүзүлөт.

**Дезоксирибоза** – жөнөкөй углевод (моносахорид), рибозага караганда 1- гидроксилдүү топ кем. Организмде кеңири таралган, ДНК молекуласынын курамына кирет.

**Дезоксирибонуклеин кычкылдыгы (ДНК)** – тирүү организмдердин клеткаларынын ядролорундагы узун полимерүү табигый кошунду, хромосомалык затты жаратууга катышат.

**Дейтеротокия** – тукумдун партеногенетикалык формада пайда болуп эки жыныстан турушат. Мисалы: тыт жана жуп эмес жибек курттары.

**Деламинация** – эмбриондун катмарлашып өсүү стадиясы.

**Дем** – анча чоң эмес, бир канча ондогон экземплярды камтыган, башка түр ичиндеги топтордон бөлүнгөн, жашоо узактыгы 1-2 муунду түзгөн тууган особдордун тобу.

**Дем алуу** – өсүмдүк жана айбанат организминде органикалык заттардын кычкылдануусунун физиологиялык процессии. Дем алуу төмөндөгү химиялык жөнөкөй формула менен туюнтулат: $C_6H_{12}H_6 + 6O_2 = 6CO_2 = 6H_2O =$ 674 ккал. Бул глюкозанын грамм-мол. толук кычкылданганда 674 ккал энергия бөлүнүп чыгат.

**Демография** – жаныбарлардын, айрым учурда бир түр өсүмдүктүн популяциясынын көбөйүшүнүн законченемдүүлүктөрүн сүрөттөп жазуу.

**Демодекоз** – малдын инвазиялуу тери ыланы. Аны Demodecidae тукумунун Demodex уруусундагы кене пайда кылат. Көбүнчө уй, ит, куну айбанат (түлкү, калтар түлкү), айрым учурда кой, эчки, чочко, жылкылар дартка ооруйт. Демодекоз ыландуу малдан жугат. Дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө кездешет. Демодекозмал чарбасына, булгары, тери өндүрүштөрүнө олуттуу зыян келтирет. Ыландын белгилери: май, тер бездери атрофияга чалдыгат; теринин азыктанышы начарлап, малдын жүнү жыдыйт; жүн түшкөн жер кызарып карттанат. Дарылоо: уйдун жарасына натрий арсенит суюктугу колдонулат. Алдын алуу жолдору: ыландаган малды соо малдан бөлүп кармоо; бөлмөнү дезинфекциялоо.

**Демутация** – биоценоздун антропогендүү өзгөрүшүнүн натыйжасында өсүмдүк, жаныбарлар дүйнөсүнүн алмашышы.

**Демэкология** – популяциянын айлана-чөйрө менен байланышын изилдөөчү эклогиянын тармагы.

**Денатурация** – ар кандай факторлордун таасири алдында белоктун стуктурасынын өзгөрүшү.

**Дендрарий** – дарак өсүмдүктөрү өстүрүлүүчү ачык аймак.

**Дендробионт** – өсүмдүктөрдүн дарактуу ярусунда жашоочу организмдер.

**Дендрология** – ботаниканын дарак, бадал изилдөөчү бөлүгү. Дарак өсүмдүктөрүнүн системасын, морфологиясын, биол. касиетин, таралышын жана чарбадагы пайдаланышын талдайт.

**Дененин температурасы** – жаныбар жана адамдын жылуулук абалынын комплекстүү көрсөткүчү. Жылуу кандуу (гомойотермдүү) жаныбарларлардын (сүт эмүүчүлөр, канаттуулар) температурасы стабилдүүлүгү менен айырмаланат, айлана чөйрөнүн температурасына көз каранды эмес. Муздак кандуу (пойкилотермдүү) жаныбарлардын (балыктар, жерде – сууда жашоочулар, сойлоп жүрүүчүлөр) денесинин температурасы айлана чөйрөнүн

температурасындай, же болбосо 1-2°С жогору, жаныбардын түрүнө, жашына, жынысына, тамактануусуна, кыймылына ж.б. жараша болот.

**Дененин термометриясы** – дененин температурасын өлчөө.

**Денитрификация** – 1. Топурак, суубактерияларынын топтору нитраттарды бузуп нитриттерге айландыруу, бул топурактын асылдуулугунун начарлашына алып келет, айыл чарбасына жагымсыз. 2. Анаэробду шарттарда микроорганизмдердин органикалык заттарды энергетикалык процесстин натыйжасында кычкылданышы.

**Дентин** – тиштин сөөк негизи.

**Депигментация** – ткандын түссүздүгү; тканда пигменттин жоголушу.

**Депопуляция** – жаныбарлар санынын азайышы.

**Депрессия** – 1. Түр, популяциядагы особдордун санынын азайышы. Адамдын таасирине байланыштуу эмес. 2. Особдун ооруу абалы. 3. Жашоо жөндөмдүүлүктүн жалпы төмөндөшү.

**Деприваация** – биологиялык коомдоштуктун жөнөкөйлөшүнүн негизинде экологиялык туруктуулугунун төмөндөшү.

**Дерма** – алдыңкы (эпителийдин астындагы) тери катмары, омурткалуу жаныбарларда жакшы өрчүгөн өздүк бириктиргич тери тканы.

**Дератизация** – зияндуу кемиргич айбандарды (чычкандарды, келестерди ж.б.). Кыруга багытталган чаралар. Дератизация турак үйлөрдө, кампа, тегирмен, мал сарай, жашылча сактагыч, жылытма жана парниктерде жүргүзүлөт. Жок кылуучу дератизацияда келемиш, чычкандарга каршы механикалык, химиялык жана бактериологиялык ыкмалар колдонулат. Мех-к ыкмада капкан жана кармагычтар пайдаланылат, хим-к ыкмада ууланган татканткыч (кандын антикоаугулянттары, ратиндан, зоокумарин ж.б.) чачылат. Бактериологиялык ыкмада келемиш, чычкандарга каршы тиф бактериялары бар татканткыч коюлат.

**Дерматит** – теринин сезгениши, жөнөкөй жана аллергиялык формада болот.

**Дерматоз** – жаратылышы ар кандай келген тери оорулары.

**Дерматология** – теринин орулары жана теринин кошумча коммпоненттери (чач, тырмак, канат), тер жана май бездери жөнүндөгү илим.

**Дерматомикоз** – дерматомицет мите козу карын пайда кылуучу малдын жугуштуу ылаңы. Адам да ооруйт. Оору козгогуч малдын терисинде, жүндүн арасында, туягында, айрым учурда ички органдарда мителейт. Малдын дерматомикоз ылаңы козгогучтар эки топко бөлүнөт: микроспориялар жана трихофитиялар. Булардын көп белгилери окшош. Ошондуктан алар козгогон ылаңдар бир топко – чакалай ылаңына бириктирилет. Мал чакалай ылаңына көп чалдыгат. Дерматомикоз дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө кездешет. Адамга ылаңдуу малдан жугат.

**Дерн** – жандуу жана өлгөн өсүмдүктөрдүн тамырларына бай келген топурактын үстүңкү катмары. Дерндын чиришинин негизинде бай гумус пайда болот.

**Десквамация,** түлөө, какач түшүү – теринин какачтары, түптөрүнүн күбүлүп түшүсү.

**Десмосомалар** – айбандын клеткаларынын үстүндө жаткан байламталар, булар клеткаларды бири бирине байланыштырат.

**Деструкция** – клеткалык стуктураларды, клетка аралык заттарды бузуу, талкалоо.

**Десенсибилизация** – 1. Организмдин кандайдыр бир чоочун таасирине сезгичтигин акырындатып жоготуу, 2. Сенсибилизациянын төмөндөшү.

**Десикант** – түшүм жыйноого чейинки түшүм жыйноону жеңилдетүүчү өсүмдүктөрдүн жетилүүсүн тездетүүчү, кургатуучу зат (күкүрт, мышьяк кислоталары, магний хлораты, кальцийдин хлораты ж.б.).

**Детерминант** – 1. Коомдоштуктун биологиялык чөйрөсүнүн шарттарын аныктоочу жандуу түр. Негизинен бул чоң, көп сандуу өсүмдүк. Мисалы: карагайлуу токойдогу карагай ж.б. 2. Түр – индикатор.

**Детрит** – организмдин калдыктарынын майда бөлүкчөлөрү (сууда калкып жүрүүчү, же суунун түбүндө топтолуучу).

**Детритофаг** – детрит менен тамактануучу кургактагы жана суудагы организмдер.

**Дефекация** (дефекацио – тазалоо) тамак-аштын сиңбеген, иштелбеген катуу калдыктарын организмден бөлүп чыгаруу.

**Дефлорант** – өсүмдүктөрдүн гүлдөшүн токтотуу, жоготуу максатында колдонуучу зат.

**Дефолиант** – өсүмдүктүн жалбырагын талкалоо максатында колдонуучу зат. Мисалы: пахта терүүдө колдонулат.

**Диабет** – зааранын көп бөлүнүп (полиурия), суусоо белгилери менен мүнөздөлгөн синдром. Кант жана кантсыз диабеттер болот. Кант диабетинде углеводдордун алмашуусу бузулуп, инсулиндин жетишсиздиги байкалат. Канда канттын болушу көбөйөт.

**Диагноз** – текшерилүүчүнүн патологиялык абалы жөнүндөгү медициналык жыйынтык.

**Диагностика**: – 1. Оорууларды аныктоо ыкмалары жөнүндөгү илим. 2. Оорулуунун изилдөө процессии, байкоо.

**Диакинез** – мейоздун профазасынын акыркы мезгили, анда хромосомалар абдан тыгыздалып, кыскарышат. Биваленттер ядронун перифериаларынан орун алат.

**Диапауза** – жаныбарлардын өнүгүшүндөгү тыныгуу мезгили, физиологиялык процесстердин убактылуу токтолушу менен мүнөздөлөт.

**Диарея** – ичтин өтүшү. Көптөгөн инфекциялык бактериалык вирустук Мите оорулардын симптому.

**Диаспора** – өсүмдүктүн бөлүгү (спора, урук, мөмө ж.б.) алыстап көбөйүүнү камсыз кылат.

**Диастола** – жүрөктүн жыйрылбай, балбырап эс алып турган мезгили.

**Диафиз** – жиликтердин жумуру орто жери.

**Дивергенция** – 1. Эволюция процессинде жакын, тууган организмдердин белгилеринин өзгөрүп башташы (жаңы систематикалык топтун пайда болушуна алып келет). 2. Тышкы, же ички себептердин натыйжасында коомдоштуктун – экиге бөлүнүшү (мисалы: суу каптоонун, өрттүн негизинде ж.б.).

**Дигрессия** – тышкы, же ички себептердин негизинде биотикалык коомдоштуктардын абалынын начарлашы.

**Диета** – тоюттандыруунун өзгөчө мүнөздөп берүү.

**Дизентерия** – малда чычкак – ичегинин шүүшүңдөп сезгенишинен пайда болуучу жугуштуу ылаң. Көбүнчө козу жана торопой чычкактайт. Козу дизентериясы. Ылаң козгогучу – микроб. Көбүнчө 1–5 күндүк козулар чычкактайт. Ылаңдаган козудан жем чөп, сүт, суу аркылуу жугат. Ылаңдын буктурма мезгили бир нече саатка гана созулат. Ылаңдуу козу сүт эмбей, жаталактайт. Денеси ысып (41°С), демигет, жүрөгү тез-тез согот. Чычкактайт, заңы саргайып кээде кан аралаш өтөт. Козунун шайы кетип, көбүнчө өлүмгө учурайт. Ылаңдуу козуну өзүнчө бөлүп, дизентерияга каршы кан сары суусун, антибиотиктер (синтомицин, биомицин) менен 4–7 күн дарылайт. Козу турган короо, сарай тазаланып, дезинфекцияланат. Жаңы туулган козуга 2 сааттан кийин теринин астына 5 мл кан сары суусу куюлат. Дизентерия болтурбоо үчүн чарбадагы кой тууруна 20-30 күн калганда 3 мл вакцина куюлат.

**Дизосмия** – жытты сезүүнүн бузулушу.

**Дизьюкация** – ареалдын өзгөчө бөлүктөргө бөлүнүшү.

**Дикроцелиоз** – сүт эмүүчү айбанаттын боору менен өтүнүн гельминтоз ылаңы. Айбанаттын 70ке жакын түрү ылаңдайт. Адам да ооруйт. Дикроцелиоз ылаңы Кыргызстандын бардык райондорунда кездешет. Ылаңды Dicrocoelium lanceatum мите курту козгойт. Уз. 5–15 мм, туурасы 1,1–2,5 мм. Дикроцелиоз моллюска жана кумурска аркылуу таралат. Ылаңдын белгилери: мал арыктайт, продуктуулугу азаят, кээде өлөт. Дарылоо: гетол, гетолин, гексихол С жана фенбендазолду колдонуу. Каршы күрөшүү чаралары: жайыттагы моллюскалар менен кумурскаларды агротех. жана биол. ыкмалар менен жок кылуу; малды колдо кармоо.

**Диктиокаулез** – кепшөөчү малдын жугуштуу ылаңы. Dyctyocaulidae тукумундагы жумуру курттар пайда кылат. Малдын кекиртеги менен колкосунда мителейт. Аралык ээси жок көбөйөт. Ургаачысынын уз. 23–112 мм, эркеги 17–800 мм. Ургаачысы малдын өпкөсүнө жумуртка таштайт. Мал

жүткүргөндө ал жумуртка малдын оозуна келип, шилекей менен кошо кайра жутулат. Бул учурда жумурткадан личинка пайда болуп, малдын тезеги менен сырткы чөйрөгө чыгат да инвазиялуу болуп калат. Ал жем чөп, суу менен кошо малдын ичине кирип, кан менен кошо жылып (агып) өпкөгө, колкого келип, чоң куртка айланат. Ылаңдуу мал жүткүрүп, дем алуусу начарлайт, мурдунан суюктук агып, кычыштырат (мал тумшугун жерге өйкөйт). Катуу жөткүргөндө мурдунан оролушкан курттар чыгат. мал тоютту начар жеп арыктайт, эрди, ээги, көкүрөгү шишийт, өпкөсү кырылдайт. Ылаң күчөсө мал өлүмгө учурайт. Дарылоого 30%түү дитразин куюлат, тетрамизол жем менен берилет. Диктиокаулезду алдын алуу: малды нымдуу ойдуң жерге жайбоо, саз, көлчүктөгү суу менен сугарбоо, зоогигиеналык талапка ылайык асыроо, жаш төлдү өзүнчө багуу, бир жылда эки жолу гельминтсиздендирүү.

**Диморфизм** – организмдин бир түрүнүн ичинде айырмаланган формалардын болушу. Мисалы: жыныстык диморфизм, мезгилдик диморфизм.

**Диплоид** – уруктануунун натыйжасында пайда болуучу эки гомологиялык хромосомалардын жыйнагын алып жүрүүчү клетка.

**Диплоиддик сан** – клетканын жуп жыйнактуу хромосомалары бар ядросу.

**Диплоидия** – хромосомалардын диплоиддик жыйнагы.

**Диптерология** – кош канаттуу курт – кумурскаларды изилдөөчү энтомологиянын бир бөлүгү.

**Дисбактериоз** – органдын (негизинен ичегинин) нормалдуу микрофлорасынын түрдүк курамынын жана санынын өзгөрүшү.

**Диссеминация** – биринчилик очоктон же шишик клеткаларынан инфекция козгогучтарынын кан тамыр жана лимфа системалары аркылуу органдарга, бүтүндөй организмдерге таралышы.

**Диссимиляция** – биологияда – тирүү организмдин денесиндеги органикалык заттардын (белок, углевод, нуклеин к-талары, майлардын) ажыроо процесси. Заттардын ажыроосу татаал, көп баскычтуу болуп, анын акыркы продуктулары организмден чыгарылат же бир азы организмде пайдаланылат. Организмдеги заттардын алмашуусунда диссимиляция – ассимиляцияга карама-каршы процесс болот. Бир катар диссимиляция процесстери – дем алуу, ачуу жана гликолиз зат алмашууда борбордук оорунду ээлейт. Бардык организмде диссимиляциянын акыркы нег. продуктулары – суу, көмүр кычкыл газы жана аммиак. Өсүмдүк организминде $CO_2$нин бир азы, $NH_3$ толугу менен органикалык заттардын биосинтезинде пайдаланылып, ассимиляциянын баштапкы заты болот. Диссимиляция менен ассимиляциянын ажырагыс байланышы организмдин ткандарынын жаңыланып турушун камсыз кылат. Тирүү организм дайыма тең салмактуулукта болуп, организмдин заттары дайыма ажырап жана пайда болуптурат. Организмдин өсүү стадиясына, жа-

шына, физиологиялык абалына жараша бул эки процесстин өз ара катышы өзгөрүлөт. Өсүп турган организмде ассимиляция басымдуулук кылып, жаңы ткань, органдар пайда болуп, салмагы көбөйөт. Айрым патологиялык абалда диссимиляция басымдулук кылып, организм жабыркайт, арыктайт.

**Дисплазия** – ткань жана органдардын туура эмес өрчүшү.

**Дисталдык** – борбордон алыс, перифериягa жакын жайгашкан нерсе.

**Дистресс** – жаныбарлардын жана адамдардын организими, кандайдыр бир тышкы таасирге терс реакциясы, «жаман стресс».

**Дистиляцияланган суу** – дистилляция жолу менен эриген ар кандай-кошулмалардан тазаланган суу.

**Дистрофия** – зат алмашуунун бузулушунун негизинде ткань, орган же организмдеги ар кандай биохимиялык өзгрүштөр.

**Дисфункция** – ишкердүүлүктүн ченеминин бузулушу (система, орган же ткандын).

**Диурез** – организмде заарaнын п.б. жана бөлүнүп чыгуу процессии.

**Дифиллоботриоз** – тасма мите курту пайда кылуучу адам ооруусу жана жырткыч айбанаттардын (эт менен тамактануучу) ылаңы. Айбанат дифиллоботриозун көбүнчө жаңы лентец козгойт, анын узундугу 1–10 м. Дифиллоботриоз таратуучулар – циклоп, диаптомус ж.б суу чаяндары. Аларды жеген балык ылаңды алып жүрөт. Ылаңдын белгилери: алы кетет, жем жебейт, баш айланат, ич ооруйт ж.б. Дарылоо: ареколин, фенасал, папоротник экстракты, филиксан колдонуу. Алдын алуу чаралары: айбанатка чийки балык бербөө; гельминттерди жок кылуу; көлмөлөрдү таза сактоо.

**Дифференциация** – 1. Өлчөмдүн бир канча бөлүккөайырмаланышы. 2. Эволюция процессинде организмде ар кандай функцияларды аткаруучу, ар кандай сапаттагы структуралардын өнүгүшү. 3. Баштапкы онтогенезде адистештирилген ткань, органдар системаларынын пайда болушу.

**Дихогамия** – бир эле гүлдүн аталык энеликтеринин ар кандай убакытта жетилиши, өзүн-өзү чаңдаштырууга тоскоолдук кылат.

**Доместикация** – жапайы түрлөрдү колго, үй шартына үйрөтүү, натыйжада мындай түрлөрдүн жүрүм-турумдары, анатомиялык – морфологиялык белгилери өзгөрүшү мүмкүн.

**Доминанта** – 1. Белгилүү бир коомдоштукта саны боюнча басымдуулук кылуучу түр. 2. Өсүмдүк кыртышындагы доминант – фитоценоздо басымдуулук кылуучу өсүмдүк түрлөрү. 3. Топ, үйүр ж.б. бир особдун басымдуулук кылуусу.

**Доминанттуулук** – гибридде аталык же энелик белгилердин басымдуулук кылышы. Доминанттуулуктун өзгөчөлүгүн билүү селекция иштери үчүн зарыл.

**Донор** – 1. Организмдеги молекуладан атомдордун башка молекулага ташылышы. 2. Трансплантациялоо максатында особдон ткань же орган алуу. 3. Кан берген адам.

**Доор** (таш, коло, темир доорлору) – өнүгүүнүн материалдык – маданий деңгээлинин жетишкендиктери боюнча аныкталган адамзаттын мезгилдик тарыхый жолдору.

**Допинг** – организмдин физикалык жана психологиялык ишмердүүлүгүн убактылуу күчөтүүчү зат.

**Дорсалдуу, дорзалдуу** – жаныбар денесинин арка жагы – жон жагы.

**Драшейоз** – ача туяктуу айбанаттардын гельминтоз ылаңы. Жумуру мите курт (Drascheia megastoma) пайда кылат. Эркегинин уз 7-10 мм, ургаачысыныкы 13 мм. Драшейоз чымын аркылуу таркалат. Гельминт личинкасы малдын таноосуна жабышып, андан шилекей менен карынга өтөт, 44-64 күндө жетилет. Карынды сезгентип, чоңдугу жаңгактай, тоок жумурткасындай шишиктерди пайда кылат. Кээ бир учурда личинка териде жана өпкөдө мителеп, өпкө жана тери драшейозун пайда кылат. Драшейоз менен ылаңдаган мал арыктап жаталактайт. Дарылоо: төрт хлордуу көмүртекти жана йод эритмесин колдонуу; тери жарааты 2-3% трипанбляу эритмеси менен жуулат. Каршы күрөшүү чаралары: корону таза кармоо; чымындарды жок кылуу.

**Дренаждоо** – айыл чарбасында – өсүмдүктүн өсүшүндө тоскоол болуучу ашыкча суудан арылтуучу ыкма. Сазда ж.б. ашыкча нымдуу жерлерди кургатуу үчүн жер астына орнотулуучу (дрена) гидротех. курулмалар системасы; айыл чарба мелиорациясынын инженердик ыкмасы. Айыл чарбасында саздак жерди кургатуучу, жердин шордуулугуна каршы күрөшүүчү жана чополуу топуракта газ (аба) алмашууну күчөтүү (аэрация) дренаждарга бөлүнөт. Жартты дренаждоо, суюк ирин, сары сууларды агызуу.

**Дупликация** – хромосомдуу түзүлүүлөрдүн бир түрү, анда хромосоманын кандайдыр бир бөлүгү гаплоидүү жыйнакта эки эсе болуп байкалат.

**Дүүлүгүү** – жогору адистештирилген ткандардын (нерв, булчун, без) козгогучтарга жооп кайтаруусу, физиологиялык касиеттеринин өзгөрүшү менен мүнөздөлөт.

**Дыйканчылык** – айыл чарба тармагы; азык түлүк, техникалык тоют өсүмдүктөрүн ж.б. өстүрүү. Дыйканчылык өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн базасында болуу менен бирге калкты азык – түлүк, малды тоют, өнөр жайды сырье менен камсыз клат.

**Дың жер** – табигый өсүмдүктөр өсүп, кылымдар бою айдалбаган аймак. Дың жердин негизги өзгөчөлүгү (мурда айдалган жерге караганда): өсүмдүк калдыктарынан пайда болгон чириндинин көптүгү; топурак катмарларында өсүмдүктүн азыктануусу үчүн зарыл болгон гумус, азот ж.б. элементтердин арбын болушу; топурактын ныктыгы; топурактын үстүнкү катмарында микроорганизмдин тез өөрчүбөстүгү. Дың жерге эгилген өсүмдүктү отоо чөп көп баспайт ж.б. Дың жердин негизги типтери: 1) Талаа дың жери. Кара жана коңур топурактуу аймактардан орун алган. 2) Түштүк талаа жана жарым чөл дың жери. 3) Жайылма дың жери. 4) Саздак, чым көңдүү дың жери.

## – Е –

**Евгеника** – адамдын тукум куучулук ден соолугу жана аны сактоо, жакшыртуу жолдору жөнүндөгү илим. Е. негизги принциптерин 1869-ж. анг. антрополог, психолог Ф. Гальтон (1822–1911-ж.ж.) сунуш кылган.

**Евстахио түтүктөрү** – ортонку кулак менен кулкунду катыштырып турган түтүк.

## – Ж –

**Жаздаштыруу** – 1) Температура ж.б. тышкы факторлордун таасири астында өсүмдүктүн вегетативдик өөрчүшүнөн генеративдик өөрчүшүнө өтүшүн тездетүү;

2) Күздүк о.э. айрым эки жылдык өсүмдүктөрдүн өсүшүн тездетип, эгилген эле жылы (жазында эгилет) түшүм алуу үчүн алардын көөп өнө баштаган үрөнүнө эгээр алдында жасалма түрдө төмөнкү температурада таасир тийгизүү. Күздүк эгинди жаздаштыруу үчүн оптималдуу темп-ра 0–2$^0$С. Бирок жаздаштыруу мындан жогорку же төмөнкү темпер-да да болушу мүмкүн. Күздүк буудай сортунун жаздаштыруу мөөнөтү 10–17 күн. Жаздаштыруу өсүмдүк селекциясында күздүк өсүмдүктөрдөн бир нече жолу (эки же андан көп) түшүм алуу, күздүк жана жаздык өсүмдүктөрдүн эрте гүлдөшүн камсыз кылуу, жашылча уругун эрте алуу ж.б. максатта жүргүзүлөт. Өсүмдүктөрдүн төмөнкү температурага карата болгон реакциясы кийинки муундарына (тукумуна) берилбейт.

**Жайгашуу:** 1. Түрдүк ареалдын чегинен ашып организмдердин таралышы. 2. Жаңы п.б. организмдердин жаралган тарбияланган жерлеринен алыс таралышы.

**Жайлоо** – жайкы конуш, мал жайыты. Ички жана сырткы жайлоого бөлүнөт. Ички жайлоого бөксө тоолордогу жайыттар, сырткы жайлоого алыскы бийик тоолордогу жайыттар кирет. Жайлоонун чөбү жагымдуу, күчтүү болгондуктан мал тез эттенип, организми чың болот. Жайлоодо негизинен бетеге, шыбак, доңуз сырты, тулаң ж.б. өсөт. Анын составында 8–10% протеин бар. Жайлоо тилкелерге бөлүнүп, мал кезек менен жайылат. Кыргызстандын жайлоолору деңиз деңгээлинен 2500–3000 м бийиктикте орун алган. Бийик тоо арасы төр (мис., Кара-Төр, Көл-Төр, Ашуу-Төр ж.б.), ат жайлоо деп аталат. Кыргызстанда Ак-Сай, Арпа, Алай, Суусамыр, Соң-Көл, Арчалы, Көк-Ойрок, Челек ж.б. чоң жайлоолор бар. Буларда маданий борборлор курулуп, малчыларды турмуш-тиричилик жактан тейлейт.

**Жалбырак** – татаал түзүлүштүү өсүмдүктүн фотосинтез, газ алмашуу, транспирация милдетин аткаруучу негизги органы. Ошондой эле азык зат

сактоо, вегетативдик көбөйүү органы катары да милдет аткарат. Жалбырак өсүмдүктүн сабагында жайгашат. Гүлдүү өсүмдүктөрдө ал сабак меристемасынан (жаңы клетка жаратуучу ткандан) пайда болот. Жалбырак сабынан жана пластинкадан турат. Айрым өсүмдүктө (мисалы: дан өсүмдүгүндө) жалбырак сабы болбойт. Алар сапсыз жалбырак деп аталат. Жалбырак сабы аны күнгө карата багыттап, пластинканы жаан, мөндүр, шамалдан сактайт. Бир сапта бир, же бир нече майда пластинкалар (жалбыракчалар) болушу мүмкүн.

**Жалпы биология** – бардык жандууга тиешелүү эң эле кеңири, универсалдуу закон ченемдүүлүктөрдү кароочу биологиялык билимдер. Жалпы биология өзүнө клетка жөнүндө, организмдердин жекече өрчүшү, молекулярдык биология, генетика, эволюциялык окуу, биоэкология, биосфера, адам жөнүндөгү окууларды камтыйт.

**Жаныбарлар** – организмдер дүйнөсүндөгү негизги топтордун бири. 1,5 млн. түрү белгилүү. Эгерде тропикалык токойлордогу белгисиз түрлөрдү изилдесе саны 15-20 млн-ду түзүшү мүмкүн. Алар – гетеротрофтуу организмдер: даяр органикалык заттар менен азыктанышат. Жаныбарлар зат алмашуусунун активдүүлүгү, ошондой эле эволюция процессинде булчуң, тамак сиңирүү, дем алуу, бөлүп чыгаруу, кан айлануу сыяктуу орган системаларынын калыптанышы менен өзгөчөлөнөт. Жаныбарлар мындан 1–1,5 млрд жылдай мурда өтө майда клеткалардын пайда болгон деп болжолдонот. Жаныбарлар жүздөгөн миллион жылдар бою жаралып, ар кандай шарттардын өзгөрүшүнө ылайыкталып, андай өзгөрүштөргө туруштук бере албагандары өлүп жок болгон. Кургакта жашоочу жаныбарлар деңизде жана тузсуз сууларда жашоочу жаныбарлардан келип чыккан. Жаныбарлардын ортосунда өз ара татаал байланыштар бар.

**Жаныбарлар дүйнөсү** – тарыхый жол менен калыптанган жер бетиндеги бардык жаныбарлардын жыйындысы. Ж.д. жаныбарлардын коомдоштуктарын түзөт (сүт эмүүчүлөр, канаттулар, сойлоп жүрүүчүлөр, жерде – сууда жашоочулар, балыктар, курт-кумурскалар, үлүлдөр ж.б.).

**Жаныбарларды бактериялардан коргоо** – бактериологиялык куралдан жаныбарларды коргоо иш чараларынын комплекси.

**Жаныбарлардын экологиясы** – жаныбарлардын айлана-чөйрө менен болгон байланышын изилдөөчү илим. Жаныбарлардын жашоо шарттары экологиялык факторлордун жыйындысы менен аныкталат.

**Жара** – терининин, былжыр челдин жана аның алдындагы ткандардын оңойлук менен карттансүү. Экологиясы боюнча идиопатиялык жара (аз майып болуу, күйүк, үшүк алуу, киста, жегич ж.б.) жана симптомдук жара (айрым жугуштуу ылаңдардан, рак шишигинин денеге тарап кетишинен, кан айлануунун, нерв системасынын бузулушунан) болуп айырмаланат. Жара жеке жана көп болушу мүмкүн. Арыктоо, авитаминоз, зат алмашуунун бузу-

лушу жараны күчөтөт. Жара ар кандай чоңдукта, формада, тереңдикте ж.б. болот Түбү таза да, ириндеп турушу да мүмкүн. Дарылоо: ылаң себептерин аныктап, ага жараша дарылоо жүргүзүү. Бузулган тканды операция жолу менен кесип таштоо же күйгүзүү; андан кийин антисептикалык ыкмаларды колдонуу. Алдын алуу: жара пайда кылуучу ылаңдарды өз убагында дарылоо керек.

**Жаратылышты коргоо** – айлана-чөйрөнүн жаратылыш ресурстарын коргоо, рационалдуу пайдалануу, калыбына келтирүү иш чараларынын жыйындысы.

**Жаратылыш чынжырчалуу реакциясы** – жаратылыш кубулуштарынын чынжырчасы, ар бирөөсү аны менен байланыштуу кубулуштардын өзгөрүшүнө алып келет.

**Жаталак** – малдын ич ооруларынын белгилери. Бардык мал, айрыкча жылкы көп жаталактайт. Кадимки, кыйыр жана симптомдук жаталакка бөлүнөт. Кадимки жаталак ичеги-карын ылаңынын, кыйыр жаталак боор, бөйрөк, табарсык ж.б. органдардын ылаңынын, симптомдук жаталак айрым жугуштуу (мис., кулапса чыкканда) жана инвазиялык ылаңдардын таасиринен пайда болот. Мал жаталагы болгондо төрт аягын бүрүштүрүп, тынчсызданат, чабалактап, жер чапчып оонайт. Дарылоо жана алдын алуу: негизги ылаңдын себебин жок кылуу; тынч алдыруучу дары-дармек колдонуу ж.б.

**Жашоо** – чоң системалардын өзүн – өзү кармоосу, өзүн – өзү жаратуусу, өзүнөн өзү өнүгүшү. Материянын өзгөчө жашоо формасы. Жер бетинде жашоо 4,5 млрд жыл мурун п.б.

**Жашоо үчүн күрөш** – бардык түр ичиндеги түр аралык карым катнаштарды о.э. организмдердин бири – бири менен болгон байланышын, абиотикалык факторлор менен болгон байланышы камтыган түшүнүк. Ж.ү.к. натыйжасында бечел организмдер акырындык менен өлүп жок болуп кыйындары жеңип, башкача айтканда табигый тандалуу түрдүн эволюциясы жүрөт.

**Жашылча өсүмдүктөрү** – ширелүү бөлүгү тамак-ашка пайдалануучу эгилме же табигый чөп өсүмдүктөр. Жашылча өсүмдүктөрүнүн 620 түрү белгилүү. Анын теңи эгилме, калганы табигый түрдө пайдаланылат. Жашылча өсүмдүктөрүнүн составында эң көп витамин, май жана углевод азык заттары, органикалык к-та, минералдык заттар бар. Тамак-ашка сабак, жалбырак, жалбырак сабы, кочаны (капуста, шабит, мангольд ж.б.), азык тамыры (сабиз, аш кызылчасы, чамгыр, түрп, шалгам ж.б.), пияз түбү, (пияз, сарымсак ж.б.) ж.б. пайдаланылат.

**Жеке тандоо** – бир өсүмдүктүн же жаныбардын тукумдарын муундан-муунга тандоо. Жеке тандоо массалык тандоодон айырмаланып, кийинки муунунун тукум куучулук касиеттерин баалоого мүмкүнчүлүк түзөт. Жеке тандоо микроорганизмдерди, өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды селекция-

лоодогу эң негизги жолдордун бири. Өзү менен өзү чаңдашып көбөйүүчү өсүмдүктөрдө жекече тандоо жакшы натыйжа берет. Жекече тандоо организмдин генотибин жана фенотибин талдоонун негизинде жүргүзүлөт.

**Жекече участок** – особдор, жуптуу особдор, же топ ээлеген аймак, ал аймакка ошол эле түрдүн особдору киргенге болбойт.

**Желин** – сүт эмүүчү жаныбарлардын сүт бези. Кепшөөчүлөр менен бээнин желини чаткаягында, ал эми мегежиндин, коендун желини курсагында жайгашкан. Уйдун желини 3-4 жуп безден пайда болуп, оң жана сол бөлүктөн, 4 (кээде 6) үрптөн турат. желин жумшак келип, чоюлгуч, серек жүндүү тери менен капталган. Желиндин көлөмү, узуну, туурасы боюнча сыналат. Уй желини башка малдын желинине караганда кыйла чоң (көлөмү 15 л же андан көп). 1 л. сүт пайда болуш үчүн ал аркылуу 500 литрге чейин кан өтөт. Бээ, кой, чебичтин желини эки бөлүктөн турат. Желин өзгөчө ткань – паренхима жана аны бөлүкчөлөргө ажыратып турган тутумдаштыргыч ткандан түзүлөт. Паренхима альвеолалардан – сүт жолунун туюк учундагы майда исиркектен жана сүт түтүкчөлөрүнөн турат, сүт альвеолалардын ички эпителий клеткаларында пайда болот.

**Жер** – жемиш өсүмдүктөрү – мөмөсү желе турган көп жылдык бадал, чала бадал жана чөп өсүмдүктөр. Алардын негизги сөңгөгү болбойт, бийиктиги 0,8 – 6 м, 10–20 жыл жашайт. Жер – жемиш өсүмдүктөрүнүн ичинде жапайы жана эгилме түрлөрү бар. Алардын ичинен кожогат, карагат, дан куурай, барсылдак ж.б. кеңири таралган. Булар эрте бышкандыгы менен айырмаланат. Жыл сайын көп түшүм берет. Кыргызстандын Ысык-Көл өрөөнүндө жапайы дан куурай, кулпунай, карагат, чычырканак, бөрү карагат, ит мурун, Чүй өрөөнү менен Ош областында кызыл карагат, кожогат, дан куурай ж.б. көп өсөт. Жер – жемиш өсүмдүктөрү эрте жазда же күздө отургузулат.

**Жер семирткич** – топурактын асылдуулугун жогорулатып, өсүмдүктүн азыктанышын жакшыртуу үчүн колдонулуучу органикалык жана минералдык заттар. Жер семирткичти пайдалануунун негизинде топуракта өсүмдүккө керектүү азык зат топтолуп, өсүмдүктүн түшүмү арбыйт жана сапаты жогорулайт. Жер семирткичти колдонуунун деңгээли өсүмдүк өстүрүүчүлүктү ургаалдаштыруунун башкы көрсөткүчтөрүнүнү бири. Жер семирткичтин натыйжалуулугу анын касиетине, өсүмдүктүн биологиялык өзгөчөлүгүнө, топурактагы азык заттарды керектешине жана алардын сиңимдүүлүгүнө жараша болот. Өсүмдүктүн азыктануу режимине түздөн-түз таасирин тийгизген (азот, фосфор, калий, микроэлементтер) жана топурактын күрдүүлүгүн арттырып, азык заттардын өсүмдүккө сиңиримдүү түргө тез айланышына көмөкчү болуп, кыйыр таасир тийгизген (гипс, аки таш) жер семирткичке бөлүнөт. Составына жараша – органикалык, минералдык органикалык – ми-

нералдык, жана бактериялык; даярдалышына жараша – жергеликтүү, өнөр жайлык жан өнөр жай калдыктарына бөлүнөт.

**Жибек** – жибек курту бөлүп чыгаруучу табыгый була. Жибек куртунун жибек чыгаруучу жип бездери белок затынан (фибрин, серицин) турган эки жип бөлүп чыгарат. Жипте алардан башка мом менен май (1-1,5%), о.э. минерал заттар – калий, натрий, кальций ж.б. туздары (1-1,5%) да бар. Жибек курт өзү бөлүп чыгарган жипке оронуп, пилланы түзөт. Жалгыз пилладан түрүлгөн жип өтө ичке болуп текши болбойт. Өнөр жайлык жибек жиптин жоондугу бирге түрүлүүчү пилланын санына жараша болот. Кургак пилланы түргөндө жибек жиптин чыгышы 30-40%ке жетет. Жибек жип текши, жылмакай, гигроскоптуу, оңой боелот. Жибек жиптин үзүлүүгө туруктуулугу 40 кг күч /мм, чоюлууга туруктуулугу 14-18%. Ным кезинде 1-си 105ке кемисе, 2-си ошончого көбөйөт. Жегичтердин таасирине туруктуулугу аз, минер. кис-га туруктуураак. Кадимки орг. эриткичтерде эрибейт. Күн нурунда туруксуз. Жибек жип техникалык максаттар үчүн керектелет, ош. эле электр өткөрбөөчү материал катары пайдаланылат.

**Жибек курт ылаңы** – жибек курттун пилланы аз беришинин негизги себептеринин бири жибек курттун жугуштуу жана мителер пайда кылуучу ылаңдары болуп эсептелет. Мите ылаңдарынын ичинен жибекчиликке чоң зыян келтиргени – пебрина (нозематоз) ылаңы. Пебринаны жөнөкөй мите нозема (Nosema bambykis Nag) пайда кылат. Жибек курт тоют менен кошо нозема митесинин спорасын жеп, ылаңга чалдыгат. Жибек курттун жугуштуу ылаңдарынан мускардина, өлүмтүк (фляшерия), киртийме, септицемия, сарык көп таралган. Мускардинаны ар түрдүү мите козу карындар пайда кылат. Өлүмтүк ылаңы акыркы үч жаштагы жибек куртунда байкалып, курттун ичегисиннин ортосунда бактериянын өтө көбөйүп кетиши менен мүнөздөлөт. Киртийме – адатта начар тоюттандыруудан пайда болуучу өнөкөт ылаң. Аны жибек курттун же аарынын стрептококтору пайда кылат. Септицемия – тез таралуучу жугуштуу ылаң. Аны жибек курту үчүн вируленттүү штамм козгойт. Сарык – вирустуу ылаң, жибек куртунун негизинен личинкасы куурчакчасын жабыркатат. Каршы күрөшүү чаралары: ылаңдуу жибек көпөлөктөүрнүн греналарын жок кылуу, жибек курт багылуучу жайларды, шаймандарды формалин, хлорамин менен дезинфекциялоо, фунгицид чачуу.

**Жогорку нерв ишмердүүлүгү** – борбордук нерв системасынын касиеттеринин, күчтөрдүн, тең салмактуулуктун, дүүлүгүү, тормоздолуу процесстеринин жыйындысы.

**Жолли денечелери** – эритроциттердин дегенеративтүү формаларындагы өзгөчө нерселер. Эритроциттердин протоплазмасында бирден, экиден, үчтөн болушу мүмкүн. Кээде денечелер бүртүктүү келет. Анемияда байкалат.

**Жугуштуу агалактия**, таш желин – кой, эчкинин тез таралуучу жугуштуу ылаңы. Мында сүт чыкпай, көз жана муун жабыркайт. Ылаң Испания, Греция, Швейцария, Түркия, Иран, Африканын түндүк бөлүгүндө, Югославия, Болгария, Румынияда тараган. Кыргызстанда да кездешет. Ылаңды козгоочу полиморфтуу микроб. Ылаң көбүнчө жайында, тоолуу жерде кездешет. Ылаңдын букма мезгили 2-60 күн. Ылаң катуу жана өнөкөт түрүндө өтөт. Катуу кармаган түрү 1-2 жумага созулуп, малдын температурасы 41-$42^0$Cка көтөрүлүп, шайы кетип, тоюттан калат, желини чочуп, ооруйт, байый баштайт. Муундары шишип, аксайт, көзүнүн агы сезгенип жаш куюлат. Бооз кой козу салат. Өнөкөт түрү бир нече жума, айга созулат. Дарылоо: пенициллин, новарсенол менен уротропин аралашмасы, йоддун суудагы эритиндиси колдонулат. Көздүн ичи 1%түү бор кислотасынын эритиндиси менен жуулат; 1%түү көк таш эритиндиси муунга куюлат. Алдын алуу: ылаңдаган мал өзүнчө бөлүнүп, короо-сарай дезинфекцияланат, 2 ай карантин чектелет.

**Жугуштуу анемия** – жылкынын жугуштуу ылаңы. Туруктуу же улам кайталап кармоочу калтыратма. Ылаңдуу малдын каны азаят, жүрөк-кан тамыр системасынын иштеши бузулуп, вирус организмде көпкө сакталат. Ылаңды вирус козгойт. Вирусту 1904-06-ж. француз илимпоздору А. Каарре менен А. Валле ачкан. Жугуштуу анемия бардык континенттте кезигет. Жугуштуу анемия менен кээде качыр менен эшек да ылаңдайт. Ылаң ылаңдаган жылкыдан же вирус алып жүрүүчүлөрдөн жугат. Жылкы көбүнчө жугуштуу анемия менен жай, күздө ылаңдайт. Ылаң көбүнчө токойлуу, саздак жерлерде кездешет. Ылаңдын букма мезгили 5-30, кээде 90 сутка жана андан ашык. Ылаңдаган жылкынын температурасы көтөрүлүп, тоюттан калат, тез чарчап, шалдырайт, былжыр чели саргарып, канталайт, тез арыктайт. Натыйжалуу дары иштелип чыга элек. Алдын алуу: ылаңдаган малды бөлүп, жок кылуу жана 3 айга чейин карантин чектөө.

**Жугуштуу ринотрахеит** – уйдун вирустуу ылаңы. Дем алуу жолдорун, жыныс органдарын сезгендирет. Ылаң Америка, Европа жана Океания өлкөлөрүндө кеңири тараган. Ылаңдаган малдын температурасы көтөрүлүп, жөткүрөт. Оозу, мурдунан илээшкек суюктук куюлат. Саан уйлардын сүтү 50-60%ке азаят. Ылаң создугуп кетсе өпкөсү сезгенип, деми кыстыгат. Жыныс органдарында майда ириңчелер пайда болуп, жарага айланат. Бооз уй ылаңдаса музоо салат. Ылаң ылаңдуу малдын вирусунан жугат. Вирус ички, негизинен дем алуу органдары аркылуу кирет. Дарылоо: ылаңдап айыккан малдын кан сары суусу колдонулат. Алдын алуу: эмдөө, карантин чектөө, дезинфекция жүргүзүү.

**Жугуштуу ылаң** – малда патогендүү микроорганизмдер пайда кылып, дарттуу организмден соо организмге жугуучу ылаңдар. Мал чарбасына кыйла зыян келтирет. Малдын жугуштуу ылаңын изилдөөчү илим эпизоотология деп аталат. Ар бир жугуштуу ылаңдын циклинде төмөнкү маал жана мез-

гилдер аныкталат: 1) ылаңдын малга жугуу маалы жана анын козгогучунун организмге кирүү жолдору; 2) ылаңдын жашырын букма мезгили; 3) билине баштоо мезгили; 4) өнүгүү мезгили; 5) акыркы мезгили. Мал айыга башгаганда дайыма эле организмде ылаң козгогучтар жок болуп кетпейт, мал айыккандан кийин да көпкө чейин соо малга жуктурушу мүмкүн. Диагноз клиникалык, эпизоотологиялык жана лабо-лык изилдөөлөрдүн негизинде ар бир жугуштуу ылаңга коюлат, айрым инфекцияга (бруцеллез, туберкулез ж.б.) аллергиялык диагностика жүргүзүлөт.

**Жугуштуу эктима,** эктима – кой-эчкинин вирустуу ылаңы: өзгөчө козу-улак ылаңдайт. Малдын көбүнчө оозунун тегерегинде, кээде денесинин башка жеринде исиркектенген майда бүдүрлөр, карт пайда болот. Оозу оюлуп, эриндин тегереги ириңдүү жарага айланат. Айрым учурда кекиртек аркылуу дарт өпкөгө өтөт, ылаң жылдын бардык мезгилинде жолугуп, бардык малга жугат. Ылаңдаган мал чөп жебей, аксайт. Дарылоо: ылаң жеңил формада өтсө йод тундурмасы, синтомицин эмульсиясы жана дезинфекциялоочу майлар сыйпалат. Өпкө, боору дартка чалдыккандары байкалса ортодогу бардык козуга дибиомицин, дитетрациклин куюу керек. Алдын алуу: 2-3 күндүк козуга атайын вакцина куюлат.

**Жугуштуу энтеротоксемия**, секиртме – Clostridium pertringens тобунун С жана Д тибиндеги микробду бөлүп чыгарган уу заттар пайда кылуучу ылаң. Уу заттар ичегиден мээге, бүт ички органдарга тарайт. Негизинен кой, айрым учурда торпок, торопой, кулун, үй куштары да ылаңдайт. Кээде койдун 25-30% ылаңдап (көбүнчө жаз, күздө), анын 90% өлөт. Жугуштуу энтеротоксемия койдун ичегисинде пайда болуп, ылаң козгогуч микроб кыртышта, кыкта жана койдун ичеги-карынында көпкө сакталат. Ылаңдын споралары абдан туруктуу, 90 мин кайнаткандан кийин гана өлөт. Ылаң катуу кармаганда мал басып баратып эле жыгылып, оозу – мурдунан ак көбүк куюлуп, башын кежеңдетип, тарамыштары тырышып, 2-3 саатта өлөт. Создугуп өткөндө мал оттобой, жаталактап, тыбырчылап, оозу – мурдунан көбүктөнгөн шүүшүң суюктук куюлат. Ылаң 5-8 күнгө созулат. Ылаңдын алдын алуу үчүн малды вакцина менен эмдөө, зоогигиеналык эрежелерди сактоо керек. Ылаң чыккан чарбада карантин чектеп, ылаңдаган малды бөлүп, бардык малга гиперимундуу кан сары суусу куюлат. Жугуштуу энтеротоксемиядан өлгөн мал териси менен кошо жок кылынат. Булганган короо – жай, жайыт эки жолу дезинфекцияланат.

**Жумуртка** – курчаган кабыкчалары бар жумуртка клеткасы.

**Жумуртканын сарысы** – зат (дейтоплазма), көпчүлүк жаныбарлардын жумурткасында болот. Ж.с. түйүлдүктүн өрчүшүн камсыз кылуучу зат. Ж.с. ургаачы жыныс клеткасы калыптанып жаткан мезгилде цитоплазмада п.б.

**Жумурка таштоо** – белгилүү бир убакытта, белгилүү жерде жумуртка тууган организмдин таштаган жумурткалары.

**Жыгач чириги** – жыгач породасындагы кеңири таркаган жана эң зыяндуу илдет. Аны базидиомицеттер классындагы козу карындардын көптөгөн түрү, негизинен буржук козу карын пайда кылат. Буларга тамырчы былпылдак, кампада жана курулуш материалдарына зыян келтирүүчү сапрофиттер, мисалы, кадимки, ак үй козу карындары, шахта козу карыны ж.б. кирет. Жыгач чиригине каршы күрөшүү чаралары: бул илдетке туруктуу дарактардын түрлөрүн отургузуу, токой мелиорациясы ж.б. дарактын өсүшү үчүн токой чарба иштерин жүргүзүү, чирик инфекциясы түшкөн дарактарды кыйып жок кылуу.

**Жылуулукту берүү** – айлана-чөйрөгө организмдердин зат алмашуунун негизинде жылуулукту бөлүп чыгырышы.

**Жылуулук менен даарылоо** – дарылоо максатында организмге жылуулук менен таасир этүү (жылуу компресс, жылуу ванна – душ, дары баткактары ж.б.)

**Жыныс** – организмдин жаңы тукумду пайда кылууга ылайыкташкан морфологиялык, физиологиялык өзгөчөлүктөрүнүн жыйындысы. Жыныс эң жөнөкөй түзүлүштөгү организмдерден (бактерия, жана жашыл балырлар) башка бардык организмдерде болот. Жыныс организмде эркек жана ургаачы болуп бөлүнөт. Алар биринчи жана экинчи жыныстык белгилери боюнча бири-биринен (эркек, ургаачы) айырмаланат. Биринчи жыныстык белгилерге жыныс органдары анын ичинде жыныс бездери, экинчи жыныстык белгилерге (малда) эркектеринин түсү (ачык), мүйүзү, кылкыйма тиши ж.б. кирет.

**Жыныстык көбөйүү** – организмдердин жыныстык клеткаларынын (гаметалардын) кошулуусунун негизинде пайда болгон клеткадан (зиготадан) жаңы организмдин пайда болушу. Жыныстык көбөйүүнүн: микроорганизмдерде коньюгация, өсүмдүктөрдө өзү чаңдашуу, апомиксис, малда уруктануу, партеногенез деп аталат.

**Жыныстык цикл** – жетилген ургаачы организминде мезгил-мезгили менен кайталанып турууучу татаал морфологиялык, физиологиялык процесстердин комплекси. 3 стадияны айырмалашат – дүүлүгүү, тормоздолуу жана тең салмактуулук. Климакстык мезгилге чейин байкала берет.

**Жыныстык рефлекс** – организмдин БНСда иштетилүүчү ар кандай козгогучтарга жооп кайтарып жыныстык актыны ишке ашыруусу.

**Жыныссыз көбөйүү** – бир клеткалуулардын ж.б. төмөнкү организмдердин бөлүнүүсүндө, бүчүрлөнүүсүндө п.б. эки же андан да көбүрөөк жаңы особдор. Ош.эле споралардан обочолонгон соматикалык клеткалардан дагы особдор пайда болот.

**Жыт** – ар кандай заттардын жыт сезүү рецепторлоруна таасир этип, сезүүнү п.к.

**Жөнөкөйлөр** – өзүнчө жашоого жөндөмдүү, бир клеткалуу, микроскоптон көрүнүүчү майда жандыктар. Көбүнүн дене түзүлүшү тоголок, айрым-

дары нур түрүндө симметриялуу (радиоляриялар), эки симметриялуу (инфузориялар), симметриясыз жана формасыз. Денеси цитоплазма жана ядродон турат. жыниссыз жана жыныстык жол менен көбөйөт. Жөнөкөйлөрдүн 40 миңден ашык (башка маалыматтар боюнча 70 мин) түрү белгилүү, алардын 12 миңи эркин жашоочулар, 3 миңи адам жана жаныбарларга мителик кылат. Жөнөкөйлөр деңиз суулары менен тузсуз сууларда, топурактын суу катмарында, көп клеткалуулардын каны менен ткань суюктугунда жашайт. Жөнөкөйлөр – промыселдик жаныбарлардын азыгы. деңиздердеги жөнөкөйлөрдүн раковинасы фораминиферлер чөкмө тоо тектери – аки таш теги менен бордун негизги массасын пайда кылган. Мите жөнөкөйлөрдүн көп түрү малды, промыселдик жапайы жаныбарларды ылаңга, адамды ооруууга чалдыктырат. Айрымдары нымдуу топурактын күрдүүлүгүн жогорулатууга көмөк болот. Жөнөкөйлөрдүн башка түрлөрү көп түрдүү жаныбарлар дүйнөсүнүн түпкү теги болгон.

**Жөргөмүштөр** – жөргөмүш сымалдар классындагы муунак буттуулар түркүмү. Денеси (уз. 0,7 мм – 11 см) түрдүү формада жана ар кандай түстө, баш-көкүрөк менен курсактан турат. Баш көкүрөгүндө 4 жуп көзү жана 6 жуп буту жайгашкан. 1-жуп буту – үстүңкү жаактары, курч, ылдый ийилген тырмакчалар менен бүтүп, учунда уу без өткөөлүү ачылат. Бул жемин кармоо, өлтүрүү жана коргонуу кызматын аткарат. 2-жубу – тинтүүрлөрү – сезүү органы, калган 4 жубу – буту. Курсагынын артындагы желе сөөлдөрү (3-4 жуп) бөлүп чыгарган коймолжун зат абалда катып, желе пайда кылат. Жер шарында 27 миңден ашык, Кыргызстанда 200гө жакын түрү белгилүү. Жөргөмүштөр муунак курсактуулар, канаттууларды (балапандарды) жечүүлөр жана эки өпкөлүүлөр болуп үч түркүмгө бөлүнөт. Жөргөмүштөр айрым жыныстуу, эркеги ургаачысынан кичине. Канаттууларды жечүлөр – жөргөмүштөрдүн эң чоңдору курт – кумурска, кескелдрик, бака, балапан жана майда сүт эмүүчүлөр менен да азыктанат. Кээ бир жөргөмүштөр, негизинен тропиктик түрлөрү уулуу, жарым чөлдө жашоочу бөйү, каракурт өтө уулуу.

**Жүн** – малдын жана айбанаттардын терисиндеги талча түк; текстиль өнөр жайынын негизги сырьесу; андан кездеме токулуп, кийиз басылат, кийим, түрдүү буюм жасалат. Өнөр жайда жүндүн негизги бөлүгүн койдун жүнү түзөт. Эчки, төө, лама, топоз, коен, жылкы, уй, бугу, ит жүнү да пайдаланылат. Дүйнөдө жүн даярдоо боюнча Австралия биринчи орунда турат. Жүндүн астындагы бөлүгү – тамыр, үстүндөгүсү – өзөкчө деп аталат, ал кератин белогунан турат.

**Жүрөк** – омурткалуу жаныбарлардын жана адамдын, ош. эле айрым омурткасыздардын (моллюска ж.б.) кан айлануу системасынын борбордук органы. Ал өзүнүн ыргактуу жыйрылышы менен кан айланууну камсыз кылат.

**Заказник** – убактылуу мөөнөткө корукка алынган б.а. жандыктарды, биогеоценозду, экологиялык компоненттерди ж.б. коргоо максатында айрым чарба иштерин жүргүзүүгө тыюу салынган аймак.

**Зат алмашуу** – организмде бардык биохимиялык процесстердин жыйындысы. Зат алмашуу организмдин өсүп-өнүшүн, өзүн-өзү сактоосун жана жаратуусун камсыз кылат. Зат алмашууда организм айлана-чөйрөдөн түрдүү заттарды сиңирип, аларды өзгөртүп өз затына айлантат (ассимиляция процесси). Ушул эле убакта ассимиляцияга тескери диссимиляция процесси жүрүп, организм клеткаларындагы заттар ажырап, анын орду жаңы химиялык заттар менен толукталат. Зат алмашууда витамин, ауксин, фермент, гормон, фотосинтез, гормондук факторлор чоң роль ойнойт. Жагымсыз шарттар зат алмашуунун бир калыпта жүрүшүнө тоскоол болуп, организмди жарым-жартылай же толук өлүмгө учуратат. Жерде жашаган түрдүү организмдердеги зат алмашуу процесстери бири-бири менен өз ара байланыштуу.

**Зат алмашуунун бузулушу** – малдын нерв жана эндокриндик системаларынын трофикалык жана регулятордук функцияларынын катуу бузулушуна алып келет. Зат алмашуу бузулушуна кетоз, авитаминоз, тууттан кийинки көтөрүм, остеомаляция, арыктоо, семирүү, итий, эндемиялуу ылаңдар ж.б. кирет. Зат алмашуу бузулушуна негизинен малдын тоютунда углевод, белок, протеин, май, витамин жана минерал заттарынын жетишсиздигинен же ашыкча болушунан пайда болот. Алдын алуу чаралары: малды сапаттуу тоюттандыруу, жакшы багуу.

**Захарьина – Геда (Хеда)** – ички органдар ооруган кезде теринин белгилүү бөлүктөрүнүн жогорку сезгичтиги. Ошол жерди акырын баскылаганда жаныбар ооруну сезет.

**Зигота** – өсүмдүк жана жаныбарлардын жыныстык көбөйүүсүндө жыныстык эки клетканын (гаметалардын) кошулушунан (уруктануудан) пайда болгон клетка. Салыштырганда зигота (гаметадан) хромосома жыйындысынан диплоиддүүлүгү менен айырмаланат; Клетка пайда болоору менен эле (бир же бир нече убакыттан кийин) зигота бөлүнө баштайт. Зигота митоз жолу менен бөлүнгөндө анын клеткасы диплоиддик бойдон калат. Зиготадан түйүлдүк, андан жаңы организм өөрчүп, пайда болот. Зигота аркылуу организмдердин укум – тукумдарынын ортосунда байланыш түзүлөт.

**Зоналык** – өсүмдүктөрдүн жана айбанаттын зоналарга ылайыктап байырланышына жараша бөлүнүшү.

**Зооантропоноз** – жаныбарларга, адамга тиешелүү инфекциялык, инвазиялык ооруулардын тобу. Инфекцияны козгоочулар болуп негизинен жаныбарлар эсептелинет.

**Зообентос** – деңиздердин, континенталдуу көлмөлөрдүн түбүндө жашаган жаныбарлардын жыйындысы; бентостун негизги бөлүгү көбүнчө моллюскалар, ийне терилүүлөр, кораллдуу полиптер, көптөгөн курттар ж.б. кирет.

**Зоогеография** – бул мезгилге чейин жана азыркы кезде жер бетинде жаныбарлардын, алардын коомдоштуктарынын географиялык таралышынын закон ченемдүүлүктөрүн изилдөөчү илимий тармак.

**Зоогигиена** – ветеринария жана зоотехния илимдеринин бир тармагы; малдын тазалыгы (ден соолугу) менен кунардуулугуна багуу шартынын тийгизген таасирин изилдейт. Чечүүчү маселелерине жараша жалпы жана айрым зоогигиенага бөлүнөт. Жалпы зоогигиена аба, жарык, топурак, суу жана түрдүү сапаттагы тоюттун малга тийгизген таасирин изилдейт, мал багуунун жалпы ыкмаларын (малды жана мал короо-сарайларын таза кармоо) белгилейт, мал короо – сарайларын куруу, тоют даярдоо, аны сактоо жана малды тоюттандыруудагы зоогигиеналык талаптарды иштеп чыгат. Айрым зоогигиена жогоруда аталган маселелерди малдын түрү, жашы жана эркек-ургаачысына жараша изилдейт. Малды натыйжалуу пайдаланууга (күч унааны пайдалануу мөөнөтү, эс алдыруу тартиби, ээр токум, араба жабдыктарына коюлуучу гигиеналык талап, малды саадыруу шарты жана ыгы ж.б.) тукумдук, бооз малды, төлдү туура багуу жана пайдаланууга өзгөчө көңүл бурат.

**Зооглея** – былжыр чыгаруучу же былжырлуу капсулалары бар бактериялардын чогулганы.

**Зооиддер** – курттардын жыныссыз көбөйүшүндө денесинен кертилип бөлүнүп чыккан майда жандыктар.

**Зоолог** – айбанат боюнча адис киши.

**Зоология** – жаныбарлар дүйнөсүн изилдөөчү илимий тармак; биологиянын эң чоң тармагы.

**Зоологиялык парк** – жапайы айбандарды туткунд же табыгый шартында кармап, асырай турган жай.

**Зоология** – айбанат жөнүндө илим.

**Зооноздор** – малдын жугуштуу ылаңдары. Ылаң козгогучтар малда гана мителик кылат. Зооноздорго уй чумасы (көк көйнөгү), чочко чумасы; уйдун эмфизематоз чоң чыйканы, пастереллез, койдун жугуштуу энтеротоксемиясы ж.б. кирет. Зооноздорду вирус, бактерия, козу карындар, риккетсиялар, мите курттар ж.б. пайда кылат. Алар ар түрдүүчө мителейт, мисалы, вирустар клеткада гана мителик кылып, клеткадан тышкары жашабайт, зыянкеч микробдор, риккетсия, мите козу карындар малдын түрдүү орган, ткандарында көбөйүшөт.

**Зоопланктон** – деңиздерде, континенталдуу көлмөлөрдө суунун калыңдыгында жашоочу жаныбарлардын жыйындысы.

**Зоопсихология** – жаныбарлардын жүрүм-турумдарын, кабыл алуусун, сезимдерин, ойлонуусун ж.б. изилдөөчү психологиянын бир тармагы.

**Зооспора** – жыныссыз көбөйүүдөгү балырлардын, айрым козу карындардын кыймылдуу клеткасы (спорасы).

**Зоотехния** – мал тукумдатуу, тоюттандыруу, багуу жана пайдалануу жөнүндөгү илим. Мал чарбасын өнүктүрүүнүн теориялык жана практикалык ыкмаларын иштеп чыгат. «Зоотехния» терминин 1848-ж. француз илимпозу Ж. Бодеман сунуш кылган. Азыркы зоотехния илими мал чарба азык-түлүгүн алуунун үнөмдүү технологиясын иштеп чыгуу менен бирге так илимдерди кеңири пайдаланып, малдын биологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөөчү илимдерге (жалпы биология, зоология, анатомия, гистология, физиология, биохимия, эмбриология, генетика ж.б.) жана зоотехнияга тыгыз байланыштуу – ветеринария, агрономия, айыл чарбасын уюштуруу ж.б. илимдерге таянат. Башка илимдердей эле зоотехния илими өзүнүн изилдөөлөрүндө тарыхый, салыштырма, тажрыйбалык, статистикалык ж.б. ыкмаларды пайдаланат. Жалпы жана айрым зоотехнияга бөлүнөт. Жалпы зоотехния мал өстүрүү, тоюттандыруу, багуу деген бөлүмдөрдөн турат.

**Зоотомия** – жаныбарлар организминин ички түзүлүшүнүн, органдарынын, системаларын изилдөөчү илимий тармак; өздүк анатомия.

**Зоофаг** – 1. Жаныбарлар менен тамактануучу организм. Мисалы: өсүмдүк – зоофаг. 2. Жаныбарлар менен тамактануучу жаныбарлар.

**Зоофил** – жаныбарлар жыйналган жерде өсүүчү өсүмдүктөр, козу карындар, же микроорганизмдер. Мисалы: кумурскалардын уюгунда кездешүүчүлөр.

**Зоофилия** – өсүмдүктөрдүн курт – кумурскалар, жаныбарлар аркылуу кайчылаш чаңдашуусу.

**Зоохор** – өсүмдүктөрдүн, козу карындардын мөмөлөрүнүн, уруктарынын жаныбарлар аркылуу таралышы. Көптөгөн түрлөрү бар. Мисалы: эпизохория – жаныбарлардын уруктарды түктөрү, жүндөрү, канаттары менен таратышы; эндозоохория – тамак сиңирүү жолдору аркылуу уруктардын жабыркаланбай таралышы ж.б.

**Зооценоз** – белгилүү бир аймакта – биоценоздо, биотопто бири-бири менен байланышкан, бири-бирине көз каранды жаныбарлардын түрлөрүнүн жыйындысы.

**Зооциддер** – зыяндуу омурткалуу жаныбарларды жоготуучу пестициддер тобундагы химиялык препараттар. Көбүнчө кемирүүчүлөргө (родентициддер), келемиштерге (ратициддер) жана канаттууларга (авициддер) каршы колдонулат.

## – И –

**Идиоадаптация** – организмдердин органдарынын түзүлүшүнүн функцияларынын өзгөрүшү менен өзгөчө шарттарга ыңгайлануу.

**Идиобласттар** – ткандардагы өзүнө таандык эмес клеткалар, булар формасы, функциялары жана башка касиеттери боюнча ткандын өз клеткалардын айырмаланат.

**Идиограмма** – кариограмманы кара.

**Идиосинкразия** – организмдин азык зат продуктыларынын айрым заттарына, психикалык – физикалык таасирлерге жогорку сезгичтиги, көбүнчө тубаса).

**Изогамета** – эки карама каршы жыныстык клетканын сырткы касиеттеринин бирдей болушу.

**Изогамия** – сырткы окшош (чоңдугу, кебетеси ж.б.) жыныстык клеткалардын (гаметалардын) кошулушу.

**Изоляция** – особдордун же алардын топторунун бири-биринен алысташы. Түр ичиндеги изоляция эволюциянын эң маанилүү фактору. Мисалы: КМШнын аймагында тыйын чыкандын 20 түрчөсү бар.

**Изомераза** – клеткаларда молекулалардагы өзгөрүүлөрдү катализдөөчү ферменттер классы.

**Изотоникалык эритмелер** – осмостук басымдары бирдей эритмелер.

**Изотоптор** – ядролорунун (ядро протондорунун саны бирдей, бирок нейтрондордун саны ар түрдүү) массалары боюнча айырмаланган бир эле химиялык элементтин атомдору. Жаратылышта туруктуу (стабилдүү), ош. эле радиоактивдүү изотоптор кездешет. Ядро реакциялары аркылуу жасалма радиоактивдүү изотоптор алынат, алардын миңдеген түрлөрү бизге белгилүү. Табиятта изотоптору бар химиялык элементтер же алардын бирикмелери илим жана технологияда белгиленген атом катары колдонулат, алардын жардамы аркылуу заттар белгиленет.

**Изоферменттер** – бир эле ферменттин физикалык – химиялык касиеттери боюнча айырмаланган түрлөрү.

**Ийне сайуу** же ийне терапиясы – рефлектордуу терапиянын бир ыкмасы, даарылоо максатында белгилүү точкаларды козгоп организмдин функцияларына таасир этет.

**Илеус** ичегилердин механикалык түрдө өткөрбөстүгү (ичегилерде таштардын, конкременттердин, чоң азык зат бөлүкчөлөрүнүн, гельминттердин түйдөкчөсү ж.б. болушу).

**Имаголук дискалар** – кээ бир омурткасыз (суудa жашоочу) жандыктардын личинкаларындагы болочокто жетилген организмдердин органдарын жаратуучу топтошкон клеткалар.

**Имаголошуу** – түйүлдүктүн, күмөндүн толук өсүп жетилүү үчүн өөрчүү процесстери.

**Имаго** – татаал жашоо цикли мүнөздүү муунак буттуу жаныбарлардын жекече өрчүшүндөгү акыркы стадия.

**Имбибиция** – суюктукта эриген заттардын ткандарга сиңиши.

**Иммиграция** – 1. Белгилүү бир жерге мурун кездешпеген организмдердин жайгашышы. 2. Гаструляциянын бир формасы.

**Иммобилизациялоо** – 1. Жаныбарларды ташууда, изилдөөдө, ветеринардык жардам көрсөтөөрдө химиялык заттар аркылуу убактылуу кыймылсыздандыруу. 2. Денесинин бир бөлүгүн дарылоо максатында, фиксирлөөдө катуу шак-шактарды, таңууларды коюу.

**Иммундоо** – мал организминде жасалма иммунитетти пайда кылуу. Иммундоо үчүн ар кандай микробдуу препараттар (гипериммундуу кан сары суусу, вакцина же антитоксиндер) колдонулат. Жасалма иммунитет активдүү жана пассивдүү түрлөргө бөлүнөт. Активдүү иммундоодо малдар антигендер менен эмделип, организмде антитело пайда кылат. Мында иммунитет бир нече күндөн кийин (5-14) пайда болуп, узак убакытка (6 айдан 1 жылга чейин) сакталат. Пассивдүү иммундоодон мурда ылаңдын ошол түрүнө иммунитети бар малдан алынган кан сары суусу же гамма – глобулин (б.а. даяр антителону) организмге куюлат. Пассивдүү иммундоо ылаң болтурбоону алдын алуу максатында жүргүзүлсө серопрофилактика, дарылоо максатында жүргүзүлсө серотерапия деп аталат.

**Иммундуу** – - иммунитети бар организм.

**Иммунитет** – тирүү организмдин ылаң козгогуч микробдун, алардын уулуу продуктуларынын таасирине туруштук берүү жөндөмү. Ал тубаса жана кийин пайда болгон иммунитетке бөлүнөт. Тубаса иммунитет тукумдан – тукумга өтүп, табыгый шарттарга кыйла туруктуу, ош. эле мал организминин биологиялык өзгөчөлүгүнө байланыштуу болот. Мисалы, уй чочко чумасы менен ылаңдабайт же тескерисинче. Жылкыга кара сан, чочкого көйнөк ылаңы жукпайт. Кийин пайда болгон иммунитет малда көп ылаңдагандан (табыгый) же вакцина менен иммундоодон (жасалма) пайда болот.

**Иммуногистохимия** – иммунологиялык кубулуштардын негизин түзгөн ткандагы химиялык процесстерди изилдөөчү иммунологиянын бөлүмү.

**Иммуноглобулиндер** – антителолордун активдүүлүгүн алып жүрүүчү адамдын жана жаныбарлардын организиминдеги белоктор.

**Иммунокомпетенттүү клеткалар** – антигендерди таанып билүүчү, аларга жооп кайтаруучу клеткалар (Т – лимфоциттер жана В – лимфоциттер).

**Иммунология** – иммунитет жөнүндөгү илим, организимдин чоочун антигендерге жооп кайтаруусундагы генетикалык, молекулярдык, клеткалык механизмдерин изилдейт.

**Иммуноморфология** – иммунитеттин клеткалык негизин изилдөөчү иммунологиянын бөлүмү. Иммунитеттин морфологиясы лимфоиддүү ткандагы клеткалардын (ретикулярдуу клеткалар, лимфоциттер, плазмалык клеткалар) трансформациясы менен мүнөздөлөт.

**Иммунопатология** – иммунологиялык гомеостаздын бузулушунун негизинде пайда болгон ооруларды изилдөөчү иммунологиянын бөлүмү. Иммунопатологиялык процесстер гуморалдуу жана клеткалык реакциялар менен байланыштуу.

**Иммунохимия** – иммунологиялык процесстердин химиялык негиздерин изилдөөчү иммунологиянын бөлүмү.

**Имплантация** – 1. Түйүлдүктү (мисалы: адамдыкын) жатындын ички бетине жайгаштыруу. 2. Трансплантация түшүнүгүнүн синоними.

**Импотенция** – эркек малдын тукум берүүгө жараксыздыгы. Ургаачы малдын кысыр калуу себептеринин бири. Импотенциянын 2 формасы: 1) эркек малдын куутка толук же жарым-жартылай жараксыздыгы; 2) эркек мал куутка нормалдуу катышып, бирок уругу тукум берүүгө жараксыз болот. Импотенциянын кыйла көп учуроочу себептери – рациондо белок, витамин, макро жана микроэлементтердин жетишсиздиги, моциондун жок болушу, борбордук нерв ситемасынын жана жыныс органдарынын оорушу, малдын карылыгы. Импотенция кээде тубаса да болушу мүмкүн. Дарылоо: симптомдук жана операциялык жол менен; гормон заттарын, дары каражаттарын колдонуу.

**Импринтинг** – жаныбарлардын бир нерсени катуу эске тутушу. Мисалы: жаңы эле пайда болгон балапан энесин көрүп эстеп калат.

**Инбентос** – көлмөлөрдүн түбүндө, грунтта жашоочу организмдер (мисалы: көбүнчө курттар).

**Инбридинг**– жакын тектүү организмди аргындаштыруу. Инбридингдин негизги формасы – өзүн-өзү уруктандыруу, инбридинг тукумдун бир калыпта (туруктуу) болушуна алып келет: инбридингде жуп чени (аА) боюнча гетерозиготалуу организм жарымы гетерозиготалуу (2Аа), ал эми 2-жарымы гомозиготалуу (1АА+1аа) тукум берет; экинчи гибриддик муунда гетерозиготалардын саны $(1/2)^2=1/4$, үчүнчү муунда – $(1/2)^3=1/4$, n – муунда – (1/2) болот. Өзү уруктанууда бардык гетерозиготалуу организмдердин ар бир кийинки муундарында мурда гетерозиготалуу абалдагы гендердин жарымы гомозиготалуу абалга өтөт. Өзү чаңдашуучу өсүмдүктөрдө (буудай, арпа, буурчак ж.б.) инбридинг – табыгый кубулуш. Кайчылаш чаңдашуучу өсүмдүктөрдө жана малда инбридинг мезгилинде зыяндуу рецессивдүү гендер гомозигота абалында организмди жарым – жартылай же толук өлүмгө учуратышы мүмкүн. Инбридингдин зыяндуу таасири, мисалы, жүгөрү менен картошка да (сабагы өспөй, түшүмү азаят) көп байкалат. Тоокту жыл сайын тектеш жупташтырууда жумуртка аз алынып, андан чыккан жөжө начар бо-

лот. Эки же андан көп тектеш линияны аргындаштырууда биринчи муунда гетерозис пайда болот. Азыр инбридинг синтездик селекцияда кеңири колдонулууда.

**Инвагинация** – гаструляциянын бир формасы.

**Инвазия** – тирүү организмде мите жандыктардын мителик – адамга, малга жана өсүмдүккө мителердин жугушу. Мителерге гельминт, кене, рак сымалдар, курт-кумурска ж.б. кирет. Организмге мителердин киришинен инвазия ооруулары пайда болот. Инвазиянын булагы – мителүү тоют, төшөлгө, колдонулган буюмдар, жайыт, көлмө ж.б. ош. эле ылаңдуу мал же илдеттүү өсүмдүк болушу мүмкүн. Мителер организмге тери аркылуу өтсө активдүү; тоют, суу ж.б. аркылуу кирсе пассивдүү инвазия деп аталат. Инвазия оорууларынын созулушу митенин жашашына жараша болот. Көпчүлүк мителер малдын организминде бир гана жолу көбөйүп, бир айдан 9 айга чейин жашайт. Айрымдары узакка, мисалы, фасциол курту кепшөөчү малдын организминде 12 жылга чейин жашайт. Организмдеги мите белгилүү биологиялык стадиядан өткөндөн кийин организмден өзү түшүп калат же кандайдыр таасирлердин натыйжасында (рациондуу өзгөрүү, ылаңдоо, даарылоо ж.б.) өлүп жок болот.

**Инверсия** – хромосомалардын кайра тизилишинин бир тиби.

**Ин виво** (лат. in vivo – жандуу жандыкта) – жандуу телодо, жандуу организмде.

**Ин витро** – тажрыйбалар, пробиркада жүргүзүлүччү байколор; жандуу организмде пайда болгон эмес.

**Инволюция** – 1) Организм, орган, ткандын тескери артты көздөй өнүгүшү (м: тууттан кийин жатындын кичирейиши), 2) Карыган кезде бардык жашоо процесстеринин басаңдашы.

**Ингаляция** – дарылануу максатында чачыраган дары затынын газын, бууларын дем алуу.

**Ингибитор** – 1. Химиялык реакциялардын жүрүшүн басаңдатуучу же токтотуучу зат. 2. Организмдин ошол эле, же башка түрдүн особдорунун өнүгүшүн басаңдатуучу затты бөлүп чыгаруусу. 3. Ферменттердин активдүүлүгүн токтотуучу жаратылыш, же синтетикалык заттар. 4. Кандайдыр бир татаал биологиялык процессти басаңдатуучу агент.

**Ингредиент** – татаал кошумча заттардын курамына кирүүчү дары же кошумча заттар.

**Индивидуум** – жашоонун элементардык бирдиги, жандуу материянын экземпляры, түргө мүнөздүү бардык белгилерге ээ. Эволюциялык мааниде – зигота, спора, гаметалардан, бүчүрдөн ж.б. пайда болгон жандык.

**Индивидуалдаштыруу** – ар бир жаныбардын айырмалануучу касиеттерин, өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен дарылоо.

**Индигестия** – тамак сиңирүүнүн бузулушу, тамак сиңирүү функциясынын жетишсиздиги, аш казан функциясынын бир аз бузулушу.

**Индикатор (түр – индикатор)** – чөйрөнүн, экосистеманын шарттарынын өзгөчөлүгүн чагылдырган түр. Индикатордун жардамы менен жакын коомдоштуктарды айырмалашат ж.б.у.с.

**Индифферентүү** – зыянсыз, нейтралдуу.

**Индуктор (эффектор)** – организмдин фермент бөлүп чыгарышын активдештирген курчаган чөйрөдөгү зат. Мисалы: бактериялардын.

**Индукция** – жээлигүү жана тизгинделүү процесстеринин өз ара аракети.

**Инженердик биология** – техникалык максаттарда биологиялык тармактардын жетишкендиктерин колдонуучу илимий тармактардын жыйындысы.

**Инициалдуу** – биринчилик, баштапкы.

**Инкапсуляция, инкапсулдаштыруу** – организмдин тегерегинде пайда болгон былжырлуу, катуу кабыкча. Мисалы: капсулалуу бактериялар, айрым мителердин жумурткалары.

**Инквилиндер** – жуундукорлор, кожоюнунун даярдап койгон ашы, жеми менен тамактануучу жандыктар.

**Инкрет** – орган же ткандын кан жана лимфага бөлүп чыгарган заты.

**Инкрустация** – заара, заара кычкыл туздардын өлгөн ткань менен байланышып, ага сиңиши.

**Инкубация** – 1. Канаттуулардын, сойлоп жүрүүчүлөрдүн жумуртка түйүлдүктөрүнүн өнүгүү мезгили. 2. Инкубатордо жибек–курттарын чыгаруу. 3. Балыктардын уруктанган жумурткаларын көлмөдө кармоо. 4. Организмде ооруу козгоочу жандыктардын жашыруун көбөйүшү.

**Инкубациялык же латентүү мезгил** – жугуштуу оорунун баштапкы жашыруун мезгили, ооруну козгоочу организмге киргенден баштап биринчи клиникалык белгилердин пайда болушуна чейинки мезгил.

**Инкурабилдүүлүк** – пациентти айыгып кетет же денсоолугу калыбына келет дегенди жокко чыгаруу.

**Иннервация** – нервдер аркылуу органдардын борбордук нерв системасы менен байланышы.

**Инокуляция** – жандуу микроорганизмдерди, сары суу, же башка заттарды өсүмдүк, жаныбар (адамдын) тканына, азык зат чөйрөсүнө, топуракка кийирүү. Лабораторияда Петри идишине себүү менен ишке ашырылат.

**Иноперабелдүү** – операцияга болбойт, операция жолу менен айыкпайт дегендик.

**Инсайт** – жаныбарлардын аң-сезимдүү иш аракеттери, түшүнүксүз инстинктери. Мисалы: балта жутаардын бийиктиктен таш ыргытып таш баканы өлтүрүшү ж.б..

**Инсектицид** – айыл чарба өсүмдүктөрүнө зыянкеч курт-кумурскаларды жок кылууда колдонулуучу химиялык зат. Инсектициддин зыянкеч курт-кумурсканын организмине кирүү жолдоруна жараша 4 топко бөлүнөт: ичеги – карын инсектициддери оозу аркылуу кирет; бул инсектициддер мышьяктын органикалык эмес бирикмелери, кремний фториди жана металл фториди, тиодифениламин жана атайын каражаттардан (эйлан, митин, ирган ж.б.) турат; териси аркылуу өтүүчү инсектициддерге фосфор, хлор, азот жана күкүрттүн органикалык бирикмелери, пиретрин жана пиретроиддер кирет; системалуу же ичте өсүүчү инсектициддерди (метилмеркаптофос, фосфамид ж.б.) курт-кумурскалар азыктанганда өсүмдүктүн тамыры жана жалбырагы менен кошо жутат; фумиганттар же дем алуу инсектициддери (гексохлорбутадиен, дихлофос ж.б.) курт-кумурсканын организминде буу же газ абалында кекиртек аркылуу дем алуу учурунда кирет. Инсектициддер эмульсия, дуст, аэрозоль, суюктук, карандаш, таблетка, нымдалышма күкүм ж.б. түрүндө чыгарылат. Инсектициддердин адамга жана малга зыяндуу таасиринен сак болуу үчүн аларды колдонууда коопсуздук эрежелерин так сактоо зарыл.

**Инсоляция** – күн нурлары менен нурландыруу

**Инспирация** – дем алууда өпкөнү аба менен толтуруу, дем алуунун биринчи фазасы.

**Инстинкт** – тубаса, эволюциялык жол менен калыптанган жаныбардын белгилүү бир түрүнө мүнөздүү келген жүрүм-турумдун ыңгайлануу формасы. Тукум куучулук татаал реакциялардын жыйындысы менен коштолот. Биологиялык мааниси боюнча: тамак-аш издөө, коргонуу, жыныстык, балдарына кам көрүү, үйүр инстинктери деп айырмаланышат.

**Инсульт** – мээдеги кан айлануунун кокусунан бузулушу.

**Интеграция** – баштапкы онтогенезде генетикалык жактан бир типтүү клеткалардын кошулуу процесси жана алардын ирээттүү түрдө бөлүштүрүлүшү. Мисалы: экзодерма, мезодерма, эндодерма.

**Интеркинез** – мейоз I менен мейоз II ортосундагы аралык. Интерфазадан айырмасы интеркинезде ДНК эки эселенбейт.

**Интермиссия** – 1) Убактылуу белгилердин токтошу, төмөндөшү м: температуранын төмөндөшү. 2) Ооруда эки жолу кармаган талманын ортосундагы аралык.

**Интерорецепторлор** – организмдин ички чөйрөсүндө физикалык, химиялык ж.б. таасирлерге сезгич келген нерв талчалары.

**Интерстиалдуу** – ичегиге таандык.

**Интерстиций клеткалары** же аралык клеткалар – органдарда, ткандарда паренхима клеткаларынын ортосундагы боштукту толтурган клеткалар.

**Интерфаза** – клетканын бөлүнүүлөрүнүн ортосундагы аралык.

**Интерференция** – бир түрдүн же жакын түрлөрдүн особдорунун байланыштары көбүнчө жагымсыз. Мисалы: көбөйүшүнүн төмөндөшү. Синоними конкуренция.

**Интерферон** – сүт эмүүчүлөрдүн, канаттуулардын клеткалары вирустарга каршы бөлүп чыгарган коргоочу белок.

**Интерьер** – интерьер айбандын мүчөлөрүнүн ички түзүлүүшү.

**Интоксикация** – организмдин ууланышы.

**Интраваскулярдуу анестезия** – канга ооруну сездирбөөчү заттарды куйгандагы сезгичтиктин жоголушу.

**Интразоналдуулук** – кандайдыр бир жаратылыш обьектилеринин (саз, ландшафт ж.б.) бир, же бир канча ландшафтык аймакта болушу.

**Интранаталдуу мезгил** – жашоого жаңы келген организмдин толгоо башталгандан баштап туулганга чейинки мезгили.

**Интродукция** – интродукция өсүмдүктөрдүн жана айбанаттын жаңы жерлерге байырлануусундагы башталгыч фаза. 1. Кандайдыр бир түрдүн особдорун ареалынан тышкары алып чыгуу. 2. Кандайдыр бир чоочун түрдү жергиликтүү жаратылыш комплексине ийгиликтүү жайгаштыруу. 3. Өсүмдүктөрдүн маданий сортторун мурда өспөгөн жерлерге өстүрүү.

**Интродуцент** – белгилүү бир аймактагы жаңы организм.

**Инфауна** – инфауна; суу түбүндө көмүлүп жашоочу жандыктар; дарыялардын, көлдөрдүн, көлмөлөрдүн түбүндө жашоочу суу жаныбарларынын жыйындысы, бентостун негизги бөлүгү.

**Инфильтрация** – организмдин ткандарына биологиялык суюктуктардын өтүүсү, чыпкалануу процесси (кан, лимфа ж.б.). Физиологиялык инфильтрация – тимустун, лимфа түйүндөрүнүн калыптанышында байкалат. Патологиялык инфильтрация – сезгенүү ооруларынын өнүгүшүндө ж.б.

**Информосома** – эукариоттуу организмде, клетка ичиндеги белоктун биосинтезине катышуучу бөлүкчө.

**Инцистирлөө** – бир клеткалуу жана айрым көп клеткалуу организмдерде катуу кабыкчанын (цистанын) пайда болушу.

**Инцистирование** – инцисталануу, ыйлаактануу; жандыктардын чел менен капталышы.

**Инцух** – жакын уруудагы өсүмдүктөрдүн формаларын аргындаштыруу.

**Иньекция** – дары куюу – дары эритмелерин аз өлчөмдө ткандарга, дене көндөйлөрүнө, кан тамырга, булчуңга, тери астына ж.б. куюу. Иньекция ичиргенге караганда тез таасир тийгизип, жакшы натыйжа берет. Иньекция үчүн ар кандай ийне, шприцтер, Бобров аппараты ж.б. колдонулат. Ветеринарияда малдын терисине, тери астына, булчуңга, муунга, кээде венага, сөөккө, курсакка, жүлүнгө ж.б. иньекция жасалат.

**Ипология** (hippos – жылкы жана логия) – жылкы жөнүндөгү илим. Иппология боюнча алгычкы эмгектер б. з. ч. жүздөгөн жыл мурда пайда болуп,

негизинен жылкынын сымбаты, жүрүшү жана аны пайдалануу жөнүндөгү маалыматтарды камтыган. Кийинчерээк иппология кеңейип, 20-кылымдын башталышында жылкынын келип чыгышы жана эволюциясы, анатомиясы, физиологиясы, тукумдоо биологиясы, порода түзүүсү, тоюттандыруу, багуу, ат спорту ж.б. бөлүмдөрү ачылган. Иппология боюнча азыркы азыркы кездеги кыйла толук жыйнактар – 5 томдуу «Жылкы жөнүндө китеп» (С.М. Буденныйдын редакциясында, 1952-60-жж.), «Жылкы чарбасы жана ат спорту» (1972ж.). Иппологиянын маселелери илимий тармак катары жылкы чарбасынын негизин түзөт.

**Иррадиация** – 1. Борбордук нерв системасында дүүлүгүү, тормоздолуу процесстеринин таралышы. 2. Ооруу сезиминин таралышы.

**Ирригация** – айыл чарбасында ным жетишсиз жерге суу жеткирүү жана топурактын өсүмдүк тамыры таралган катмарына ным запасын көбөйтүү; меллиорациянын бир түрү, сугат деп аталат.

**Ихтиология** – ихтиология балыктар жөнүндө илим, зоологиянын бир бөлүгү; зоологиянын балык изилдөө бөлүмү; тирүү организм катары балыкты, анын сырткы жана ички түзүлүшүн, жашоо өзгөчөлүгүн (азыктанышы, көбөйүшү, миграциясы ж.б.), өзүнчө (онтогенез) жана тарыхый (эволюциясы же филогенез) өнүгүүсүн, таралышын, систематикасын изилдейт.

**Ихтиофауна** – ихтиофауна; белгилүү бир суу аймагынын балыктарынын баарысы; кандайдыр бир көлмөдө балыктардын түрлөрүнүн жана тегерек ооздуулардын жыйындысы.

**Ихтиофтириоз** – көлмө балыктарынын (каңылтыр, таман балык, сазан ж.б.) көп түрлөрүнүн өтө коркунучтуу инвазия ылаңы. Ылаңды инфузория козгойт. Таза балыкка ылаңдуу балыктан жугат. Ылаң массалык түрдө апрель – июнда байкалат, балыктын терисинде, бакалоорунда жана көзүнүн тунук челинде диаметри 1 мм болгон ак бүдүрлөр пайда болот. Ылаңдуу балык көп сүзбөй, жээкке чукулдап, сырткы таасирди көп сезбейт. Көп учурда көздүн тунук чели сезгенип, көрбөй калат. Дарылоо: туздуу ванна жана митеге каршы химиялык заттары колдонулат.

**Ихтиоцид** – кереги жок балыктарды өлтүрүү максатында колдонуучу зат.

**Ич көбүү малда** – кепшөөчү малдын карынына же ичегисине жел өтүп калуудан пайда болуучу ылаң. Көбүнчө уй ылаңдайт. Ылаң айрым учурда катуу кармайт, кээде өнөкөт түрүндө болот. Катуу кармаган түрү мал ачыган же бузулган тоютту тоюп жегенде, кургак тоюттан чыктуу тоютка өткөндө, колдо багуудан жайытка чыгарылганда, өнөкөт түрү ичеги – карын, боор ооруусунун таасиринен улам пайда болот. Тез пайда болгон жел карынды көптүрүп, анын иштешин бузат, ички кан тамырларды, диафрагманы кысып, малдын дем алышын, кан айланышын басаңдатат. Мал кепшебей, чабалактайт, демигет. Убагында жардам көрсөтүлбөсө өлүмгө

учурайт. Дарылоо: карынга жел чыгаруучу зонд киргизип, ич көптүрбөөчү дары (ихтиол, формалин ж.б.) куюу. Айрым оор учурда троакар менен карынды тешип, жел чыгарылат. Алдын алуу: кепшөөчү малды тоюттандыруу эрежесин так сактоо.

**Ички секреция** – атайы адистештирилген бездүү клеткалардын – биологиялык активдүү заттарды (гормондорду) клеткалык кабыкча аркылуу клетка аралык затка бөлүп чыгаруу, клетка аралык заттан канга өтөт.

**Ички чөйрөнүн ткандары** – трофикалык процесстерге, коргоочу, механикалык таяныч функцияларына катышуучу, организмдин гомеостазынын, клетка аралык затынын химиялык коллоиддик составын тейлөөчү ткандардын тобу.

## – К –

**К – авитаминозу** К витамининин жетишсиздигинен пайда болот. Кандын уюшу төмөндөп, ткань, органдарда кандын агышы байкалат.

**Каверна** – некроз болгондо ткань бузулуп органдарда көңдөй пайда болот. Туберкулездо, актиномикоздо ж.б. пайда болот.

**Кадастр** – обьектилердин, же кубулуштардын экологиялык – социалдык – экономикалык баалуулугун чагылдырган сандык жана сапаттык сүрөттөп жазуулардын системалык көрсөткүчтөрү. Физикалык-географиялык мүнөздөмөсүн, классификациясын, динамикасын ж.б. камтыйт.

**Каз амидостомозу** – каздын жумуру мите курт пайда кылуучу жугуштуу ылаңы. Ылаң козгогучу – Amidostomum anseris Zeder. Уз. 9,6 – 20,3 мм. Ургаачы мите курт каздын бөтөгөсүнө жумуртка таштайт, ал каз кыгы менен кошо сыртка чыгып, андан инвазиялуу личинкага айланат. Личинканы каз жем менен кошо жутканда бөтөгөгө кайра келип 17-22 күндөн кийин чоң мите куртка айланат. Личинка бөтөгөнүн былжыр челин кабылдатып, казды өлүмгө учуратат. Өзгөчө каздын жөжөлөрү көп ылаңдайт. Ылаңдуу каз жем жебей, оттобой арыктайт. Даарылоо үчүн төрт хлорлуу углевод, пиперазин колдонулат. Алдын алуу: каздын жайытын улам которуп, туура тоютандыруу, каз багылуучу жайларды күндө тазалоо.

**Казеин** – казеин; сүттөгү белок заттардын бири.сүттүн фосфопротеиддеринин гетерогендүү группасы, баалуу азык зат белокторунун бири, составында алмаштырылгыс бардык аминокислоталар болот; азык зат фосфор, кальцийинин булагы.

**Казеоздуу** – быштактуу, быштакка окшош.

**Кайназой** – геохронологиялык таблицаны кара.

**Каламиструм** – каламиструм; жөргөмүштөрдүн арткы буттарынын учундагы кату кылкандар, булары менен желесин челдешет.

**Калий жер семирткичтери** – өсүмдүктүн азыктанышына керектелүүчү калийлүү минерал заттар. Алар көбүнчө туз, күкүрт жана көмүр кычкылдарынын (кээде башка кошундулары да бар) туздары. Калий жер семирткичтери калий туздары бар тоо тектеринен алынат. Калий жер семирткичтери азот, фосфор жер семирткичтери менен бирдикте колдонулуп, чым көңдүү, чополуу, кумдак жерлерде жакшы натыйжа берет. Картошка, жашылча, кант кызылча, чабынды тоют өсүмдүктөрү, тамеки калийди көп керектейт. Калий жер семирткичтери негизинен жер семирткич катары күзгү же жазгы айдоодо пайдаланылат.

**Калимма** – калима; жалгыз клеткалуу танаптуулар жандыктарынын цитоплазмасындагы былжырдуу катмар.

**Калиптопис** – калиптопис ; эвфаузий рак сымалдууларынын личинкасынын бир стадиясы.

**Калор** – жылуулук, ысык.

**Калориметрия** – калориметрия; организмден бөлүнүп чычкан жылуулукту өлчөө.

**Калория** – 1.калория; 2. жылуулук бирдиги; организм бөлүп чыгарган жылуулук.

**Калориялуулук** – азык зат продуктыларынын энергетикалык баалуулугу, организмде азык заттар ажыраганда бөлүнүп чыгат.

**Калтыратма** – жылуу кандуу организмдердин эволюция процессинде иштелип чыккан коргоочу – көндүм реакциясы. Ылаңдаган малдын температурасы нормалдуу эмес көтөрүлөт. Организмдин жылуулук жөндөгүчү бузулганда пайда болот. Калтыратманы микробдор, алардын уулары, белоктун майда бөлүкчөлөрү, лейкоциттер жана жогорку молекулярдык заттар ж.б. козгойт. Калтыратма үч стадияда өтөт: температуранын жогорулашы; температуранын өтө жогорулашы, температуранын төмөндөшү. Калтыратма ылаңы узакка созулса малдын организми өтө начарлап, андагы белок, витамин ж.б. азык заттар кескин азаят; арыктап, дистрофиялык өзгөрүүлөргө, жүрөк, нерв ооруларына дуушар болот. Ошондуктан температураны төмөндөтүүчү дары-дармектерди өз учурунда колдонуу зарыл.

**Кальциноз** – кальций туздарынын ткандарда, патологиялык очоктордо топтолушу.

**Кальциурия** – кальций туздарынын заара менен бөлүнүп чыгышы.

**Калямус** – калямус; сегиз буттуу жандыктардын (спруттардын) эркектик жыныс органындагы кыска «сөөмөй»

**Камбий** – негизинен эки үлүштүү, жылаңач уруктуу өсүмдүктөрдүн сабактарында, тамырларындагы түзүүчү тканынын бир катардуу клеткалардан турган катмары.

**Камедь** – коюу, бат катып калуучу шире, көпчүлүк дарактардын тышкы кабыкчасы жабыркаганда байкалат.

**Камеростома** – кенелердин чопкутунда ооз органдары жашынуучу чункур.

**Камуфляж** – айбандардын жашынышынын бир ыкмасы.

**Кан** – кишинин жана жаныбарлардын кан жүрүү системасында айлануучу «суюк ткань», тутумдаштыргыч ткандын бир түрү, 55% – плазма, 45% – клеткалык элементтерден турат, канды гемотология илими изилдейт. Кан организмде башка ткань, клеткалардын жашап, өз функциясын аткрышын камсыз кылат. Ташуучу, азыктандыруучу, дем алдыруучу коргоочу ж.б. функцияларды аткарат.

**Кан айлануу** – жогорку түзүлүштөгү жаныбарларда, адамда кан тамырлар боюнча кандын жылышы. Жүрөктүн иштешин жөнгө салат.

**Канал** – органдарга суюктук өтүп тура турган жол.

**Кан анализи** – кандын физикалык химиялык касиетин (түсүн, салыштырмалуу салмагын, илээшкектигин, РНты, уюу ылдамдыгын, эритроциттердин чөгүү реакциясын ж.б.), химиялык составын (белок, калдык азот, амин кислоталары, гемоглобин, кант, билирубин, туз, фермент, витамин, гормондорду ж.б.) кан денечелеринин (эритроцит, лейкоцит, тромбоциттердин) түзүлүш өзгөчөлүктөрүн жана 1 мм$^3$ кандагы санын изилдеп аныктоо. Атайын көрсөткүчтөр боюнча кан жугуштуу жана инвазиялуу ыландардын козгогучтарына карата изилденет.

**Канакулит** – жаш баштыкчалары сезгенгенде, коньюктивитке чалдыкканда жаш каналчаларынын сезгениши.

**Канаттуулар базары** – суу чөйрөсү менен байланыштуу канаттуулар колониясынын жайгашуусу (ак чардактар, пингвиндер ж.б.). К.б. Түндүк муз океанын жана алыскы чыгыштын түндүк батыш жээктеринде кеңири таралган.

**Кандын кызыл бүртүкчөлөрү** – абанын кычкылтегин кармап, организмге жеткирүүчү кандын клеткалары.

**Канды пайда кылуу** – кандын формалык элементтеринин (эритроцит, лейкоцит, тромбоцит) пайда болушу, өнүгүшү, калыптанышы.

**Каннибализм** – түрдүн ичиндеги особдордун бири – бирин жеп коюшу. Мисалы: ун коңуздары өзүлөрүнүн жумурткаларын, балыктар өзүлөрүнүн чабактарын, көл бакасы – көнөк баштарын жеп коюшат ж.б.у.с. Каннибализм особдордун санынын көп болушу, тамак аштын, суунун жетишсиздиги менен байланыштуу.

**Канцерогендер** – жаман сапаттагы шишиктерди пайда кылуучу заттар, же физикалык агенттер.

**Кап** – дарактардын көбүнчө өркүндөрү жыш өскөн жерлеринде, бутактарында, тамырларында пайда болгон өсүндү.

**Капилярлар** – 1. Артериялык жана веноздук системаны бириктирүүчү кан тамырлар. 2. Майда лимфа тамырлары.

**Капкан** – аң уулоочулукта аң кармоо үчүн колдонулуучу аспап.

**Капролиттер** – байыркы айбандардын таш болуп калган тезектери.

**Капсула** – 1. Жаныбардын кандайдыр бир органын, дене бөлүгүн жаап туруучу кабыкча. Мисалы: боордун капсуласы, бөйрөктүн капсуласы, ошондой эле патологиялык нерсе мисалы: трихинеллез капсуласы ж.б. 2. Капсулалуу бактериялардын, айрым микроорганизмдердин былжырлуу кабыкчасы. 3. Бөйрөк капсуласы – нефридий түтүкчөлөрүнүн учтары.

**Карантин** – эскертүүнү камсыз кылуучу мамлекеттик же жергиликтүү иш чараларынын системасы: 1. инфекциялык оорулардын таралышынын негизинде кирүүгө, чыгууга тыюу салынат. 2. жерлерде мисалы: корунучтуу жаныбарлардын түрлөрүнүн пайда болушу.

**Карапакс** – ташпаканын жонундагы чопкуту.

**Каратиноиддер** – өсүмдүк жана айрым жаныбарлар тканында кездешүүчү кызыл, сары, сары-кызгылт түстөгү пигменттер.

**Карбункул** – теринин, тери алдындагы клетчатканын ириңге толгон сезгенүүсү. Чач баштыкчаларына, май bездерине бактериялар кирип сезгентет.

**Кардиосклероз** – жүрөк булчуңунун патологиялык абалы.

**Кариес** – сөөк тканынын, же тиштин акырындап бузулушу.

**Кариогамия** – кариотиптин толук сүрөтү. Кариограмманын жардамы менен айрым хромосомалык ооруларды аныкташат.

**Кариокинез** – митозду кара.

**Кариология** – клетканын ядросун, анын эволюциясын изилдөөчү цитологиянын бир бөлүгү.

**Кариоплазма** – гомогендүү зат, ядронун структуралары жайгашат.

**Кариолизис** – ядронун эриши.

**Кариопикноз** – ядронун бүрүшүүсү.

**Кариорексис** – ядронун үзүлүшү.

**Кариосистематика** – ар кандай топтогу организмдердин ядролук структураларын изилдөөчү биологиялык систематиканын бир бөлүгү.

**Кариотип** – организмдин сомалык клеткаларындагы хромосомалардын диплоиддик жыйнагы.

**Каротин** – каротиноид тобундагы сары – кызгылт пигмент; өсүмдүктөр, айрым микроорганизмдер синтездейт; сабизде, ит мурунда, жашыл жалбырактарда ж.б. болот.

**Каротиноиддер** – саргыч түстөгү табыгый пигмет, боек заттар.

**Карпология** – мөмөлөрдү, уруктарды изилдөөчү өсүмдүктөрдүн морфологиясынын бир бөлүгү.

**Карын** – жаныбарлардын жана кишинин тамак сиңирүү түтүгүнүн кызыл өңгөчтөн кийинки кеңейген бөлүгү. Тамакты чогултуу, физикалык жана химиялык иштетүү, аны ичегиге жылдыруу милдетин аткарат. Жылкы, чоч-

ко, ит, жырткыч айбанаттардын карыны бир камералуу. Уй, кой, эчкинин карыны көп камералуу – чоң карын, чөйчөк карын, тогуз кат жана жумур бөлүктөрүнөн турат.

**Карциноид** – ракка окшош келген бронха же ичегидеги шишик.

**Карцинология** – рак сымалдууларды изилдөөчү зоологиянын бир бөлүгү.

**Кастрация** 1. Жыныс бездерин алып салуу. Мал чарбасында малды бат семиртүү, эттин сапатын жакшы кылуу максатында ишке ашырылат.

2. Мителердин негизинде жыныс органдарынын жетилбей калышы.

**Катаболизм** – азык заттардын ажырашы, метоболизмдин чыгымдуу бөлүгүн түзгөн физиологиялык – биохимиялык процесс.

**Катагенез** – туруктуу жана жөнөкөй шарттарга ыңгайланган организмдин түзүлүшүнүн, жашоо өзгөчөлүгүнүн жөнөкөйлөнүшү.

**Каталаза** – оксиредуктаза классындагы эң маанилүү фермент, ткандык дем алуудагы биологиялык кычкылдануу процессинде пайда болгон токсиндүү суутектин перекисинин ажырашын катализдайт.

**Каталепсия** же селейүү – табигый абалдан бөтөнчө былк этпей калуу өз абалына келе албай булчундардын карышып, катып калуусу.

**Катализатор** – химиялык реакциялардын ылдамдыгын тездетүүчү заттар.

**Катамнез** – оорулуу айыккандан кийин ооруну изилдөө, сүрөттөө; оорулууга жүргүзүлгөн байкоолорду жыйынтыктоо.

**Катаморфоз** – катагенездин негизинде айрым органдардын, ситемалардын редукцияланышы.

**Катаробионт** – булганбаган таза, эриген кычкылтеги көп, муздак сууда жашоочу организм. Мисалы: форель.

**Каудалдуу** – арткы бөлүгүнө жакын жайгашуу.

**Каулифлория** – дарактын сөңгөгүндө, жоон бутактарында гүлдөрдүн, андан кийин мөмөлөрдүн өнүгүшү. Тропикалык дарактарга мүнөздүү. Мисалы: какао, курма ж.б.

**Каутеризация** – дарылоо максатында дененин белигилүү бир бөлүгүн күйгүзүү (термикалык, химиялык, электрдик).

**Кахексия** же арыктоо – организмдин бардык мүчөлөрү, органдары кичирейип, шылпыйып, функцияларынын абдан начарлоосу.

**Кейлондор** – төмөнкү молекулярдуу белоктор же гликопротеиддер, клеткалардын бөлүнүшүн же ДНКнын синтезин басаңдатуучулар.

**Кежен,** брадзот же секиртме – койдун катуу кармоочу жугуштуу ыланы. Мында жумурдун былжыр чели жана ички органдар (жүрөк, боор, бөйрөк) жабыркайт. Ыландуу кой өлүп, эти былжырап кетет. Козгогучу – спора пайда кылуучу жана денеде уу зат бөлүп чыгаруучу микробу. Ылаңга көбүнчө соолук кой, 2-3 жумалык козу, кээде ирик, кочкор чалдыгат. Ылаң

жылдын бардык мезгилинде, көбүнчө суук маалда пайда болот. Көп учурда өтө тез өтөт, ыландуу кой жыгылып, калтырайт, көзү кызарып, ичи көбөт, тишин кычыратып, 20-30 мин ичинде өлөт. Ылаң создугуп өткөндө кой чөп жебей, темп-сы көтөрүлүп, оозунан көбүктүү кан аралаш шилекей куюлат. Өтө тез өткөн түрүн дарылоо натыйжа бербейт. Узакка созулганда атайын даярдалган кан сары суусу, антибиотиктер колдонулат. Алдын алуу тазалыгына көз салуу, койго майда булганч көлмөлөрдөн суу ичирбөө, ылаң чыккан жерде козуларды 3-4 айлыгынан баштап жайлоого чыгардан 35 – 40 күн мурда эмдөө.

**Кепшөө** – кепшөөчү айбанаттарга мүнөздүү физиологиялык процесс; жеген тоютту кулгуп, кайра чайноо. Мал кепшөөнүн натыйжасында кесек тоютту жакшы сиңирет. Кулгуганда карындан кайра чыккан тоют ооздо шилекейленип, кайра жутулат. Кулгуу, чайноо жана кайра жутуу 40-50 мин. ичинде бир нече жолу кайталанат. Малдын кепшөөсү 40-50 мин. созулуп, суткасына 6-10 жолу кайталанат. Малдын кепшебей калышы – анын ылаңдап калгандыгынын белгиси.

**Кератин** – склеропротеиддер группасындагы белоктор, эпителиалдуу ткандарда өзгөчө теринин сырткы бөлүктөрүндө п.б. жана чач, тырмак, мүйүз ж.б.у.с. негизин түзөт.

**Кератит** – көздүн тунарып, кызарып, ооруп сезгениши.

**Кератофаг** – мүйүздүү зат менен тамактануучу организм. Мүйүздү айрым микроорганизмдер талкалайт, мүйүз менен, мисалы: кемирүүчүлөр тамактанат.

**Кесарев тилүүсү** – ар кандай себептерге байланыштуу эне өзү төрөй албагандыгынан айла жок ичти, жатынды кесип баланы алып чыгуу жана эненин дагы өмүрүн сактап калуу.

**Кетгут** – майда ийри мүйүздүү малдын ичке ичегисинин бетинен жасалуучу, операцияда колдонулуучу жамоочу материал.

**Кефалдануу** – жандыктардын филогенезинде башжаралуу процессии.

**Киназа** – АТФтен фосфаттын суугa ташылышы, гидроксилдүү, карбоксилдүү, амиддүү группаларды катализдөөчү фермент.

**Кинезистер** – муунак буттуу жандыктардын жер тандоо кыймылдары.

**Кинетонуклеус** – трипаносомаларга таандык бир бүртүкчө.

**Кинетопласт** – трипанасоманын чыбырткысынын түбүндөгү ири бүртүкчө.

**Кинология** – иттер жөнүндө илим.

**Киноплазма** – кыймылдап, куюлушуп турган плазма.

**Кирич** – курсактын ички көңдөйүн, ички оргaндардын сырткы бетин каптап турган чел

**Киста** – ар кандай орган, ткандарда пайда болуучу көңдөй. Көңдөй бетинен жана ичиндеги нерседен турат.

**Кифоз** – омуртка тутумунун ийилген жери; адамда нормалдуу кифоз – көкүрөк жана чычаң бөлүктөрү.

**Кладодий** – жалбырактардын функциясын аткаруучу түрүн өзгөрткөн сабак. Мисалы: спаржа.

**Класс** – белгилери жана тектери жакын түрлөрдү, тукумдарды, түркүмдүөрдү, бириктирип турган бир чоң биологиялык топ.

**Классификация** – жандуу организмдердин жыйындысын иерархиялык топторго шарттуу түрдө бөлүштүрүү.

**Клаузилий** – кургактагы үлүлдөрдүн кабыгынын оозун жабуучу клапан.

**Клейдесдаль** – оор жук ташуучу жылкынын (көлүктүн) асыл тукуму.

**Клейстогамия** – ачылбаган гүлдөрдөгү өзүн – өзү чаңдаштыруу, өзүн – өзү уруктандыруу.

**Клетка** – эң жөнөкөй тирүү система; бардык тирүү организмдин (жаныбарлар жана өсүмдүктөрдүн) түзүлүшүн, тиричилигинин негизи. Клетканы изилдөөчү илим – цитология. Клетка бир клеткалуу өсүмдүк жана жаныбарлар түрүндө өз алдынча же көп клеткалуу организмдин эң жөнөкөй бөлүкчөсү катары жашайт. Ткань клеткалары организмде белгилүү кызматты аткарууга ылайыкталышы менен бири биринен айырмаланышат. Бирок бардык клеткалардын түзүлүшүндө, тиричилик аракеттеринде окшоштук бар. Клетка ядро жана цитоплазмадан түзүлүп, сыртынан белок жана липоид затынан турган кабык – клетка мембранасы менен капталган. Цитоплазма – коймолжун суюктук менен толуп, анда ар кандай кызмат аткаруучу структуралык элементтер – органоиддер (митохондрия, Гольдж аппараты, эндоплазмалык тор, рибосома, кдеткалык борбор, пластидалар ж.б.) жайгашкан. Клетканын ядросу ядролук ширеден, ядрочодон, хромосомадан турат жана сыртынан эки катмар мембрана менен капталган. Клетка негизинен митоздук бөлүнүү жолу менен көбөйөт. Мында ядро менен цитоплазма татаал өзгөрүүлөрдүн натыйжасында экиге тең бөлүнөт.

**Клетканын мембранасы** – клетканы сыртынан каптап жана ичиндеги структураларды бири биринен бөлүп турган эң жука чел.

**Клетка чели** – клетканы сыртынан каптап турган жука чел.

**Клетка ядросу** – клетканын ичиндеги чымыр бүртүк; мында хромосомалар жатат.

**Клетчатка** же целлюлоза; углеводдуу заттардын бир түрү.

**Клизма** – ыланды аныктоо жана дарылоо максатында малдын ичине дары ж.б. суюктук куюу. Клизма малдын ичиндеги катуу кыгын суюлтуп, ичегинин жыйрылуу, суюктук бөлүү функциясын жакшыртат. Муздак клизма ичеги булчунунун жыйрылганын азайтып, ооруусун басаңдатат. Тазалоочу, жумшартуучу, дарылоочу, диагностикалык, ичегиге түс берүүчү

(ичегинин рентгенген тартаарда), азыктандыруучу клизма түлөрүнө бөлүнөт. Клизма малдын бардык түрүнө жасалат.

**Климакс** – 1. Экология жана геоботаникадагы – экосистемалардын акыркы туруктуу абалы. 2. Жаш өткөн сайын жыныстык функциялардын начарлашы, токтошу.

**Климактерий** – ургаачы организмдин репродуктивдүү өзгөчөлүгүнүн токтошу.

**Климатоп** – аба, же суу чөйрөлөрүнүн физикалык, химиялык мүнөздөмөлөрүнүн айкалышы, ал чөйрөдө жашаган организмдерге мүнөздүү.

**Клиника** – окуу жана илимий максаттагы дарылоо мекемеси.

**Клитор** же тилчик – желиндүү айбандардын ургаачысынын сырткы жыныстык бөлүгүндөгү орган.

**Клоака** – омурткалуу айбандардын кыйласынын арткы ичегисинин кеңиген учу.

**Клоакалык камера** – кош капкалуу моллюскалардын органы.

**Клоакалык көңдөй** – челдүүлөр тибиндеги колониялуу жандыктардын органы.

**Книдоциль** – сайгыч клеткалардын сырткы бетиндеги сезгич түк.

**Клоацит** – клоаканын былжырлуу кабыкчасынын өнөкөттүү сезгениши (өрдөктөрдө, тооктордо жумуртка таштоо мезгилинде байкалат).

**Клон** – 1.Жыныссыз көбөйүүнүн натыйжасында пайда болгон өсүмдүктөрдүн, же жаныбарлардын генетикалык жактан окшош тукумдары.

2.Өсүмдүктөрдүн селекциясында клон – бир өсүмдүктүн тукуму (пиязча, тамырча, чырпыктары ж.б. көбөйүшөт). 3.Микробиологияда – бир клетканын тукуму. 4.Митоздун натыйжасында пайда болгон клеткалардын жыйындысы – ткань.

**Коагуляция,** же уюуу, мис. кандын уюшу.

**Коадаптация** – эволюциянын жүрүшүндөгү ыңгайлануу: 1. чогуу жашоочу жандыктардын ыңгайланышы. Мисалы: курт-кумурскалар өсүмдүктөрдү чаңдаштырат, ал эми өсүмдүктөр курт – кумурскаларга көз каранды. 2. бир особдун органдарынын ыңгайлануусу.

**Кобротоксин** – жыландардын уулу заттарынын бири.

**Козголгучтук** – клетка, ткань жана бүтүндөй организмдин тышкы жана ички чөйрөнүн факторлорунун жооп кайтаруу касиети.

**Козгогуч** – организмдин физиологиялык абалын өзгөртүп туруучу кандайдыр бир тышкы же ички чөйрөнүн фактору.

**Коацерваттар** – эритменин башка бөлүктөрүнө караганда жогору коллоидүү концентрацияга ээ тамчылар.

**Кодон (триплет)** – генетикалык коддун дискреттүү бирдиги, үч жанаша нуклеотиден турат (ДНК, же РНК молекуласында).

**Коктор** – шар сымал, спора пайда кылбаган, факультативдүү, анаэробдуу сейрек кыймылдуу бактериялар. Патогендүү түрлөрү сезгенүүлөрдү жана ириндүү ооруларды п. к.

**Кокцидиоз,** же эймериоз – малдын инвазиялуу ыланы; кээде киши да оруйт. Кокцидия мителери козгойт. Кокцидиоз менен уй, кой, тоок, чочко, куну айбанат жана ит, балык, коөн ыландайт. Ар башка малдын өз-өзүнчө козгогучу болот. Кокцидиоз менен көбүнчө төл жазында, жайында өз алдынча тоюттанууга өтүү маалында ыландап, өзгөчө бөжөк, жөжө көп чыгашага учурайт. Ылаң кокцидиоздун козгогучу менен булганган жем, чөп, суу, төшөлгө, топурак, шайман аркылуу жугат. Кокцидиялар (жөнөкөйлүүлөр) боор, бөйрөк, ичегинин эпителий клеткаларында мителейт. Букма мезгили 3 күндөн 2 жумага чейин. Дарттуу малдын шайы кетип, жем, чөп жебейт, ичи көөп арыктайт, булчуңдары тырышып, шал болот. Алдын алуу чаралары: айлана – чөйрөдө ооцисттерди жок кылуу, ыландуу малды бөлүп дарылоо, төлдү бөлүп багуу, жайытты улам алмаштырып туруу, ветеринардык санитардык эрежелерди туура сактоо. Дарылоодо статиль, декокс, койден ж.б. пайдалануу.

**Колибактериоз,** же колибациллез, колиэнтерит, ак чычкак – жаш төлдүн жугуштуу ыланы. Ыланды ичеги таякчасынын түрдүү штаммдары козгойт. Колибактериозго негизинен жаңы туулган 5-7 күнгө чейинки төл чалдыгат, алардын ичеги, карыны сезгенип, айрым учурда ичеги таякчасы бүт денеге жайылат. Денесинин температурасы ыландын башталышында 40-41$^0$С ге чейин жетиши мүмкүн, чычкактайт.

**Колит** – жоон ичегинин сезгениши.

**Коллаген** – организмдеги желим заттарды жаратуучу ткань.

**Коллатералдар,** каптал жолдор же бүйтоо жолдор; кантамырлардын, нерв талчаларынын негизги жолунан башка буйтоо жолдору.

**Коллекция** – илим үчүн айбандардын кептерин, өсүмдүктөрдүн гербарийин чогултуу.

**Колленхима** – өсүмдүк органдарына, негизинен жаш, өсүп жаткан өсүмдүктөргө катуулукту берүүчү тирүү клеткалардан турган механикалык ткань.

**Колленциттер** – былпылдактардын мезоглеясындагы кыймылдабаган клеткалар.

**Коллоид** – заттын кату эмес, суюк эмес, желмге окшоп илээшкен абалы.

**Колок** – батыш сибирде ак кайың токойлорунун аталышы.

**Колония** – бир, же бир канча түрдүн особдорунун чогуу биргелешип жашаган тобу.

**Колониялуулук,** же чогулуп жашоочулук – душмандардан жана сырткы чөйрөнүн зыяндуу факторлорунан коргонуу максатында чогулуп, биригип жашоо.

**Колониялуу организмдер** – жыныссыз көбүйгөндүгү тукумдары энелеринен ажырабай жашай берүүчү суу организмдери.

**Колострум** – туурдун алдында же тууганда кийин 5-7 күн сүт безинен бөлүнүп чыккан ууз суюктугу. Колострум, сары – күрөң түстөгү, илээшкектүү, туздуу даамы бар суюктук. Анда белоктуу заттар, минералдуу туздар, витаминдер, микроэлементтер, иммундук касиетке ээ 15% жакын глобулиндер болот.

**Кома** – коматоздуу абал, сырткы козгогучтарга организмдин реакциясынын жоголушу, дем алуу, кан айлануунунун бузулушу ж.б. менен коштолуучу патологиялык абалы.

**Комбустия** – термикалык, электрикалык, химиялык же болбосо радиациялык таасирдин негизинде ткандын жабыркаланып күйүшү.

**Комиссура,** ширелме, же чаптама – органдын жартылары бири менен бири жабышкан, ширешкен жери.

**Комменсализм** – ар кандай түрлөрдүн особдорунун туруктуу, же убактылуу жашашы, чогуу болушу. Мындай учурда бир түрдүн особу экинчи түрдүн особунан чогуу жүрүп пайда көрүп, ага эч кандай зыян келтирбейт.

**Компенсатордуу гипертрофия** – функциясынын күчөшүнүн негизинде органдын же ткандын чоңоюшу.

**Комплемент** – жаныбарлардын жана адамдын канынын сары суусундагы иммундук белоктордун жыйнагы. Кандын бактерияга каршы таасиринин бир фактору.

**Комплементардуулук** – молекулалардын, же алардын бөлүктөрүнүн аймактарынын толукталышы, суутектик байланыштын пайда болушуна алып келет. Комплементардуулук нуклеин кислоталарынын түзүлүшүндө байкалат, 2 полинуклеотиддүү чынжырга спиралдуу түрдө оролушканда, пуриндик негиз – пиримидиндүү негиз менен байланышат.

**Компост** – микроорганизмдердин таасири менен түрдүү органикалык заттардын аралашмасынын чиришинен алынган жер семирткич. Компосттоо үчүн шакел, чым көң, кык, чыла, таштандылар пайдаланылат. Компост даярдоодо жер семирткичте сиңимдүү азык заттар (азот, фосфор, калий ж.б.) көбөйүп, илдет пайда кылуучу микрофлора менен гельминттен зыянсыздандырылат, целлюлоза, гемицеллюлоза жана пектин заттары азайып, жер семирткичтин физикалык касиети жакшырат. Компосттун чым көң – кык, чым көң – чыла, кык – фосфорит, кык – суперфосфат сыяктуу бир нече түрү бар. Шаар таштандыларынан да компост даярдоого болот. Компост бардык эгилме өсүмдүк үчүн түрдүү топуракта (гектарына 15-40 т) колдонулат.

**Компресс** – дарылоо максатында колдонулуучу таңгыч. Кургак, нымдуу, муздатуучу, жылытуучу жана дарылоочу компресстин түрлөрү болот. Кургак компресс ооруган, ылаңдаган, жараланган же күйгөн жерди инфекциядан, тышкы чөйрөнүн таасиринен сактоо жана жарадан чыккан ириң –

канды сордуруп алуу үчүн көбүнчө кебез, тайпы, дакиден жасалат. Нымдуу компресс ысытып же муздак тартылат. Муздатуучу компресс урунуп алганда, күн өтүп, ысык урганда жана күйгөндө колдонулат. Тайпы, даки же кебезди муздак сууга чылап же тоңгон музду ороп туруп ылаңдаган, ооруган жерге тартат. 2 сааттын аралыгында, ар бир 10-15 минутада үстүнөн муздак суу себелеп турат. Жылытуучу компресс сезгенүү процесстеринде (ыланды) ооруунну басаңдатуучу, айыктыруучу каражат катары колдонулат. Спирт, ихтиол, камфора майы ж.б. дары – дармектер кошулуп жасалган дары компрессси болуп саналат.

**Компрессиондуу анемия** – жергиликтүү анемия, тамырлардын кысылышынын негизинде органга же тканга кандын аз келиши же келбей калышы.

**Конвергенция** – 1.Табигый тандоонун натыйжасында келип чыгышы боюнча бири-биринен алыс топтогу организмдерде окшош анатомиялык–морфологиялык, физиологиялык, жүрүм – турум белгилеринин пайда болушу. 2. Табигый тандоонун жүрүшүндө жакын урууларгы организмдердин аргындашуусунун негизинде бир түрдү пайда кылат.

**Конвульсия** – карышуу, тырышуу, мээ жабыркаланганда, ууланууда, токсикоздо, абдан ысып кеткенде ж.б. байкалуучу дене булчуңдарынын мезгилдүү, үзгүлтүктүү эрксиз жыйрылуусу.

**Конгеляция** – төмөнкү температуранын негизинде ткандын өзгөрүүсү.

**Конглобат** – көңдөй органдарда же без түтүкчөлөрүндө эркин жайгашкан тыгыз (катуу) нерселер (таштар). Ичеги, карын, боор, шилекей, заара, уйку безинин конкременттерин айырмалашат.

**Конгруэнция** – түр ичиндеги мамилелердин негизинде особдордун бири-бирине ыңгайланышы. Мисалы: энеси менен балдарынын, эркеги менен ургаачыларынын ж.б.

**Конкуренция** же атандаштык – ар кандай антогонистик мамилелер, бирөөнүн экинчисине караганда алдыга умтулушу.

**Консервативтүү** – хирургиялык кийлигишүүсү жок эле дарылоо.

**Консерваланган кан** – канды стерилдүү абалда 30 күнгө чейин сактоо.

**Консилиум** – бир канча врачтардын, ветврачтардын жыйыны, оорулардын, ылаңдардын диагнозун, дарылоо ыкмаларын, каражаттарын, алдын алуу абалын ж.б. тактоодо жүргүзүлүп турат.

**Консистенция** – заттын абалы, бир нерсенин катуулугу, жумаштуулугу, тыгыздыгы коюусуюктугу.

**Консорция** (концорциум – чогуу катышуу) биоценоздун структуралык бирдиги, борбордук мүчөсүнөн жана аны менен функционалдык жактан байланыштуу автотрофтуу организмдерден турат. Мисалы: дарак жана андагы фитофаг, козу карындар, эңилчектер, уялоочу канаттуулар ж.б. кирет.

**Констипация** – ичтин катышы.

**Констрикция** – кысылуу, куушурулуу, тартылуу.

**Контагиоздуу** – жугуштуу ылаңдардын оорулуу малдан дени сак, таза малга жугушу.

**Контузия** – жумшак ткандын жабык формада жабыркаланышы.

**Консументтер** – фотосинтез же хемосинтездин негизинде түзүлгөн даяр органикалык заттарды колдонуучу организмдер, бирок колдонууда органикалык заттарды толугу менен минералдык заттарга ажыратпайт.

**Континуум** – жер бетинин үзгүлтүксүз, бүтүндөй жандуу катмары.

**Коньюгация** – 1.Жалгыз клеткалуу организмдердин жыныстык катнашуусунда клеткаларынын ядролорунун алмашуусу; 2.бир бактериядан экинчисине гендик материалдарды алып бару жолу.

**Коньюктивит** – көздүн тутумдаштыргыч же былжырлуу кабыгынын сезгенүүсү.

**Копробионт** – кыкта жашоочу организм ж.б.у.с.

**Копрофаг,** кыкчылдар же жампачылдар – 1. Экскременттер менен тамактануучу жаныбар. 2. Экскременттер менен тамактануучу сүт эмүүчү (көптөгөн кемирүүчүлөр ж. б.).

**Копуляция** – 1. Жыныс клеткаларынын кошулуу процесси. 2. Карама-каршы жыныстагы особдордун кошулушу.

**Кора** же кыртыш – органдын сырткы катмары.

**Коракоид** же кузгунтумшук – скелеттеги, кабырга окшогон сөөктүн аты.

**Коргонуучу реакциялар** – жүрүм – турум коргонуу реакцияларынын комплекси.

**Кориум** – теринин ички катмары.

**Кормидий** – колониялуу жандыктардын зооиддеринин бөтөнчө бир түрдүү чокморогу.

**Кормилка** – челдүүлөр тибиндеги бадыраң сымалдуу жандыктардын жыныссыз бир личинкасы.

**Кормобионт** – дарактардын, бадалдардын бутактарында жашоочу организм.

**Кормофит** – тамыр, өркүн, сабак, жалбырак органдарынан турган өсүмдүк (көбүнчө мохтор, папоротник сымалдуулар жана уруктуу өсүмдүктөр кирет.

**Коротис синусу** – күрөө тамырдын ички жана сырткы болуп экиге бөлүнгөн ачакейинде жаткан нерв түйүнү.

**Корреляция** – түрлөрдүн же бир эле организмдеги органдардын бири бирине байланыштуулугу, бирине жараша биринин өөрчүшү.

**Корти органы** – кулактын чыгырыгында жаткан орган.

**Корук** – баалуу айбанат, өсүмдүк, археологиялык, архитектуралык эстелик жана башкаларды сактоо менен илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн атайын бөлүнгөн аймак. Ал мамлекеттик корук фондусун түзөт. Корук – тийиштүү географиялык зонага пландуу түрдө жайгаштырылып, чарба пайдалануудан бөлүнгөн жердеги илимий мекеме.

**Космополит** – жашоо мүмкүн болгон аймактарда тараган түр, уруу ж.б. ситемалык топтогу жаныбарлар.

**Косяк** – балыктардын, сүт эмүүчүлөрдүн, же башка жаныбарлардын чоң жыйыны.

**Котур** – теринин жугуштуу оорууларынын (арахноздордун) жалпы аты. Аны Sarcoptiformes түркүмчөсүндөгү кене пайда кылат. Малдын денеси кычышып, териси сезгенет. Этиологиясына (пайда болуу себептерине жана шартына) жараша котур жалпысынан саркоптоидоздор деп аталып, ага саркоптоз (акароз), нотоэдроз, псороптоз, хориоптоз, отодектоз, кнемидокоптоз кирет. Диагноз дарттын клиникалык белгилеринин жана микроскоп менен изилдөөнүн негизинде коюлат. Дарылоо: койду дарылоодо жана таралып кетишин алдын алууда гексахлоранкреолин эмульсиясы, уйду дарылоо коллоиддүү күкүрттүн 3%түү суспензиясы, 20-25$^0$C темпе-дагы котур самынын 4-6%түү эритмеси куюлган ваннага салынат. Малды дарылоо менен катар короо – сарай, шайман, атайын кийим дезинфекцияланат.

**Кофермент** – белоктуу эмес татаал органикалык зат, ферменттин молекуласы менен тыгыз байланышта эмес, ошондуктан андан оңой бөлүнүп калат.

**Кош бойлуулук** – эне организминин ичинде уруктанган жумуртка клеткасынын (зиготанын) түйүлдүктү андан кийин организмди пайда кылуусу, өнүгүүсү. Бардык тирүүлөй тууучу организмдерге мүнөздүү.

**Коңурук** – патологиялык дем алуудагы үндөр. Дем алуу органдарынын сезгенишинде, бронхаларда какырык топтолгондо байкалат.

**Краниалдуу** – баш сөөгүнө жакын жайгашкан нерсе.

**Краниология** – баш сөөк жөнүндөгү илим.

**Крибеллум** – жөргөмүштүн желеси сызылып чыгуучу бөтөнчө бир эбелек.

**Криль** – деңиз рак сымалдуулардын аталышы. Киттерге, балыктарга азык зат болушат.

**Криобионт** – кар, же музда жашоочу организм.

**Криофил** – төмөнкү температурада жашай алуучу организмдер.

**Криофит** – кургак, суук жерде өсүүчү өсүмдүк.

**Крипта** же ичеги бези – ичегинин былжыр челинде жаткан майда бездер.

**Криптогамия** – өсүмдүктөрдүн «жашыруун никеси». Мисалы: папоротник сымалдуулар, көзгө көрүнбөгөн уруктануу органдары менен.

**Криптонисциум** – тең буттуу рак сымалдуулардын личинкаларынын бир стадиясы.

**Крипторхизм** же ууру эндүүлүк – эркек айбандын урук бездеринин калтага түшпөй коюшу.

**Криптофит** – көп жылдык чөп өсүмдүгү, жер үстүндөгү органдары жашоого жагымсыз мезгилде толугу менен өлөт, ал эми жаңы өркүндөр өсүп чыгуучу бүчүрлөрү терең жер астында жатат.

**Кристалар** – митохондриялардын ичиндеги тосмолор.

**Критидий стадиясы** – трипаносоманын көбөйүшүндөгү бир стадия.

**Кроссбридинг** – мейоздун I профазасында жүрүүчү коньюгация процессиндеги гомологиялык хромосомалардын айрым жерлери менен орун алмашуусу.

**Ксантофилддер** – жогорку өсүмдүктөрдүн мөмө, бүчүр, гүлдөрүндө, жалбырактарында, көпчүлүк балырларда, микроорганизмдерде, жумуртканын сарысында ж.б. болуучу сары пигменттер.

**Ксерофилдер** – кургакты жакшы көрүүчү организмдер.

**Ктенидиялар** – моллюскалардын адепки бакалоорлору.

**Куймулчак** – омуртка тутумунун уча курчоосу тушундагы туташкан омурткалар, уча көңдөйүнүн үстүңкү бетин түзөт.

**Кулгуна** – тери, былжыр чел жана анын астындагы ткань клеткаларынын бузулушунан пайда болгон ырбак жара, сибирь кулгунасы, сөөк кулгунасы.

**Кулига** – чиерткелердин личинкаларынын чоулган ордосу.

**Кум ваннасы** – $50^0$С чейин ысыган кум менен дарылоо процедурасы.

**Куну айбанат** – жапайы же колдо багылып, терисинен мех буюмдары жасала турган сүт эмүүчү жаныбарлар. Жер шарында кеңири таралган.

**Кусуу** – татаал рефлектордуу акт, аш казандагы нерселер ооз аркылуу тышка бөлүнүп чыгат.

**Кутикула** же жаргак кабык – каскак жандыктардын денесинин сыртка кабыгы.

**Кутурма** – катуу кармоочу жугуштуу ылаң; борбордук нерв системасынын бузулушун мүнөздөйт. Кутурмага бардык сүт эмүүчүлөр, куштар чалдыгат. Ылаңдаган мал өлөт. Адам да ооруйт. Кутурма бардык өлкөлөрдө бар. Ылаңды вирус козгойт. Ылаңдуу малда вирус мээде же жүлүндө, кээде ири нерв тамыр түтүкчөлөрүндө, канда пайда болот. Кутурма ылаңдаган ит, жапайы айбанат негизинен түлкү, чөө, карышкыр тиштегенде алардын шилекейи аркылуу жугат. Вирус иттин шилекейинде 15 күнгө чейин жашайт. Букма мезгили 1-2 ай, кээде 6 айга чейин созулат. Кутурма ылаңы итте 2-11, уй менен жылкыда 4-6, чочкодо 2-4 күнгө созулат. Ылаңдын белгилери: мал алсырап, тынчы кетет, көрүнгөндү тиштеп, топурак, көрүнгөн булганыч чөпчар, чүпүрөк ж.б. нерселерди жей баштайт; тамагынан суу өтпөй, шилекейи

куюлат; качып кетүүгө аракет кылат ж.б. Алдын алуу чаралары: жолбун ит, ээсиз мышыктарды жок кылуу, жолбун итти байлоо; малды карышкыр, түлкү ж.б. жырткыч айбанаттардын кол салуусунан сактоо. Кутурма айыкпай турган дарт. Ошондуктан кутурма болгон малды жок кылуу керек.

**Куйуу** – организмге суюктуктарды (физиолгиялык эритмелерди, глюкозаны ж.б.) куйуу. Артерияга, курсак көңдөйүнө, венага, жатынга плеврага ж.б. куйуучу дары дармек суюктуктары болот.

**Көбөйүү** – өзүн-өзү жаратуу касиети, түрдүк өзгөчөлүккө, жалпы физикалык – химиялык белгилерге үзгүлтүксүз жашоону камсыз кылат. Бардык жандуулардын мүнөздүү сөзсүз түрдө болуучу касиети.

**Көк мээ** – малдын (көбүнчө койдун), кээде кишинин инвазиялуу (цестодоз тобундагы гельминтоз) ыланы, оорусу. Multiceps multiceps тасма куртунун личинкасы пайда кылат. Дарт 4 стадияда өтөт. 1- стадияда (16 күн) ыландын белгиси байкалбайт. 2- синде кой чоочулап үркүп, булчуңдары тырышып, бир орунда тегерене берет. Айрым козулар өлөт. 3- стадия (2-тымызын мезгил) 2,5 – 8 ай созулат. 4- стадиясында ыландын клиникалык белгилери күчөп, мал арыктап өлөт. 2-3 жума созулат. Дарылоо – операция жолу менен жүрөт. Алдын алуу жана каршы күрөшүү: өлгөн койдун же союлган дарттуу койдун башын Беккари чуңкуруна көөмүп, ыландуу малды өз убагында бөлүү, жолбун иттерди жоготуу, итти жылына 4 жолу дегельминттөө.

**Кювье органы** – кээ бир голотуриялардын коргонгуч, сактангыч органы.

**Кувье түтүктөрү** – башсыз омурткалуу жандыктардын жана кишинин түйүлдүктөрүнүн денеде туурасынан жаткан кантамырлары.

**Күйгүзүү** же каутеризация – дарылоо максатында термикалык, электрикалык ж.б. түрлөрү менен дененин бөлүгүн күйгүзүү, шишиктерди жоготуу, кан агууну токтотуу, сезгентүүчү процесстерди жоюу ж.б. колдонулат.

**Күйдүргү** – жаныбарлардын жана адамдын курч жугуштуу илдети, теринин жабыркаланышы (карбункулездуу форма), ичеги, өпкө, таңдай безderинин жабыркаланышы, септицемия менен мүнөздөлөт.

**Күн радиациясы** – күндүн нурлуу энергиясы, организмдин зат алмашуусун, кандын пайда болушун, регенеративдүү ж.б. процесстерди жакшыртат. Күн радиациясы таасир эткенде организмдин жалпы тонусу, жугуштуу ооруларга туруктуулугу, өзгөчөлүү иммундук реакциялары жогорулайт.

**Курсак** – дененин көкүрөктөн кийинки бөлүгү.

**Курсакча** – муунак буттуу жандыктардын денесинин көкүрөктөн кийинки бөлүгү.

**Курсак жайы** – ич, ичеги-карын жаткан жай.

## – Л –

**Лабилдүүлүк** – 1.Нерв же булчуӊ ткандарында дүүлүгүү циклынын туруктуу эместиги, өзгөргүчтүгү, жогорку ылдамдыгы. 2.Организмдин айлана-чөйрөгө жогорку ыӊгайланышы, же тескерисинче туруктуу эместиги.

**Лаборант** – лабораториянын илимий техникалык кызматкери, студенттер менен иштөөчү лабораториялык, практикалык сабактарды, лекцияларды жабдык, препараттар ж.б. менен камсыз кылат.

**Лабораториялык жаныбарлар** – эксперименталдык, өндүрүш практикаларында колдонулуучу атайы лабораторияларда, питомниктерде багып көбөйтүүчү жаныбарлардын түрлөрү.

**Лаброцит** – мүнөздүү бүртүкчөлөргө ээ клеткалар. Таӊдай безинде, тилде, ашказан ичеги жолдорунда, жатында, сүт бездеринде, богок безинде кездешет.

**Лактация** – сүт бездеринде сүттүн п.б., топтолушу, бөлүнүп чыгышы.

**Лактация мезгили** – туугандан баштап, сүт чыкпай калганга чейинки мезгил. Бул мезгилдин орточо узактыгы м: уйлардыкы 10 ай, эчкилердики 8 – 10 ай, койдуку 4 – 5 ай ж.б.

**Лактогндик гормон** – сут чыгаргыч гормон.

**Лактозурия** – заарада лактозанын (сүттө болуучу кант) п.б.

**Лакторрея** же сүт токтобостук – эмчектин үрпүнөн сүт токтоосуз ага бериши.

**Лакуна** – өзүнүн атайын чели жок, ткандардын, органдардын арасындагы бош жер.

**Лакуналар системасы** – омурткасыз жандыктардын кан жүгүрүү системасынын бир түрү.

**Ларингит** – кекиртектин, кээде трахея – кулкун менен чогуу былжырлуу кабыкчаларынын сезгениши, курч мүнөздө өтөт же өнөкөт формада болот.

**Ламаркизм** – биология илиминин тарыхындагы жандуу жаратылыштын эволюциясы жөнүндөгү Ж.Б. Ламарктын концепциясы.

**Латенттик абал** же тымызын абал – сырткы чөйрөнүн ыӊгайсыз шарттарында аман калу үчүн жандыктардын убактылуу тынч (жансерек болуп) турган абалы.

**Латенттик** мезгил же тымызын мезгил – дүүлүктүргүч таасир берген убактан баштап, организмдин, органдын, ткандын же клетканын ага жооп кайтаруу реакциясынын пайда болушуна чейинки тымызын мезгили, тымызын убакыты.

**Латенттүү** – жооп кайтаруу реакциясы пайда болгонго чейинки организмге кандайдыр бир козгогучтун таасир этиши.

**Латералдуу** – организмдин капталында жайгашкан орган, же денесинин кандайдыр бир бөлүгү.

**Лацерация** – деңиз лилияларынын жыныссыз көбөйүшүнүн бир түрү.

**Леботокс** – гюрза деген жыландын уусунан жасалган дары.

**Лейкодермия** – теринин айрым жерлеринде меланин пигменттеринин жок болушу.

**Лейкон** – былпылдак жандыктардын денесинин түзүлүшүнүн бир тиби.

**Лейкопения** – канда лейкоциттердин жана анын айрым формаларынын жалпы санынын азайышы.

**Лейкоз** же лейкемия, ак кандуулук – кан пайда кылуучу ткандардын шишик оорусу. Лейкозго көбүнчө сүт эмүүчүлөр (уй, кой, эчки, жылкы, чочко, ит ж.б.), үй куштары (тоок, өрдөк, каз ж.б.) чалдыгат. Адам да ооруйт.

**Лейкопения** – канда лекоциттердин аздыгы.

**Лейкопласт** – сүйрү формадагы түзсүз пластидалар, эпидермистин, тамыр түймөгүнүн, тамырчалардын ж.б.у.с. клеткаларында болот.

**Лейкоцитоз** – канда лейкоциттердин санынын көбөйүшү.

**Лейкоциттер** – жаныбарлардын, адамдын түзсүз ар кандай формадагы кыймылдуу клеткалары. Чоочун бөлүкчөлөрдү микроорганизмдерди кармап, бузуп эритүүгө жөндөмдүү.

**Лейшманиоз** – денеге (териге) жара пайда кылуучу (тери Л. ), же ички органдарды бузуучу (вицералдык Л.) жугуштуу ылаң . 1900-ж. англ. врач У. Лейшмандын атынан аталган.

**Лемнискалар** – тикенбаш курттардын органы.

**Лептоспироз** – малдын денесин саргартып, кан сийдирип, калтыратма түрүндө өтүүчү жугуштуу ылаң. Л. менен адам да ооруйт.

**Леталдуу** – м: уунун өлтүрүүчү дозасы.

**Летаргия** – бир канча сааттан, бир канча жумага чейин созулуучу араң дем алган оорулуу адамдын оор түш көрүүсү.

**Лиана** – ярустан тышкаркы сойлоочу, оролуп өсүүчү өсүмдүк. Дарак жана чөп өсүмдүктөрү, тропикалык жана суптропикалык алкакта өсүшөт.

**Лигаза** – клеткада АТФтин энергиясын пайдалануу менен ар кандай молекулалардын кошулушун катализдөөчү фермент.

**Лигамент** же тарамыш – 1.булчундун учунан чыгып, жиликтердин бодурларына бекиген, тутумдаштыргыч ткандын талчалуу бир чымыр нерсеси; 2.кош капкалуу моллюскалардын капкаларын жабууга арналган бышык байламта.

**Лигатура** – кан тамырларда же башка түтүкчөлүү органда тегерете байланган жип. Лигатура катары капрон, жибек, кедгут, лен жана пахта жиптери колдонулат. Лигатура стерилдүү болушу керек.

**Лигнин** – 1.Түтүкчөлүү өсүмдүктөрдүн клеткалык кабыкчасында болуучу органикалык полимер. Целлюлоза менен кошо өсүмдүктүн катуула-

нышына алып келет. 2.Дарак кыртышынан жасалуучу, ичке байлоочу материал.

**Лигулоз** – балыктардын, мите рак сымалдуулардын кесепетинен болгон ыланы.

**Лизосома** – ферменттерге бай клеткалык органоид, белок, липид, нуклеин ксилотасын эритүүдө катышат.

**Лизуха** – зат алмашуу оорууларынын белгиси, мүнөздүү белгилери: жаныбар тоюттардан баш тартып, жаланып, кемирип, ар кандай нерселерди м: чүпөрөктөрдү ж.б. чайнап жеп салат. Кутурмада, боор ооруларында, рахит, остеомаляция ж.б. оорууларында байкалат.

**Ликофора** – кээ бир мите жалпак курттардын личинкасы.

**Лимбариялар** – көп түктүү муунак курттардын кээ бирөөлөрүнүн личинкалары.

**Лимнобионт** – көлдө жашоочу организм.

**Лимнология** – көлдөгү жашоону изилдөчү илимий тармак.

**Лимнофил** – көл, көлмөлөрдө, саздарда жашоочу жаныбар м: бакалар, балыктар ж.б.

**Лимфа** – омурткалуу жаныбарлардын лимфа системасындагы тунук суюктук. Кандын плазмасынан ткань аралык боштуктарга чыпкаланат.

**Лимфа бездери** – лимфа тамырларынын жолунда жатуучу, ар түрдүү формадагы ж. чоңдуктагы бездер, булар организмге кирип калган ыландаткычтарды кандан, сары суудан чыпкалап алып калып, аларды кыра турган функцияны аткарат, зыяндуу нерселерди чыпкалап организмге өткөрбөй коюучу сактыч органдар.

**Лимфа жүгүрүү** – лимфа тамырлар аркылуу организмде лимфанын кыдырып жүрүшү.

**Лимфаденит** – лимфа түйүндөрүнүн сезгениши.

**Лимфангит** – лимфа тамырларынын сезгениши.

**Лимфа системасы** – лимфа жүгүртүүчү тамырлар системасы.

**Лимфа тамырлары** же сөл тамырлары – сөлдү органдарга жеткирип туруучу тамырлар.

**Лимфоиддүү ткань** – лимфоцит жана макрофагдардын морфофункционалдык комплекси, лимфоиддүү органдарда функционалдуу паренхимасын түзөт.

**Лимфоид клеткалар** – лимфоциттерге окшогон, бирок функциясы башка клеткалар.

**Лимфостаз** – лимфа системасынын жетишсиздиги, натыйжада лимфанын агымы токтойт. Ар кандай себептердин м: механикалык, динамикалык ж.б. п.б.

**Лимфоциттер** – бүртүктүү эмес лейкоциттердин бир формасы, көк боор жана кемик сөөк мээсинин лимфа түйүндөрүндө п.б.

**Лимфоцитоз** – канда лимфациттердин санын көбөйүшү. Негизинен кандайдыр бир инфекциялык ооруудан айыккан мезгилде байкалат.

**Линимент** – майлардан жана дары – дармектерден турган коюу килкилдек масса. Тышкы жаракаттарды дарылоодо колдонулат.

**Липения** – канда майдын санынын көбөйүшү. Физиологиялык болушу мүмкүн м: бооз жаныбарлар майлуу тоют менен тамактанганда, жана патологиялык болушу мүмкүн, диабет ооруусунда, ачка болгондо, арыктаганда ж.б.

**Липид** – жандуу клетканын курамында болуучу май сымал зат. Физиологиялык биохимиялык процесстерде маанилүү функцияга ээ.

**Липодистрофия** – тери алдындагы клетчатканын айрым жерлеринде майдын санынын азайышы. Эндокриндүү оорууларда байкалат.

**Липома,** же липобластома – май тканынан пайда болгон зыяны жок шишик. Көбүнчө териде, майлуу жерлерде, ашказан ичегилердин сероздуу кабыкчаларында п.б.

**Липоматоз** – зат алмашуунун бузулушунун негизинде клеткаларда, ткандарда майдын ашыкча топтолушу.

**Липотроптуу заттар** – май, май сымал заттардын синтезин өзгөртүп, май дистрофиясын токтотуучу кошундулар.

**Липофусцин** – гликолипопротеид клетканын цитоплазмасында кездешүүчү майда сары – күрөң пигменттер. Клеткада санынын көбөйүшү организм картайып баштаганда, ар кандай оорууларда, атрофикалык процесстерде байкалат.

**Липохром** – майда эрүүчү сары түстөгү пигмент. Пайда болушу каратиноиддердин алмашуусу менен байланыштуу. Май клетчаткасына, бөйрөк үстүндөгү без кыртышына, жумуртка безине сары түс берет.

**Липурия** – майлардын заара менен кошо бөлүнүп чыгышы. Майлуу азыктар менен тамактанганда, диабетте, фосфор менен ууланганда ж.б. байкалат.

**Листериоз** – борбордук нерв системасына суук тийүүдөн пайда болуучу ылаң. Мал менен үй куштарынын көп түрүндө кездешет (кой, эчки, уй, жылкы, чочко, коен, торк, ж.б.) Л. менен ылаңдаган мал ара тууп коюшу мүмкүн.

**Литобионт** – литосферанын топурак катмарында жана андан тереңирээк жерлерде жашоочу организм.

**Литобиос** – литобионтто жашоочу организмдердин жыйындысы.

**Литораль** – кургактык менен деңиздин ортосундагы чек ара. Кээде суу каптап, ал эми суу тартылганда кайра кургап турат.

**Литоралдык фауна** – жээкке жакын суудагы айбанат.

**Литосфера** – жердин сырткы сферасы (топурагы жана кыртышы).

**Литофит** – таштуу жерлерде өсүүчү өсүмдүктөр (балырлар, эңгилчектер).

**Личинка** же окура – кыйла жандыктардын жекече өөрчүүдөгү стадиясы, анын кебетеси жетилген жандыктардан өзгөчө болот.

**Личинкалык стадия** – жандык түйүлдүктөрүнүн жетилген организм боло элек стадиясы.

**Лихенология** – эңгилчектерди окутуучу ботаниканын бир бөлүгү.

**Локация** – чыккан үндөр боюнча мейкиндикте обњектин болушун аныктоо.

**Локомоциялар** – жандыктын мейкиндикте жасаган кыймылдарынын, булчуңдарынын биргелешкен жыйрылууларынын жыйындысы.

**Локус** – ген жайгашкан хромосоманын бөлүгү.

**Лордоз** – омуртка тутумунун ийрейиши.

**Лупа** – майда обьектилерди чоңойтуп көрсөтүүчү оптикалык прибор.

## – М –

**Маданий өсүмдүктөрү:** 1.Өстүрүлүүчү айыл чарба, же үй маданий өсүмдүгү. 2. Селекциянын жүрүшүндө касиеттерин өзгөрткөн өсүмдүк. Мындай өсүмдүктөр табигый коомдоштукта жашай албайт.

**Маданиятташтырылып жаткан өсүмдүк** – табигый коомдоштуктан алынат, бирок селекциянын жүрүшүндө касиеттери көп деле өзгөрүлбөйт, агроценоздон тышкары жашай алат.

**Мазь** – сырткы териге сыйпоочу дары формасы. Составында май, вазелин, ланолин ж.б. дары – дармек заттары болот.

**Макрогаметоциттер** – жалгыз клеткалуу жандыктардын жыныссыз көбөйүү прцессинде жаралган ургаачы жыныстык клеткаларды берүүчү клеткалар.

**Макрогаметалар** – ургаачы жыныс клеткасы, же особь (жөнөкөйлүүлөрдүкү), кыймылсыз жана чоң келет.

**Макрозоиддер** – колония болуп жашоочу жөнөкөй жандыктардын өөрчүү процессиндеги ирилери.

**Макроконсумент** – гетеротрофтуу организм (жаныбар, же өсүмдүк), башка организмдер тузгөн органикалык заттар менен тамактанышат.

**Макросклералар** – тунук былпылдак жандыктардын скелетинин ийнелеринин бир түрү.

**Макромералар** – жумуртканын бир бүтүн теңдүү эмес бытыроо процессинин негизинде пайда болгон чоң бластомерлер.

**Макронуклеус** – инфузорийлердеги чоң ядро, зат алмашуу процессин тейлейт.

**Микроорганизм** – чоңдугу 500 мкм ашкан организм, чоңдугу 10 мм ашат.

**Макроскопия** – биологиялык обңектилерди визуалдуу изилдөө, обңектилердин сырткы белгилерин (форма, түсү, чоңдугу ж.б.) аныктоо.

**Макроспора** – ургаачы өсүндү, гаметофит өнүгүп чыгуучу чоң спора (ар түрдүү споралуу папоротник сымалдуулар, плаундар).

**Макроспориоз** – өсүмдүктүн кеңири таралган илдети, Macrosporium уруусундагы козу карыны пайда кылат. Илдетке чалдыккан өсүмдүккө ар кандай өлчөмдө, формада жана түстө так түшүп, ал жердеги клеткалар өлөт. Өсүмдүктүн илдетке чалдыккан тканына кара кебер түшөт. Айрыкча картошка жана помидорлордо кездешет.

**Макроспарангий** – споралуу жана уруктуу өсүмдүктөрдө ургаачы өсүмдүктөрү – макроспоралар өнүгө турган орган.

**Макрофагдар** – жаныбарлардын, адамдын организминде мезенхимадан пайда болгон чоң клетка, чоочун бөлүкчөлөрдү, микробдорду кармап эритип, жок кылууга жөндөмдүү.

**Макрофауна** – 10 мм чоң келген жаныбар.

**Макрофиттер** – өсүмдүк микроорганизми. Негизинен жогорку (түтүкчөлүү) өсүмдүктөр; ошондой эле бекип өскөн төмөнкү жана сүзүп жүрүүчү балырлар.

**Макроцефалия** – айбандардын башынын демейдегиден чоң болушу.

**Макроэволюция** – түр үстүндөгү эволюциялык өзгөрүүлөр, чоң таксондордун пайда болушуна (уруу, тип жана башкалар) алып келет. Көптөгөн миллиондогон жылдарды камтыйт.

**Максиллалар** – көп аяктуулардын, каскактардын жана рак сымалдуулардын жуп жаактарынын аты.

**Малакология** – моллюскалар жөнүндө илим.

**Малалоо** – айыл чарбасында өсүмдүктөрдү эгүүдө топуракты жумшартуу; агротехникалык ыкмалардын бири. М. эрте жазда эгүү алдында жана эгүүдөн кийин жүргүзүлөт. Малалоону топурак тоборсуган мезгилде жүргүзгөн жакшы. Бул топурактын структурасын бузбайт. Эгүү алдындагы малалоо айдоону тегиздеп, үрөн себүүгө (текши жана бирдей тереңдикте) даярдоо максатында жүргүзүлөт.

**Мал анатомиясы** – малдын дене түзүлүшү жана формасы жөнүндөгү илим.

**Мал аукциону** – асыл тукум, кой, уй, жылкы ж.б. өстүрүүгө болгон кызыкчылыкты арттыруу максатында малды эл алдында ачык сатуу.

**Мал бонитировкалоо** – малга конституциясы, сырткы дене түзүлүшү, кунардуулугу, тукумдуулугу ж.б. сапаттары боюнча баа берүү. Малды бонитировкалоо аны чарбада пайдалануу же пайдаланбоо максатында жыл сайын жүргүзүлөт.

**Мал бонитировкалоо белгиси** – малга мүнөздөмө берүүдө пайдалануучу шарттуу белгилердин системасы. Бул белгилер көбүнчө уяң жүндүү койлорду мүнөздөөдө колдонулат.

**Мал бордоо** – тирүүлөй салмагын, этинин даамдуулугу менен сиңимдүүлүгүн арттыруу, жүнү менен терисинин сапатын жакшыртуу максатында күчтүү тоюттандыруу.

**Малдын жашы** – малдын туулгандан берки жана организминин өсүү дэңгээлин мүнөздөөчү мезгил. Малдын чарбалык сапатынын маанилүү көрсөткүчү, себеби ар кандай жаштагы малдын чарбалык жактан сапаты түрдүүчө болот. М.ж. туулган жылын так каттоо жана тамга салуу менен аныкталат. Зарыл учурда М.ж. анын тиштеринен, сөөктөрүнөн (жылкы, уй, кой, эчки, чочко), үй куштарыныкын тумшуктарынан, тырмактарынан гистологиялык ыкма менен, ал эми балыктыкын түрпү аркылуу аныкташат.

**Мал карантини** – малдын жугуштуу ылаңдарынын таралуу жолун бөгөө максатында жүргүзүлүүчү ветеринардык санитардык жана административтик чарбалар, иш чаралар комплекси. Карантин шарп, сибирь кулгунасы, кара сан, чума, кара өпкө, тилме, чечек, энцефаломиелит, анемия, пастереллез ж.б. ылаңдар пайда болгондо коюлат. Карантин коюлган аймактан малды алып чыгууга, сатууга ж.б. максатта пайдаланууга тыюу салынат. Карантин алынгандан кийин мал турган жай толук дезинфекцияланат.

**Малдарды диспансеозациялоо** – ылаңдын алдын алуу, аны дарылоо боюнча ветеринардык – санатория чараларынын системасы. Диспансерлөө малды вет. кароодон өткөрүп туруу милдетин аткарат. Диспансерлөө мал чарбасында жылына эки жолу (жаз, күз) жүргүзүлөт. Малдын температурасы, кан тамырынын согуусу, дем алуусу, жүрөк, өпкө, тоют сиңирүү органдарынын иштеши, нерв ситемасы ж.б. текшерилет. Текшерүүдөн алынган маалыматтар жыйынтыкталып, ылаңдын пайда болуу себептери аныкталат, аны жок кылуу боюнча чара көрүлөт. Ылаңдуу мал көзөмөлгө алынат.

**Малдын кунардуулугу** – белгилүү мезгилде бир малдан алынуучу продукциянын өлчөмү жана сапаты. М.к. анын породасы, түрү, жашы, тоюттанышы, ошол эле тукум куучулук касиетине байланыштуу аныкталат.

**Малдын породалуулугу** – малда бул же тигил породага мүнөздүү белгилердин болушу. Бир эле породадан алынган төл таза кандуу деп, эки породаны аргындаштыруудан алынган төл метис (чалыш) деп аталат. Биринчи муундагы метис (аргын) «жарым кандуу» деп эсептелет, б.а. мындай метисте ата-энелик породанын тукум куума белгилеринин үлүшү («кандын» үлүшү) бирдей өлчөмдө болот. Биринчи муундагы метисти таза кандуу ата – энелик породанын бирөө менен аргындаштыруудан экинчи муундагы метис алынат.

**Малдын тукумсуздугу** – жетилген организмдин тукумдоого жөндөмсүздүгү. М.т. убактылуу жана туруктуу (тубаса) болот. Убактылуу тукумсуз-

дукту жакшы шарт түзүп багуу, сапаттуу тоют берүү жана дарылоо аркылуу айыктырса болот, ал эми тубаса тукумсуздук айыкпайт.

**Малеолалар** – музообаштардын арткы буттарындагы бир илиндилер, салпынчактар.

**Малигнизация** – тигил же бул патологиялык очоктун шишикке айланышы; зыяны жок шишиктин зыяндуу шишикке айланышы.

**Маллейн** – маңка ылаңын аллергиялык аныктоодо жылкы, эшек, качыр, төө жана мышык сымалдууларга колдонулуучу биологиялык препарат.

**Маллеус** – бурама жандыктардын кулкунундагы орган (балкача).

**Маллори денечелери**, же болбосо алкоголдуу гиалин, боордун гепатитинде циррозунда цитоплазманын некрозу. Цитоплазма мындай учурда кычкыл боёктору менен бат боёлот.

**Мал линиясы** – бир эле породадагы тектеш малдын бир өңчөй (окшош) тобу; ал ошол эле породадагы малдын экинчи тобунан кээ бир белгилери боюнча айырмаланат. М. л. генеалогиялык жана эркек зоот мал линияларына бөлүнөт. Генеологиялык линия – түпкү теги бир мал тобу. Эркек зоот мал линиясы – белгилүү шартта (инбридингди пайдаланып) бир нече муундары боюнча тандоо жана ылгоо жолу менен чыгарылган мүнөздүү сапаттык өзгөчөлүгү бар, бир өңчөй кунардуу асыл тукум мал тобу. Таза породалуу малды чыгарууда жана өстүрүүдө пайдаланылат.

**Мал өстүрүүчүлүк** – малды көбөйтүү, тукум куучулук касиеттерин жакшыртуу, жаңы порода чыгаруу же мурдагыларын өркүндөтүү жөнүндөгү илим; зоотехниянын бир тармагы.

**Мальпиги бүртүкчөлөрү** – көк боордогу ретикулум тканындагы түйүнчөктөр; мында лимфациттер жаралат.

**Мальпиги тамырлары** – жөргөмүш сымалдуулардын, каскактардын ж.б. бөлүп чыгаруучу органдары.

**Мальсекко** же жугуштуу кууроо – цитрус өсүмдүктөрүнүн коркунучтуу илдети. Өзгөчө лимон, апельсин, мандарин көп чалдыгат. Илдет козгогуч өсүмдүккө сынган жери, үтү, жалбырактары, тамыры аркылуу эрте жазда, күз мезгилинде кирет. Бүт органдарын (тамырынан башкасын) илдетке чалдыктырат. Илдет спора түрүндө тарайт.

**Мал шишиги** – ткандын патологиялык өсүндүсү. Ички жана сырткы чөйрөнүн бластомогендик таасиринин натыйжасында организм клеткаларынын көбөйүшүнөн пайда болот. М.ш. экиге бөлүнөт: ырбаак же зыяндуу.

**Маммология,** же териология – зоологиянын желиндүү айбандардын иликтөөчү бир бөлүмү.

**Мануалдуу** – кол менен изилдөө.

**Маргиналдуу** – четинде жайгашкан.

**Маңка** – туяктуу жаныбарлардын өнөкөт формада өтүүчү жугуштуу ылаңы, маллеи бактериясы козгойт. Мурун көңдөйүнүн былжырлуу кабык-

часында, өпкөдө, ж.б. ички органдарында өзгөчөлүү түйүндөр пайда болуп, алар ажырап жараларды пайда кылат.

**Мантия көңдөү** – мантия менен үлүлкабыктын ортосундагы көңдөй.

**Маринаддоо** – жашылча, мөмө – жемиштерге уксус кислотасын кошуп (микрорганизмдердин өсүшүн токтотот) консервалоо ыкмасы. М. үчүн уксус кислотасынын начар эритмеси пайдаланылат.

**Маскулинизация** – гормоналдуу бузулуулардын негизинде ургаачы организмде экинчи жыныстын белгилеринин пайда болушу.

**Массаж** – дарылоо жана профилактикалоо ыкмасы, жаныбар, адамдын денесинин ар кайсы бөлүктөрүнө кол же атайы препарат менен механикалык таасир этүү.

**Маститер** – желин сезгенчтери. Маститтин катуу кармаган, өнөкөт, билинбей өтүүчү, ириңдүү, сероздуу ж.б. түрлөрү бар.

**Мегабиосфера** – атмосфера, бүтүн гидросфера жана литосферанын үстүңкү бөлүгү, анда дайыма жандуу организмдер көбөйүп, жашап келет.

**Мегакариоциттер** – сүт эмүүчүлөрдүн адамдын кемик сөөгүндөгү чоң (туурасы 40 мкм келген) клеткалар. Алар тромбоциттерди пайда кылат.

**Мегакарпия** – чоң мөмөлүү.

**Мегалобластар** – жогорку омурткалуу жаныбарлардын түйүлдүгүндөгү чоң эритроциттер (ядросу, жана көп сандагы гемоглобин бар).

**Мегалопланктон** – планктондун эн чоң организмдери (1м чоң).

**Мегаспорофилл** – өсүмдүктүн түрүн өзгөрткөн жалбырагы (мисалы: түрдүү споралуу плаундар), анда макро -, же мегаспорангий өрчүйт. Гүлдүү өсүмдүктөрдө, мисалы: бул мөмө жалбыракчалары биригип өсүп калган аталык.

**Мегафилл** – байыркы жалбырагы жок жогорку өсүмдүктөрдүн бутактарынын тыгыздалган системасынан (талломдордон) келип чыккан папоротниктин, же уруктуу өсүмдүктөрдүн жалбырагы.

**Медиалдуу** – дене бөлүгүнүн ортоңку тыгыздыка жакын жайгашышы.

**Медиаторлор** – клеткалык мембрананын рецептору менен байланышып, анын өткөрүү касиетине таасир этүүчү заттын молекулалары.

**Мезентерийлик жиптер** – шуру полиптеринин ички көндөйүндөгү жиптер.

**Мезенхима** – көбүнчө көп клеткалуу жаныбарлардын, адамдын түйүлдүк бириктиргич тканы. Мезенхимадан өздүк бириктиргич ткань, кан тамырлар, кан клеткалары, негизги булчундар жана башкалар пайда болот.

**Мезобилирубин** – гемоглобиндин түссүз продуктусу, ичегиде микрофлоранын таасиринин негизинде билирубинден пайда болот. Мезобилирубинден – уробилин жана стеркобилин пайда болот.

**Мезоглея** – ичеги көңдөйлүүлөрдө, губкаларда экто – жана эндодермасынын ортосундагы килкилдек зат, 98% суудан турат.

**Мезоглея катмары** – күңгөлдөрдүн ички катмары.

**Мезодерма** – көп клеткалуу жаныбарлардын (бир гана ичеги көңдөйлүүлөрдөн, губкалардан башкасы), адамдын ортоңку түйүлдүк катмары. Экто – жана энтодерманын ортосунда жайгашат.

**Мезозой** – мезозой доору, же эратема.

**Мезокардий** – өсүмдүктүн мөмө курчоосунун ортоңку катмары. Мисалы: дарбыздын ички ширелүү бөлүгү.

**Мезолит** – азыркы адамзаттын байыркы таш доорунан жаңы таш доо-руна өтүп өнүгүшүндөгү өтмө доор.

**Мезонефрос** – бөлүп чыгаруучу орган. Балыктарда, жерде, сууда жашоочуларда болот. Ал эми калган омурткалуу жаныбарларда түйүлдүк мезгилинде болуп, кийинчерээк экинчилик бөйрөк метанефрозго айланат.

**Мезопланктон** – чоңдугу 1 – 5 мм түзгөн планктондуу организмдер.

**Мезоптиль** – үкү балапандарынын бөтөнчө тыбыттуу жүнү.

**Мезосапробдор** – органикалык заттар менен орточо булганган сууларда жашоочу организмдер (көптөгөн бактериялар, айрым козу карындар, балырлар, жөнөкөйлүүлөр, үлүлдөр, рак сымалдуулар, курт – кумурскалар, балыктар).

**Мезосома** – муунак буттуулардын курсагынын алдынкы бөлүгү.

**Мезотелий** – денедеги көңдөйлөрдүн сероздуу кабыкчасын каптап туруучу эпителиалдык тканы; омурткалуу жаныбарларда, адамда болот.

**Мезофауна** – чоңдугу 500 мкм – 10 мм чейинки жаныбарлар.

**Мезофилдер** – өсүмдүк жалбырагынын негизги тканы, жука кабыкчалуу клеткалардан турат, хлорофилл жана башка пигментерди алып жүрөт.

**Мезофитер** – нымдуулугу азыраак, же көбүрөөк, бирок жогорку нымдуу эмес жерлерде өсүүчү өсүмдүк.

**Мезоцефалия,** же орточо баштуулук – антропологиядагы бир өлчөм.

**Мейбом бездери** – желиндүү айбандардын көз ирмөөчтөрүндөгү май чыгаруучу бездер.

**Мейоз** – жетилип жаткан жыныс клеткалардын (гаметалардын) бөлүнүү процессинин натыйжасында хромосомалардын азайышы байкалат. Мейоз эки удаа бөлүнүүдөн турат: редукциялык жана теңделүү.

**Меконий** – эненин ичиндеги жана жаңы төрөлгөн организмдин ичегисиндеги жыты, микрофлорасы жок, биринчи заңы.

**Меланизм** – терисинде кара, кара-күрөң пигменттердин болушунун негизинде жаныбардын кара түстө болушу.

**Меланин** – кеңири таралган кара – күрөң пигмент; чачтарда, териде, көздө болот. Белоктуу зат (меланопротеид).

**Меланизм** – териде жана башка ткандарда меланиндин ашыкча топтолушу. Гиповитаминоздо (пеллагра, скорбут), айрым кыйноочу оорууларда байкалат.

**Меланокарцинома** – зыяндуу пигментүү шишик.

**Меланома** – меланин пигментин өндүрүүчү клеткалардан өрчүүчү зыяны жок шишик.

**Меланофор** – меланин пигментин алып жүрүүчү клеткалар.

**Мелена** – кара түстөгү экскремент; карын, ичегилердеги кан агуунун белгиси.

**Мелиоидоз** же жалган сап – сап сымал ылаң; Стантон, Рангун, Флетчер ылаңдары, пневмоентерит; жаныбарлардын, адамдын жугуштуу оорусу.

**Менделизм** – чех окумуштуусу Г. Мендель (1822 – 1884) ачкан тукум куучулук белгилеринин берилишинин закон ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү окуу.

**Мендель мыйзамдары** – генетика илимине Менделдин киргизген мыйзамдары.

**Менингит** – баш жана жүлүн мээнин кыртыштарынын сезгениши.

**Мениск** – тизе муунундагы айчыксымак кепил кемирчек.

**Менструация** – приматтардын бала туучу мезгилинде жатынынан мезгилдүү кан суюктугунун бөлүнүп чыгышы. Ал эми адам баласында жыныстык жетилүүдөн 47 – 50 жашка чейин.

**Мерогалия** – жөнөкөйлүүлөрдүн уруктануу процесси (гаметалары кошулат).

**Мерозигота** – бактериялардын генетикалык материалынын ташылышынын бардык формаларында пайда болуучу өзүнчө зигота.

**Мерзоиттер** – кээ бир жалгыз клеткалуу жандыктардын жыныссыз көбөйүүсү натыйжасында жаралган жалгыз ядролуу организмдер.

**Меропланктон** – убактылуу суу жээгиндеги организмдер, кийин жашоо формасын өзгөртөт. М: ийнеликтердин личинка стадиясы.

**Меротоп** – биоценоздун бөлүнүштөрү жандуу өсүмдүктөрдүн жалбырактары, тамырлары жана башка ушул сыяктуу жана андагы консументтер, редуценттер.

**Метабиоз** – микроорганизмдердин өз ара байланыштары, симбиоздун бир формасы: бир түрдүн жашоосунун негизинде пайда болуучу продукт менен экинчи түр тамактанат.

**Метабиосфера** – мегабиосферанын бөлүгү, жандуу, биогендүү заттар менен өзгөрүлгөн литосферанын катмары.

**Метаболизм** – 1) Азык заттарды кабыл алуунун негизинде организмдин денесинин түзүлүүсү (аноболизм), жана анда заттардын ажыроосу (катаболизм). 2) Клеткалардын ичине белгилүү бир заттын туш болуусу жана акыркы заттарга чейинки ажыроосу. М:белоктун м., глюкозанын м., дары препараттарынын м. жана башка.

**Метаболиттер** – зат алмашуунун натыйжасында организмде пайда болуучу зат.

**Метаболия** – тышкы кабыкчасы катуу эмес дене формасынын убактылуу туруктуу өзгөрүшү (узаруу, кыскаруу жана башка). Жөнөкөйлүүлөргө мүнөздүү.

**Метагенез** – айбандардын тукумдарынын жыныстык муундары жыныссыз муундар менен кезүүлөшүп алмашып турган бир формасы.

**Метаметрия** – жандык денесинин бөтөн – бөтөн сегменттерге бөлүнүп турушу.

**Метаморфоз** – 1) Личинка, же лимфанын чоң жаныбарга айланышы (анатомиялык – морфологиялык, физиологиялык өзгөрүүлөр байкалат). Омурткасыз жаныбарларга жана төмөнкү омурткалууларга (жерде – сууда жашоочуулар, балыктар, асцидияларга) – мүнөздүү. 2) Өсүмдүктүн негизги органдарынын түрүн өзгөртүшү. Мисалы: тамырдын а

## – П –

**Пагон** – муз калыңдыгында туруктуу, же убактылуу кездешүүчү организмдердин жыйындысы. Музда негизинен микроорганизмдер кездешет.

**Пайптобласттар** – балыккурттардын колониясынын бир мүчөсү.

**Паксиллалар** – деңиз жылдыздардын денесинин сыртындагы майда тикендери бар эбелектер.

**Палеобиология** – палеонтология илиминин биология бөлүмү.

**Палеозоология** – антропологиянын бир бөлүгү.

**Палеолит** – таш доорунун байыркы мезгили 2,5 – 3,0 млн. жылдан 10 – 12 жыл мурун.

**Палеонтология** – организмдердин калдыктарын, алардын көмүлүшүн, жашоо шартын изилдөөчү илимий тармак. Бир канча тармактарга бөлүнөт: палеоботаника, палеозоология, палеоантропология ж.б.

**Палеоценоз** – казылып табылган биоценоз.

**Палеоэкология** – өлүп жоголгон организмдердин жашоо түрүн жана тиричилик шарттарын изилдөөчү илим.

**Палеткалар** – жыгач көзөгүч моллюскалардын куйрук жагындагы бир органдар.

**Палингенез** – түйүлдүктө мурунку ата – тектеринин чоң формаларына мүнөздүү белгилеринин п.б. башкача айтканда онтогенезде филогенездин айрым белгилеринин, кайталанышы.

**Палинология** – ботаника, география, геологиянын ортосундагы тармак – өсүмдүктөрдүн спораларын, чаңчаларын алардын формасын, түзүлүшүн, өнүгүшүн, таралышын, өлүшүн изилдейт.

**Паллиативдүү** – ооруунун белгилерин басаңдатуу, бирок ооруунун себептери жоголбойт.

**Пальпабилдүү** – сыйпалоо жолу менен сезүү.

**Пальпакула** – сфинофор жандыктарынын колониясынын бир органы.

**Пальпация** – денени, органдарды, пульсту, шишиктерди манжалардын учтары, алакан же атайы куралдар менен изилдөө ыкмасы.

**Панартрит** – муундун курч ириңдүү сезгениши, байламталардын жабыркаланышы, тегеректеги жумшак ткандардын флегмонасы менен коштолот.

**Панбиосфера** – 1. Атмосфера кабыкчалары, бүт гидросфера жана литосферанын жарымы. 2. Биосферанын өнүгүшүндөгү тарыхый эволюциялык мезгилдер.

**Пангенезис** – тукум кубалоо боюнча жаңылыш түшүнүк берген гипотезалардын бири.

**Панкреатит** – уйку безинин сезгениши.

**Панофтальмит** – көздүн бардык кабыкчаларынын курч ириңдүү сезгениши.

**Панмиксия** – кокусунан гаметалардын айкалышынын негизинде ар жыныстуу особдордун эркин аргындашуусу жана кайчылаш уруктанган организмдер.

**Панспермия** – тирүү нерселердин түйүлдүктөрү бүт ааламга тараган деген ката түшүнүк.

**Пантофаг** – бардыгын жеп тамактанган организм.

**Папиллома** – жалпак жана өтмө эпителийден өрчүүчү зыяны жок упчу сымал шишик. Иттерде, кара малдарда, жылкыларда байкалат.

**Парабазисик нерсе** – чыбырткычан жандыктардын клеткасындагы бир бүдүр.

**Парабиоз** – 1. Күчтүү козголууга жандуу ткандын жооп кайтаруу реакциясы, дүүлүгүү, өткөрүү касиетинин убактылуу жоголушу менен мүнөздөлөт. 2. Эки же үч жаныбарды жасалма түрдө кошуу, гуморалдык таасирлерин изилдөөдө колдонулат.

**Парабиосфера** – жер үстүндө 6 – 7 жана 60 – 80 км ортосундагы атмосфера калдыкчалары, бул жерге жандуу организмдер кокусунан туш болот да убактылуу жашай алышат.

**Параганглийлер** – омурткалуу айбандардын ички секрециялык бездеринин бир түрлөрү.

**Паразитизм** – өзүнөн чоң организмге жармашып же анын ичине кирип алып соруп, бүлүнтүп ошонун эсебинен жашоо.

**Паразитология** – мителерди ар тараптан изилдөөчү биологиялык тармак.

**Паразитоценоз** – айбандын кайсы бир органда, же бүт организминде жашаган миелердин тобу.

**Паракератоз** – мүйүздүү ткандын пайда болушунун бузулушу, эпидермистин клеткалары кератин бөлүп чыгарбай калат.

**Паралич** – кандайдыр бир органдын функциясынын иштешинин бузулушу, шал болушу.

**Параллелизм** – эволюциянын жүрүшүндө жалпы ата тектеринен берилген геномдордун өзгөчөлүгүнүн негизинде организмдерде окшош түзүлүштөгү белгилердин көз карандысыз пайда болушу. М: көпчүлүк канаттуу курт – кумурскалардын алдыңкы канаттары канат үстүндөгү канатка айланган. Синоними: парафилия.

**Параллелдүү өнүгүү** – эволюция процессинде жакын формалардан окшош белгилери бар жаңы бутактардын п.б.

**Параметрит** – жатын тегерегиндеги бириктиргич ткандын же жазы жатын байламталарынын диффуздуу түрдө сезгениши.

**Паранекроз** – ар кандай бузуучу факторлордун таасирине клетканын коргонуу реакциясы, клеткалык белоктун денатурациясы, клеткадагы функциялардын токтошу ж.б. мүнөздөлөт. Паранекроз клетканын жаңы өзгөрүлгөн шартка ыңгайлануусуна же болбосо өлүшүнө алып келет.

**Паранефрит** – бөйрөк тегерегиндеги май клетчаткасынын сезгениши, ириңдеши мүмкүн.

**Парапрактит,** же болбосо перипрактит – түз ичегинин тегерегиндеги клетчатканын ириңдүү сезгениши.

**Парасимпатикалык нерв системасы** – борбордук жана периферялык бөлүктөрдөн турган вегетативдүү нерв системасынын бөлүгү.

**Паратомия** – жыныссыз (вегетативдүү) көбөйүүнүн бир формасы. Айрым гидроидүү полиптерде, олигохеттерде кездешет, генеративдүү бөлүгүнүн өсүшүнүн негизинде көбөйөт.

**Парафлебит** – венанын тегерегиндеги клетчатканын сезгениши. Венага козгоочу заттарды куйганда, венанын тегерегиндеги ткандар сезгенгенде ж.б. байкалат.

**Парентералдуу** – дары-дармектерди тамак сиңирүү жолдорунан башка венага, булчуңга, тери алдына ж.б. жолдору менен организмге куюу.

**Паренхима** – 1. Бирдей чоңдуктагы жандуу клеткалардан турган өсүмдүктөрдүн негизги тканы. П. – ассимиляция, бөлүп чыгаруу ж.б. функцияларды ишке ашырат. 2. Бириктиргич ткандын филогенетикалык теги.

3. Жаныбардын кандайдыр бир органынын адистештирилген тканы, органдын негизги функциясын аткарат.

**Паренхиматоздуу сарык** – жугуштуу анемияда, плевропневмонияда, лептоспироздо, курч интоксикацияда, паренхиматоздуу гепатитте ж.б. байкалат.

**Париеталдуу** – дененин кандайдыр бир көңдөйүнүн бетинде жайгашкан.

**Пародонтоз** – тиш жана тиш бүйлөсү кошулган жерлердин бузулушу менен мүнөздөлгөн ооруу. Айыктырбаса тиштердин түшүүшүнө алып келет.

**Пароксизм** – кандайдыр бир ооруунун талмасы кайра кайталанып курч мүнөздө байкалышы.

**Паротит** – кулак тегерегиндеги шилекей безинин сезгениши.

**Паста** – сырткы териге сүйкөөчү абдан коюу май. Пастаны даярдоодо тальк, буудай крахмалы, ак чопо, цинктин окиси ж.б. заттар кошулат

**Партеногамия** – гүлдүн уруктануусу жок эле мөмөсүнүн өрчүшү.

**Партеногенез** – жыныссыз көбөйүүнүн бир түрү.

**Партеногония** – уруктанбаган түйүлдүк түйүлдүк клеткаларынын эсебинен көбөйүү.

**Партенокарпия** – өсүмдүктөрдө уруксуз мөмөлөрдүн пайда болушу, натыйжада уруктануу болбойт (айрым бадыраң сорттору, дарбыз, жүзүм, мандарин, курма, банан ж.б.). Мындай мөмөлөр сапаттуу даамга ээ.

**Парцелла** – 1. Фитоценоздун же биоценоздун горизонталдык бөлүнүшүнүн структуралык бөлүгү. 2. Өзүнчө особдордун, же «үй – бүлөөлөрдүн» жыйындысы.

**Пастеризация** – 15 – 30 мин ичинде $100^0$С температурада суюк азык зат продуктыларындагы (сүт, вино, пиво ж.б.) микроорганизмдерди өлтүрүү.

**Патия** – сезгенүү жана башка патологиялык процесстердеги ооруну сезүү абалы.

**Патогендүүлүк** – башка организмдерде оору козгоочу, мите организмдердин инфекциялык ооруларды пайда кылуусу.

**Патогенез** – ветеринарияда ылаңдан пайда болуу жана өрчүү механизми; патология илиминин бир бөлүгү. П. татаал процесс, мында ылаң пайда кылуучу факторлордун организмге тийгизген таасири ылаңдын башталышын гана көрсөтөт. Ылаңдын өнүгүшүндө организмдин абалы, анын ылаң пайда кылуучу факторлордун таасирине карата болгон реакциясы чоң роль ойнойт.

**Патогенетикалык терапия** – дарылоо максатында өзгөчөлүү эмес ыкмаларды колдонуу м: новокаиндүү терапия, ткандуу, протеиндүү терапия, физиотерапия ж.б.

**Патология** – 1. Нормадан кыйшаюу, ар кандай оорулар. 2. Патологиялык нерселерди, процесстерди изилдөөчү медицина бөлүмү.

**Патологиялык абал** – нормадан туруктуу кыйшаюу, организмге биологиялык терс таасирин тийгизет.

**Патологиялык анатомия** – медициналык, ветеринардык жана биологиялык илим, оорулуу организмдин анатомиясын, ооруунун материалдык, структуралык негизин, морфологиялык маңызын изилдейт.

**Патологиялык физиология** – оорулуу организмдин жашоо ишмердүүлүгү жөнүндөгү илим, клеткалык, органдар, система жана бүтүндөй организмдик деңгээлде функциялардын жалпы закон ченемдүүлүгүн изил-

дейт. Ооруунун пайда болушун, жүрүшүн, резистенттүүлүк механизмдерин ж.б. аныктайт.

**Пахидермия** – теринин катуу кабырчык менен капталган, чачы жок жерлери.

**Пациент** – дарыланып жаткан оорулуу организм.

**Педипальпалар** – жөргөмүш сымалдуулардын экинчи жуп аягы, аш кармаганга, тийген нерсени сезүүгө арналган.

**Педицелляриялар** – тикен терилүү жандыктардын денесинин сыртындагы кармагыч органдар.

**Педобионт** – топуракта жашоочу организм.

**Педогамия** – жыныстык процесс мында бир особь экиге бөлүнөт, пайда болгон клеткалар кайра кошулуп зиготаны п.к. Жалган буттууларда кездешет.

**Педогенез** – партеногенездин бир формасы, мында личинкаларынын денесинде жаңы тукум берүүчү уруктанбаган жумуртка клеткалары өрчүйт. Айрым омурткасыз жаныбарларда (чымын, деңиз рак сымалдууларында) байкалат.

**Педоморфоз** – жетилген организмде личинкалардын кебетелеринин сакталып калуусу.

**Педосфера** – жердин топурак катмары, биосферанын бөлүгү.

**Пелагиаль** – дүйнөлүк океандын, көлдөрдүн суу массасы.

**Пелагостук фауна** – океандын, деңиздин ирим сууларында жана анын үстүндө жашоочу айбандардын жалпысы.

**Пелагофил** – пелагиал чөйрөсүнө ыңгайланган организм.

**Пеллагра** – никотин кислотасы жана РР витамининин жетишсиздигинен пайда болгон жаныбарлардын, адамдын оорусу. Зат алмашуу бузулуп, тери жабыркаланып, тамак сиңирүү, нерв системаларында бузулуулар байкалат. Көбүнчө чочколор, иттер, канаттуулар ыландайт.

**Пелликула** – жөнөкөйлүүлөрдүн эктоплазмасынын тышкы, жылмакай кабыкчасы. П. клетканын бөлүгү, зат алмашуу процессине катышат.

**Пелофаг** – баткак менен тамактануучу организм.

**Пелотерапия** – ылай, торф, сапропелдүү жана вулкан атырылган жерлердеги баткактар менен дарылоо.

**Пенис** – эркек айбандардын жыныстык мүчөсү.

**Пентакринус стадиясы** – деңиз лилияларынын өөрчүшүндөгү бир стадия.

**Пентактула** – голотуриялардын личинкалык стадясы.

**Пепсин** – ашказан ширесинин негизги пептид – гидролаз группасына таандык протеолитикалык ферменти, белокторду полипептиддерге чейин ажыратат.

**Периадинит** – лимфа түйүнүн же кандайдыр бир безди курчап туруучу ткандын сезгениши.

**Перидерма** – 1. Экинчилик жабуучу ткань, эпидермистин ордуна келет.
2. Деңиз гидроидүү полиптердин колониясын каптап туруучу органикалык кабыкча.

**Перикардит** – жүрөктүн сырткы кабыкчасынын сезгениши.

**Перилимфа** – ички кулактын ичиндеги суюктук.

**Периметрит** – жатындын сероздуу кабыкчасынын ириңдүү же фибриноздуу сезгениши.

**Периодонтит,** же болбосо перицементит – тиштин тамырынын сезгениши.

**Периостит** – сөөктүн сырткы кабыгынын сезгениши. Периоститтин катуу кармаган, өнөкөткө айланган ириңдүү ж.б. түрлөрү болот. П. көбүнчө жугуштуу ылаңдан кийин, жаракаттан, ууланкуудан, сөөк кабыгы жана муундун жабыркашынан пайда болот. П. катуу кармаганда малдын денеси ысып, ооруган жери кызарып, шишийт.

**Периостракум** – үлүлкабыктын сырткы (конхиолиндүү) катмары.

**Периплазма** – цитоплазманын клетка чели жактагы бөлүгү.

**Перипрокт** – деңиз кирпилеринин арткы тешигинин тегерегиндеги жумшак (тикендери жок) участок.

**Периспленит** – көк боор капсуласынын сезгениши.

**Перистальтика** – көңдөйлүү органдардын (кызыл өңгөч, карын, ичегилер ж.б.) толкун сымал ритмикалуу жыйрылышы.

**Перистом** – ооздун айланасы.

**Перитрема** – кенелердин капталдарындагы бир орган.

**Перифериялык нерв системасы** – мээ, жүлүндөн тараган нерв талчалары, нерв түйүндөрү, жыйындары.

**Перифлебит** – веналардын сырткы кабыкчасынын жана аларды курчап турган борпоң клетчатканын сезгениши.

**Перихолецистит** – өт исиркегинин сероздуу кабыкчасынын сезгениши.

**Перихондрит** – кемирчек кабынын сезгениши.

**Перкуссия** – денени сыртынан кол же перкуссия балкачасы менен соккулап көрүп, үндөр аркылуу ички органдарды изилдөө.

**Пернициоздуу** – оор формада өтүүчү зыян.

**Перодактелия** – бут кетменинде же колдо айрым манжалардын жок болушу.

**Пероралдуу ыкма** – ооз аркылуу дары – дарметтерди ичүү.

**Перфорация** – карынды, ичегилерди, жатынды, жараларды ж.б. тешүү.

**Перфузия** – физиологиялык эритмелер, кан, канды алмаштыра алуучу башка заттарды кан тамырлар аркылуу коөберип орган, дененин кандайдыр бир бөлүгүндөгү же бүтүндөй организмдеги биологиялык ткандарды азыктандыруу ыкмасы.

**Петазма** – эвфаузий рактарынын эркектеринин алдынкы курсакбуттарындагы бүлтүйгөн нерсе.

**Петалоиддер** – деңиздин жалпак кирпилеринин жонуна өскөн гүлжелекчелерге окшош нерселер.

**Петри идиши** – бактериологиялык лабораторияда азык чөйрөсүндө бактерияларды өстүрө турчу идиш.

**Петрификация,** же болбосо кальцинация – тканда акиташтын топтолушу.

**Петробионттор** – таштакта, корумда жашоочу айбандар, жандыктар.

**Пигидий** – трилобиттердин көчүк жак бөлүгү.

**Пигменттенүү** – ткандардын пигмент менен боелушу.

**Пигменттер** – жандуу организмдерде болуучу, химиялык жаратылышы ар кандай келген боочу заттар. Пигменттер жандуу жаратылышта кеңири таралган, биологиялык мааниси абдан зор.

**Пигостиль** же куш чычан – куштун чычаңынын учундагы сөөк.

**Пиелонефрит** – бөйрөктүн, бөйрөк лоханкасынын ириңдүү сезгениши. Бөйрөк лоханкасынан бөйрөк тканына микробдор кирип кеткенде байкалат.

**Пиемия** – сепсистин бир формасы.

**Пикноз** – клетканын ичиндеги ядронун бүрүшүп тыгыздалышы, клеткалардын деструкциясынын бир формасы. Эндогендүү жана экзогендүү факторлордун негизинде байкалат.

**Пилидий** – пемертин тибиндеги жандыктардын личинкасы.

**Пилюлдер** – ичүүчү шарик сымал дары–дармектер (0,1 – 0,5гр чейин)

**Пинакоциттер** – былпылдак жандыктардын денесинин эң сырткы катмарын түзүүчү жалпак клеткалар.

**Пиноцитоз** – ар кандай заттардын, коллоиддүү эритмелердин исиркектерин макро -, жана микрофагдардын активдүү соруп алышы.

**Пиннулалар** – көңгөлдөрдүн тинтүүрлөрүнүн капталдарындагы быдырлар.

**Пиогендүү бактериялар** – патогендүү же болбосо шартуу түрдө патогендүү бактериялар, тирүү организмде сезгенүү процесстерин козгоп, ириңди пайда кылат.

**Пиометра** – жатында ириңдин топтолушу, көбүнчө уйларда, ит, мышык жана айрым жаныбарлардын түрлөрүндө болот.

**Пионефроз** – бөйрөктүн ириңдүү сезгениши, пиелит, пиелонефрит жана бөйрөктө таштар пайда болсо байкалат.

**Пиоторакс** – плевралдуу көңдөйдө ириңдин топтолушу, ириңдүү плевритте байкалат.

**Питомник** – өсүмдүктөрдү жана айбандарды өстүрүп, багып, таратуучу чарба.

**Пиофтальмия** – көз алмасынын ириңдүү сезгениши.

**Пипетка** – суюктуктун кичине көлөмүн так өлчөөчү нерсе.

**Пирогендүүлүк** – дененин температурасын көтөрүүчү заттар.

**Пиурия** – заара бөлүнүп чыгуучу жолдордун сезгенишинин негизинде ириңдүү зааранын бөлүнүп чыгышы. Баштапкы, акыркы, тоталдуу жана толук пиурияны айырмалашат.

**Плагеоцефалия** же кылжыр – сөлпү баштуулук.

**Плазма (кандын плазмасы)** – сууда эриген туздардан, углеводдордон, белоктордон жана биологиялык активдүү заттардан турган кандын суюк бөлүгү.

**Плазмолиз** – протоплазманын эриши.

**Плазмалык клеткалар** – омурткалуу айбандардын тутумдаштыргыч жана кан жараткыч ткандарынын клеткалары.

**Плазмалык мембрана** – клетканын протоплазмасын курчап туруучу биологиялык мембрана.

**Плазмидалар** – клетканын ичинде хромосомалардын тышкары жаткан тукум кубалоо факторлору.

**Плазморрагия** – кан тамырлардын, периваскулярдуу ткандын бетине кан плазмасынын сиңиши.

**Плазмопикноз** – протоплазманын бүрүшүп калышы.

**Плазморексис** – протоплазманын бөлүктөргө ажырашы.

**Плакоид түрпү** же плакоид какач – балыктардын какачынын бир түрү.

**Планктон** – суунун катмарында агым менен кошо жылып жашаган майда организмдердин жалпысы.

**Планоцит** – темирдин жетишсиздигинен пайда болгон анемиядагы тыгыздалган формадагы эритроциттер.

**Планула** – көңгөлдөрдүн личинкалык бир стадиясы.

**Пластика же болбосо пластикалык операция** – органдын функциясын, формасын калыбына келтирүү, теридеги, ткандардагы кемчиликтерди жоюу.

**Пластрон** – ташпакалардын боорундагы чопкут (көкүрөгүн, курсагын, чатын жабуучу чопкут).

**Пластырь** – сырткы колдонуу (дененин сыртына чаптоочу) максатындагы дары формасы.

**Плацента** (сүт эмүүчүлөрдүн) түйүлдүктүн тамырлуу кабыкчасында жана жатындын былжырлуу кабыкчасында өрчүүчү орган; түйүлдүк менен эне организминин ортосундагы зат алмашууну тейлеп турат, плацента аркылуу түйүлдүк энесинен кычкылтекти, азык заттарды алат. Плацентада түйүлдүккө керек белок, май ж.б. заттардын ажырашы, синтези жүрүп турат.

**Плевра** – же көөдөн чели – көөдөндүн ичин, көөдөндө жаткан органдардын сыртын каптап турган жука тунук чел.

**Плеврит** – өпкөнүн сырткы чел кабыгынын (плевранын) сезгениши. Плевриттин катуу кармаган жана өнөкөткө айланган, кургак жана суулуу түрлөрү бар. Бардык мал ыландайт.

**Плевропневмония** – өпкөнүн жана плевранын чогуу сезгениши, айрым жугуштуу оорууларда байкалат.

**Плевроцеркоид** – жаакпут рактардын личинкалык бир стадиясы.

**Плетора** – жаныбар организминде кандын санынын көбөйүшү. Күчтүү эритропоэз (эритроциттердин санынын көбөйүшү) же кан плазмасынын көбөйүшүнүн негизинде байкалат.

**Пневматоз** – ткандарда абаны, газдарды алып жүрүүчү ар кандай чоңдуктагы көңдөйчөлөрдүн пайда болушу. Тери алдындагы клетчаткада, өпкөдө, карында, ичегилерде, табарсыкта байкалат.

**Пневмоаэроцистит** – өпкө жана абаны алып жүрүүчү баштыкчалардын сезгениши.

**Пневмогемоторакс** – плевралдуу көңдөйдө абанын, газдын, кандын болушу.

**Пневмокониоз** – ар кандай чаңдарды дем алуунун негизинде өпкөнүн оорушу.

**Пневмония** – ар кандай бактериялар, көбүнчө пневмокккоктор менен козголуучу өпкөнүн сезгениши. Сезгенген жердин чоңдугуна жараша ар кандай түрлөрүн айырмалашат м: альвеолит – бир канча альвеолдордун сезгениши; ациназдуу – бир канча бөлүктөрдүн сезгениши; сегментардуу – бир сегменттин сезгениши ж.б.у.с.

**Пневмопатия** – өпкөнүн этиологиясы түшүнүксүз келген бир канча патологиялык процесстердин тобу.

**Пневмоперикардит** – перикардда абанын, газдын топтолушу.

**Пневмосклероз** – өпкөнүн функциясынын бузулушуна алып келүүчү өпкөнүн катууланышы, альвеолдордун бетин түзгөн жана бронхдордун тегерегиндеги бириктиргич ткандардын биригишинин негизинде байкалат.

**Пневмоторакс** – плевралдуу көңдөйдө абанын, газдын топтолушу. Ар кандай түрлөрүн айырмалашат: жарым-жартылай, толук, бир беттүү, эки беттүү, ачык, жабык ж.б.

**Подагра** – буттардын ревматоиддүү ооруусу, муундарда мезгилдүү заара кычкыл натрийинин топтолушу. Туз топтолгон, некроздуу жерлерде сезгенүү реакциясы байкалып зор клеткалар түзүлө баштайт. Туздардын көбөйүшүнүн негизинде подагралык дөмпөкчөлөр пайда болот.

**Пододерматит** – туяктын негизин түзгөн теринин сезгениши.

**Пойкилоцит** – туура эмес формадагы эритроциттер (төөнөгүч, бөтөлкө, алмурут ж.б. сымал).

**Полиартрит** – көпчүлүк муундардын бир эле убакта, же акырындык менен жабыркаланышы. Кызыл жүгүрүктө, подаграда, бруцеллездо ж.б байкалат.

**Поливакцина** – ар кандай ооруулары козгоочу бир канча антигендерден турган вакцина, организмге куйганда ошол ооруларга каршы иммунитет пайда болот.

**Поливалентүү вакцина** – политиптүү, поливариантуу, полиштамдуу вакцина, бир ооруну козгоочунун бир канча штаммдарынан, типтеринен же варианттарынан турат.

**Полигендер**-генотиптүү өзгөрүлүштөрдүн сан жагынан үзгүлтүксүз өсүп турушуна жооп берүүчү гендердин тобу.

**Полигиния** – көп жубайлуулук; бир эркек айбандын бир нече ургаачы айбандарга ээлик болушу.

**Полидактилия** – муундарда манжалардын санынын көбөйүшү.

**Полидипсия** – күчтүү суусоо сезиминин негизинде көп суу ичүү. Диабет жана бөйрөк оорууларында байкалат.

**Поликлиника** – республикалык, дубандык, шаардык, райондук маанилге ээ дарылоочу жана окуу үйрөнүү – методикалык мекеме.

**Полимеризация** – жандыктардын сегменттеринин көбөйүшү.

**Полимерия** – бир татаал белгинин муунга өтүшүнө көп ген түрткү болуу.

**Полимерлер** – молекулалары көп санда кайталануучу топчолордон турган ири молекулалуу заттар.

**Полимиелит** – жүлүндүн боз затынын сезгениши, куймулчак куяң бөлүгүнүн вентралдуу мүйүзчөсү жабыркайт. Жаныбарларда ар кандай жугуштуу ылаңдардын негизинде байкалат.

**Полиморфноклеткалык саркома** – бириктиргич ткандын жетиле элек элементтеринен, полиморфдуу клеткалардан турган зыяндуу шишик.

**Полиморфизм** – бир эле түрдөгү өсүмдүктөрдүн (же малдын), алардын айрым органдарынын түрдүү формада болушу. Полиморфизмдин бир нече түрү бар: жыныстык П., мезгилдүү П., муундардын алмашуусуна байланышкан П.

**Полиневрит** – B1 витамининин жетишсиздигинен, интоксикациядан, жаракаттардан, жугуштуу оорулардан пайда болгон бир канча нервдин сезгениши.

**Полиплоидия** – организм клеткасындагы хромосомалардын санынын эселенип көбөйүшүнөн тукум куучулуктун өзгөрүшү. Көбүнчө өсүмдүктөрдө кездешет. Жогорку же төмөнкү температура, иондоштуруучу нур жана химиялык заттардын таасиринен митоз же мейоздо хромосомалардын ажыроо процессинин бузулушунун натыйжасында болот

**Полисимметрия** – көп симметриялуулук.

**Полиспермия** – бир жумуртка клеткасына бир нече сперматозоиддин кирүүсү.

**Полителия, же гипертелия** – ашык упчулардын пайда болушу.

**Полиурия** – бир суткада заараньн көп бөлүнүп чыгышы, диабет, бөйрөк ооруулардында, ууланууда байкалат.

**Полифагия, же булимия** – тамак ашты көп жегендик.

**Полифилия** – организмдердин тобунун эки жана андан да көп тектерден жаралышы.

**Полицитемия** – кан көлөмүнүн бирдигинде эритроциттердин санынын көбөйүшү, организм көп сандагы сууну жоготкондо, кычкылтектин жетишсиздигинен кычкылдануу процесстери бузулганда байкалат.

**Поллакиурия** – кичинеден бат-баттан заара кылуу, заара кылгысы келүү, өнөкөт нефрит, цистит, диабет, пиелит, таштардын пайда болушунда ж.б. байкалат.

**Поллиноз** – адамдын, жаныбарлардын гүл, чөп чаңчаларына аллергиялык оорусу. Коньюктивит, ларинготрахеит, бронхит, тери кычышуулары ж.б. менен коштолот.

**Полиэмброния** – көп эмбриондуулук; бир эле жумурткадан бир нече личинкалар чыгуусу.

**Полиэтизм** – үйүрү менен, уюгу менен жашоочу каскак жандыктар: мисалы курт кумурскалардын «мансапка» жараша кызматтарынын ар түрдүү болушу. Мунун эки түрү бар: жашка жараша полиэтизм, асылдыгына жараша полиэтизм.

**Полиэтиология** – бир эле оору ар кандай себептердин негизинде пайда болот деген этиологиядагы багыт.

**Помология** – мөмө, жемиш өсүмдүк сортторун изилдөөчү илим. 18 – кылымдын аягында орус окумуштуусу А.Т. Болотов негиздеген.

**Порошоктор** – уйпалануучу касиетке ээ ички жана сырткы колдонуугa тиешелүү катуу дары формасы. Бир заттан туруучу жөнөкөй жана эки же бир канча ингредиенттерден турган татаал түрлөрүн айырмалайт.

**Порфириндер** – жандуу жаратылышта кеңири тараган пигменттер; гемоглобин, хлорофилл ж.б. биологиялык маанилүү кошундулардын курамына кирет.

**Постнаталдуу** – тууттан кийинки.

**Посттравмалык** – травмадан, жаракаттардан кийинки.

**Постэмбрионалдык** – төрөлгөндөн кийинки, жумурткадан пайда болгондон кийинки өрчүү.

**Потенция** – эркек организминин өзүнөн кийин тукум калтыруу жөндөмдүүлүгү. Потенцияга сырткы чөйрөнүн факторлору (жашоо шарты, тамактануусу ж.б.) чоң таасирин тийгизет. Жыныс рефлекстеринин бузулушу, жыныс органдарынын оорусу потенциянын жоголушуна, тукумсуздукка алып келет.

**РР – авитаминоз** – тери, тамак сиңирүү жолдору, нерв системасы жабыркаланат; пеллаграны кара. Жаш чочколордо, иттерде, жөжөлөрдө байкалат.

**Превалентүүлүк** – жаныбар ыландарынын, ооруулардын таралышынын көрсөткүчү. Ыландаган, ыланды козгоочулардын санынын 100,1000, 10 000, 100 000 ден болушу.

**Превентивдүү** – профилактикалык, сактоочу, эскертүүчү.

**Пренаталдуу (анинаталдуу) патология** – түйүлдүк абалдагы (уруктануудан баштап туулганга чейинки) бардык патологиялык процесстер.

**Пресерв** – герметикалык жабылган темир, же айнек идиштеги, стерилизацияга же болбосо пастеризацияга дуушар болбогон тамак – аш продуктылары.

**Преципитация** – ыландаган, же иммундаштырылган жаныбардын кан сары суусунда антителолордун болушун аныктоочу серологиялык реакция.

**Присыпка** – жакшы тазаланган майда химиялык индифференттүү же активдүү таасир этүүчү порошоктор.

**Проба (санитардык)** – айлана-чөйрөнүн обьектилеринен гигиеналык баа берүү максатында анализге алынган субстраттар.

**Пробанд** – белгилердин тукум кубалашын аныктоо максатында индивиддин ата тектерин түзүү, аныктоо.

**Проболалар** – топуракта жашоочу жумуру курттардын башындагы бир органдар.

**Провиденция** – Enterobacteriaceae тукумуна Proteae трибасына таандык грамтерс бактериялардын уруусу. Спора, капсулаларды пайда кылбайт, кыймылдуу таякча сымал, бир-бирден жайгашышат же болбосо кыска чынжырчаларды түзүшөт. Факультативдүү анаэробдор**Проглоттидалар** – тасмакурттардын денесинин жалаң мүчөденелеринен турган бөлүгү.

**Провизор** – жогорку фармацевтик билими бар адис.

**Прогерия** – организмдин патологиялык эрте карышы.

**Продуценттер** – органикасыз заттардан органика заттарды жаратып, тамак–аш түймөктөрүндөгү эң биринчи звенодогу организмдер.

**Прокариоттор** – клеткасында калыптанган ядросу жок организмдер.

**Прокоракоид** – амфибиялардын омуроо курчоосунун курамындагы сөөк.

**Пронимфа** – каскак жандыктардын личинкалык бир стадиясы.

**Проподеум** – каскак жандыктардын кээ бирлеринин көкүрөгүнө туташ жаткан курсагынын биринчи сегменти.

**Простата бези** – эркек айбандын жыныстык системасындагы жалкы без.

**Простомиум** – муунак курттардын башы.

**Прострация** – күчтүн толук жоголушу, айлана-чөйрөгө жөнөкөй мамиле жасоо.

**Протаспис** – трилобит жандыктарынын биринчи личинкалык стадиясы.

**Протересома** – кенелердин көкүрөгүнүн алдынкы бөлүгү.

**Протогиния** – жетилип келаткан организмдин адегенде ургаачы андан кийин эркек жыныска айлануу касиети.

**Протеиндүү тамактануу** – организмди протеиндин запасы (белок, белоктуу эмес азотту алып жүрүүчү заттар) менен толуктоо.

**Протеинурия** – бөлүнүп чыккан заарада белоктун (альбумин, глобулин жана фибриноген) кездеши. Бөйрөк ооруларында жана бөйрөктөн сырткары ооруларда байкалат.

**Протеиндер** – бир гана аминокислоталардан туруучу белоктор.

**Протересома**– кенелердин көкүрөгүнүн алдыңкы бөлүгү.

**Протозооздор** – жаныбарлардын ыландары, мите жөнөкөйлүүлөрү козгойт. Ар кандай клеткаларда, ткандарда, органдарда (м: кандын плазмасында трипоносомалардын; эритроциттерде – бабезия жана пироплазмалардын; ичегилердин эпителий клеткаларында – кокцидийлердин ж.б.) мителик кылышат.

**Протозоология** – бир клеткалуу жаныбарларды жөнөкөйлүүлөрдү изилдөөчү илим.

**Протомерит** – споровиктердин грегарина түркүмүндөгү жандыктарынын денесинин бир бөлүгү.

**Протонефридий системасы** – көпчүлүк курттардын сийдик бөлүп чыгаруучу системасы.

**Протонефридий каналдары** – көпчүлүк курттардын сийдик өткөргүч (агызгыч) түтүктөрү.

**Протонимфа** – чаян сымал личинкаларынын экинчи стадиясы.

**Протоплазма** – тирүү клетканын ички чөйрөсү; анда эки компоненти айырмалайт; а) кариоплазма (ядро) жана б) цитоплазма (клетканын негизги бөлүгү). Протоплазманын негизги касиети – зат, энергиянын алмашуусун, көбөйүү, функцияларды тейлөө.

**Протонефридий** – көпчүлүк куртттардын, аштарсымак жандыктардын сийдик бөлүп чыгаруучу органы.

**Протоплазма** – тирүү клетканын ичиндеги нерсе, организмдерди түзүүчү тирүү зат.

**Прототрофтуу организмдер** – бир түрдүү органикалык эмес заттарды экинчи түрдүү органикалык эмес заттарга айландыруучу жөнөкөй микроорганизмдер.

**Протромбин** – кан плазмасындагы татаал белок (гликопротеид). Кан уюганда протромбинден тромбдун пайда болушун активтештирүүчү тромбин ферменти пайда болот. Протромбин боордо пайда болот.

**Профаза** – клетканын бөлүнүшүндөгү биринчи стадиясы.

**Профессионалдуу оорулар** – адамдын организминде өндүрүш процессинин, эмгектенген жердеги санитардык абалдын жагымсыз факторлору-

нун таасиринен пайда болгон оорулар (м: ылаңдаган малдарды даарылоодо адам өзүнө жугузуп алуу ж.б.у.с.).

**Профилактика** – жаныбарлардын ылаңдарын алдын алууну, адамдарды мителерден, оорулардан сактоону уюштуруу атайын иш чаралары.

**Профуздуу** – өтө куюлуучу (м: кан акканда, ич өткөндө).

**Протохофора** – жөнөкөй түзүлүштөгү деңиз курттарынын эркин сүзүп жүрүүчү личинкасы.

**Процедура** – дарылоо иш чаралары (ванна, массаж ж.б.).

**Процеркоид** – кээ бир тасмакурттардын личинкалык стадиясы.

**Псаммобионттор** – кумдуу чөлдөрдө жашоочу айбандардын баарысы.

**Псаммома** – шишикте катмарлуу акиташтуу денечелердин пайда болушу.

**Псаммофдүү фауна,** кумчул айбандар; кумдактарды жакшы көрүүчү айбандардын баарысы.

**Псевдоартроз** – сынган жердин толук бүтпөй калгандыгынан эки сөөк бириккен жерде байкалуучу туура эмес кыймылдар.

**Псевдогемалык система** – тикен түрдүү жандыктардын кээ бирөөлөрүнүн кантамырлар системасынын жанындагы бир каналдар системасы.

**Псевдогидрартроз** – муун капсуласынын жоонооюшунун негизинде муундун чоңоюшу.

**Псевдозоэа** – кээ бир рак сымалдуулардын личинкалык стадиясы.

**Псевдоколониялуулук** – кээ бир чала хордалуу жандыктардын колония сымал болуп жашашы.

**Псевдоконха** же үлүлкабык сымал – кээ бир моллюскалардын кадимкидей үлүлкабыгы жок, терисинин астында өскөн «кемирчек» кабыгы.

**Псевдомеланоз** – меланозго окшош болуп теринин карарышы. Сальварсан, висмут, алтын ж.б. менен ууланганда байкалат.

**Псевдотрахеялар** же кекиртек сымал – кээ бир рак сымалдуулардын кекиртекке окшогон органдары.

**Псевдотуберкулез** – жаныбарлардын, адамдын толугу менен изилдене элек жугуштуу туберкулезго окшоп кетекен оорулары.

**Псевдофекалийлер** же корголго окшош – кош капкалуу моллюскалардын сыртка чыгарган кату калдыктары.

**Псевдоэнтеролиттер** же жалган таштар – минералдык заттардан, тоюттардын калдыктарынан турат. Туяктуулардын жоон ичегисинде байкалат.

**Псевдоэпиподит** – цефалокарида жандыктардын көкүрөк буттарындагы бир тетик.

**Псороптоз** – тери котуру, инвазиялык ылаң, psoroptes урусундагы кенелер козгойт. Жаныбарлардын терисинде мителик кылат. Клиникалык белгиси – кычышуу.

**Птерилиялар** – куштардын терисинин жүн баскан бөлүктөрү.

**Птероморфалар** – кенелердин капталдарындагы канатсымак урчуктар.

**Птеростигмалар** – жандыктардын, мисалы, төөмоюндардын канатындагы тактар.

**Птиализм** – илээшкектиги төмөн келген шилекейдин көп бөлүнүп чыгышы.

**Пуллороз** – ич келте; тоок, күрптөрдүн жугуштуу ылаңы.

**Пульмонология** – ички оорулардын бөлүмү, дем алуу органдарынын патологиясын изилдейт.

**Пульпит** – тиштин жумшак тканынын сезгениши.

**Пульс** – кан агымынын артериалдык тамырлардын бетине согулушу .

**Пульсация** – жүрөктүн жыйрылышынын, кан агымынын негизинде артериялардын жоонойуп кайра ичкериши.

**Пунктат** – пункция ыкмасы менен алынган бир аз суюктук же ткань.

**Пункция** – диагноз коюу, дарылоо максатында орган же көңдөйдүн бетин көңдөйлүү ийне же троакар менен тешүү.

**Пурулентүү** – ириңден туруучу.

**Пустула** – биринчилик, морфологиялык ириңдүү тери безеткиси.

## – Р –

**Рабдалар** – былпылдактардын скелетиндеги учту ийнелердин бир түрү.

**Рабдиттер** – түктүү жалпак курттардын терисиндеги сактануу куралдар катары өсүндүлөр.

**Рабдомиома** – таргыл булчуң тканында пайда болгон, жетилген зыяны жок шишик. Скелет булчуңунда кызыл түйүндөр сымал болот.

**Рабдомиосаркома** – жетиле элек таргыл булчуңунан түзүлгөн шишик.

**Радиациялык генетика** – генетика илиминин бир тармагы; тукум куума материалдарга иондоштуруучу нурлардын тийгизген таасирин изилдейт.

Р. генетиканын ыкмалары өзгөчө микроорганизмдердин селекциясында колдонулат. Анын жардамы менен микроорганизмдердин антибиотик жана биологиялык активдүү заттарды чыгаруучу жаңы штаммдары алынган.

**Радиациялык коопсуздук** – радиоактивдүү жана башка иондуу нурлардын булагы болгон заттар менен коопсуз иштерди жүргүзүүнү камсыз кылган иш чаралардын комплекси.

**Радиациялык мутагенез** – нурлардын гендерге таасир көрсөтүшүнүн натыйжасында мутациянын жаралышы.

**Радиациялык патология** – иондуу нурлардын организмге тийгизген таасиринин негизинде пайда болгон оорулардын, патологиялык процесси жана абалдардын жыйындысы.

**Радиациялык токсикология** – организмге радиоактивтүү изотоптордун туш болушун, алардын бөлүштүрүлүшүн, орган ткандарда топтолушун, биологиялык таасирин, бөлүнүп чыгышын изилдөөчү радиобиологиянын бөлүмү. Изотоптордун организимге сиңбөө, организимден тез бөлүнүп чыгуу ыкмаларын иштеп чыгат.

**Радиоактивдүү заттар** (радионуклеиддер, радиоизотоптор) – корпускулярдуу же болбосо электромагнитүү нурларды бөлүп чыгаруу менен коштолгон өз алдынча ажыроочу химиялык элементтер. Радиоактивдүү ажыроодо физикалык, химиялык касиеттери өзгөрүлгөн жаңы элементтер пайда болот.

**Радиоактивдүү калдыктар** – радиациялык коопсуздук нормасынан жогору радиоактивдүү изотопторду алып жүрүүчү радиоактивдүү заттар менен иштегенден кийинки калдыктар.

**Радиоактивдүү фон** – космостук нурлардын таасиринин негизинде же табигый радиоактивдүү заттардын ажыроосунда жаратылышта пайда болуп туруучу иондуу нурлар. Адамдын, жаныбарлардын организмине радиоактивдүү фондун таасир этиши сырткы жана ички булактардын негизинде болот.

**Радиоактивдүүлүк,** же радиоактивдүү ажыроо – туруктуу эмес атомдук ядролордун башка элементтердин ядролоруна, ядролуу нурларды (альфа нурларды, бета нурларды, протондорду) бөлүп чыгаруу менен коштолгон өз алдынча айлануусу.

**Радиоактивдүү чөгүү** – атмосферадан радиоактивдүү аэрозоль, газдарды кармап алуунун негизинде жогорку радиоактивдүүлүкө ээ чөкмөлөр.

**Радиобиология** – организмдерге бардык нурлардын таасири жана организмдердин нурлардан сактануу ыкмаларын изилдөөчү биологиянын бир бөлүгү.

**Радиология** – оорууларды аныктоодо, дарылоодо иондуу нурларды колдонуу, нурлардын организмге тийгизген таасирин, нурлардан сактануу себептерин изилдөөчү илим.

**Радиорезистенттүүлүк** – иондоштуруучу нурларга биологиялык объектердин чыдамдуулугу.

**Радиоэкология** – организмдерде радиоактивдүү заттардын жыйылышын жана алардын биосферада пайда болушун изилдөөчү экологиянын бир бөлүгү.

**Райондук ветеринардык станция** – райондогу жана айыл жериндеги жаныбарлардын ыландары менен күрөшүүчү станция, мамлекеттик ветеринариянын борбордук дарылоочу – профилактикалык мекемеси.

**Рак** – 1. Клеткалардан турган зыяндуу шишик. Тери эпителийинен ашказандын, ичегилердин, дем алуу жолдорунун, ар кандай бездердин ж.б. былжырлуу кабыкчаларынан башталган өзгөрүлгөн клеткалар. 2. Өсүмдүк-

төрдүн Р. козу карындар жана бактериялар тарбынан козголуучу оорулар, өсүмдүктүн органдарындагы шишиктер өсүндүлөр. 3. Рак сымалдуулар классынын өкүлү (деңиз рагы).

**Рамус,** же талча, бутакча – бурмаке жандыктарынын кулкунундагы бир анатомиялык тетик.

**Рамфотека** – куштун тумшугун сыртынан каптап турган мүйүз жабуу.

**Ранидин** – кээ бир бакалардын уруктары тарабынан бактерияларга каршы чыгарылган зат.

**Расса** – 1.Бир түрдүн ичиндеги экологиялык жүрүм-турум кээде физиологиялык – морфологиялык өзгөчөлүктөрү менен обочолонгон особдордун жыйындысы. Экологиялык, географиялык ж.б. айырмалашат. 2. Тарыхый жол менен калыптанган адамдардын топтору тукум куучулук, физикалык өзгөчөлүктөрү (тери, көз, чачтарынын өңдөрүнүн, көздөрүнүн, сурмалардын түзүлүшү, баштарынын формалары ж.б. у.с.) мүнөздөлөт. Адамдын расалары түрчөлөргө жакын келет. Үч негизги топторду айырмалашат: негроиддик, европоиддик жана монголоиддик.

**Рахис** – деңиз калемчелеринин колониясындагы чөйчөк сымак бир бөлүгү.

**Рахит,** же итий – Д авитаминозу, жаш организимдин ооруусу, Д витамини, фосфор, кальцийдин алмашуусунун бузулушу, сөөк тканынын дистрофиясы менен мүнөздөлөт.

**Рацион** – жаныбарларды азык заттар менен камсыз кылуучу тоюттардын суткалык жыйындысы.

**Расизм** – адамзатты «жогорку» жана «төмөнкү» расаларга бөлгөн анти илимий реакциондук теориясы.

**Реакклиматизация** – кандайдыр бир аймакта мурун жоголуп кеткен түрдү жасалма жол менен кайтарып келүү.

**Реакция** – 1) Организмдин тышкы же ички козгогучтарга жооп кайтаруусу. 2) Тез өзгөрүү, мурунку карама – каршы абалга келүү (катуу иштөөдөн кийин чарчоо ж.б.у.с.). 3) Эки же бир канча заттардын ортосундагы реакция, жаңы заттардын пайда болушуна алып келет.

**Реанимация** – организмди тирилтүү, кокустуу себептердин (кан жоготуу, думугуу, шок ж.б.) негизинде өчкөн же өчүп бара жаткан функцияларды калыбына келтирүү. Р. төмөнкү иш чараларды камтыйт м: жүрөккө массаж жасоо, жасалма дем алдыруу, кан куюу ж.б.

**Ревматизм** – таяныч трофикалык ткандын сезгениши менен коштолгон инфекциялуу – аллергиялык оору. Процесске жүрөк кан тамыр жана булчуң системасы, синовиалдуу кабыкчалар тартылат. Курч жана өнөкөт формасын, жайгашышы боюнча муун жана булчундуу түрүн айырмалашат.

**Регенерация** – организмдин жабыркаланган же жоголгон орган ткандарынын калыбына келүүсү (м: кескелдириктин куйругу), ошол эле бүтүндөй

организмдин калыбына келүүсү (м: гидра). Р. өсүмдүктөргө, омурткасыздарга жана азыраак омурткалууларга мүнөздүү.

**Регионардуу** – кандайдыр бир дубанга, же дененин бир бөлүгүнө тиешелүү.

**Регионардуу инфекция** – айрым инфекциялардын өнүгүшүнүн биринчилик фазасы, инфекцияны козгоочулар регионардуу лимфа түйүндөрүндө кармалат.

**Регресс (биологиялык)** – 1. Эволюциялык төмөндөө, систематикалык топтун жөнөкөйлөнүшү ага кирген таксондордун санынын азайышы, ареалдын тарышы, особдордун санын азайышы ж.б.у.с.

**Регургитизация** – органикалык жана функционалдуу себептердин негизинде, кан, суюктук, газдардын тамак сиңирүү жолдорунда, жүрөк кан тамыр системасында, жатында тескери агышы.

**Редиялар** – трематода курттарынын личинкалык стадиясы.

**Редукция** – 1.Орган, ткандардын санынын чоңдугунун азайышы түзүлүшүнүн жөнөкөйлөнүшү же функциясын жоготуу. 2. Орган же ткандын толугу менен жоголушу мындай органдар редукцияланган органдар д.а. Ал эми калдыктары сакталып калса рудименттер д.а.

**Редуценттер,** же ажыраткычтар – татаал заттарды, мисалы, органикалык жөнөкөй заттарга ажыратуучу организимдер.

**Редукциялык бүртүктөр** былпылдактар жана гидралар көбөйүү прцессинде жаралуучу бир түрдүү клеткалар.

**Резекция** – органдын жарымын же анатомиялык п.б. нерселерди алып салуу максатында жүргүзүлгөн операция. Ветеринардык практикада резекцияны некроздо, ириңдүү тромбофлебите, остеомиелит ж.б. жүргүзүлөт. Органдын жабыркаланган бөлүгү алынып, бирок малдын чарбалык баалуулугу сакталат.

**Резистентүүлүк** – патологиялык абалды пайда кылуучу физикалык, химиялык, биологиялык агенттердин таасирине организмдин каршылык көрсөтүүсү. Резистентүүлүктүн тубаса жана пайда болгон түрүн айырмалашат.

**Резолюция** – сезгенген өзгөрүүлөрдүн (шишиктердин, экссудаттардын), же болбосо өрчүп келе жаткан шишиктердин ириңдебестен эрип сиңип жоголушу.

**Резонаторлор** – бакалардын үнүн күчөтүүчү үн баштыктар.

**Резорбция**, же сиңүү. Дары-дармектердин сиңгенден кийинки таасири резорбтивдүү деп аталат.

**Резус фактор (Rh – фактор)** – жаныбарлардын (адамдын) эритроциттеринде болуучу антигендердин системасы, кандын группасына көз карандысыз. Резус – фактор доминантуу белги катары сөзсүз тукум кубалайт. Rh антителосун алып жүрүүчү кан сары суусу кандын резус – факторун аныктоодо колдонулат. Кан куюуда кандын группасы сыяктуу эле резус – фактор

дагы эсепке алынат. Канда резус – фактор болсо (+) резус, резус фактор болбосо (-) резус деп аталат.

**Реконвалесценция** – тигил же бул ыландан айыгуу. Узактыгы ыландын мүнөзүнө, малдын иммунологиялык реактивдүүлүгүнө, малды кармоо, тоюттандыруу шартына, дарылоонун эффективдүүлүгүнө жараша болот.

**Рексис** – кан тамырдын же органдын үзүлүшү.

**Ректалдуу изилдөө** – малдын бооз, бооз эместигин жана ички органдардын ооруларын диагностикалоо максатында түз ичеги аркылуу манипуляция жүргүзүү.

**Ректоскопия** – түз ичегинин былжырлуу кабыкчасын оптикалык инструмент – ректоскоп аркылуу визуалдуу көрүү.

**Релаксация** – скелет булчуңунун тонусун, кыймылдуу активдүүлүгүн азайтуу, басаңдатуу. Наркоз куюу же атайын ыкмаларды колдонуу менен ишке ашат.

**Реликтер** же калдыктар – мурдагы шарттары өзгөрүлгөн чөйрөдө тирүү калып жашай берүүчү организмдер.

**Ремиссия** – ылаң белгилеринин убактылуу басаңдашы же жоголушу.

**Рентген аппаратурасы** – медицинада, ветеринарияда колдонулуучу рентген нурларын алуу аппараты. Диагностикалык жана терапевтикалык болот.

**Рентгенография** – рентгенологиялык изилдөө жүргүзүүдө рентген нурларынын жардамы менен изилденүүчү обңектин рентгенограммасын атайы фотопленкага чыгарып алуу.

**Рентгенодиагностика** – ар кандай органдардын, системалардын ооруларын билиш үчүн рентген нурларын колдонуу. Ар кандай ткандар рентген нурларын ар кандай соруп алуу коэффицентине ээ, ошондуктан айрым органдар (сөөктөр, өпкө, жүрөк) рентгенографиянын тартылмаларында жакшы көрүнөт.

**Рентгенотерапия** – нурларды колдонуу терапиясынын ыкмаларынын бири, дарылоо максатында рентген нурлары колдонулат.

**Реотаксис** – суюктуктун агымына каршы жөнөкөй жандыктардын, клеткалардын жылып жөнөшү.

**Реофилдүүлөр** – суунун шарын, шаркыратмаларын жакшы көрүүчү жандыктар.

**Репарация** – патологиялык процесс болгон жерде ткандын калыбына келиши.

**Репелленттер** – муунак буттууларды (курт-кумурскаларды, кенелерди), сүт эмүүчүлөрдү, канатууларды үркүтүүчү заттар. Адамды, жаныбарларды кан соруучу курт кумурскалардан, зыянкечтерден, кемирүүчүлөрдөн ж.б. сактоо максатында колдонулат.

**Реплантация** – организмден убактылуу алынган органды же сегментти оперативдүү түрдө кайра жайгаштыруу.

**Репликация** – хромосомалардын, ДНКнын молекулаларынын экиге ажырашы.

**Репозиция** – сынган сөөктү, чыгып кеткен жерлерди, грыжаларды ж.б. хирургиялык ыкма менен кайра ирээттүү жайгаштыруу, калыбына келтирүү.

**Респиратордуу вирустуу оорулар** – дем алуу жолдорунун былжырлуу кабыкчаларын жабыркалоочу вирустуу оорулардын тобу.

**Реституция** – жабыркалануудан кийин организмдин жана анын бөлүктөрүнүн бардык калыбына келүү түрлөрү.

**Ретенция** – м: зааранын, плацентанын кармалышы.

**Ретикулоцитер** – дан сымал бүртүкчөлөрдү алып жүрүүчү жетиле элек эритроциттер.

**Ретикулоэндотелиалдуу система (РЭС)** – макрофагдуу система, адамдын, жаныбарлардын организминдеги коргоочу клеткалардын жыйындысы (бириктиргич ткандын гистиоциттери, кандын моноциттери, капиллярлардын эндотелийи, боордун купфер клеткалары). Клеткалар бактерияларды, чоочун токсиндүү бөлүкчөлөрдү кармап эритип жоготууга, антителону пайда кылууга жөндөмдүү, ошол эле кандын пайда болушуна, зат алмашууга катышат.

**Ретикулярдуу тканы** – бириктиргич ткандын бир түрү, канды пайда кылуучу органдардын, былжырлуу кабыкчадагы лимфоидүү жыйындардын, тиштин жумшак тканынын негизин түзөт.

**Ретиналык клеткалар** – көздүн тордуу челиндеги клеткалар.

**Ретинит** – көздүн тордомо челинин сезгениши.

**Ретроцеребрум баштыгы** – бурама жандыктардын баш жагындагы бир орган.

**Рефлекс** – рецепторлордун козголуусуна организмдин реакциясы. Пайда болгон дүүлүгүү БНСга, андан эфферентүү нервдер аркылуу ар кандай органдарга барат. Тубаса рефлекстер шартсыз рефлекс деп аталат, организмдин жекече өрчүшүндө пайда болгон рефлекстер шарттуу рефлекстер деп аталат.

**Рефлекс жаратуучу зона,** же рефлексогендик зона – организмдин денесинде рефлекс жаратуучу зона.

**Рецепт,** же кабыл алгыч – жазуу түрүндө врачтын аптекага кайрылышы, дары-дармектерди даярдоо, колдонуу, коө берүү буйруктарын камтыйт. Дары-дармектерди даярдагандар юридикалык жактан жоопту болушат.

**Рецепторлор** – сезгич нерв булаларынын же адистешкен клеткалардын учтары (көздүн тордомосу, ички кулак ж.б.), кабыл алынган козголууларды БНСда иштетилген нервдик дүүлүгүүгө айландырат.

**Реципиент** – жандуу организмге башка организмдин (донор) тканын куюу м: кан куюу.

**Рибонуклеин кислотасы, же РНК** – биополимерлер, мономердүү бирдиги болуп рибонуклеотиддер эсептелинет; нуклеин кислотасынын бир тиби.

**Рибосомалар** – клетка ичиндеги органелллдер, белоктун синтезин ишке ашырат.

**Ригиддүүлүк** – катуу чыңалган скелет булчундарынын абалы. Айрым ооруларда борбордук жана перифериялык нерв системаларынын ишмердүүлүгүндө бузулуулар болгондо гана байкалат.

**Риккетсиоз, же** Ку – лихорадка – малдын риккетсиялар пайда кылуучу жугуштуу ылаңы. Кеңири таралгандары: риккетсиоздуу гидроперикардит (каудриоз), рикетсиоздуу кератоконңюнктивит.

**Риккетсиялар** – майда клетка ичиндеги бактериялар, жаныбарларда, адамда өзгөчөлүү ооруларды риккетсиоздорду козгойт.

**Ринит** – мурун көңдөйүнүн былжырлуу кабыкчасынын сезгениши. Р. курч жана өнөкөт өтүшү мүмкүн; этиологиясы боюнча биринчилик жана экинчилик; сезгениши боюнча катаралдуу, фолликулярдуу, ириңдүү, крупоздуу болушу мүмкүн.

**Ринография** – дем алуу жана дем чыгарууда абанын кыймылын графикалык түрдө жазып түшүрүү ыкмасы.

**Ринорргагия,** же болбосо эпистаксис – мурундан кан агуу, мурун көңдөйүнүн былжырлуу кабыкчасы жабыркаланганда, сөөктөрү сынганда, мителердин негизинде ж.б. байкалат.

**Риноскопия** – мурун көңдөйүнүн тереңдиктеги бөлүктөрүн көрүү ыкмасы, ветеринардык практикада чоң малдарды атайы күзгүлөр, ларингоскоптор аркылуу ж.б. көрүү.

**Розеола** – чоң эмес тегерек кызыл так, басса жоголуп калат. Ткандагы тамырлардын гиперемиясынын негизинде пайда болот.

**Рудералдуу өсүмдүк** – таштанды төгүлгөн, булганган жерлерде өсүүчү өсүмдүктөр.

**Рудиментардуу орган** – эволюциянын жүрүшүндө белгилүү биологиялык түрдө маанисин жоготкон органдын калдык түрүндө болушу. Кээде рудиментардуу органдар толугу менен калыптанат (атавизм). Рудиментардуу органдар организмдердин тарыхый өнүгүшүн аныктоодо жардам берет.

## – С –

**Сабак** – жогорку өсүмдүктөрдүн вегетативдүү органы, өркүндүн механикалык огу болуп, жалбырактарды, бүчүр, гүлдөрдү алып жүрөт.

**Сагитталдык** – алдыңкы, арткы багытта, денени бойлой жайгашкан ортоңку сагиталдуу тегиздик – денени узатасынан бирдей оң, сол жарымдарга бөлөт.

**Саздуу жер** – жер бетиндеги ашыкча нымдалган (атмосфералык жаан чачындар бууланууга басымдуулук кылат) аймактар, о.э. белгилүү бир экосистема. Өлгөн ажырай элек өсүмдүк калдыктарынын топтолушу (алар андан кийин торфко айланат) менен мүнөздөлөт. Нымдуу торф 30 см түзсө – саздуу жер, 30 см ден азыраак жер болсо – саздак жер.

**Сакайуу** – организмдин татаал реакцияларынын комплекси, активдүү процесс, организм ооруганда п.б. патологиялык бузулууларды жоюуга, функцияларды нормалдаштырууга багытталат.

**Саккулалар** – деңиздеги лилиялардын денесинин ичиндеги бир көңдөйчө.

**Саливация** – шилекейдин агышы.

**Сальтационизм** – эволюциялык теорияда эволюциянын секирик түрүндө жүрүшү жөнүндөгү көз караш.

**Сальмонеллез** – жаныбарлардын курч жугуштуу илдеттеринин тобу. Сальмонеллдердин ар кандай түрлөрү козгойт. Ич көңдөйүнүн жабыркалапышы менен мүнөздөлөт.

**Сальпингит** – тукумдук түтүктүн сезгенчтүү дарт.. Сезгенүү процессинин таралышында өрчүйт.

**Сальтатордуу** – секирүүчү, секирик сымал.

**Салыштырмалуу анатомия** – анатомиянын бөлүмү, эволюция процессинде төмөнкү формадан жогорку формага өтүүдө ар кандай систематикалык топтогу жаныбарларды салыштыруу жолу менен организмдин, органдардын түзүлүшүнүн, өнүгүшүнүн закон ченемдүүлүктөрүн изилдейт.

**Санация** – дарылоо, айыгуу.

**Сангвиник** – жогорку даражадагы айбандардын жана кишинин мүнөздөрүнүн бир түрү.

**Санитардык – гигиеналык изилдөө** – адамдын организмине сырткы чөйрөнүн таасирин изилдөөчү ыкмалардын жыйындысы.

**Санитардык көзөмөл** – санитардык гигиеналык, санитардык эпидемияга каршы норма, эрежелердин аткарылышына байкоо жүргүзүү.

**Санитардык паспорт** – 1) Азык зат продуктылары сапаты жөнүндөгү документ, анын мамлекеттик стандартка төп келиши; 2) Азык зат продуктыларын ташуучу транспорттун санитардык көрсөткүчү; 3) Суунун пробасын алууга жөнөтүлүүчү документ.

**Саногенез** – ооруунун жүрүшүндө пайда болгон коргонуучу – ыңгайлануу механизимдердин комплекси, организмдин функцияларынын калыбына келишине багытталат.

**Сапробионттор,** же сапроб – органикалык заттар менен абдан булганган көлмөлөрдө жашоочу суу организми.

**Сапробиостук бактериялар** – сапробиостук чөйрөдө жашоочу бактериялар.

**Сапробиос** – чириген органикалык заттар менен тамактанып жашоо процесси.

**Сапробиостук чөйрө** – чириген органикалык заттар чөйрөсу.

**Сапробиостук чордондор** – топуракта кезигүчү убактылуу чириктер.

**Сапрозойдук немотоддор** – чирик нерселерде жашоочу нематоддор.

**Сапропель** – континенталдуу көлмөлөрдүн түбүндөгү баткак бөлүгү, органикалык заттардан, суу организмдеринин калдыктарынан турат.

**Сапрофагдар** – санитар жаныбарлары, өлгөн организмдер, чириндилер менен тамактанышат.

**Сапрофиттер** – даяр органикалык зат, минералдык туздар менен тамактанган бактерия, козу карын, өсүмдүктөр, гетеротрофтор.

**Сарколемма** – булчун талчаларынын сыртындагы жука чел.

**Саркома** – бириктиргич ткандын жетиле элек клеткалык элементтеринен турган зыяндуу шишиктердин аталышы.

**Саркоматоз** – организмде саркома тибиндеги зыяндуу шишиктердин көп очокторунун пайда болушу.

**Саркоплазма** – булчун клеткаларынын цитоплазмасы.

**Саркоптоз,** же кычыштыруучу котур – жаныбарлардын жугуштуу илдети, sarcoptes уруусундагы кенелер козгойт.

**Саркоцистоз** – өнөкөт инвазиялык илдети, sacocystis уруусундагы жөнөкөйлүүлөр козгойт. Булчуң тканында цисталардын пайда болушу менен мүнөздөлөт.

**Сары суу,** же сыворотка – кандын формалык элементтери, фибрини жок суюк бөлүгү. Пайда болгон иммунитетти алып жүрөт.

**Сасыткы** – бастырылган мезгилде жумурткада пайда болгон түйүлдүктүн өлүп калышы. Бул жумуртка басуу режиминин бузулгандыгын көрсөтөт. С. болбосун үчүн баскан тоокту мезгил – мезгили менен тургузуп, бастырылган жумурткаларды желдетип туруу керек.

**Себорея,** же май кырчаңгы – теридеги май бездери көп иштеп, терини жылдыткан дарт. Себорея экземасы түрүндө өтөт. Көбүнчө жылкылар, иттер, кээде койлор, жана ийри мүйүздүү малдар оорушат.

**Сегеталдуу өсүмдүктөр** – маданий өсүмдүктөрү менен чогуу өсүүгө ыңгайланган жапайы өсүмдүк түрлөрү.

**Сезгенүү** – организмдин ылаң козгоочу факторлордун таасирине карата коргонуу реакциясы; эң көп кездешүүчү патологиялык процесс.

**Сегменттер** – организмди туурасынан бөлгөн муунактар.

**Сезүү органдары** – сырткы чөйрөнүн таасирин кабыл алып, аларды анализдөөчү жана синтездөөчү атайын органдар.

**Секач** – 1. Жапайы доңуздун жетилген эркеги. 2. Деңиз мышыгы, сивуч жана башка калак буттуулардын жетилген эркектери.

**Секвестрация** – тегеректеги түрүү ткандардан некроздуу (секвестр) жерди бөлүү. Сөөктөрдө, ички органдарда байкалат.

**Секрет** – организм жараткан бөтөнчө касиети бар күчтүү зат.

**Секретин** – омурткалуу айбандардын айланчыгынын (үч таман ичегисинин) былжыр чели чыгаруучу гормон.

**Секреттик** – секретке таандык сыпаттар.

**Секреция** – 1) Атайы бездердин, же айрым ткандардын (мисалы: нерв клеткаларынын медиаторлорду бөлүп чыгаруу) активдуу заттарды бөлүп чыгаруусу. 2) Өсүмдүк, жаныбарлардын бардык безчелер бөлүп чыгаруу секреттери.

**Селекция** – 1) Өсүмдүктөрдүн жаңы, жакшы сортторун; жаныбарлардын жаңы породаларын; микроорганизмдердин жаңы штамдарын алуу. 2) Кошумча илимий, айыл чарба тармагы.

**Семиотика,** же семиология, симптоматология – ооруулардын белгилери (симптом), синдромдору жөнүндөгү окуу.

**Сенбернар** – тайган иттердин асыл тукуму.

**Сенсибилизация** – жаныбар, адам организминин ар кандай козгоочу таасирлерге сезгичтигинин жогорулашы.

**Сенсилдер** – омурткасыз айбандардын жыт, даам жана башка сезүүчү бөтөнчө нерселери.

**Сенсордук** же сездиргичтик – организмге тышкы жана ички дүйнөнү сездирип туруучу нерселерге таандык.

**Сепсис** – жаныбарлардын, адамдын оор инфекциялык ооруусу, кандын микробдор менен булганышынын негизинде пайда болот.

**Септалар,** же тосмолор – сегменттердин ортосундагы тосмо ткандар.

**Септикопиемия** – сепсистин бир формасы, ар кандай орган, ткандарда метастатикалык абсцесстердин пайда болушу менен коштолот.

**Септориоз** – мите козу карын пайда кылуучу өсүмдүк илдети. Жалбыракта анча чоң эмес, тегерек тактар пайда болот.

**Септицемия** – сепсистин бир формасы, канда ириңди пайда кылуучу микроорганизимдердин болушу менен мүнөздөлөт.

**Серозалуу чел,** же сероздуу кабыкча – ички көңдөйлөрдүн бетин каптап туруучу кабыкча.

**Сероздуу сезгенүү** – сероздуу кабыкчалар, мээ кабыкчалары, өпкөнүн айрым сезгенүү формаларында ж.б. паренхиматоздуу органдардын сезгенишинде п.б. Экссудаттуу сезгенүүнүн бир түрү. Тамырлардан сары суу белогун, лейкоциттерди, мезотелий клеткаларын ж.б. алып жүрүүчү түссүз суюктуктун бөлүнүп чыгышы.

**Серологиялык реакция** – кан сары суусун изилдөө ыкмалары. Бардык серологиялык реакциялар антиген антителонун байланышына негизделет.

**Серология** – иммунологиянын бөлүмү, серологиялык реакциялардын механизимин изилдеп, биологияда, медицинада реакцияларды колдонуу ыкмаларын иштеп чыгат.

**Серпентарий** – жыландын уусун алуу максатында жыландар кармалуучу питомник.

**Сертификат (ветеринардык)** – жаныбарларды, жаныбар продуктыларын, сырьөлорун ошол эле фуражды чек арадан өткөрүүгө керектүү документ. Ветеринардык пункуттарда ветеринардык дарыгерлер жазып берет.

**Сестон** – 1) Микропланктон. 2) Сууда калкыган органикалык жана органикалык эмес бөлүкчөлөр.

**Сестонофаг** – сестон менен тамактануучу суудагы организм.

**Сетариоздор** – сүт эмүүчүлөрдүн көпчүлүк түрлөрүнүн гельминтозу, Setaria урусунун нематодалары козгойт, ич көңдөйүндө, баш мээ, жүлүн мээде, көздө, канда мителик кылат. Жылкылардын, ийри мүйүздүү малдын сетариоз илдети Европа, Азия, Африка, Америкада; койлордуку Ы. Чыгышта жана Түштүк Азияда; марал, бугулардыкы Ы. Чыгышта, тоолуу Алтайда, Казахстанда таралган. Бул жип сымал нематодалардын өнүгүшүндөгү аралык ээси (чиркейлер, жигалка – чымындары) болот.

**Сеянец** – уруктан өсүп чыккан өсүмдүк, 1 – 2 жылдык дарак өсүмдүгү.

**Сиалоаденит** – жаныбарлардын шилекей безинин сезгениши, механикалык себептердин, инфекциянын, ошондой эле токсикоз жана микоздордун негизинде байкалат.

**Сиалолитаз** – шилекей бездеринин түтүкчөлөрүндө таштардын пайда болушу, көбүнчө жылкыларда, айрым учурларда ийри мүйүздүү малдарда, койлордо байкалат. Себеби минералдык зат алмашуунун бузулушунун негизинде түтүкчөнүн ичкериши.

**Сиалорея** – шилекейдин көп агышы, басылбай узак убакытка чейин байкалат.

**Сибсылар** – бир жуп ата-эненин тукумдары.

**Сидероциттер,** же сидерофагдар – цитоплазмасында гемосидерин пигментин алып жүрүүчү бириктиргич ткандын клеткалары (макрофагдар).

**Силолиттер** – шилекей таштары, конкрементте, шилекей бездеринде, шилекей бездеринин түтүкчөлөрүндө пайда болот. Көбүнчө кулак тегерегиндеги шилекей безинин түтүкчөсүндө топтолот. Салолиттердин чоңдуктары таруудан баштап жумуртканын чоңдугуна чейин.

**Симбиоз** – түрдүү систематикалык топтордо организмдердин биргелешкен карым катнаштары; чогуу бири – бирине пайда келтирип жашоо.

**Симбиотопия** – систематикалык жактан жакын түрлөрдүн бири – бирине пайда келтирүү менен аналогиялык жерлерде кездешиши.

**Симпатрия** – 1) жакын (тууган) топтордон ареалдары окшош келген жаңы формалардын пайда болушу. 2) түрлөрдүн ареалдарынын топ келүүсү.

**Симптом** – кубулуштардын белгилери м: ооруунун. Ооруга диагноз, аныктама коюуда эң негизги болуп саналат.

**Симулитоксикоз** – кан соруучу курт – кумурскалар көп жолу чагып алгандагы жаныбарлардын ууланышы.

**Синартроз** – муундун кыймылсыздыгы, биригип калышы.

**Синантроп** – 1) Адамдын жанында жашоочу түр. Адам менен тыгыз байланышта болушу мумкун (үй чымыны, таракан жана башкалар.) Ошондой эле түр – синантропко көгүчкөн, таранчы, чаар карга, кыштоочу өрдөктөр жана башкалар кирет. 2) Адам менен чогуу, адамга жакын жашоочулар; адамдын ички, сырткы мителери (гельминтер, кенелер, биттер ж.б.). Адам, үй, жапайы жаныбарлары менен байланышкан синантроптуу жаныбарлар жугуштуу илдеттерди алып жүрүүчүлөр болуп саналат.

**Синапс** – нерв клеткаларынын кошулган жерлери. Функциялык мааниси боюнча дүүлүктүрүүчү, тормоздоочу болот.

**Синапсиддер** – байыркы сойлоктордун бир тектери.

**Синдактилия** – жаныбарларда манжаларынын жалпы жаргакчага биригип турушу. (М: жарганаттар); адамда, жаныбарда – манжаларынын биригип калышы.

**Синдесмология** – сөөктөрдүн биригиши жөнүндөгү окуу, остеология жана миология менен бирдикте кыймыл аппаратын изилдөөчү анатомиянын бөлүгүн түзөт.

**Синдром** – симптомокомплекс, организмдин белгилүү патологиялык абалын мүнөздөөчү ооруунун симптомдорунун жыйындысы.

**Синергид** – жабык уруктуу өсүмдүктөрдүн түйүлдүк баштыкчасындагы 2 клетка, жумуртка аппаратын түзөт.

**Синергизм** же синергия – эки же көбүрөөк факторлордун (көбүнчө химиялык) аралашкан таасири, биргелешкен биологиялык таасирлери компоненттердин эффективдүүлүгүн жогорулатат.

**Синергистер** – бир түрдүү аракетти аткарууга катышкан булчундар, мисалы, муунду бүктүрүүчүлөр.

**Синестезия** – бир түрдүү сезимди кабыл алуучу орган башка органга таандык сезимди да кошо кабыл алышы.

**Синзоохория** – өсүмдүктөрдүн уруктарын айбандар жерге таратышы, мисалы, айбандар азык камдаганда, үрөндөрү жерге көөмүп, булардын өнүп чыгышына себепкер болушат.

**Синзоэа** – рак сымалдуулардын личинкалык бир стадиясы.

**Синкарион** – инфузориялардын татаал ядросу.

**Синкопе** – эсин жоготуу, баш мээнин клеткалары артериалдык кан менен жакшы камсыз болбогондо (мээнин курч анемиясы) сырткы козгогучтарга организм кыска мөөнөткө реакциясын жоготот.

**Синовия** – илээшкектүү, тунук саргыч муун ичиндеги суюктук, муундагы сүрүлүүнү жеңилдетет.

**Синойкия** – ар түрдөгү организмдердин тыгыз чогуу жашоосу. Бир организм экинчи организмге зыян келтирбестен пайда көрөт.

**Синостоз** – сөөктөрдүн бири – бири менен катып бараткан кемирчектер аркылуу биригиши.

**Синузия** – 1) Экологиялык, аймагы менен чектелген фитоценоздун бөлүгү. 2) Организмдердин популяцияларынын жыйындысы.

**Синус** – оюкча, көңдөй, узун туюк каналча (мээ с., веноздуу с., лимфа с. жана башкалар).

**Синхондроз** – сөөктөрдүн бири – бири менен кемирчектер аркылуу биригиши.

**Синцитий** – жанаша клеткалардын бири бири менен урчуктары аркылуу биригиши.

**Синэкология** – биотикалык коомдоштуктардын айлана – чөйрө менен болгон байланыштарын изилдөөчү экологиянын бир тармагы.

**Система** – 1) Көпчүлүк функционалдуу элементтердин бири – бири менен закон ченемдүү байланышы. 2) Ткань, орган жана алардын бөлүктөрүнүн жыйындысы. 3) Организмдердин классификациясы.

**Систематика** – бардык кездешүүчү өлгөн организмдерди сүрөттөп, белгилеп, башка түрлөр менен байланыштарын аныктап, топторго классификациялаган биологиянын бир тармагы.

**Систола** – диастола менен кезектешип туруучу миокардын ритмикалуу жыйрылуусу. Жүрөк дүлөйчөлөрүнүн систоласында кан карынчага өтөт, карынчалардын систоласында кан артериалдык системага өтөт.

**Систолалык басым** – жүрөк жыйрылгандагы артериялык басым.

**Скелет** – организмдин денесинин кату каркасы, тирөөчү.

**Скелет сөөктөнүшү** же скелет катышы – жаш айбандын кемирчектүү скелети, чоңойгон сайын катып, сөөккө айланышы.

**Скелеттин тармактары** – инфузориялардын денесиндеги скелеттин томоосу.

**Скелеттин эбелектери** – тамыр бут жандыктардын үлүлкабыктарындагы эбелектер.

**Склеренхима** – өсүмдүктөрдүн сабак, жалбырактарынын механикалык тканы, целлюлоза булаларынан жана склереиддерден (таштуу клеткалардан) турат.

**Склеробласттар** – былпылдак жандыктардын скелетин жаратуучу клеткалар.

**Склероз** – кандайдыр бир органдын катууланышы, функционалдуу паренхиманын өлүшүнүн негизинде пайда болот, ордуна бириктиргич ткань калыптанат.

**Склеропротеиндер** – тутумдаштыргыч ткандарды түзүүчү белоктор.

**Склеротом** хордалуу айбан түйүлдүктөрүнүн скелетинин баштапкы томоосу.

**Склероцийлер** – жумуру курттардын денесинин сыртындагы кату бүдүрлөр.

**Склерофит** – калың, бууланууга тоскоолдук кылган кутикула менен капталган катуу жалбырактардан турган өсүмдүк.

**Сколекодонттор** – көп түктүү муунак курттардын «жаактары».

**Сколекс** – тасма курттардын башы.

**Сколиоз** – омуртка тутумунун оңго же солго кыйшайып калышы. Сколиоз тубаса же пайда болушу мүмкүн.

**Скорбут** же болбосо цинга, С авитаминозу, ар кандай орган, ткандарда кандын тамышы байкалат.

**Сойлоп жүрүүчүлөр** – биринчи жер бетиндеги омурткалуу жаныбарлар классы. Буларга аралаш кан айлануу, көпчүлүктөрүнө үч камералуу жүрөк мүнөздүү; өпкө менен дем алышат, денесинин температурасы туруктуу эмес, териси кабырчыктар менен капталган. Айрымдары жумуртка таштаса, айрымдары тирүүлөй туушат.

**Солдаттар** же жоокерлер – кээ бир каскак жандыктардын атайын согушуу үчүн жаралган экземплярлары.

**Соленидийлер** – кенелердин денесиндеги жыт сездиргич бөтөнчө бир түктөр.

**Солярий** – жаныбарлар, канаттуулар сейилдеген аянтчаны күн нуру менен жарык кылуу. Күндүн ультрасыя – көк нурлары жаш организмдин өсүшүн тездетип, ден – соолугун, жугуштуу ооруларга туруктулугун бекемдеп, продуктивдүүлүгүн жогорулатат.

**Сома** – организмдин денеси; көп клеткалуу организмде клеткалардын жыйындысы (жыныс клеткаларынан башка).

**Сомиттер** – түйүлдүктөрдүн мезодермасындагы жуп участоктор.

**Сопор** – сопороздуу абал, терең уйку менен коштолуучу БНСнын бузулушу. Жаныбар башын тамга же акырга тийгизип жаткан же турган болот. Комадан айырмасы чүчкүрүү, жутуу, ооруну сезүү, карек рефлекстери сакталат.

**Сориттер** – былпылдак жандыктардын көбөйүшүндөгү бир стадиясы.

**Спазм** – булчуңдардын, булчуң топторунун эрксиз тоникалык жыйрылуусу. Ар кандай органдардын таргыл жана жылмакай булчуңдардын спазмасын айырмалашат.

**Спайка** – патологиялык процесстердин негизинде жанаша жаткан органдардын бириктиргич ткандуу беттеринин биригип калышы.

**Спат** – устрицалардын майда балдары.

**Спелеофауна** – үңкүрлөрдө жашоочу фауна.

**Сперма** – эркек жыныс бездери бөлүп чыгаруучу суюктук – сперматозоиддерди алып жүрөт.

**Спермагенез** – төмөнкү өсүмдүктөрдүн антеридийлеринде эркек жыныс клеткаларынын пайда болушу; жогорку өсүмдүктөрдө – чаңча түтүкчөсүндө, жаныбарлардыкы – урук безинде (семенник).

**Сперматека** – кээ бир амфибия ургаачыларынын клоакасынын керегесиндеги чункур, бул жерде эркектин уруктары спермафорлор сакталат.

**Сперматиддер** – гаплоиддүү эркек жыныс клеткасы жетилип жаткан сперматоциттин экинчи мейоздук бөлүнүүсүнүн натыйжасында пайда болот.

**Спермагенез** – сперматозоиддердин өөрчүү процесси.

**Спермадактилдер** – мите кенелердин кыпчуур манжаларында спермафорлорду ташып барууга арналган органдары.

**Сперматогоний** – сперматогенездин биринчи фазасындагы эркек жыныс клеткалары. Диплоидуу клеткалар. Кийинки фазасында сперматоциттерге айланат.

**Сперматозоиддер** – жетилген эркек жыныс клеткасы; хромосомалардын гаплоиддүү жыйнагын алып жүрөт. Баш, моюн жана куйрук бөлүктөрүнөн турат.

**Спермафилакс** – чегирткелердин спермафорунун ичинде коюу заты бар бир бөлүгү.

**Спермафор** – без челүү суюктук менен бириккен сперматозоиддер (курттар, молюскалар, жерде – сууда жашоочуларга жана башка айрым жаныбарларга мүнөздүү).

**Спермациттер** – өсүү, жетилүү мезгилиндеги эркек жыныс клеткасы; сперматогенездин 2, 3 фазалары.

**Спермацет** – кашалоттун башындагы мом сыяктуу зат.

**Спермий** – 1) Жаныбарларда – ошол эле сперматозоид. 2) Жыланач, жабык уруктуу өсүмдүктөрдө эркек жыныс клеткасы.

**Спиракулалар** – деңиз жылдыздардын мембранасындагы майда тешиктер.

**Спирометрия** – дем алган, дем чыгарган абанын, калдык абанын санын, өпкөнүн дем алуу көлөмүн өлчөө.

**Спирохеттер** – спиралдуу формадагы микроорганизмдердин тобу, айрымдары адамда, жаныбарларда спирохетоз илдетин козгойт.

**Спланхнология** – организмдин айлана – чөйрө менен болгон зат алмашуусун, көбөйүү функциясын тейлөөчү ички органдардын түзүлүшүн, топографиясын, өнүгүшүн сүрөттөп жазуучу анатомиянын бөлүмү.

**Спланхноплевра** – түйүлдүктүн мезодерма катмарындагы ткань мындан көөдөн чели, кирич, чычыркай ж.б. челдер жаралат.

**Спленит** – көк боордун сезгениши. Сезгенүү курч жана өнөкөт формада өтөт.

**Спленомегалия** – көк боордун бир канча эсе чоңойушу. Өнөкөттүү сезгенишинде жана гиперплазияда, септикалык ооруларда байкалат.

**Спонгиобласттар** – былпылдак жандыктардын бөтөнчө бир клеткалар.

**Спондилит** – омуртка тутумундагы сезгенүү процесси. Негизинен ташылып жүргөн жаныбарлар ооруйт, көкүрөк, бел омурткалары жабыркаланат. Негизги себептери микротравмалар, омурткалар аралык байламталардын чоюлуп калышы.

**Спора** – көбөйүү, жайылуу процессин тейлеген репродуктивдүү клеткалар. Төмөнкү өсүмдүк, козу карындарда спора – митоз жолу менен пайда болот; жогорку өсүмдүктөрдө мейоз жолу менен пайда болот.

**Спорангий** – бир клеткалуу (төмөнкү өсүмдүктөрдө, козу карындарда), же көп клеткалуу (жогорку өсүмдүктөрдө) жыныссыз көбөйүүнү тейлеген орган.

**Спораланyy** – денеси жалгыз клеткадан турган организмдердин споралык фазага айлануу процесси

**Споранын пайда болушу** – 1) Бир клеткалуу организмдерде спора түрүндө таралууга мүмкүнчүлүк берген өнүгүү фазасы. 2) Жыныссыз репродуктивдүү споралардын пайда болушу (козу карындарда). 3) Жогорку өсүмдүктөрдүн спорофитинде споралардын пайда болушу.

**Споробласттар** – жалгыз клеткалуу жандыктардын өөрчүшүндөгу бир стадия.

**Споровиктер** – мителүү жөнөкөйлүүлөр классы, клетка ичиндеги мителер.

**Спорогония** – 1) спорофиттин сабагы, кутучасы; 2) мох сымалдуулардын спорофити.

**Спорофилл** – кырк муун, плаун жана жогорку өсүмдүктөрдүн түрүн өзгөрткөн жалбырагы.

**Спорофит** – жыныссыз тукумдун өкүлү, өсүмдүктүн зиготадан спора пайда кылганча чейинки жашоо цикл.

**Спороциста** – трематодалардын личинкалык бир стадиясы.

**Стабилизатор** – кандын, сары суунун касиетин сактап калуу максатында аларга кошулуучу заттар.

**Стагнация** – 1) Көлмөлөрдө пайда болгон кычкылтектин жетишсиздиги. 2) Өнүгүүнүн токтошу, «көгөрүү», суу организмдеринин өлүшү. Көлмөлөрдүн антропогендүү булганышынан, аэрациянын бузулушунан байкалат.

**Стадия** – организм өөрчүү процессиндеги айрым бир мезгил.

**Стаз** – кан айлануунун бузулушу, капиллярлар, майда веналарда кан агымынын басаңдашы, токтоп калышы.

**Стаза** – колония курт-кумурскаларда белгилүү бир кызматты аткаруучу особдордун топтору М: «жумушчу» с. (аарылар, кумурскалар, термиттер); «аскерлер» с. (термиттерде) жана башкалар.

**Стандарт** – компетенттүү орган тарабынан түзүлгөн, бекилген документ, стандартташтыруу обңектисине норма, эрежелердин, талаптардын комплекстерин коөт.

**Статобласттар** – балык – курттардын жыныссыз көбөйүшүндө денесинде жаралган бөтөнчө бир бүчүрлөр.

**Статолит** – кулактын доолбасынын ичиндеги майда кумдар; дененин түз алып жүрүүгө арналган нерселер.

**Статоцисттер** – омурткасыз жандыктардын уктуруучу исиркектери, бой туттуруучу органдары.

**Стационар** – узак дарылоого муктаж болгон оорулуу жаныбарларды кармоочу жай.

**Стациялар** же турак аймактар – түр кездешкен жерлердин бир бөлүгү, өзгөчө экологиялык шарттары менен мүнөздөлөт, түрлөр ал жерде убактылуу жайгашышат; Мезгилдик с., көбөйүү с., тамактануу с. жана башка болуп айырмаланат.

**Стенадаптация** – кичинекей гана бир чөйрөдө байыр алуу.

**Стенадаптациялык организмдер** – кичинекей, чектелген чөйрөдө байыр алып жашаган организмдер.

**Стенобат** – кандайдыр бир тереңдикте жашаган суу жаныбары. Айрым С. – майда сууларда жашашат – литоралдар (литоралдуу организмдер), башкалары чонураак тереңдикте жашашат (абиссалдуу формалар).

**Стенобаттуу айбандар** – турактуу басымда же анча – мынча өзгөрүлүүчү басымда жашай алуучу айбандар.

**Стенобионттор** – белгилүү бир шартка ыңгайланып, жашоочу организмдер. Температуранын, нымдуулуктун жана башка терс өзгөрүүлөрдү көтөрө алышпайт. М: бегемот, буйвол – жогорку температура, нымдуулукта гана жашай алышат.

**Стеногаллдуу** – чөйрөнүн химикалык курамынын, туздуулуктун бир аз гана өзгөрүшүн көтөрө алган организм.

**Стеногалдуу организмдер** – тузу турактуу же анча – мынча гана өзгөрүлүүчү суда жашай алуучу организмдер.

**Стеноз** – кандайдыр бир органдагы көңдөйдүн же көңдөйлөр арасындагы тешикчелердин тубаса же бара – бара ичкериши, ичиндеги чөйрөнүн жылышына тоскоолдук кылат.

**Стеноиондуулук** – белгилүү кычкылдуу чөйрөдө жашай алуу. Өзгөчө карагайлуу дарактар, рак сымалдуулар, үлүлдөр, форель жана башкалар сезгич болушат.

**Стенооксибионттуу организмдер** – кычкылтегинин концентрациясы турактуу же анча – мынча гана өзгөрүүчү чөйрөлөрдө жашай алуучу организмдер.

**Стенотермдүү организмдер** – туруктуу температуралык шарттарда жашоочу организм. Жылуулукту сүйүүчү формалар – термофилдер деп аталат. Суукту сүйүүчү формалар – криофилдер деп аталат.

**Стенотоптуу организмдер** – чөйрөнүн чектелген өзгөчө шартында кездешүүчү организм. М: кумдуу акация – чөлдө гана өсөт.

**Стенофагдар** – бир тоют, же курамы боюнча окшош тоюттар менен тамактануучу организм. М: Жыланчы бүркүт – бир гана жыландар менен тамактанышат.

**Стенофагия** – организмдердин бир түрдүү азык менен тамактана ала турган жөндөмдүүлүгү.

**Стенофот** – белгилүү бир жарыктыкта жашоочу организм. Көбүнчө булар жарыкты сүйүүчү, же көлөкөнү сүйүүчү өсүмдүктөр жана жаныбарлар, ошондой эле караңгыда жашоочу организмдер.

**Стерилизация** – 1) Азык зат продуктыларында микроорганизмдерди толук өлтүрүү. 2) Жыныс органдарын бузуу, же алып салуу.

**Стерилдүүлүк** – бойго жеткен айбандардын көбөйүүгө жарамсыздыгы.

**Стерилдүү жаныбарлар** – микробсуз жаныбарлар, нормалдуу жана патогендүү микрофлоралардан, ошондой эле вирус, макромителерден бош, таза жаныбарлар.

**Стернум** – деңиз кирпилеринин көкүрөгүн жабуучу эбелек.

**Стетофонендоскоп** – жаныбардын организминде пайда болгон үндөрдү тыңшоочу прибор.

**Стигма** – 1) Айрым бир клеткалуу организмдердин жарыкка сезгич «көзчөсү» тагы. 2) Муунак буттуулардын дем алдыруу тешикчеси. 3) Асцидиялардын колкосундагы бакалоор тешикчеси.

**Стилопизация** – стилопс жандыктары мителик кылган каскак жандыктардын бычылышы; тукум бөрүүгө жарабай калышы.

**Стимулятор** – 1) биологиялык активдүү заттар, физиологиялык активдүү заттарды, фитогормон дегендерди кара. 2) нерв системасынын дүүлүгүүсүн жогорулатуучу дары-дармек заттары.

**Стимуляция** же түрткү болу – физиологиялык прцесстерди ылдамдатууга түрткү болу.

**Столбняк** – жаныбарлардын, канаттуулардын, адамдын курч мүнөздө өтүүчү жугуштуу илдети. Столбняк таякчаларынын токсиндеринен дене булчуңдарынын талма түрүндө жыйрылышы.

**Стомария** – көп түктүү муунак курттардын алжайган ооздуу личинкалык бир стадиясы.

**Стоматит** – ооз көңдөйүнүн былжырлуу челинин сезгениши.

**Стратобионт** – токойдогу жер бетиндеги калдыктарда жашоочу жаныбарлар.

**Стресс** – кандайдыр бир күчтүү таасирге жаныбардын (адамдын) чыңалуу формада жооп кайтаруусу.

**Стрептококк** – чынжырча түрүндө жайгашкан шар формадагы бактериялар уруусу. Алар үч топко биригет: *патогендүү, энтерококктор, сүттүү кычкыл*.

**Стробила** – тасма курттардын дене бөлүгү, бул жүздөгөн сегменттерден проглоттидалардан турат.

**Строма** – орган, ткань, клетка, клетка ичиндеги структуралардын таяныч структурасы.

**Субгениталдык чункурлар** – сцифомедузалардын денесиндеги бир бөтөнчө чункур.

**Субимаго** – кээ бир каскак жандыктардын толук өсүп жетиле элек стадиясы.

**Субкутикула клеткалары** – тасмакурттардын «терисинин» булчун клеткалары.

**Субкутикула катмары** – курттардын «терисинин» астындагы булчундуу бир катмар.

**Сублитораль фаунасы** – деңиз түбү (бентальдын бөлүгү), С. негизинен океандын өсүмдүк, жаныбарлар байлыктары жайгашат.

**Субституция** – 1) Толук эмес регенерация. 2) Эволюциянын жүрүшүндө жоголуп кеткен органдын ордуна башка органдын калыптанышы.

**Субстрат** – таяныч компонент, айрым учурларда азыктандыруучу чөйрө (өсүмдүктөр, микроорганизмдер үчүн).

**Субфоссиалдуу** – жаныбарлар, өсүмдүктөр калдыктарын белгилөөдө колдонуучу термин.

**Суукка урунуу** – дене температурасынын көтөрүлүшү, жөтөл, чүчкүрүү, мурундун бүтөлүшү менен коштолуучу синдром. Начар тамактануу, суукка урунуу, жугуштуу оорулардын негизинде байкалат.

**Суккулент** – жалбырактары эттүү, ширелүү, же сөңгөктөрү эттүү, ширелүү өсүмдүктөр. М: алоэ, агава, кактус жана башкалар.

**Сукцессия** – экосистемалардын ireттүү алмашылышы. Коомдоштуктардын өнүгүү процесстеринин таасиринин негизинде жүрөт.

**Супралитораль** – кургактык жана деңиздин чек арасы.

**Супрессия** – жаңы мутациянын натыйжасында, өзгөрүлгөн организмде белгилердин, кадимки калыптагысындай көрүнүшү, толук же жарым – жартылай ордуна келиши.

**Сөөк** – адам менен омурткалуу айбанат скелетинин негизги бөлүгү. Таяныч кызматын аткарып, кыймылга келтирүүнүн рычагы болуп эсептелет, кан пайда кылууга катышат ж.б. Сөөктүн составында ар кандай минерал туздарынан, негизинен кальций туздарынан турган органикалык жана органикалык эмес заттар болот.

**Сциофит** – көлөкөнү сүйүүчү өсүмдүктөр (фотосинтез процесси бир аз эле жарыкта жүрөт).

**Сферидий** – тикен терилүү жандыктардын денесинин сыртындагы сезгич бүдүр.

**Сфинктерлер,** кыскычтар же бүйүргүчтөр – түтүктүү органдарды бүйүрүп, кысып турган жерлери.

**Сцифистома** – сцифоид полиптеринин бир индивид.

**Сцифомедуза** – кээ бир көңгөлдөрдүн жыныстуу мууну.

## – Т –

**Табият таануу** – жаратылыш жөнүндөгү билимдердин жыйындысы. Табият таануу илимдерине физика, химия, биология, экология, география ж.б. кирет.

**Таблеткалар** – тегерек, жалпак, же эки жагы томпойгон катуу дары дармек формасы, ооруганда ичилет.

**Такса** – иттердин эң майда, кандек асыл тукуму.

**Таксидермист** – айбандардын терисинен кеп жасоочу адис.

**Таксидермия** – кеп жасоо, айбандардын терисинен кеп жасоо.

**Таксис** – таасир этүүчү фактордун негизинде организмдин, клеткалардын, органоиддердин багыттуу жылуусу, жайгашышы: жарык таасир эткенде (фототаксис), $t^0$ таасир эткенде (термотаксис) ж.б.

**Таксон** – таксономиялык бирдик.

**Таксономия** – илимий систематиканын, классификациянын теориясы; систематиканын бир бөлүгү түрдөн – каганаттарга чейин таксономиялык категорияларды окутат.

**Таксономиялык бирдик** – бардык систематикалык категориялар – түрчө, түр, уруу ж.б. Жогорку таксономиялык бирдик – дүйнө.

**Тактилдүү** – сезүүчү, тактилдүү сезүүлөр, механикалык таасирлерди сезүү.

**Таламус** – кепил мээнин негизги бөлүгү, мында көп борборлор менен бирге көргөзгүч дөбөлөрү (борбору) да бар.

**Таллофит** – төмөнкү өсүмдүктөр, денеси сабак, жалбырактарга бөлүнбөйт (балырлар, энгилчектер).

**Тамнобионттор** – бадалдарда жашоочу организм (көбүнчө курт – кумурскалар).

**Тампонада** – жаракаттарды, жараларды стерилдүү тампондор менен толтуруу.

**Тамыр** – татаал түзүлүштүү өсүмдүктөрдүн вегетативдик органдарынын бири. Ал топуракка бекүү, андан ным жана азык заттарын алуу органикалык заттарды түзүү, аны өсүмдүктүн башка органдарына (сабак, жалбы-

рак, мөмө ж.б.) өткөрүү, айрым өсүмдүктөрдө вегетативдик көбөйүү милдетин аткарат.

**Танатогенез** – өлүмдүн механизмдери, себептери. Танатогенетикалык чечим чыгаруу толук анализ жүргүзүүнүн, патологоанатомиялык, ветеринардык соттун жыйынтыктарынын негизинде чыгарылат.

**Танатология** – теориялык, практикалык медицинанын, ветеринариянын бөлүмү, организмдин өлүү процессинин акыркы стадиясындагы абалын, өлүмдүн себептерин изилдейт.

**Танатоз** – айрым жаныбарлардын коргонуучу жүрүм – турум реакциялары (м: өлүмүш болуп калуу).

**Танатоценоз** – өлгөн организмдердин жыйындысы, бара – бара чөкмө текке айланат.

**Тангорецепторлор** – жумуру курттардын сезгич органдары.

**Тандап өткөргүчтүк** – организмдин клеткаларынын ткандарынын заттарды тандап өткөрүү касиети, тоскоол функцияларынын бири.

**Тапетум** – деңиз жөргөмүштөрүнүн көргөзгүч органдарынын бир тетиги.

**Таралуу** – 1. Диаспоралардын таралышы. 2. Ошол эле ареал (таралуу аймактары).

**Татымал өсүмдүктөр** – эрте түшүм берүүчү жана көк кезинде тамак ашка колдонулуучу өсүмдүк тобу: ашкөк, шпинат, козу кулак, ышкын ж.б. тез өсүп жетилүүчү жалбырактуу жашылча өсүмдүктөр жана шалгам. Т. өсүмдүктөрдүн составында түрдүү витамин, минерал заттар көп. Т. өсүмдүктөр тез өсүп жетилгендиктен, бир жылда бир нече жолу түшүм алынат.

**Тафоценоз** – жаңы өлгөн организмдердин минералдарга ажыраганга чейинки убактысы.

**Тахикардия** – жүрөктүн бат согушу, жүрөккө таасир этүүчү себептердин негизинде.

**Тахипноэ,** же болбосо полипноэ – демигүүнүн бир түрү, ритм бузулбаса деле үстүртөдөн бат дем алуу. Невроздо, жүрөк, эндокриндүү органдардын оорууларында, көкүрөк көөдөнү, ич көңдөйүндөгү патологиялык процесстерде байкалат.

**Тахифилаксия** – айрым заттарга сезгичтиктин төмөндөшү, организимди ар кандай токсиндүү заттардан сактайт.

**Тегматизация** – дененин бөлүмдөрүнүн жаралышы.

**Тезаурус** – белгилүү бир аймакта пайдаланыла турган түшүнүктөрдү жана алардын маанисин камтыган сөздүк маалымдамалар.

**Тека** – гидроид жандыктарынын органы.

**Тектум** – мите кенелердин баш жагындагы органы.

**Телеонимфа** – тироглифус тукумундагы кенелердин личинкалык стадиясы.

**Телергондор** – жаныбарлар бөлүп чыгарган заттар: ошол эле түрдүн организмине таасирин тийгизет – гомотелергондор, же феромондор (м: ургаачысы жыт бөлүп чыгарат, эркегин өзүнө тартат); башка түрдүн особдоруна таасир эткен заттар – гетеротелергондор, же алломондор (уулуу же абдан сасык жыттар).

**Теликум** – рак сымалдуулардын ургаачыларынын бөтөнчө бир органы.

**Телит** – сүт безинин упчусунун сезгениши.

**Телитокия** – тукумдардын партеногенетикалык жол менен п.б. жалаң ургаачылардан турат.

**Телобластар** – эки же бир канча түйүлдүк клеткалары, алардын негизинде мезодерма калыптанат. Т. экодерма жана энтодерманын ортосунда жайгашат.

**Телофаза** – клетканын, анын ядросунун бөлүнүшүнүн акыркы фазасы.

**Тельсон** – рак сымалдуулардын көчүгү.

**Телязиоздор** – жаныбарлдардын гельминтозу, thelazia уурусундагы нематодалар козгойт. Илдетке чалдыккан малда конңюктивит, кератит байкалат. Телязий илдетинин аралык ээси Muscidae тукумундагы талаа чымындары. Талаа чымындары малдын көзүнөн чыккан жашы менен тамактанып ал жердеги личинкалырын кошо жутуп алышат. Личинка чымындын башында болуп кайра малга жугат. Инвазиянын булагы телязий илдетине чалдыккан малдар.

**Темперамент** – адам жана жаныбар психикасына комплекстүү динамикалык мүнөздөмө, эки негизги компоненти камтыйт – эмоционалдуулук жана жалпы активдүүлүк.

**Тенденит** – тарамыш чоюлганда, кысылганда, жабыркаланганда байкалат.

**Тентакулалар** – каракатицанын «колдору».

**Тер** – тер бездеринин секрети, түссүз, туздуу даамы бар суюктук. 98 – 99% суудан, калган процентин минералдык, органикалык заттар түзөт. Тердин бөлүнүп чыгышы тероморегулятордук, суу жана минералдык алмашууларда негизги ролду ойнойт.

**Тератогенез** – химиялык заттардын, физикалык факторлордун таасири организмдин жекече өрчүшүндө ар кандай ооруларга, жетишпегендиктерге, майып болууга алып келет.

**Тератология** – өсүмдүк жана айбанат организмдеринин өөрчүшүндөгү кемтиктерди, майыптыктарды иликтөөчү илим.

**Териология** – сүт эмүүчүлөрдү изилдөөчү зоологиянын тармагы.

**Терионоз** – жаныбарлардын илдети. Илдеттин негизги булагы болуп жапайы жаныбарлар эсептелинет.

**Терминалдуу абал** – жашоо жана өлүмдүн ортосундагы абал. Кан көп жоготкондо, чоккөндө, жүрөк начар иштегенде ж.б.у.с. болот.

**Терминалдык клеткалар,** же четки клеткалар – омурткасыз жандыктардын (суда жашаган турлөрүндө) бөлүп чыгаруу системасындагы клеткалар.

**Терминология** – белгилүү бир курска тиешелүү терминдер, сөздөр жөнүндө окуу.

**Термитофилдер,** же термитке ынактар – термиттердин уюгунда кошуна болуп жашоочу башка айбандар.

**Термокаутер** – дарылоо максатында тканды күйгүзүүчү инструмент.

**Термолокатор** – жыландардын жылуулукту алыстан сездирүүчү органы.

**Термолокация** – айбандардын жылуулукту алыстан сезүү жөндөмдүүлүгү.

**Термопериодизм** – температуранын мезгил – мезгили менен өзгөрүшүнө өсүмдүктөрдүн жооп кайтаруусу. Өсүмдүктүн өсүү, өнүгүү процессteри өзгөрүлөт.

**Терморегуляция** – 1. Жылуу кандуу жаныбарлардын денесинин температурасынын туруктуулугун камсыз кылуучу физиологиялык – биохимиялык процесстердин жыйындысы. 2. Дененин температурасын кармап туруучу кыймыл жана жүрүм – турум реакцияларынын жыйындысы, ысып же үшүп кетүүдөн сактайт.

**Терморецепторлор** – температуранын өзгөрүшүнө сезгич келген нерв түйүндөрү; негизинен териде жайгашат.

**Термофил** – температуранын төмөндөшүн көтөрө албаган организмдер; $t^0$ жогору келген чөйрөдө кездешкен организмдер (айрым микроорганизмдер + $70^0C$ кездешет).

**Тероморфтор** – кийик сымалдуу сойлоктор; сойлоктор байыркы бир формалары.

**Терофит** – бир жылдык өсүмдүк, кышында толугу менен өлөт (бир гана уруктарынын жашоо мүмкүнчүлүгү сакталат).

**Террариум** – сойлок жана амфибия жандыктары багылуучу үй.

**Терьер** – иттин асыл тукуму.

**Тестостерон** – урук бездеринде бөлүнүп чыгуучу эркек жыныс гормону. Жыныс рефлекстерин, сперматогенез процессин тейлейт. Тестостерондун таасиринин негизинде зат алмашуу жогорулайт.

**Тетания** – калтыроо, титирөө түрүндөгү симптомокомплекс, нерв системасынын жогорку чыңалуусу менен коштолот. Кальций, калийдин алмашуусу, интоксикацияда кычкыл – негиздик тең салмактуулук бузулганда, бооз же болбосо тууттан кийин, рахит, аскаридоз илдеттеринде, малды ташыганда байкалышы мүмкүн.

**Тетрамероз** – канаттуулардын гельминтозу, tetrameres уурусундагы нематодалар тарабынан козголот. Үй, канаттууларынын тамак сиңирүү орган-

дарынын безчелүү бөлүктөрүндө мителик кылат. Илдетти өрдөктөр, тоок, каздар бат жугузуп алышат.

**Тетраплегия** – жүлүндүн моюн бөлүгүнүн жабыркаланышынын негизинде малдын төрт муунунун шал болушу.

**Техникалык өсүмдүктөр** – өнөр жайына сырье (же сырье берүүчү) катары өстүрүлүүчү бир, же көп жылдык айыл чарба өсүмдүктөрү. Аларга крахмалдуу, кант алынуучу, майлуу, булалуу, эфир майлуу, каучуктуу, боек алынуучу, дары – дармек ж.б. өсүмдүктөр кирет.

**Тиамин** – В – витамин тобундагы, суда эрүүчү зат.

**Тигмотаксис** – организмдин бир жерине тийгизген бир нерселерге кайтарган жообу.

**Тиззера илдети** – лабораторияда колдонулуучу чычкан, келемиш, ондатр, коөн, маймылдардын айрым түрлөрүнүн курч жугуштуу илдети. Боордун жабыркаланышы, гиперемия, сокур ичегинин шишип кетүүсү менен мүнөздөлөт. Илдетти козгоочу спора пайда кылуучу микроб bac. Piliformis. Микробдор экскреттер аркылуу бөлүнүп чыгат.

**Тиксотропия** – калыбына келүүчү коллоидүү эритменин илээшкегинин азайышы башкача айтканда, гельдин зольго өтүшү. Бул биологиялык кубулуш микро – жана макрофагдардын эмиграциясынын негизин түзөт.

**Тимин** – пиримидиндүү негиз ДНК нын курамында болот.

**Тимус** – жуптуу, бүртүкчөлүү орган, көөдөн көңдөйүндө өпкөнүн артында жайгашат, иммуногенез системасынын борбордук органы. Иммундук системанын клеткаларынын калыптанышын тейлейт.

**Тиндализация** – ысык буу менен ($t^0 = +100^0C$) микроорганизмдерди, алардын спораларын өлтүрүү ыкмалары.

**Тип** – класстарды ичине камтыган биологиялык жогорку систематикалык категория.

**Тироксин** – калкансымак без жараткан гормон.

**Тихогенез** – эволюция табигый тандоонун, кокусунан пайда болгон өзгөрүүлөрдүн негизинде жүрөт деп караган теория.

**Ткань** – организмде белгилүү бир мааниге ээ, окшош клеткалардан, клетка аралык заттардан турат. Клеткалар түзүлүшү, келип чыгышы, функциялары боюнча окшош.

**Ткандардын кабыл албастыгы** – организмдин тубаса чоочун клеткаларды, ткань, органдарды кабыл албастыгы.

**Ткандуу терапия** – организмге жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн консерваланган ткандарын (органдарын) жайгаштыруу жана жаныбарлардын продуктивдүүлүгүн жогорулатуу, дарылоо максатында препараттарды куюу.

**Токой** – жер бетиндеги өсүмдүк дүйнөсүнүн негизги типтеринин бири; негизинен бир же бир нече түрдөгү дарак, бадал өсүмдүктөрүнөн туруп, белгилүү аймакты ээлейт.

**Токой бонитети** – токой аймагынын чарбалык өндүрүшүнүн көрсөткүчү, жаратылыш шарттарына, адамдын токойго тийгизген таасирине жараша болот. Дарактардын өсүүсү менен мүнөздөлөт.

**Токойдун жетилиши** – токойдогу айрым дарак түрүнүн же бардык дарактардын чарбалык жактан пайдаланууга толук жарактуулук абалы. Т. жетилишинин бир нече түрү бар: табигый, сандык, сапаттык, чарбалык, техникалык жактан жетилиши ж.б.

**Токой коргоо** – токой сырье ресурстарын рационалдуу пайдалануу, токойду калыбына келтирүү, өрттөн, зыянкечтерден жана илдеттерден сактоо ошл эле токой дарактарынын сапатын жакшыртуу боюнча иш чаралардын системасы.

**Токсемия** – кан аркылуу жылган токсиндердин организмге тийгизген таасири.

**Токсикоз** – организмдин азык заттар менен ууланышы, организмдин өзүндө жүрүшү мүмкүн (м: аялдардын кош бойлуу мезгилинде).

**Токсикологиялык анализ (ветеринарияда)** – ууланган жаныбарлардын, тоюттардын уулуу заттар менен булганышын изилдөө комплекси. Изилдөөнүн биологиялык, биохимиялык, химиялык жана физикалык – химиялык ыкмаларын камтыйт.

**Токсиндер** – уулуу белоктуу заттар, микроорганизмдердин зат алмашуусунун продуктусу, ошондой эле айрым уулуу жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн уулары.

**Токсиндүү анемия** – гемолитикалык факторлордун (химиялык, жаныбар уулары, бактериалдык токсиндер, күйүк, пироплазмидоздорду козгоочулар) негизинде пайда болгон анемия.

**Токсиндүүлүк** – жаратылышы биологиялык болгон айрым химиялык кошундулардын, заттардын жаныбар, адам, өсүмдүк организимине терс тийгизген таасири.

**Толеранттуулук** – 1. Организмдердин экологиялык факторлордун кыйшаюусуна туруштук бериши. 2. Жаныбар организминин иммунологиялык жооп кайтаруусунун жетишпестиги, же толугу менен жок болушу.

**Томиттер** – эркин жашоочу инфузориялардын бир индивиддери.

**Томонт** – инфузориялардын өөрчүшүндөгү бир стадиясы.

**Тонзиллит** – таңдай бездеринин сезгениши. Курч жана өнөкөт формада болот.

**Тонометрия** – артериалдык басымды сфигмоманометр (тонометр) менен өлчөө.

**Тонус** – дайыма иштөөгө даярдоочу нерв борборлорунун, айрым ткань, органдардын активдүү абалда болушу.

**Топурак бонитети** – жер аймагынын табигый касиеттеринен жана ал жерден алынган айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн көрсөтүүчү сапаттык мүнөздөмө.

**Топуракты шор басуу** – сууда эрүүчү туздардын топуракта топтолушу. Көбүнчө чөлдүү жана жарым чөлдүү туюк ойдуң жана түздүктөрдүн топурагы шорлонот. Т. шор басуудан сактоо үчүн туура сугаруу, топуракты шордон арылтып жууп жана суунун жасалма түрдө агып кетишин камсыз кылуу керек.

**Топурак фаунасы** – топуракта жашоочу жаныбарлар жыйындысы.

**Топурак эрозиясы** – суу менен шамалдын таасиринен топурактын үстүңкү катмарынын желип, бузулушу. Т.э. жаан жана эриген кар суусу аккан, шамал соккон жерлерде пайда болот.

**Торакопагус** – көкүрөк бөлүктө симметриялуу эки эселенүү.

**Торакоцентез** – изилдөө максатында көкүрөк көөдөнүн тешип суюктук алуу, же болбосо экссудат, транссудаттардан тазалоо.

**Торакошиз** – көкүрөк көөдөнүнүн бирикпей (жылчыктын пайда болушу) калышы.

**Торзио** – ичегилердин буралышы.

**Тормоздолуу** – козгогучтун таасирине пайда болуучу дүүлүгүнүн төмөндөшү. Т. ткан органдары – катуу дүүлүгүлөрдөн сактайт.

**Торнария** – ичегиден дем алуучу жандыктардын личинкасы.

**Торпидүү** – жай өрчүүчү; торпидүү жара – айыкпаган жара.

**Тортиколис** – кыйшык моюн, бир бетиндеги булчуңдун үзүлүшүнүн, моюн омурткаларынын жылышып кетишинин негизинде байкалат.

**Травма** – сырткы чөйрөнүн факторлорунун негизинде жаныбарлардын ткань, органдарынын жабыркаланышы.

**Травматизм** – травманын негизинде пайда болгон ооруу сезими; травмалык жабыркалануу.

**Транквилизатор** – коркуу, чыңалуу, тынчсыздануу сезимдерин басаңдатуу максатында колдонуучу психотроптуу дарылар. Нерв системасынан жабыркаган оорулуурды дарылоодо колдонулат.

**Трансдукция** – бактериофаг бөлүкчөлөрү менен бактериалдык гендердин бир клеткадан башка клеткага жайгаштырылышы, клетканын тукум куучулук касиетинин өзгөрүшүнө алып келет.

**Транскрипция** – ДНК матрицасында РНК нын биосинтези. ДНК нын бир полинуклеотидүү жипчесинде и РНК полимеразанын жардамы менен жана и РНК синтезделип, генетикалык информацияны өзүнө көчүрүп алат.

**Трансляция** – белоктун полипептидүү чынжырчаларынын синтезделиши, и РНК да жазылган генетикалык маалыматтардын, негизинде ишке ашат.

**Трансмиссиялык тумолор, ыландар** – ыландуу айбандан соо айбанга муунак буттуу жандыктар аркылуу жугуучу тумоолор, ыландар.

**Транспирация** – өсүмдүктүн (көбүнчө жалбырактары менен) сууну буулантышы. Т. негизинде суу, андагы минералдык туздар тамырдан жогору көздөй жылат.

**Трансмиссивдүү илдеттер** – жугуштуу (инвазиялык) илдеттер. Жылуу кандуу жаныбардын бир түрүнөн экинчи түрүнө кан соруучу муунак буттуулар аркылуу жугат.

**Трансовариалдуу жугуу** – муунак буттуулардын жумурткалары аркылуу илдетти козгоочуулардын жугушу.

**Трансплантация** – жаныбарлардын, адамдын орган, ткандарын көчүрүү; Т. өзгөчө түрү кан куюу. Аутотрансплантация болгондо – өзүнүн тканын көчүрөт; гомотрансплантация – ошол эле түрдүн донорунан; гетеротрансплантация болгондо – башка түрдүкү алынат.

**Транссудат** – тунук, бир аз саргыч түстөгү суюктук, кан лимфанын айланышы бузулганда ткань жылчыктарында, дененин көңдөйлөрүндө топтолот.

**Трансфераза** – бир заттын молекуласынан экинчи заттын молекуласына атомдорду ташуу реакцияларын тездетүүчү ферментер. Түзүлүшү боюнча транссудат лимфага окшоп кетет, 3% белоктон (альбумин, глобулин) турат.

**Трансформация** – клетканын тукум куучулук касиетинин өзгөрүшү, клеткага башка чоочун ДНК туш болгондо, же жасалма жол менен жайгаштырганда пайда болот. Натыйжада жайгаштырылган ДНК алынган организмдин белгилерин алып жүрөт.

**Трансформизм** – организмдин формаларынын өзгөрүшү жөнүндөгү көз караш, организмдер мурунку ата тектеринен пайда болгон деген көз караш. Креационизмге каршы көз карашы.

**Трансфузия** – кан куюу.

**Трахеит** – трахеянын былжырлуу кабыкчасынын сезгениши, мурун көңдөйүнүн, кекиртек, бронхалардын (ринотрахеит, ларинготрахеит, трахеобронхит) сезгениши менен коштолушу мүмкүн.

**Трахеотомия** – атайы инструментти трахеотубусту киргизүү максатында трахеяны кесүү операциясы. Шишик пайда болгондо, чоочун денечелер кирип кеткенде ж.б. жүргүзүлөт.

**Трахеофилез,** же болбосо циклосилиндоз – сууда сүзүүчү канаттуулардын гельминтозу, cyclocoeliidae тукумундагы трематодалар козгойт. Аралык ээси – тузсуз сууда кездешүүчү үлүлдөр. Илдет жаш өрдөктөргө, каздарга бат жугат. Илдетке чалдыккан канаттуу оор дем алып, жөтөлгөнсүп, аппетити жоголуп, арыктайт.

**Трематодоз** – жалпак курттар трематодалар (соргучтар) козгоочу гельминтоз илдети, жаныбарлардын бардык түрлөрүнүн, адамдын ичегилеринде, боорунда, уйку безинде, дем алуу, кан айлануу системаларында мителик кылат. Бардык трематодалар, биогельминтоздор. Трематодалардын жашоо цикли ар кандай, татаал. Өрчүшүндө эки, үч ээсин алмаштырат. Биринчи аралык ээси – үлүлдөр, экинчи аралык ээси – балыктар, крабдар, акыркы ээси – адам же болбосо жаныбар.

**Тремор** – биринин артынан бири кетүүчү эрксиз кыска, бирдей, алмак салмак антогонист булчуңдарынын жыйрылышы. Жаныбар катуу дүүлүккөндө, чарчаганда, айрым жугуштуу илдеттерде, ууланууда байкалат.

**Тризм** – баштын эки жагындагы чайноочу булчуңдардын чыңалуусу. Бир бетиндеги булчуңдар жабыркаланганда жаак бир жакты көздөй кыйшаят. Тризм ботулизм, менингит, эпилепсия ж.б. байкалат.

**Трипаносома** – жаныбарлардын трансмиссивдүү илдети, trypanosoma уурусундагы шапалакчалуу жөнөкөйлүүлөр тарабынан козголот. Сүт эмүүчүлөрдүн бардык түрлөрүнө жугушу мүмкүн. Трипанасоманын козгогучтары кан соруучу курт кумурскалар аркылуу жугушу мүмкүн.

**Тритонимфа** – котур кенелеринин личинкалык бир стадиясы.

**Триунгулин** – кычы конуздардын личинкалык бир стадиясы.

**Трифолитоксикоз** – уй беде илдети, уй беде менен уулануу, ачык күн тийген күндөрү жаныбарлар көбүрөөк уй беде жеп алганда байкалат. Илдеттин белгилери: экзантема, стоматит, сууланып туруучу дерматит, жалпы токсикоз, БНС бузулушу. Көбүнчө жылкылар, ийри мүүздүү малдар, чочколор ооруйт.

**Трихинеллез** – жаныбарлардын, адамдын гельминтозу, Trichinella spiralis нематодасы козгойт, ичегилерде, таргыл булчуңдарда мителик кылат. Трихинелланын өнүгүшү бир эле организимде жүрөт, башында ичке ичегинин былжырлуу кабыкчасында, андан кийин булчуңдарда.

**Трихоботриялар** – жөргөмүш сымалдуулардын сездиргич түктөрү.

**Трихограммалар** – жаргак канаттуулар түркүмүнүн чабандес жумуртка менен тамактануучулар уруусу. Дене узундугу 0,3 – 0,6 мм; өңү саргыч, күрөң жана кара болот.

**Трихомоноз** – жаныбарлардын, адамдын инвазиялык илдети. Жөнөкөйлүүлөр трихомонадалар козгойт. Жаныбарлардын жыныстык системасы жабыркаланат. Уйларда аборт, эндометрит, вестибулит, вагинит байкалат, көп убакытка чейин тукумсуз келет. Букаларда жыныстык органы шишип, былжырлуу ириңдүү суюктук агып турат.

**Трихофитоз** – кыркуучу лешай, жаныбарлардын адамдын жугуштуу илдети, trichophyton уурусунун козу карыны козгойт. Илдетке чалдыккан малдын терисинде чачтары түшүп, ал жерлери кабырчыктар менен капталат. Инфекциянын булагы – илдетке чалдыккан, ооруп айыккан жаныбарлар

**Трихоциста** – кепиччек инфузориянын денесинин сыртындагы түгү.

**Троакар** – газдарды, суюктукту чыгаруу максатында патологиялык, же болбосо анатомиялык көңдөйдү тешүүчү инструмент.

**Троглобионт** – үңкүрлөрдө, тоо тектеринин арасындагы тешиктерде жашай алуучу организмдер.

**Троглофил** – троглобионт менен мааниси бирдей.

**Тромб** – кантамырында кандын уюган бөлтөгү.

**Тромбин** – кандын уюшуна катышуучу фермент.

**Тромбоз** – кан тамырлардын ички бетинде кан агымын бузуучу уюган кандардын (тромбдордун) пайда болушу. Тромбдордун пайда болушунун негизги себептери: кан тамырлардын бетинин жабыркаланышы, кан агымынын басаңдашы, кандын биохимиялык курамынын өзгөрүшү.

**Тромбофлебит** – тромбоз менен коштолуучу веналардын сезгениши.

**Тромбоциттер** – омурткалуу жаныбарлардын канындагы формалдуу клеткалык элемент, кандын уюшуна катышат.

**Тромбоцитоз,** же болбосо тромбоцитемия – канда тромбоциттердин санынын көбөйүшү. Саркоматоз, гемоглобинемия, плеврит, ошондой эле күйгөндө, травмада, асфексияда, жугуштуу илдеттерден айыгып келаткан учурларда, операциядан кийин, миелолейкоздо, курч анемияда байкалат.

**Тромбоцитопения,** же болбосо тромбопения – канда тромбоциттердин санынын азайышы. Кызыл кемик сөөк мээсинде жакшы пайда болбогондо, тромбоциттердин лизисинин негизинде байкалат.

**Тропизм** – өсүмдүк органдарынын багыттуу өсүү кыймылы, кандайдыр бир козгоочу факторлордун негизинде байкалат. Жарыктын (фототропизм), жылуулуктун (термотропизм), жердин тартылуу күчүнүн негизинде (геотропизм) ж.б.

**Тропофит** – жылдын нымдуу, кургак мезгилдеринин алмашылышы байкалган тропикалык региондордо өсүүчү өсүмдүктөр.

**Трофаллаксис** – коомдошуп жашоочу жандыктарда, мисалы, кумурскаларда ооздорунан жем алмашып бири бирине таратышы.

**Трофика** – организмдин өсүүсүн, өрчүшүн, функцияларын камсыз кылуучу ар кандай ткандагы клеткалардын, клеткалык эмес элементтердин тамактануу процесстеринин жыйындысы.

**Трофикалык деңгээл** – күн жана химиялык реакциялардын энергияларын азык заттар аркылуу кабыл алуучу организмдердин жыйындысы. Тамактануу чынжырчасын түзгөн организмдер бул продуценттер, биринчилик, экинчилик, үчүнчүлүк консументтер жана мителер.

**Трофобиоз** – симбиоздун бир формасы, же коменсализмдин бир түрү, организм башка түрдүн организмине зыян келтирбестен андан өзүнө керектүү азык заттарды алат.

**Трофолаксис** – айрым коомдук жаныбарларда байкалуучу (м: кумурскаларда) азыктары, бездери б.ч. секреттери менен алмашуулары.

**Трофонт** – инфузориянын өөрчүшүндөгү бир стадиясы.

**Трофофилл** – бир гана фотоцинтез процессин ишке ашыруучу жогорку өсүмдүктөрдүн жалбырактары.

**Трихофора** – кээ бир моллюскалардын личинкасы.

**Туберкулез** – сүт эмүүчүлөрдүн, адамдын, канаттуулардын жугуштуу илдети. Өнөкөт формада өтөт, ар кандай органдарда туберкулдардын пайда болушу байкалат. Туберкулезду – микобактериялар козгойт.

**Туляремия** – малдын табигый шартта пайда болуучу жугуштуу ылаңы (адам да ооруйт). Туляремиянын патогенези толук изилдене элек. Дарылоодо антибиотиктер (негизинен стрептомицин) пайдаланылат.

**Туника,** чел же кабык – көпчүлүк челдүү айбандардын терисинин сырткы чели.

**Тургор** – өсүмдүк клеткаларынын, ткань, органдарынын чыңалып турруусу.

**Туяк** – мал буттарынын учун каптап тураган, мүйүз сымал катуу зат. Буттун жумшак ткандарын сыйрылып кетүүдөн, ылаңга чалдыгуудан ж.б. сактайт. Анда 88 – 89% кератин белогу, 1,5% тен көбүрөөк минерал заттар (кальций, фосфор, калий) болот.

**Түз өнүгүү** – калыптанган түйүлдүктүн метоморфозсуз акырындап өсүп өнүгүшү.

**Түймөк** – өсүмдүктөрдүн өтө жооноюп, түрүн өзгөрткөн каптал же көмөкчү тамыры же сабагынын бөлүгү. Т. вегетативдик көбөйүү милдетин аткарат. Тамыр Т. каптал же көмөкчү тамырлардын жоонноюшунан пайда болот. Сабак жана тамыр Т-төрүндө азык заттар (көбүнчө крахмал ж.б.) топтолгондуктан тамак аш жана тоют, ош. эле технологияда крахмал, спирт сырьёсү катары пайдаланылат.

**Түймөкчү бактериялары** – айрым чанактуу өсүмдүктөрдүн тамырында түймөк пайда кылып, өсүмдүк менен симбиоздук шартта молекулалык азот топтоочу Rhizobium түркүмүндөгү бактериялар. Мында алар чанактуу өсүмдүктөргө жакшы таасир тийгизүүчү бир катар активдүү заттарды пайда кылат. Т.Б. топуракты азотко каныктырууда мааниси чоң. Т.б. аэробдуу келип споралары болбойт.

**Түйүлдүк** – жаныбарларда, адам баласында өнүгүүнүн баштапкы стадиясындагы организм.

**Түйүлдүк кабыкчалары** – бардык көп клеткалуу жаныбарларда, адам баласында жүрүүчү гаструляция процессинде обочолонуп түзүлгөн түйүлдүк клеткаларынын катмары, алардан акырындык менен ткандар өрчүйт.

**Түр** – тирүү организм системасындагы негизги структуралык бирдик, организмдердин эволюциясындагы сапаттык этап. Ошонун натыйжасында Т. биол. систематикадагы негизги таксономиялык категория. Т. деп аргындаштырууда кунардуу тукум берүүгө жөндөмдүү, белгилүү ареалды ээлеген, бир катар жалпы морфо-физиологиялык белгилери бар, табигый шартта аргындашпастыгы менен башкалардан айырмаланаган организмдердин популяцияларынын жыйындысы.

**Түрдүн ишенчиликтүүлүгү** – түрдүн белгилүү коомдоштукка байлангандыгы (чөйрөнүн шарттарына байлангандыгы).

## – У –

**Убиквисттер** – кеңири таралган түр (космополит) чөйрөнүн ар кандай шарттарында, көптөгөн ландшафтык аймактарда кездешет.

**Углеводдордун алмашуусу** – организмде углеводдордун алмашуусун жыйындысы, төмөнкү этаптарды камтыйт: углеводдордун ажырашы, тамак сиңирүү жолдорунда сиңиши, гликогендин синтези, глюкоза гликогендин алмашуусу, керексиз продуктылардын бөлүнүп чыгуусу.

**Углеводдуу дистрофия** – углеводдордун, мукополисахариддердин, глюкопротеиддердин алмашуусу бузулгандагы дистрофиянын бир түрү.

**Угри,** же безгек – май бездеринин сезгениши.

**Узура** – муун бетиндеги кемирчектин жара түрүндө бузулушу. Асептикалык, ириңдүү артритте, капсулалуу флегмонада ж.б. байкалат. Башында кемирчек жумшарып, анда быдырлуу жерлер пайда болуп, ал сөөк тканына чейин жетүүчү жарага өтөт. Андан кийин ал жерде грануляциондуу ткань түзүлүп ал муун анкилозунун себеби болот.

**Уйку** – организмдин мезгилдүү тынчтануу физиологиялык абалы. Көпчүлүк жаныбарлар түнкүсүн уктайт, башка жаныбарлар м: жырткыч сүт эмүүчүлөр суткасына бир канча жолу укташат, айрым жаныбарларга сезондуу уктоо мүнөздүү.

**Улоо** – кыйыштыруунун (жалгаштыруунун) бир ыкмасы. Өсүмдүк сортун чыгаруу, тукумун жакшыртуу максатында бир өсүмдүк экинчи бир өсүмдүккө жалганат.

**Ультраабиссаль** – деңиз түбүндөгү аймак (бентальдын жарымы) – 6000 м терендиктен – деңиз түбүнө чейин созулат.

**Умбрелла** – сегиз буттардын (спруттардын) тинтүүрлөрүндөгү жаргак.

**Ундуляция** – кол менен кармалап көрүүдө көңдөйдүн ичиндеги суюктуктун толкун сымал жылышы, флюктурациянын бир түрү. Ундуляция асцит, чоң киста, абсцесс, лимфоэкстровазатта байкалат.

**Ункус** – бурама (коловратки) жандыктардын жаак аппаратынын бир тетиги.

**Урацил** – пиримидиндүү негиз, бардык жандуу организмдерде урацилдүү нуклеотиддердин жана рибонуклеин кислоталарынын курамында болот.

**Урахус** – заара түтүкчөсү, ургаачынын табарсыгын түйүлдүктүн заара көңдөйчөсү менен бириктирип турат.

**Урбанизация** – коомдун өнүгүшүндө шаардын маанисинин жогорулашы, тарыхый калыптанган социалдык – экономикалык процесс.

**Ургидроз** – тер менен заараның көп бөлүнүп чыгышы. Бөйрөк ооруларында, нефросклероздо, гломерулонефритте, пиелонефритте байкалат.

**Уремия** – кан аралаш заара кылуу, аутоинтоксикациянын синдрому, организимде азоттуу метаболиттердин ж.б. уулуу заттардын кармалышы-

нын негизинде суу – туз, осмотикалык гомеостаздын бузулушу, гормоналдык бузулуулар, ткандардын жалпы дистрофиясы, органдар системаларынын дисфункциялары байкалат.

**Уретрит** – заара бөлүп чыгаруучу каналдын былжырлуу кабыкчасынын сезгениши.

**Уретроскопия** – жаныбарлардын ургаачыларынын заара бөлүп чыгаруучу каналын уретроскоптун жардамы менен ар кандай патологиялык шектенүүлөрдөн изилдөө.

**Урология** – заара бөлүп чыгаруучу органдардын этиологиясын, патогенезин, даарылоо ыкмаларын изилдөөчү тармак.

**Уролиттер** – заара бөлүп чыгаруучу органдарда пайда болгон таштар, конкременттер.

**Уроподдор** – рак сымалдуулардын денесинин акыркы курсак сегментинен чыккан бутары, куйрук милдетин аткарышат.

**Уроседименттер**, же болбосо заара куму – майда конкременттер, бөйрөк каналчаларында, бөйрөктө, табарсыкта пайда болот.

**Уростиль,** же чычан сөөк – кээ бир омурткалуу айбандардын акыркы чычан омурткаларынын биригишип жараткан сөөгү.

**Урук** (ботаникада) уруктуу өсүмдүктүн көбөйүү, таралуу органы. Демейде ал уруктанган урук бүчүрдөн пайда болот. Кээде уруктануусуз да өрчүйт. Жылаңач уруктуу өсүмдүктөрдө урук тобурчактын түрпүсүндө ачык болот, жабык уруктуу өсүмдүктөрдө мөмөнүн ичинде жайгашат.

**Уруктануу** – эркек жыныс клеткасы менен ургаачы жыныс клеткасынын кошулушу, зиготанын пайда болушуна алып келет.

**Урук үлүштөрү** – уруктуу өсүмдүктөрдүн түйүлдүгүнүн алгачкы жалбыракчалары. Көп учурда аларда (м: чанактуу өсүмдүктөр менен ашкабактардын У. ү-дө) запас азык заттар топтолот. Жылаңач уруктуу өсүмдүктөрдө 2ден 15ке чейин, эки үлүштүү өсүмдүктөрдө 2ден, бир үлүштүү өсүмдүктөрдүн көпчүлүгүндө 1ден урук үлүшү болот.

**Уруу** – ботаника, зоология, генетикалык жактан бири – бирине жакын түрлөрдү бириктирүүчү таксономиялык категория.

**Устилаготоксикоз** – арпа, сулуу ж.б. маданий өсүмдүктөрүндө мителик кылуучу кара көсөө козу карындары менен жаныбарлардын ууланышы. Кара көсө козу карынына чалдыккан буудайды жегенде байкалат. Илдетке торопойлор, козулар, музоолор абдан сезгич келет.

**Устрицахана** – устрицаларды багып өстүрүүчү жай.

**Уу** – жандуу организимге таасир эткенде, анда патологиялык процессти, ууланууну пайда кылуучу химиялык заттар.

**Ууга каршы,** же антидоттор – уу менен ууланганда, уулардын токсиндеринен организимди даарылоо максатында колдонулуучу каражаттар.

**Уулуу жаныбарлар** – денесинде уу заттары бар жаныбарлар. Ал уу заттар малдын денесине кирсе ыланга учуратат, кээде өлүмгө дуушар кылат. У.

ж-дын уу бөлүп (иштеп) чыгаруучу жана аны башка организмге таратуучу атайын органдары – уу бези, ийнеси, тиши болот.

**Уулуу өсүмдүктөр** – өсүп – өнүү процессинде уу заттарды пайда кылып, өзүнө топтойт. У. ө-дүн 10000 дей түрү белгилүү, бардык жерде кездешет. У.ө. малдын организмине тийгизген таасирине жараша төмөнкүчө бөлүнөт: малдын борбордук нерв системасын ууктуруучу өсүмдүктөр, жүрөк кан тамыр системасын, бөйрөктү ж.б. ууктуруучу өсүмдүктөр, борбордук нерв системасын шал кылуучу, дем алуу органдарын жабыркатуучу, тоют сиңирүү органдарын ууктуруучу, мал терисин жабыркатуучу ж.б.

**Уу химикат** – отоо чөп, өсүмдүктөрдүн илдет козгогучу жана зыянкечи, дан, жыгач, кагаз, жүн жана кебез буюмдарынын зыянкечтерин о.э жаныбарлардын сырткы мителерин, кишинин жана малдын ооруу, ылаң козгогучтарын жугузуучуларды ж.б. жок кылууда пайдаланылуучу хим. заттар

**Уютку** – сүт продуктуларын даярдоо, сүттү уютуу үчүн пайдалануучу таза микроорганизмдердин тобу.

**Учук** – өзөндөргө чыгуучу балыктарды кармоо үчүн жасалган тосмо.

## – Ү –

**Үй куш жынысын аныктоо**. Сырткы көрүнүшү боюнча чоңойгон куштардын гана жынысын билүүгө болот. М: жумуртка багытындагы тооктун короз же мекиян экендиги 20–30 күндөн кийин, эт – жумуртка багытындагы тооктуку 40-60 күндөн кийин башы менен таажысынын чоң кичинелиги, куйругунун өзгөчөлүгү, тирүүлөй салмагы боюнча аныкталат. Күрптүн эркек же ургаачы экендиги алар чоңойгон сайын тирүүлөй салмагын бирдей эместигинен билинет: эркеги чоң, тумшугунун үстүнө кошумча төмпөк п.б. Өрдөктүн кайырмасынын куйругу өйдө көздөй ийилип турат. Соносу жоон, кайырмасы ичке үн чыгарат. Эркек каз сөөктүү жана салмактуу келет, башы чоң, көкүрөгү жазы, буту жоон болот.

**Үй куш породасы.** Үй куштары порода жана породалык топторго морфологиясы, түпкү теги, чыгарылган аймагы, дене түзүлүшү, продуктуулугу ж.б. боюнча бөлүнөт. М: тоок породаларын проф. М. Ф. Иванов сунуш кылган система боюнча классификациялоо кеңири таралган. Бул система боюнча тоок породалары жумуртка, эт, жумуртка – эт ж.б. багыттагы болуп бөлүнөт.

**Үйүр** – бир эркеги бар топ мал. Көбүнчө жылкыга карата айтылат. Ар бир үйүрдө 20дай бээ болот.

**Үшүк** – аба температурасынын күндүз 0⁰С ден жогору, түнкүсүн андан төмөн болушу. Ү. башка аймактардан (көбүнчө Арктикадан) муздак аба массаларынын келишинен, жер бети менен өсүмдүктүн түнкү радиациялык

муздашынан жүрөт. Бирок көп учурда үшүктүн жүрүшүнө муздак абанын ошол аймака келиши, кыртыштын түнкү муздашы бирдей роль ойнойт.

**Үшүк алуу** – сууктун таасиринен организм ткандарынын бузулушу. Үшүккө көбүнчө кулак, эмчек, бут, үй куштарынын таажысы ж.б. органдар чалдыгат. Үшүк алган кезде кан айлануу процесси бузулуп, тканда ар кандай өзгөрүүлөр болот.

## – Ф –

**Фагопиротоксикоз,** же болбосо фагопиризм – ачык, ысык күндө жаныбарлар кара күрүч же кара күрүчтүн куурайын жегенде байкалуучу интоксикация, ууլануу. Мындай интоксикация таруу, уй беде, беде, сары чай чөп, заргын жегенде дагы байкалат. Бул өсүмдүктөрдүн токсиндүү таасирлери, аларда боөчу зат фурокумариндин болушу менен түшүндүрүлөт.

**Фагопрофилактика** – өзгөчөлүү бактериофагдар менен инфекциялык илдеттерди профилактикалоо. Башка ыкмалар менен комплекстүү түрдө пайдаланылат.

**Фагоцит** – көп клеткалуу жаныбарлардагы клетка (лейкоциттердин айрым формалары) чоочун денечелерди кармап эритип жок кылууга жөндөмдүү.

**Фагоцителлалык терия** – көп клеткалуу организмдин түп теги жөнүндө И.И.Мечниковдун теориясы.

**Фагоцитобласт** – фагоциттерди жаратуучу клеткалар.

**Фагоцитоз** – организмге кирип алган жат нерселерди, микробдорду жана башка клеткалардын ткандардын бүлүндүлөрүн лейкоциттер жана ага окшогон клеткалардын жеп коюшу.

**ФАД (флавинадениндиннуклеотид)** – кофермент, рибофловин, рибит, 2 фосфаттык топтон, рибоза жана аденинден турат. НАДФ жана НАД сыяктуу эле суутектин жана электрондордун акцептору б.с.

**Фазалык кубулуш** – чегирткелердин өөрчүшүндө чөйрөгө жана популяцияга жараша сырткы кебетелеринин өзгөрүшү.

**Фазеолин баткактары** – фазеолиндердин үлүлкабыктары аралашкан балчыктар.

**Фазеолин зонасы** – мидиялардын фазеолин түрү чогулуп жаткан деңиздин түбү.

**Фанергон** – гүлдүү өсүмдүк, жыныс органдары көрүнүктүү келет.

**Фанерофит** – жагымсыз мезгилден кийин өсүүнү тейлөөчү, жандануучу бүчүрлөрү жерден бийик жайгашкан өсүмдүктөр (дарактар, бадалдар, дарак сымал көп жылдык лиандар).

**Фарингит** – кулкундун былжырлуу кабыкчасынын сезгениши, мурун көңдөйүнүн, кекиртек, трахеянын былжырлуу кабыкчасына таралышы мүмкүн.

**Фарингоскопия** – рефлектор же болбосо ларингоскоп менен кулкундун былжырлуу кабыкчасын көз менен изилдөө ыкмасы.

**Фармакопея** – фармацевтерге даарыканадагы дары-дармектердин тизмесин жана аларды даярдоо ыкмаларын, касиеттерин сактоо, текшерүү, о.э. белгилүү бир өлчөмүн көрсөтүүчү атайы колдонмо.

**Фармакогнозия** – өсүмдүк, жаныбарлардан алынган дары-дармек сырьелорун изилдөөчү илим.

**Фармакология** – дары-дармек каражаттарынын курамы, организмге тийгизген таасиринин терапияда пайдаланылышы ж.б.у.с. жөнүндөгү илим.

**Фармакопрофилактика** – дары-дармектердин профилактикалык белгилүү бир өлчөмүн жаныбарларга берип илдеттердин алдын алуу.

**Фармакотерапия** – 1.Дары – дармектер менен дарылоо. 2) Дары -дармектердин тийгизген таасирин клиникалык жактан изилдөө.

**Фармацевт** – жогорку же орто фармацевтик билими бар даарыканада иштеген ишмер.

**Фармация** – дары-дармек каражаттарын табуу, изилдөө, сактоо, даярдоо маселелери менен алек болгон илим.

**Фарфордуу катмар** – үлүлкабыктын бир жука катмары.

**Фатигация** – бүтүндөй организмдин функциясынын убактылуу төмөндөшү.

**Фасциалдуу экзантема** – өсүмдүктөрдө мителик кылуучу уулуу козу карындардан койлордун, ийри мүйүздүү малдардын интоксикациясы. Мүнөздүү белгилери: жалпы дистрофия, өт жолдорунун сезгениши, жарыкка абдан сезгичтиги, диатез.

**Фасциолез** – жаныбарлардын жана адамдын гельминтозу, fasciola уруусундагы трематодалары козгоп боордо мителик кылат. Fasciola hepatika жана fasciola gigantika аттуу эки түрү мителик кылат. Негизинен боор жана боордун өт түтүкчөлөрүн жабыркалайт.

**Фасция** – биологияда, медицинада, ветеринарияда илимде көп маанилүү термин, 2 негизги мааниге ээ: 1) биотоптун бир бөлүгү М: дөңсөлөрдүн капталдары, жолдор, адам салган курулуштар ж.б. 2) окшош биогеоценоздордун биригүүсү.

**Фауна** – 1. Эволюциялык жол менен калыптанган бардык жаныбарлардын түрлөрү, систематикалык курамы боюнча төмөнкүдөй болуп айырмаланышат. Мисалы: териофауна – сүт эмүүчүлөр; ихтиофауна – балыктар; энтомофауна – курт кумурскалар ж.б., же болбосо материктик, аралдык топурак, деңиз ж.б. фаунасы деп дагы айырмаланышат. 2. Белгилүү бир аймакта кездешүүчү, же мурун кездешкен жаныбарлардын түрлөрү.

**Фебрикула** – жеңил формадагы жөөлүү, организмдин температурасынын бир аз убакытка көтөрүлүшү.

**Фебрис** – жөөлүү, илдеттүү таасирлерге (инфекция, травма ж.б.) организимдин жалпы реакциясы: температуранын көтөрүлүшү, зат алмашуунун, кан айлануунун өзгөрүшү ж.б.

**Феминизация** – 1. Эркек жыныстуу особдо – экинчи, ургаачы жыныс белгилеринин пайда болушу; 2. белгилүү бир организмдин жыйындысында ургаачы жыныстарынын көбүрөөк болушу.

**Фен** – дискретүү, альтернативдүү тукум кубалоочу белги, жогорку жыштыкта популяцияда байкалат. Ф. пайда болуу механизми «кара яүик» болуп кала берет, байкалуучу белгилери изилденет М: көпөлөктөрдүн канаттарындагы тактардын формасы, жайгашышы, сүт эмүүчүлөрдүн баш сөөгүндөгү шовтордун түрлөрү ж.б.

**Фенетика** – биологиянын (генетиканын) бир бөлүгү, фендерди изилдейт. Фендердин географиялык таркалышын феногеография изилдейт.

**Феногенетика** – индивиддин жеке айбандын өөрчүшүндө гендердин жана алардын генотибинин таасиринин көрүнүшүн иликтөөчү генетиканын бир бөлүмү.

**Фенокопия** – организмдин фенотибинин тукум кубалабай туруучу өзгөрүүсү, тышкы чөйрөнүн факторлорунун негизинде пайда болот.

**Фенология** – 1) Жаратылыштын мезгилдик кубулуштары жөнүндөгү билимдердин жыйындысы, мезгилдердин башталышы, аларды аныктоочу факторлор жөнүндөгү билимдер. 2) Популяциялык экологиянын бөлүмү, түрдүн жашоосундагы мезгилдик өзгөрүүлөрдү изилдейт. М: Ак кайыңдын, теректин, киттердин ж.б. фенологиясы. 3) Фендердин пайда болушунун мезгилдерин изилдөөчү фенетиканын бөлүмү.

**Фенотип** – онтогенез процессинде генотиптин негизинде калыптанган особдун бардык ички, тышкы белгилеринин, касиеттеринин жыйындысы.

**Феодиум** – радиоляриялардын клеткасындагы пигментүү бир бүртүкчө.

**Ферменттер** – биологиялык катализатор, химиялык жаратылышы боюнча – белок, тирүү организмдин бардык клеткаларында болот. Заттардын айланышын тездетет жана зат алмашууну тейлейт.

**Ферментопатия** – белгилүү ферменттин жетишсиздигинен зат алмашуунун тубаса же пайда болгон бузулуусу, натыйжада метаболиттер клеткада, ткандарда топтолот же болбосо кийинки этаптарда пайда болбойт.

**Ферменттүү уулар** – жыландын ж.б. уулуу айбандардын ууларынын негизги составы ферменттерден турат.

**Феромондор** – 1). Жаныбарлар бөлүп чыгаруучу биологиялык (физиологиялык) активдүү заттар, особдун жүрүм турумуна, өсүшүнө, өнүгүшүнө таасирин тийгизет. Өзгөчө жөнөкөй курт кумурскаларда негизги мааниге ээ. 2) «Телергон» түшүнүгүнүн толук эмес синоними.

**Фертилдүүлүк** – организмдин тукум берүү мүмкүнчүлүгү, репродуктивдүү мүмкүнчүлүгү.

**Фибриллалар**, же ичке булалар: нерв клеткасынын ичинде жайгашкандары – нейрофибриллдер; булчуң клеткасынын ичинде жайгашканы – миофибриллдер ж.б.

**Фибриллолиз** – бириктиргич ткандуу буланын өзгөрүшү, буланын бириндеши, фибриллдердин ажыроосу менен коштолот. Акырындап көөп, эрийт.

**Фибрин** – фибриногенден жаралган, суда эрибеген белок.

**Фибриноген** – кандын сары суусунда (плазмасында) эрүүчү белогу.

**Фибриноид** – ажыроочу булалардын, негизги зат, плазманын, клеткалык нуклеопротеиддердин татаал белогу, белок жана полисахариддерден турат.

**Фибробласттар** – айбандын тутумдаштыргыч тканынын негизги клеткалык формасы.

**Физиология** – биологиялык тармак, жандуу организмдин функциясын, анда жүрүүчү процесстерди, зат алмашууну, айлана – чөйрөгө ыңгайлануусун ж.б. изилдейт.

**Физиологиялык функция** – жандуу организимдердин клеткалык, органдык, системалык, бүтүндөй организмдик денгээлдерине мүнөздүү иш-мердүүлүк.

**Физиологиялык эритме** – кандын осмостук басымы, pH көрсөткүчү ж.б. көрсөткүчтөрү боюнча окшош, ошондуктан кан сары суусуна (плазмага) окшош суу эритмеси. Физиологиялык эритме организмге суюктуктук жетишпегенде венага жана теринин астына куят.

**Физиопрофилактика** – оорууларга каршы организмдин туруктуулугун көтөрүү максатында жаратылыш физикалык факторлорун колдонуу (ультрасыя көк жана инфракызыл, суу процедуралары, иондолгон аба, сейилдөө).

**Физиотерапия** – физикалык ыкмалар менен дарылоо (жылуулук, муздак, жарык, суу, дары баткактары ж.б.).

**Физогастрия** же чоң курсактык – термитке ынак жандыктардын курсагынын чоңоюп өсүшү.

**Филлобионт** – дарактардын, бадалдардын бутактарында жашоочу организм.

**Филлозома** – кээ бир рак сымалдуулардын личинкалык бир стадиясы

**Филлокладий** – редуцияланган жалбырактарды алып жүрүүчү, жалбырактын кызматын алып аткаруучу жалпак өркүн.

**Филлотаксис** – сабакта жалбырактардын кезектешип, карама – каршы жайгашышын белгилөөчү жалпы түшүнүк.

**Филогенез** – организмдердин тарыхый өнүгүшү, органикалык дүйнөнүн, систематикалык топтордун, өзүнчө органдар системаларынын эволюциясы.

**Филэмбриогенез** – организмдердин эволюциялык өзгөрүшү, өнүгүү жолунун өзгөрүшүнүн негизинде, б.а. баштапкы түйүлдүк мезгилинде структуралардын өзгөрүшүнүн негизинде жүрөт. Жаңы туруктуу белгилердин пайда болушуна алып келет.

**Фимоз** – бүрүктүк; жыныс мүчөсүнүн башы касадан чыга албай калган дарт. Препуциалдуу баштыкчанын куушурулушу, жаныбардын жыныстык мүчөсүнүн чыгышына тоскоолдук кылат.

**Финка** – тасма курттардын личинкалык бир стадиясы.

**Фистула** – кууш патологиялык канал, жаныбардын денесинин сыртын кандайдыр бир көңдөйү, же патологиялык көңдөйү менен бириктирип турат. Терең жаткан ткандын некрозунун негизинде пайда болот.

**Фитобентос** – көлмөлөрдүн түбүндө жашоочу өсүмдүктөрдүн жыйындысы (балырлар, айрым гүлдүү өсүмдүктөр ж.б.).

**Фитобиология** – жарыктын таасирин изилдөөчү биологиянын тармагы: фотосинтез, фотопериодизм, фототаксис, фототропизм ж.б.

**Фитогормон** – физиологиялык активдүү зат, өсүмдүктөрдө пайда болуп (негизинен активдүү түрдө өсүүчү ткандарда, сабак – тамырдын учтарында), өсүүнү жана өнүгүүнү тейлейт. Фитогормонго – ауксин, гиббереллин, цитокинин ж.б. кирет.

**Фитоклимат** – өсүмдүк жыштыгынын негизинде түзүлгөн климаттык өзгөчөлүктөр. Микроклиматтын бир түрү. Мисалы: көлөкөлүү жерлер.

**Фитоконкременттер**, же болбосо фитобезоарлар – өсүмдүк бөлүкчөлөрү (өсүмдүк булалары, иштетилбей калган чөптүн, самандын калдыктары ж.б.у.с.) бар таштар. Жылкылардын ичегилеринде (көбүнчө сокур ичегиде), ири мүйүздүү малдын карынында, койлордун ичегилеринде байкалат.

**Фитомелиорация** – жаратылыш шарттарын жакшыртуу максатында колдонулуучу иш чаралардын комплекси.

**Фитомасса** – белгилүү учурда өсүмдүк өскөн аянттын бирдигине туура келүүчү өсүмдүктүн органикалык заттарынын жалпы өлчөмү. Ф. көрсөткүчү өсүмдүктүн биологиялык продуктуулугун баалоодо колдонулат.

**Фитонцид** – өсүмдүктөр пайда кылуучу биологиялык активдүү заттар, көбүнчө газ сымал биологиялык чөйрөдө микроорганизмдердин өсүшүн, өнүгүшүн басаңдатат, токтотот. Фитонцид өсүмдүк иммунитетин түзүүдө негизги ролду ойнойт. М: пияз, сарымсак, хрен, түрп ж.б. болот.

**Фитопланктон** – деңиз, тузсуз суулардың калыңдыгында кездешүүчү микроскоптуу өсүмдүктөрдүн (негизинен балырлардын) жыйындысы. Фитопланктон негизинен 150 м тереңдикте кездешет.

**Фитотрон** – жасалма шарттарда өсүмдүктөрдү өстүрүүчү жай.

**Фитотоксикоз** – өсүмдүк ууларынын негизиндеги интоксикация, таасири жаныбарлардын түрлөрүнө жараша.

**Фитофагдар** – бир гана өсүмдүктөр менен тамактануучу жаныбарлар.

**Фитофилдер** – жумурткасын (икрасын) суу өсүмдүктөрүнө таштоочу суудагы омурткалуу жаныбарлар (балыктар).

**Фитофтороз** – өсүмдүк илдети. Фитомицеттер классынын Phytophthora уруусундагы мите козу карын пайда кылат. Айрыкча картошка менен помидорго өтө зыян келтирет. Ф. илдетине цитрус өсүмдүктөрү, алма да чалдыгат. Картошка фитофторозунда жалбырагынын чекесин жайылма так басып, астынкы бетин ак кебер каптап солуйт. Картошканын өзүнө так түшүп, чирийт. Алма фитофторозунда алма тамыр муунагынан жабыркайт. Бузулган жердин кабыгы кызгылт-көк болуп жарылат. Ал жерди тазалап, дезинфекциялоо сунуш кылынат.

**Фитоценоз** – фитоценоздорду изилдөөчү ботаниканын бир бөлүгү.

**Флавопротеиддер** – татал ферменттердин бир түрү.

**Флатуленция** – карында, ичегилерде газдын топтолушу.

**Флебит** – веналардын сезгениши.

**Флеболит** – акиташтуу туздардын негизинде веналарда пайда болгон таш. Бирден же көп санда флеболиттер веналардын көңдөйлөрүндө кездешет.

**Флегмона** – борпоң бириктиргич ткандын курч, ириңдүү сезгениши, диффуздуу түрдө таралышы мүмкүн. Жайгашышы боюнча тери алдындагы, былжыр алдындагы, булчуңдар аралык, кызыл өңгөчтүн тегерегиндеги, парахондралдуу ж.б. болот.

**Флора** – 1. Тарыхый жол менен калыптанган өсүмдүк түрлөрүнүн жыйындысы. 2. Белгилүү бир аймакта кездешкен өсүмдүк түрлөрүнүн тизмеси. 3. Белгилүү бир көңдөйдө, органда ж.б. кездешүүчү микроорганизмдердин жыйындысы.

**Флотобласттар** – балыккурттардын колониясындагы жекече организмдеринин бир формасы.

**Флоэма** – жогорку өсүмдүктөрдүн тканы, алар аркылуу жалбырыктарда синтезделген органикалык заттар жылат.

**Флюктуация** – суюктукка толгон, бети жумшак, ийилчектүү көңдөйдү кол менен кармалап көргөндө суюктуктун термелиши.

**Флюорография** – рентгонологиялык изилдөө ыкмасы.

**Флюороз** – эндемикалык ооруу, илдет, организмге фтор же анын кошундулары ашык түш болсо байкалат. Бул илдетке чалдыкканда малдын өсүүсү начарлап, мал арыктап, анемия, зоб, рахит, сөөктөрүнүн, тиштеринин борпоң болушу байкалат.

**Фокус** – илдеттүү процесстин булагы, очогу.

**Фолликул** – айбандын органдарындагы исиркектүү нерсе.

**Фолликулит** – чач фолликуласынын ириңдүү сезгениши.

**Фоментация** – ысык нерселерди колдонуу.

**Фомоз** – өсүмдүктүн Phoma уруусундагы мите козу карын козгоочу илдети. Капуста, картошка, сабиз, кызылча фомозу көп кездешет.

**Форезия** – мителердин бир түрдүү жандыктар аркылуу башка түрдүү жандыктарга эриксиз таркашы.

**Форма** же кебете – айбандын сырткы кебетеси.

**Формалин** – формальдегиддин суудагы 40% түү эритмеси; дезинфекциялоочу жана үрөндү тазалоочу зат.

**Форозоид** – челдүүлөр тибиндеги кээ бир айбандардын өөрчүү стадиясындагы бир мууну.

**Фороцит** – челдүүлөр тибиндеги айбандардын колониясында тентип жүрүүчү бөтөнчө бир клетка.

**Фоссилдүү** – өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын калдыктарын белгилөөчү түшүнүк (алардын жер кыртышында сакталып калган минералдык калдыктарын, тиштерин, сөөктөрүн ж.б.).

**Фосфорлоштуруу** – фосфор кислотасынын калдыгынын молекулалары органикалык жана органикалык эмес заттардын молекуласына кошула турууучу химиялык реакция. Ф. – зат алмашууда негизги ролду ойнойт (кычкылдануу процесстеринде, белоктун синтезинде, нуклеин кислоталарынын синтезинде ж.б.).

**Фосфор жер семирткичи** – өсүмдүктүн фосфор менен азыктанышы үчүн пайдалануучу органикалык жана минералдык заттар.

**Фотобактерия** – жарык бөлүп чыгаруучу бактериялар, бош кычкылтектин негизинде жарык бөлүп чыгарышат. Деңиз сууларында кездешишет да суудa жарыктарды пайда кылышат.

**Фотобиология** – организмге жарыктын тийгизген таасирин иликтөөчү илим.

**Фотобиосфера** – күндүн нуру тийген биосферанын бөлүгү.

**Фотопериодизм** – күн жана түндүн алмашылышына организмдин реакциясы. Физиология процесстеринде жүрүүчү өзгөрүүлөрү менен аныкталат. М: жашыл өсүмдүктөрдө фотосинтез – күндүз гана жүрөт ж.б.

**Фотопсия** – көрүү анализаторунун нейрорецептордуу же болбосо өткөрүүчү жана борбордук бөлүктөрүн адекваттуу эмес активтештирүүнүн негизинде пайда болгон, көзгө көрүнгөн жалган жарыктар.

**Фоторецепторлор** – жарыкта сезгич нерселер (пигменттердин молекулалары, атайын клеткалар, органдар) – жарыкты сиңирип алууга, жана аны иштетүүгө жөндөмдүү.

**Фоторецепция** – организмдин фоторецепторлорунун жарыкты кабыл алышы.

**Фотосинтез** – жашыл өсүмдүктөрдүн, фотосинтездөөчү микроорганизмдердин күндүн энергиясын органикалык заттардын энергиясына айландыруу мүмкүнчүлүгү. Хлорофилл пигменттеринде ишке ашат. $6CO + 6H_2O =$

$C_6H_{12}O_6 + O_2$. Фотосинтез – маанилүү глобалдуу процесс, бардык жер бетиндеги организмдерди химиялык энергия менен камсыз кылат.

**Фототаксис** жөнөкөй организмдин денесинин бир жагына таасир тийгизген жарыкка анын кыймыл менен кайтарган жообу.

**Фототропизм** – өсүмдүк жана жаныбар организимдеринин жарыкты көздөй багыт алышы (оң фототропизми) же болбосо тескерисинче (терс фототропизми).

**Фототроф** – фотосинтездөөчү организм, жарыктын энергиясын пайдаланат.

**Фотофия** – жарыкты сүйүүчү организм, көбүнчө күндүзгү жаныбарлар.

**Фотофоб** – көлөкөнү сүйүүчү организм. Көбүнчө үңкүрдө, жер алдында, топуракта жашаган организмдер.

**Фреатофит** – жердин тереңдигинде жайгашкан суулардын ымдарынын негизинде жашаган өсүмдүктөр.

**Фринолицин** – кээ бир баканын терисиндеги бездердин чыгарган көбүктүү заты.

**Фрустула** – тузсуз суда жашоочу медузанын көбөйүшүндөгү бир стадия.

**Фузариотоксикоз** – fusarium уурусундагы козу карындар аркылуу жабыркаланган тоюттар менен тамактануудa жаныбарлардын ууланышы. Мындай уулануугa жылкылар, чочколор жана тооктор абдан сезгич келишет.

**Фульгурация** – чагылганга кабылуу, чагылгандан алынган күйүк.

**Фулькрум** – бурмаке жандыктарынын жаак аппаратынын бир тетиги.

**Фумигантттарлар** – уулуу, үркүтүүчү препараттардын жалпы аталышы, кампа, мал сарайларды, айыл чарба жайларын ж.б. түтөтүү (зыянкеч, мителер менен күрөшүү максатында).

**Фумигация** – күкүрт буулары, дезинфекциялоочу газдар менен түтүндөтүү, жаныбарларды газокамераларда даарылоо.

**Фунгицид** – өсүмдүктөрдө ар кандай ооруулaрды козгоочу козу карындар менен күрөшүүдө колдонулуучу химиялык зат.

**Фундус бездери** же түпкү бездер – омурткалуу айбандардын карынынын түбүндөгү бездер.

**Фурка** – кээ бир рак сымалдуулардын көчүгүндөгү узун ачакей айры.

**Фурункул** – чач жайгашуучу баштыкчанын, май безинин жана ага жанаша жаткан бириктиргич тканынын ириңдүү сезгениши, патогендүү стафилококтордун негизинде пайда болот.

**Фуруцилия** – рак сымалдуулардын личинкалык бир стадиясы.

**Фецес** – фекалий, экскременттер.

**Хабертиоз** – кепшөөчүлөрдүн гельминтозу, негизинен койлордуку. Chabertia уурусу Strongylidae тукумундагы Chabertia owina жана Chabertia rishati нематодалары жоон ичегилеринде мителик кылып илдетти козгойт. Инвазия аба ырайы жаанчыл болгондо бат таралат. Илдет койлордун арасында, айрыкча козулардын арасында байкалат. Илдетке чалдыккан мал арыктап, жүндөрү түшүп, ичи өтүп, анемия болот.

**Χализа** – жумуртканын агындагы белоктук структура.

**Халикоз** – көбүнчө жылкылардын өпкөсүндө, боорунда ж.б. органдарында боз – агыш тыгыз түйүндөр түрүндө байкалат. Фиброздуу – акиташтуу түйүндөр. Өлгөн мите жана алардын тегерегинде өлгөн ткандардын натыйжасында п.б. Чоңдугу төөнөгүчтүн башынан, жангактын чоңдугуна чейин. Бирден же көп санда болот.

**Халимус** – рак сымалдуулардын личинкалык стадиясы.

**Хамефит** – өсүмдүктөрдүн бир жашоо формасы, жандануучу бүчүрлөрү жердин үстүндө 20–30 см жайгашат. Кышында кар менен корголот. Х. бадалдар, жарым бадалдар кирет.

**Хейлоспируроз** – канаттуулардын (тоок, индүк, мисир тоогу, кыргоол) гельминтозу, Ascariidae тукумундагы нематодалар тарабынан козголот, бөтөгөсүнүн булчуңдуу бетинде мителик кылат. Аралык ээлери чегирткелер жана саранчалар. Жөжөлөрүнө илдет бат жугат. Илдетке чалдыккан канаттуунун тамак сиңирүүсү бузулуп, арыктайт.

**Хелифорлор** – суужөргөмүштөрдүн оозунун жанындагы биринчи жуп аягы.

**Хелицерлер** – хелицердүүлөр типчесиндеги жандыктардын алдынкы аяктарынын биринчи жубу.

**Хелдер** – былпылдак жандыктардын скелетиндеги ийнелердин бир формасы.

**Хеморецепторлор** – сезгич нерв талчалары химиялык козгоочуларды кабыл алат.

**Хемосинтез** – клетканын ичиндеги экзотермдүү реакциялардын негизинде (күндүн нуру катышпайт), органикалык эмес кошундулардын кычкылдануусунун негизинде алынган энергиялардын, көмүртектин эки кычкылынын негизинде органикалык заттардын түзүлүүсү, айрым микроорганизмдер ишке ашырат.

**Хемотрофтор** – автотрофтуу организм, суу топурактагы болуучу аммиак, күкүртүү суутек ж.б. заттардын кычкылдануусунун негизинде алынган энергиянын жардамы менен органикалык заттардын синтезделиши.

**Хиатус** – органдардын ортосундагы аралыктар, жалчыктар.

**Хиларийлер** – муунак бутуулардын жетинчи сегментинен чыккан аяктары.

**Хилус** – ичке ичегинин лимфа түтүкчөлөрүндөгү суюктук; майга бай лимфа.

**Химера** же мокочо – организм мозаик, эки особдун тканынан турат, ар кандай генотиптеги сомалык клеткаларды алып жүрөт. Химера – соматикалык мутациянын негизинде пайда болот.

**Химиотерапия** – инфекциялык, инвазиялык илдеттерди, ооруларды химиопрепараттар менен дарылоо, илдетти козгоочууларга токсиндүү келет.

**Химияга каршы коргонуу** – химиялык куралдардан коргонуу иш чараларынын комплекси.

**Химостаз** – ичке ичегидеги массанын жылбай токтоп калышы. Жаш жылкылар, иттер бир өнчөй, клетчаткага бай кесек тоюттардын негизинде, же болбосо ичегилерде гельминттердин көп болушунун негизинде байкалат. Витамин, минералдардын жетишсиздиги дагы себеп болот.

**Химус** – ичке ичегидеги бир өнчөй суу, азык зат продуктыларынан, тамак сиңирүүчү бездердин секреттеринен, өттөн турган суюк масса. Химустун туруктуулугу нормалдуу тамак сиңирүүнү камсыз кылат.

**Хиостронгилез** – чочколордун гельминтозу, Trichostrongylidae тукумундагы нематодалар тарабынан козголот, карынында мителик кылат. Чоңдору илдетти бат кабыл алат. Илдетке чалдыккан чочколор тамактануудан баш тартып же болбосо тескерисинче тамакты көп жейт. Ичи кан аралаш өтүшү мүмкүн. Чочкону сойгондо карыны эрозияга учурап кеткени жана мителер байкалат.

**Хионофил** – карды сүйүүчү организм.

**Хионофит** – карда өсүүчү өсүмдүк (негизинен балырлар)

**Хионофоб** – кар жааган жерлерге чыдамы жок организмдер. М: көбүнчө чоң сүт эмүүчүлөр.

**Хитин** – каскак ж.б. кыйла омурткасыз жандыктардын денесинин сыртынан каптаган калың кабыгындагы органикалык зат.

**Хитиндүү** – хитиндүү бир ткань.

**Хитинсымак** – хитинге окшош ткань.

**Хлорелла** – бир клеткалуу жашыл балырлар уруусу. Клеткасы шар түрүндө, диаметри 15мкмге чейин, бирден ядросу жана сырткы кабыгын бойлой жайгашкан хлоропласты бар. Автоспора аркылуу көбөйөт. Клеткада 4-8(16) автоспора пайда болот. Клетканын кабыгы жарылып, споралар сыртка чыгат. Бардык жерде таралган. Жер шарында 20га жакын, КМШда 10дой түрү кездешет. Тузсуз же деңиз суусундай, ным топуракта өсөт.

**Хлоркруорин** – муунак курттардын жашыл пигменти.

**Хлоропласт** – линза сымал, жумуртка сымал клеткалык органоид (пластида). Өсүмдүк клеткаларында болот, фотосинтез процессин ишке ашырат.

**Хлорофилл** – хлоропласттарда болуучу өсүмдүктөрдүн жашыл пигменти. Химиялык түзүлүшү боюнча татаал кошунду – парафин, магнийдин атомун алып жүрөт.

**Хоаналар** же ички таноолор – мурун көңдөйүнүн кулкунга ачылган тешиктери.

**Хоаноциттер** – толтоолуу клеткалар.

**Холангит** – боор жана боордон тышкарки өт жолдорунун сезгениши. Жаныбарлардын бардык түрлөрү ооруйт.

**Холемия** – өттүн курамындагы бөлүкчөлөрдүн канда, тканда топтолушу. Өт, өт жолдорунда, өт капиллярларында туруп калса, капиллярлар үзүлгөндө өт клетка аралык аймака туш болуп андан канга сиңип организм өт кислоталарынан ууланат.

**Холецистит** – өт исиркегинин курч жана өнөкөт формада сезгениши. Холангит менен бирге байкалат.

**Хоминг** – туулган жерине умтулуу, таанып билүү (шарттуу рефлектордуу реакциялардын, инстинкттердин негизинде).

**Хондриосома** – клетканын ичиндеги бир структура.

**Хондрит** – кемирчектин сезгениши. Ириңдүү жана башка артриттин түрлөрүндө байкалат.

**Хондробласттар** – кемирчектердин өсүшүнө катышуучу клеткалар.

**Хондроциттер** – кемирчек тканынын клеткалары.

**Хорда** – хордалуу айбандардын эң адепки скелетинин огу.

**Хориоаллантоис** – сойлоочулардын, мисалы, жыландардын жумурткасынын сырткы челдери.

**Хориоидит** – көздүн тамырлуу кабыкчасынын сезгениши, көбүнчө кирпиктүү дененин жана түстүү челдин сезгениши менен коштолот.

**Хорион** – сүт эмүүчүлөрдүн жана адамдын түйүлдүгүнүн сырткы кабыкчасы, трофобластан жана ага жанаша жаткан мезенхимадан өрчүйт. Түкчөлөрдөн туруп жатындын былжырлуу кабыкчасына биригип өсүп тонду калыптандырат.

**Хорион** же каканак – 1) Жогорку омурткалуу жаныбарлардын түйүлдүгүнүн сырткы кабыкчасы. 2) Омурткасыздарда жана айрым төмөнкү омурткалуу жаныбарларда – экинчилик, жумуртканын хитиндүү кабыкчасы.

**Хортобионттор** – калын чөптүн арасында жашоочу айбандар, жандыктар.

**Хроматида** – 2 – нуклеопротеиддүү жипчелеринин бирөөсү, хромосомалардын 2 эселенишинде пайда болушу.

**Хроматин** – клетканын ядросундагы нуклеопротеид, хромосоманы түзөт.

**Хроматография** – химиялык касиети окшошураак заттарды тандап ажыратуу ыкмасы. 1903ж. орус окумуштуусу М.С. Цветачкан. Ажыратылуучу зат сорбентке (кыймылсыз фазага) жуктурулат да анда сиңирилип (ад-

сорбция), эрип же ион алмашуу реакциясы ж.б. аркылуу кармалып турат. Газ же суюктукту (кыймылдуу фаза – элементи) сорбент аркылуу өткөргөндө ажыратылуучу заттар бир фазадан экинчисине көп жолу кайталанып өтүп турат. Х-лоо шартын тиешелүү түрдө тандап алганда аралашманын заттары физикалык химиялык касиетине жараша фазаларда айрым зоналарды ээлөө менен ажырайт. Х-нын газ-суюктуктуу, суюктуктуу, ион – алмашма, кагаздуу, жука катмарлуу ж.б. түрлөрү бар. Х. лабораторияда жана өнөр жайда айрым заттарды бөлүп алууда жана өндүрүштү контролдоодо колдонулат.

**Хроматофорлор** – айбандын терисиндеги пигментүү клеткалар, дененин түсүн кубултуу функциясын аткарат.

**Хромаффин клеткалары** – бөйрөк үстүндөгү безинин ички катмарынын клеткалары.

**Хромолиз** – гемолиз стадиясы бузулган эритроциттерден гемоглобиндин айлана – чөйрөгө чыгуусу.

**Хромопротеиддер** – затка түс берүүчү татаал белоктор. Курамына гемопротеиддер кирүүчү белоктор: гемоглобин, миоглобин кычкылдандыруу – калыбына келтирүүчү ферментер (каталаза, пероксидаза, цитохромдор), ошондой эле хлорофилл, родопсин, флавин ферменттери ж.б. кирет.

**Хромотофор** – 1) Балырлардын клеткасындагы чоң хлоропласт. 2) Жөнөкөйлүүлөрдө хлорофиллди, же башка пигменттерди алып жүрүүчү органеллалар 3) Көпчүлүк жаныбарлардын терисиндеги пигментүү клеткалар.

**Хромомера** – хромосоманын интенсивдүү боелуучу бөлүгү, мейоздун профазасында жакшы байкалат.

**Хромонема** – нуклеопротеидүү жипче, дезоксирибонклеин кислотасын алып жүрөт. Х. хроматиддердин туурасынан кеткен структуралык бирдиги.

**Хромопласт** – (каратиноидопласт) ички структурасы дана эмес пластида, негизинен сары пигменттерди – каратиноиддерди алып жүрөт. Х. – бышып жаткан мөмөлөргө мүнөздүү.

**Хромосома** – клетканын ядросундагы өзүн – өзү жаратуучу структуралык элемент, ДНК дан түзүлөт.

**Хромосома балансы** – хромасомалардын ар бир түргө таандык саны «жаңылбай» кайталанышы менен организмдин тукум куучулук структурасын туруктуу абалда тутуу.

**Хромосомалардын тизмеси** – организмдин ар бир клеткасында жаткан хромосомалардын жалпысы

**Хромосомдуу ооруулар** – организмдин морфологиясынын жана жашоо функцияларынын бузулушу, клеткадагы хромосомалардын структуралык өзгөрүүлөрүнүн (хромосомалык мутация) негизинде байкалат.

**Хронобиология** – ар түрдүү биологиялык прцесстердин убакыт өлчөмүндө өтүшүн жана биологиялык ритмдерди иликтөөчү биологиянын бир бөлүмү.

**Хронометраж физиологиялык** – кандайдыр бир физиологиялык процесстин убактылуу параметрлерин өлчөп туруучу ыкмалардын, каражаттардын жыйындысы.

## – Ц –

**Цекоцентоз** – сокур ичегинин тешилиши (газга катуу толгондо байкалат).

**Целобластула** – былпылдак жандыктардын личинкалык бир стадиясы.

**Целом каналдары** – оргaндардын көндөйлөрү, мисалы, погонофорлордун тинтүүрлөрүнүн ичиндеги майда түтүктөр.

**Целомдук капчыктар** – ички органдар жайгаша турган капчыктар.

**Целомдуктулар** – ooздору сыртка чыгуучу целомдук түтүктөр.

**Целотелий** – курттардын ички көндөйүн ичтеген эпителийлүү катмар.

**Целлюлоза** – полисахариддер тобундагы углевод, глюкоза молекулаларынын калдыктарынан турат. Ц. – өсүмдүктөрдүн кабыкчасын түзүүчү негизги бөлүк.

**Ценобий** – 1)Функциялары боюнча айырмаланган бир клеткалуу организмдердин колониясы. 2)Синкарптуу кургак мөмө (2 мөмө жалбыракчасынан турат, ал 4 бөлүккө бөлүнөт).

**Ценобиоз** – коомдоштуктарда организмдердин биргелешип жашашы.

**Ценобионт** – биоценоздун курамына кирүүчү особь.

**Ценогенез** – 1)Түйүлдүктө экинчилик белгилердин пайда болушу (эволюциянын жүрүшүндө ыңгайлануулардын негизинде пайда болот). 2) Жаңы жаратылыш коомдоштуктарынын пайда болушу.

**Ценоз** – 1) Ошол эле биоценоз. 2) Организмдердин ар кандай коомдоштуктары: зоо -, фито -, микробиоценоздор.

**Ценосарк** – шуру колонияларынын жалпы денеси.

**Ценоций** – чала хордалуу жандыктардын үйү.

**Ценосарк каналдары** – шуру полиптеринин колониясынын ичиндеги түтүктөр.

**Центриоль** – клеткалык органоид, 2 же андан көп жуптуу цилиндр сымал структуралар. Клетка бөлүнүп баштаганда клеткалык борбор уюлдардан орун алат.

**Центромера** – хромосоманын бөлүгү, эки хроматида жипчелерин кармап турат. Клетканын бөлүнүшүндө Ц. хромосомаларды уюлдарга багыттайт.

**Центросома,** же клетканын ичиндеги органоид – клетканын бөлүнүшүнө байланыштуу.

**Ценур** – тасмакурттардын личинкалык стадиясы, көк мээ, тоорункай, айланбаш ыландарынын себепкери.

**Цервицит** – жаныбарлардын бардык түрлөрүнүн жатын моюнчасынын сезгениши.

**Церинула,** же цериантарий – цериантария жандыгынын личинкалык бир стадиясы.

**Церкария** – трематода жалпак курттардын личинкалык стадиясы.

**Церкоспороз** – өсүмдүк илдети. Cercospora уруусундагы мите козу карын пайда кылат. Кызылча, мөмө жемиш, жүзүм, картошка Ц. кеңири таралган. Илдет козгогуч – өсүмдүк калдыктарында кыштап, спора аркылуу өсүмдүктүн вегетация мезгилинде таркалат.

**Церктер** – түзүлүшү жөнөкөй каскактардын, көп буту жандыктардын курсагынын учундагы учтуу жуп орган.

**Цестодалар** – тасма курттар, plathelminthes тибиндеги мите жалпак курттар классына кирет. Цестодалар, биогельминттердин эки ээси болот аралык жана акыркы.

**Цестодоз** – жаныбарлардын жана адамдын гельминтозу, тасма курттардын (цестод) негизинде пайда болот. Негизинен жаш мал ооруйт. Эң коркунучтуусу мониезиоз, авителлиноз, гименолепидидоз, цистицеркоз ж.б.

**Цистозоид** – сифонофор жандыктарынын колониясындагы бир түрдүү индивид.

**Цистоидеялык стадия** – деңиз лилиясынын личинкалык бир стадиясы.

**Цитогенетика** – тукум куучулукту жана өзгөрүлмөлүүлүктү клеткалык деңгээлде иликтөөчү генетиканын бир тармагы.

**Цитолиз** – клеткалардын бүлүнүшү.

**Цитолизин** – жыландын уусунун бир түрү.

**Цитоплазма** – клетканын ядродон башка бөлүгү, протоплазмасы.

**Цитотомия** – клетка кариокинез жолу менен бөлүнгөндө, акыркы фазасында – телофаза, денесинин экиге бөлүнүшү.

**Цитохимия** – клеткалардын түзүлүшүн жана функциясын химиялык жол менен иликтөөчү цитологиянын бир бөлүгү.

**Цитохромдор** – клеткалардын дем алышына катышуучу ферментер.

**Цифонаутес** – балык курттардын личинкалык бир стадиясы.

**Цефализация** – 1) Билатералдуу, симметриялуу жаныбарлардын баш бөлүгүнүн калыптанышы. 2) Жаныбардын дене массасына караганда баш мээсинин массасынын чоңойушу.

**Цефалоеонийлер** – кату кабыгы жок үлүлдөрдүн кээ бирлеринин, мисалы, клионе уруусунун оозунун тегерегиндеги кармагыч аппарат.

**Цианоз** – былжырлуу кабыкчанын, теринин көгөрүшү. Жергиликтүү жана жалпы цианозду айырмалашат. Цианоз эндокардитте, өпкө ооруларында, карын ичегилерге газдар толгондо, боор церрозунда жана айрым инфекциялык оорууларында байкалат.

**Циатозооид** – челдүүлөр тибиндеги кээ бир айбандардын, мисалы, пиросома уруусунун жумурткадан чыккан биринчи индивиди.

**Циатостомоз** – сууда сүзүүчү канаттуулардын гельминтозу, syngamidae тукумундагы нематодалар козгойт, дем алуу жолдорунда мителик кылат. Резервтүү ээси сөөл жылан. Таралышы очоктуу, өнүгүшү түз.

**Циклдүү үлүлкабык** – чыгырыкталган үлүкабык.

**Циклдүүлүк** – организмдин тиричилик аракети мезгили менен күчөп, мезгили менен начарлап, анан кайра калыбына келип мөөнөттү (циклди) түзүшү.

**Цикломорфоз** – муундардын мезгилдик алмашуусу, ар бири мүнөздүү морфологиялык, функционалдык өзгөчөлүктөргө ээ.

**Цимбалдар** – чырылдак каскактардын, курсагынын алдынкы бетиндеги жуп эбелек, булар аркылуу чырылдаган үн чыгарышат.

**Цингулюм** – бурама жандыктарынын чимирилткич аппаратынын бир органы.

**Цирралар** – суда жашоочу омурткасыз жандыктардын көпчүлүгүнүн тинтүүрлөрүндөгү сезгич мурутчалар.

**Цирроз** – органдын тыгыздалышы, катууланышы анатомиялык формасынын өзгөрүшү, бириктиргич ткандын диффуздуу өсүшүнүн, биригишинин негизинде.

**Циррус** – трематода жалпак курттарынын эркектик жыныс мүчөсү.

**Циртопия** – эвфаузия түркүмүндөгү рак сымалдуулардын личинкалык бир стадиясы.

**Циста** – бир клеткалуу, айрым көп клеткалуулардын жашоо формасы, жагымсыз шарттарда убактылуу катуу кабыгы менен капталат.

**Цистит** – табарсыктын сезгениши, жаныбарлардын бардык түрлөрү ооруйт. Курч, өнөкөт түрүндө болот. Сезгенүү мүнөзү боюнча катаралдуу, ириңдүү, дифтеритикалык ж.б. болот. Табарсыкка микрофлоранын киришинин негизинде пайда болот.

**Цистолитаз** – табарсыкта таштын пайда болушу.

**Цистопарез**, же цистоплегия – табарсыктын параличи, табарсыктын бетин түзгөн булчуңдун убактылуу же акырындап жыйрылууга жөндөмдүүлүгүнүн жоголушу.

**Цистоскопия** – табарсыкты цистоскоп аркылуу изилдөө.

**Цистоспазм** – табарсыктын спазмы, табарсык сфинктеринин заара бөлүнүп чыкпаса да чар жайыт жыйрылуусу.

**Цитогенетика** – генетиканын бир бөлүмү, организмдин тукум куучулук, өзгөргүчтүк кубулуштарын клеткалык деңгээлде, хромосомаларды изилдейт.

**Цитогония** – бир клетка менен ишке ашырылуучу жыныстык жана жыныссыз көбөйүү. Ц. төмөнкү түшүнүктөрдү камтыйт: бир клеткалуу организмдердин бөлүнүшү, спораларды пайда кылуу, жыныстык көбөйүү.

**Цитодитоз** – канатуулардын инвазиялык илдети, analgesoidae тукумундагы саркоптоидүү кенелер канаттуулардын ички көңдөйлөрүндө илдетти козгойт. Илдетти козгоочу cytodites nudus кенеси. Кенелер канаттуулардын аба толуучу баштыкчаларынын мембраналарында, бронхалардын беттеринде, ич көңдөйүндөгү органдардын сероздуу кабыкчаларында жайгашышат. Илдетти таратуучулар – илдетке чалдыккан канаттуулар, ларинготрахеит, кыйналып дем алуу, мойнун чоө берүү, башын өдө көтөрүү белгилери байкалат.

**Цитозин** – пиримидиндүү негиз; бардык организмдерде нуклеин кислоталарынын курамында болот.

**Цитокинез** – бир клеткадан эки жаңы клетканын пайда болушу.

**Цитолиз** – клетканын эрип талкаланышы. Нормалдуу шартта жүрүшү мүмкүн. М: метаморфоздо жана оору козгоочу организмдер киргенде байкалат.

**Цитолизиндер** – чоочун клеткаларды талкалоочу кандын сары суусундагы заттар.

**Цитология** – илимий тармак, жандуу организмдердин клеткасынын түзүлүшүн, химиялык курамын, функцияларын, жекече өрчүшүн, эволюциясын окутат.

**Цитоплазма** – жандуу организмдердин клеткасындагы ядродон тышкары протоплазма бөлүгү; гиалоплазмадан турат, анда органоиддер жайгашат.

**Цитоплазмон** – плазмогендердин жыйындысы.

**Цитоспороз** – мөмө өсүмдүктөрүн жана токой дарагын кууратуучу жугуштуу илдет. Айрыкча данектүү мөмө өсүмдүктөргө өтө зыяндуу. Бардык жерде кездешет. Cytospora уруусундагы мите козу карын пайда кылат. Фитопатогендүү сапрофиттер дарак кабыгынын сыйрылган жерине кирип, даракты бузат. Андан чайыр агып, бара-бара дарак куурайт. Куураган даракта мите көп өөрчүп, жаан, шамал аркылуу башка дарактарга тарайт.

## – Ч –

**Чакалай** – малда (Herbes tonsurans) Trichophyton же Mucrocphorum уруусундагы патогендүү мите козу карынды пайда кылуучу жугуштуу ылаң. Терини бузат. Өсүмдүктө – ар кандай мите козу карынды пайда кылуучу өсүмдүк илдети. Өсүмдүктүн жалбырак, мөмө жана өркүндөрүнүн сырткы ткандары бузулат.

**Чаңдашуу** – өсүмдүк гүлүнүн чандыгындагы чаңчанын энеликтин чаң алгычына же түз эле урук бүчүрчөсүнө келип түшүшү. Чаңдашуудан кийин чаңчадан чаңча түтүкчөсү өсүп чыгып, урук бүчүргө жетет. Ушул түтүкчө аркылуу аталык жыныс клеткалар – спермилер энелик клетканы уруктандырат. Уруктанган энелик клеткадан түйүлдүк өрчүйт.

**Чаңча** – чаңдыкта пайда болгон чаңча бүдүрлөрүнүн жыйындысы; уруктуу өсүмдүктөрдүн эркектик гаметофити.

**Чарчоо,** – катуу, узак иштөөнүн негизинде организмдин ишмердүүлүгүнүн төмөндөшү. Булчуң күчтөрүнүн төмөндөшү, кыймыл аракеттердин тактыгыгынын бузулушу, табиттин начарлашы ж.б. коштолот.

**Чачтын агарышы** – чачтын пигменти жоголуп, аба исиркектерине толушу.

**Чечек** – малда (Variola) – көпчүлүк сүт эмүүчүлөр менен канатттулардын катуу кармоочу жугуштуу ылаңы (адам да ооруйт). Ылаң козгогучу – вирус. $0^0$С ден төмөнкү температурада көпкө сакталат. 35-$37^0$С температурада өөрчүйт. Ч. ылаңдуу мал жана вирус алып жүрүүчүлөр аркылуу таралат.

**Чиринди** же гумус – өлгөн жаныбарлар менен соолуган өсүмдүк калдыктарынын биологиялык жана биохимиялык өзгөрүүлөрүнүн натыйжасында пайда болгон органикалык заттардын комплекси. Чириндинин составында органикалык зат калдыктары, алардын өзгөрүүсүндөгү аралык заттар жана гумин заттар болот. Чиринди топурактын маанилүү составдык бөлүгү. Анда өсүмдүккө азык зат болуучу негизги элементтер: көмүртек, азот, фосфор ж.б. болот.

**Чума** – жугуштуу вирустук ылан. Көбүнчө чочколор, иттер, төөлөр, бодо малдар, канаттуулар, балыктар оорушат.

**Чыйкан** – жүндүн түбү, май бези жана анын тегерегиндеги ткандардын ириңдеп сезгениши. Тогуздап чыйкае чыйкан, фурункулез (Furunculesis) деп аталат.

**Чым** – топурактын өсүмдүк тамырларына жыш чырмалышкан, чириндиге бай жогорку катмары. Чабынды, жайыт, шалбаа, дың жерлерде болот.

**Чым көң** – саз өсүмдүктөрүнүн узак убакыт сууда жатып, аба жетишсиз шартта чириндиге айланган калдыгынан пайда болгон күйүүчү зат. Өңү кара, кара күрөң.

**Чүчкүрүү** – жаныбарлардын тубаса рефлектордуу процесси, жогорку дем алуу жолдорунан чаңдарды, былжырларды ж.б. козгоочу агенттерди бөлүп чыгарууну камсыз кылат.

## – Ш –

**Шал** – нервке доо кетүүнүн негизинде орган кыймылынын бузулушу. Мээге кан куюлганда, нерв системасында кан жүгүрүү начарлаганда, сезгенүү процесстеринде, мээ шишигенде, ошондой эле жугуштуу ылаңдан, интоксикациядан, түрдүү травмадан кийин пайда болот. Малдын бир буту кыймылдабаса *моноплегия,* бир жак өрөөнү кыймылдабаса *диплегия,* эки алдыңкы колу же эки арткы буту кыймылдабаса *параплегия,* ал эми диплегия менен параплегия биригип *тетраплегия* деп аталат.

**Шалба таануу** – шалбаа жөнүндөгү илим, геоботаниканын (биогеоценологиянын) бир бөлүгү, шалбаачылыктын илимий негизи. Негизги милдеттери: шалбаа типтерин аныктоо, мүнөздөө, алардын таралыш закон ченемин, шалбаа биогеоценозунун кыймыл аракетин (динамикасын) жана түзүлүшүн аныктоо, шалбаа өсүмдүктөрүнүн биологиялык – экологиялык жана чарбага тиешелүү өзгөчөлүктөрүн изилдөө.

**Шамал** – абанын жер бетине жарыш кыймылы. Аба басымын бирдей эместигинен п.б. Басымдын кескин өзгөрүшүнөн аба жогорку басымдан төмөнкү басым тарапка багыттаталат. Ш. ылдамдыгы жана багыты менен мүнөздөлөт. Эл чарбасында чоң мааниге ээ. Ал энергия булагы катары пайдаланылат, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн чаңдашышына өбөлгө түзөт, топуракты артык баш нымдан арылтат, шаар жана элдүү пункттардын абасын тазалайт ж.б. зыяндуу жактары дагы бар: кыртыш менен өсүмдүктөгү керектүү нымдын бууланышына шарт түзөт, катуу шамалдан чаңдуу борон п.б., өсүмдүктөрдүн физиологиялык процесстерин бузат, алардын куурашына алып келет, айыл чарба иштерин жүргүзүүгө тоскоол кылат, бактагы мөмөнү күбүйт. Өтө күчтүү бороон эң катуу талкаланууга алып келет.

**Шамал эрозиясы** – топурактын үстүңкү катмарын шамаал учуруп кетиши. Негизинен талаа жана жарым чөл зоналарында топурак шамал эрозиясына көп учурайт.

**Шарп** – ача туяктуу малдын (уй, кой, эчки, чочко, төө, топоз ж.б.) өтө жугуштуу жана тез таралуучу ылаңы. Шарп болгон малдын ичеги карынындагы былжыр челинде ыйлаакчалар пайда болот. Ш. мал чарбасын экономикалык жактан көп зыянга учуратат. М: ылаңдаган уйдун сүтү 75%ке чейин азайып, бооздору музоо салат, арыктайт, жаш төлдөрү өлүмгө учурайт. Ылаңдын козгогучу – чыпкадан өтүп кетүүчү өтө майда вирус. Азыр анын 7 тиби, 60 түрү белгилүү. Жылуу мезгилде 1 айга, суук мезгилде 150 күнгө чейин сакталат. Соо малга ылаңдаган малдан жугат. Ылаңдын букма мезгили 12 сааттан 14 күнгө чейин созулат. Ылаңдын белгилери: малдын температурасы көтөрүлүп, жалпы абалы начарлайт, жем – чөп жебей, кепшебей калат, саан уйлардын сүтү азайып арыктай баштайт, 2-3 күн өткөндөн кийин оозунун ичинде, тилинде ыйлаакчалар пайда болот.Дарылоо: ылаңдуу мал өзүнчө багылат, алар үчүн түрдүү дезинфекциялоочу заттар колдонулат. Кеңири тарап кетишине жол бербеш үчүн ылаң аныкталар замат чарбага карантин жарыяланып, малга эки жолу Ш. ылаңына каршы вакцина куюлат.

**Шарттуу патогендүү микроорганизимдер** – макроорганизимдин табигый резистентүүлүгү төмөндөгөндө илдеттерди пайда кылууга жөндөмдүү микробдор.

**Шарттуу рефлекс** – адамдын, жаныбарлардын жекече жашоосунда (онтогенезинде) белгилүү шарттардын негизинде пайда болгон кайтарган жооптору. Оңой пайда болуп, оңой жоголот. Шартка ылайык (жараша).

**Шванн клеткалары** – нерв талчаларынын сырткы челдерин түзүүчү клеткалар.

**Шизогония** – жыныссыз көбөйүү, денеси бир канча ургаачы особго бөлүнүүнүн негизинде ишке ашат.

**Шизонт** – айрым жөнөкөйлүүлөрдө клетканын шизогония процессине даярдануусу.

**Шок** – кан айлануунун, дем алуунун, зат алмашуунун оор бузулуусу (инфаркт, физикалык жаракат, катуу оорулардын ж.б. себептерден пайда болот).

**Шордуу топурак** – составында сууда жакшы эрүүчү туздары көп топурак. Шордуу топурактын пайда болушу топурак пайда кылуучу тоо тектерде туздун көп болушуна же жер астындагы жана агын суулардын тузду кошумча алып келишине байланыштуу.

**Штамб** – тамыр менен бак шагынын ортосундагы дарак сөңгөгү.

**Штамм** – микроорганизмдердин, вирустардын таза бир түрүнөн алынган культура, өзгөчө физиологиялык – биохимиялык белгилерди алып жүрөт.

**Шүүдүрүм** – кечинде, түнкүсүн жана эртең менен жер бетине майда тамчы түрүндө туруп калуучу атмосфералык жаан чачын. Шүүдүрүм абанын муздашынан жана суу буусунун конденсацияланышынан көбүнчө түндө пайда болот.

## – Ы –

**Ызак**, трутень – эркек аары. Уяда убактылуу жашап, уруктана элек эне аарыны уруктандыруу милдетин гана аткарат. Бал жыйноо мөөнөтү аяктагандан кийин жумушчу аарылар кыштык тоютту үнөмдөө үчүн ызакты уядан чыгарып салышат. Ы. дене түзүлүшү жазы, цилиндр формасында, уз. 15-17мм, орточо салмагы – 0,2гр. Жыныстык жактан 8-14 күндө жетилет. Жыт сезүү органдары жакшы өнүккөн. Анын ар бир мурутчасында 30 миңге жакын жыт сезүү рецепторлору бар, ал эми эне аарынын мурутчасында 3600 гана мындай рецепторлор болот.

**Ызылдак чымындар** – кыска муруттуулар түркүмүндөгү чымындар тукуму. Чымындын чоңдугу 5-15мм (айрымы 25мм- дей). Өңү саргыч жашыл же күрөң, көкүрөгү менен курсагында жолчо тагы бар, аарыга окшош. Канаты тунук, личинкасынын буту жок, баш жагы ичке, жалпак. Ы. чымындын 4000дей, Кыргызстанда 200 ашык түрү бар. Абада калкып тура алат. Өсүмдүк нектары менен азыктанып, аларды чаңдаштырат. Айрым түрлөрү жумурткасын өсүмдүк биттери топтошкон жерге таштап, андан чыккан личинкалар өсүмдүк биттерин, личинкаларын жеп айыл чарбага пайда келтирет. Бир личинка бир күндө 200дөй өсүмдүк битин жейт. Айрым түрлөрү

пияз, сарымсак, жоогазын, сабиз, кызылча ж.б. өсүмдүктөргө зыян келтиришет.

**Ылаң** – мал ылаңдары организмдин функцияларын бузуп, аны физиологиялык жана морфологиялык жактан ар кандай өзгөрүүлөргө дуушар кылат. Пайда болуу себептерине жараша жугушсуз жана жугуштуу ылаңдарга бөлүнөт.

**Ылыңга каршы күрөшүү станциясы** – райондук ветеринария станциясы райондун айылдарында мал ылаңдарын дарылоо, ылаңдын алдын алуу жана аларга каршы күрөшүүчү ветеринардык мекеме. Станциянын кызматкерлери вет. дарылоо иштерин жүргүзүү боюнча участка, пункт, ж.б. чарба менен мекемелердин иштерине жетекчилик кылат, аларга жардам көрсөтүшөт, белгиленген иш чаралардын аткарылышына жооп берет.

**Ылаңдын букма мезгили** – ылаң козгогучтун организмге киришинен баштап, ылаңдын биринчи белгилеринин билинишине чейинки мезгил. Патогендүү микробдор организмге киргенде эле ылаңды пайда кылбайт. Алар организмде көбөйүп, уулуу заттарды (токсиндерди) иштеп чыгыш үчүн белгилүү бир убакыт керек. Ошондуктан инфекциялык ылаңдардын букма мезгилдери да ар кандай болот. Ар бир ылаңдын орточо эсеп менен алынган букма мезгили бар.

**Ыңгайлануу** – кандайдыр бир биосистемаларда (организм, популяция, түр, биоценоз) биологиялык касиеттердин өнүгүшү, айлана-чөйрө, биосистемалардын өзгөрүшүнө ыңгайландырат.

## – Э –

**Эвакуация** – 1. Тазалоо, жоготуу, ириңдеген жердин, кистанын суюктугун тазалоо. 2. Кырсыктаган жерден, же болбосо согуш болгон жерден оорукчан, жарадар малдарды алып чыгуу.

**Эдоксия** – синофор жандыктарынын колониядан бөлүнүп, эркин жашоочу индивиди.

**Эвентерация** – ич көңдөйүндөгү органдардын чыгып калышы (кулаганда, жарадар болгондо байкалат).

**Эвисцерация** – өлгөн малдан ооз, моюн, көкүрөк, ич, жамбаш көңдөйлөрүндөгү органдардын комплексин алып чыгуу. Бул ыкма майда жаныбарларды, канаттууларды сойгондо колдонулат.

**Эволютту үлүлкабык** – кичине жана чоң камераларынын сыртынан эле билинип турган үлүлкабыктын формасы.

**Эволюциялык билим** – тирүү табияттын тарыхый өөрчүшү жөнүндө билимдердин тобу.

**Эволюция** – жандуу жаратылыштын багыттуу тарыхый өнүгүшү. Э. негизинде популяциянын генетикалык курамында өзгөрүү жүрөт, адапта-

циялар калыптанат, экосистема – биосферада өзгөрүүлөр байкалат. Э. өзгөргүчтүк, тукум куучулук жана табигый тандалуу менен мүнөздөлөт.

**Эврибат** – суу организми, ар кандай терендиктерде жашай алышат. М: кашалоттор, моллюскалар, ж.б.

**Эврибаттык айбандар, жандыктар** – деңиздин ар түрдүү терендигине байыр алып жашай берүүчү айбандар.

**Эврибионт** – ар кандай жашоо шарттарында жашай алуучу организмдер. М: түлкү токой тундрасынан талааларга чейин кездешет, өсүмдүктөр, жаныбарлар менен тамактанышат.

**Эвригал** – чөйрөнүн туздуулугунун, химиялык курамынын өзгөрүшүнө туруктуу келген суу жаныбары.

**Эвригалдык фауна** – туздуулугу ар кандай деңиздерде жашай алуучу айбандардын тобу.

**Эврийондуулук** – ар кандай кычкыл чөйрөдө жашай алуу мүмкүнчүлүгү.

**Эвриоксибионттук организмдер** – кычкылтегинин концентрациясы ар кандай сууларда жашай алуучу организмдер.

**Эвритерм** – температуранын бир аз өзгөрүүсү байкалуучу жерлерде жашоочу организмдер. М: карышкырлар, шумкар, ж.б. мелүүн алкактын жаныбарлары.

**Эвритермдүү организмдер** – сырткы чөйрөнүн температурасынын кескин өөдө-төмөн болушуна чыдамдуу организмдер.

**Эвритоп** – ар түрдүү шарттарда жашай алуучу организмдер М: көптөгөн микроорганизмдер, отоо чөптөр.

**Эвритоптүү организмдер** – ар кандай шартуу жерлерде жашай алуучу организмдер.

**Эвриторф** – бир гана жаныбарларга колдонула турган түшүнүк. Баарын ылгабай жеген жаныбар. М: күрөң аюу, каргалар.

**Эврифагдар** – ар түрдүү жемдерди жеп жашоочу айбандар.

**Эврихор** – кеңири экологиялык валентүүлүккө ээ жана кеңири таралган (бүт жер шарында) организм. Ошол эле космополит.

**Эвстресс** – жаныбар организминин, адамдын оң спецификалык эмес реакциясы («жакшы стресс»).

**Эвтроф** – азык заттарга бай топуракта гана жакшы өсө турган өсүмдүк.

**Эвтрофикация** – антропогендүү, же болбосо жаратылыш факторлорунун таасиринин негизинде сууда биогендүү элементтердин топтолушу.

**Эвфотостуу зона** – жарык жакшы тийүүчү зона, жай.

**Эгиздер** – 1. Жатыны бир жаныбардын, адамдын бир эле убакта чогуу төрөлгөн эки же андан көп тукумдары. 2. Көп тукумдуу жаныбарлардын бир туулгандагы балдары. Бир жумурткалуу Э. (бир уруктанган жумуртка клеткасынын бластомерлеринин биринчилик бөлүнүүсүнүн негизинде) о.э көп

жумурткалуу Э. (бир эле убакта уруктанган өз-өзүнчө уруктанган жумуртка клеткаларынан өрчүйт) айырмалашат.

**Эгилме жайыт** – мал жаюуга пайдалануучу оттуу тоюттук жер; табигый тоюттук жерди үстүртөн жакшыртуу, ошол эле жаңы өздөштүрүлүп жаткан жерге чөп аралашмасын эгүү жолу менен түзүлөт.

**Эгрет,** же эгретка – ак кытандын эркектеринде байкалуучу узун канаттар (жупташуу мезгилиндеги жүрүм турумдарында жакшы байкалат).

**Эдасфера** – 1) Өсүмдүк организмдерин курчап турган аймактар, ал аймактарга өсүмдүктөр өзүлөрүнүн таасирин тийгизет. 2) Топурак кыртышы, биосферанын бөлүгү.

**Эдатоп** – топурактын негизинде түзүлгөн чөйрө шарттарынын, жыйындысы.

**Эдафобионт** – топуракта жашоочу организм.

**Эдафон** – топуракта жашоочу организмдердин жыйындысы, топурактуу биоценоз.

**Эдафофил** – топурактагы төмөнкү түзүлүштөгү өсүмдүктөр жана козу карындар.

**Эдема** – шишик, ткандарда ашыкча суюктуктун топтолушу.

**Эдификатор** – 1) Өсүмдүк коомдоштугундагы өсүмдүк түрү, ошол коомдоштуктун өзгөчөлүгүн аныктайт, экосистемада биологиялык чөйрөнү түзөт. М: карагайлуу токойдогу – карагай. 2) Экосистеманын структурасын түзгөн жаныбарлар жана өсүмдүктөр түрлөрү. Э. көп сандагы жана аз сандагы организмдер түзүшү мүмкүн.

**Эзофагит** – кызыл өңгөчтүн былжырлуу кабыкчасынын сезгениши.

**Экватордук эбелек** – клетканын митоздук бөлүнүшүндө хромосомалардын клеткага сымал болуп тизилип, ортосунда бир катар болуп жатышы.

**Экзантема** – териде кызыл тактардын (розиола), түйүндөрдүн (папула), исиркектердин (везикула), ириңдердин (пустула) ж.б. пайда болуп жабыркалнышы. Жабыркалануунун бир эле түрү байкалса ал *мономорфдуу*, ар кандай түрлөрү байкалса *полиморфдуу*.

**Экзема** – бүдүрлүү исиркектүү тери ылаңы. Э. менен көбүнчө ит, мышык, жылкы ылаңдайт. Э. нын пайда болушуна терини дүүлүктүрүүчү механикалык, физикалык, химиялык факторлор, ошлэле нерв системасынын бузулушу ж.б. себеп болот. Э. суулуу жана кургак болуп бөлүнөт. Э. жаңыдан башталганда тери кызарып, кычышат, бүдүрлөр пайда болот.

**Экзитус** – өлүм менен аяктагандык.

**Экзобиология** – комплекстүү тармак, жерден башка жерлерде жашоонун пайда болуу мүмкүнчүлүктөрүн, жашоонун болушун изилдейт.

**Экзобиология** – комплекстүү тармак, жерден башка жерлерде жашоонун пайда болуу мүмкүнчүлүктөрүн, жашоонун болушун изилдейт.

**Экзокриндик бездер** – түтүкчөлөрү дененин тышкы бөлүгүнө же көңдөйлүү органдын ичине ачылуучу, демек секреттерин сыртка же көңдөйдүн ичине куюучу бездер (шилекей, сүт, тер, ашказан бездери).

**Экзогендүү инфекция** – организмге тышкы чөйрөдөн кирген инфекция.

**Экзокутикула** – каскак жандыктардын кабыгынын (терисинин) сырткы катуу катмары.

**Экзоподит** – рак сымалдуулардын аяктарынын сыртындагы барасы, бакалоор милдетин аткарат.

**Экзостоз** – сөөктүн сырткы бөлүгүндөгү сөөк өсүндүсү.

**Экзотикалык илдеттер** – белгилүү бир мамлекеттин аймагында кездешпеген илдет, башка мамлекеттерден келген илдеттер.

**Экзотоксин** – айлана-чөйрөгө микробдор тарабынан бөлүнүп чыгуучу уулуу заттар. Түрдүү микробдордун экзотоксиндеринде ар кандай уулуу заттар – *нейротоксиндер, гемотоксиндер, лейкоцидиндер, некротоксиндер* ж.б. болот.

**Экзофитүү өсүү** – түтүкчөлүү органдын бетиндеги шишик (бронхта, карында, ичегилерде ж.б.).

**Экзофтальм** – көз алмасынын алдыга чыгып тостойуп калышы.

**Экзоциста** – цистанын сырткы кабыгы, чели.

**Эки үлүштүү өсүмдүктөр** – эки үлүштүүлөр, эки урук үлүштүүлөр – түйүлдүгүндө эки урук үлүшү бар жабык уруктуу өсүмдүктөр классы. Бир үлүштүү өсүмдүктөрдөн өткөргүч боочолорунун органдарга тегерете жайгашуусу менен айырмаланат; флоэма менен ксилеманын ортосунда өзгөчө ткань – камбий болот.

**Экзульцерация** – жешилүү жаранын (язва) пайда болушу.

**Экобиоморфа** – морфологиялык, экологиялык – физиологиялык белгилери, биологиялык ритмдери, чөйрөнү түзүүчү өзгөчөлүктөрү окшош, коомдоштукта бирдей мааниге ээ түрлөрдүн жыйындысы.

**Экология** – организмдердин коомдоштуктардын айлана–чөйрө менен болгон байланышын изилдейт.

**Экологиялык ар түрдүүлүк** – теги бир айбандардын жашоо шартынын ар кандай болушуна жараша формаларынын, өңдөрүнүн ж.б. белгилеринин өзгөрүшү.

**Экологиялык валенттүлүк** – чөйрөнүн ар кандай шарттарында түрдүн жашай алуу мүмкүнчүлүгү.

**Экологиялык конвергенция** – окшош шарттарда жашаган ар түрдүү систематикалык категориядагы айбандарда окшош белгилердин жаралышы.

**Экологиялык текчелер** – ар бир түр өзү жашоочу ылайык жай.

**Экологиялык тең салмактуулук** – 1.Табигый жана адам тарабынан өзгөрүлгөн экологиялык компоненттердин жана жаратылыш процесстери-

нин тең салмактуулугу (сандык жана сапаттык жагынан), түр экосистеманын узак убакытка чейин жашоосун тейлейт. 2.Популяциянын экологиялык тең салмактуулугу – популяциянын структурасынын жана санынын табигый түрдө көбөйүшү.

**Экологиялык фактор** – жандуу организмдер жашоочу чөйрөнүн ар кандай шарттары. Абиотикалык, биотикалык, жаратылыш, антропогендүү деп айырмаланат.

**Экосистема** – тирүү организмдер жана алардын жашоо чөйрөсү менен түзүлгөн бүтүндөй жаратылыш комплекси, анда жандуу жана кыйыр экологиялык компоненттер бири – бири менен тыгыз байланышта.

**Экосфера** – жашоонун өнүгүшүнө шарт түзүлгөн жердин касиеттеринин жыйындысы.

**Экотип** – 1) Жашоо формасынын биригүүсү. 2) Биотип – 1 топтору, аллелдердин белгилүү айкалыштары менен мүнөздөлөт. 3) Экологиялык раса, белгилүү шарттарда жашашат, байкалбаган морфофизиологиялык белгилерге ээ болушу мүмкүн.

**Экоцид** – 1) Жандуу организмдер жашаган чөйрөнү бузуу, талкалоо. 2) Адам жашаган чөйрөнү, кеңири аймакты бузуу, талкалоо (аскердик максатта).

**Эксгумация** – жерден малдын өлүгүн алып чыгуу, ветеринардык – соттук экспертизада колдонулат.

**Эксикоз,** же дегидратация – ткань суюктугунун азайышы, организм көп суу жоготкондо байкалат.

**Эксистация** – дүүлүккөн абал.

**Экскориация**, же болбосо тилик – териге болгон механикалык таасир.

**Экскременттер** – жаныбардын, адамдын катуу жана суюк түрүндө керексиз заттарды бөлүп чыгаруусу.

**Экскреттер** – организмдин керексиз продуктыларды сыртка бөлүп чыгаруусу (заара, тер ж.б.).

**Экскреция** – организмден акыркы керексиз заттардын бөлүнүп чыгуусу (суунун ашыгы, туздардын, чоочун заттардын ж.б.).

**Экспертиза** – изилдөө, жыйынтык чыгаруу.

**Экспирация** – дем чыгаруу.

**Экспрессивдүүлүк** – белгилүү ген тарабынан тейленген жышаналардын ачык көрүнүү даражасы.

**Экссудат** – ткандарда, организмдин көңдөйлөрүндө топтолуучу суюктук (сезгенүү шишиги). Экссудаттын курамында кандын суюк бөлүгүнөн тышкары анын формалуу элементтери (лейкоциттер, кээде эритроциттер) жана ткандуу клеткалар (гистиоциттер, макрофагдар, полибластар) кездешет. Экссудат курамына жараша *сероздуу, фибриноздуу, геморрагиялык* жана *ириңдүү* болот. *Сероздуу* экссудат бардык сезгенүүдө байкалат, түссүз

саргыч суюктук, белок 3-8%ти түзөт. *Фибриноздуу* экссудатта көп сандаган фибринге айлануучу фибриноген болот. *Геморрагиялык* түрүндө көптөгөн эритроциттер болот. *Ириңдүү* экссудаттын негизги массасын лейкоциттер түзөт.

**Экстерорецепторлор** – тышкы чөйрөнүн козгогучтарын кабыл алуучу, дененин сыртында жайгашкан рецепторлор.

**Экстероцепция** – экстероцептор аркылуу сырткы дүүлүктүргүчтөрдү сезүү.

**Экстерьер** – айбандардын сырткы көрүнүшү жана дене түзүлүшү.

**Экстирпация** – органды же анын бөлүгүн жаңы пайда болгон нерселерди, ириңдерди, бездерди ж.б. толугу менен алып салуу.

**Экстразоналдуулук** – коомдоштуктардын жакын, кандайдыр бир мүнөздүү географиялык алкактарда жайгашышы. М: талаада токойлордун жайгашышы.

**Экстрат** – өсүмдүк сырьесунан алынган фармацевтикалык концентрацияланган суюктук. Алар суюк, жарым – жартылай суюк, коюу же кургак болот.

**Эктазия** – жергиликтүү бардык багытта түтүкчөлүү органдын, без түтүкчөлөрүнүн, кан тамырларынын кеңейиши.

**Эктогенез** – жандуу жаратылыштын тарыхый өнүгүшүн, айлана-чөйрөгө организмдин түз ыңгайланууларынын негизинде жүрөт деген көз карашты карайт.

**Эктодерма** – 1) Көп клеткалуу жаныбарлардын түйүлдүгүнүн сырткы түйүлдүк жалбыракчасы. 2) Эки катмарлуу жаныбарлардын (ичеги көңдөйлүүлөр, губка) сырткы кабыкчасы.

**Эктопаразиттер** – дененин сыртында мителик кылуучу организмдер (кенелер, битер ж.б.).

**Эктоплазма** – клеткалык цитоплазманын перифериялык сырткы кабыкчасы. Жөнөкөйлүүлөрдө пелликуланы, кээде кутикуланы пайда кылат.

**Электрокардиграфия** – иштеп аткан жүрөктүн биоэлектрикалык потенциалдарын каттоо менен жүрөк булчунун изилдөө ыкмасы.

**Электрофорез** – организмге тери же болбосо былжырлуу кабыкчалар аркылуу туруктуу ток жана даары заттары менен таасир этүү дарылоо ыкмасы.

**Электроэнцефалография** – баш мээнин биоэлектрикалык потенциалдарын каттоо ыкмасы.

**Элефантиазис** – пилдей болуу илдети, дененин айрым бөлүктөрүнүн айрыкча колдордун, буттардын чоңойуп кетиши менен мүнөздөлөт. Лимфа жолдору сезгенгенде тери, тери алдындагы клетчаткалар калыңдап кетет.

**Элизия** – жашоо чөйрө шарттарынын өзгөрүшүнүн негизинде түрдүн сүрүлүшү, чыгарылышы.

**Элиминативдүү функция** – көп катмарлуу жалпак эпителийдин коргонуу функциясы, чоочун денечелердин четтеши.

**Элиминация** – 1) Жашоо үчүн күрөш процессинин негизинде особдордун, же кандайдыр бир систематикалык категориялардын (түр, уруу, ж.б.у.с.) өлүшү. 2) Кандайдыр бир сүрүлүп чыккан нерсе (клеткалардын, убактылуу органдардын ж.б.).

**Элита** – селекциянын негизинде тандалып алынып, өстүрүү же көбөйтүлүүчү мыкты үрөн, өсүмдүк же мал.

**Элитораль** – деңиз түбүндөгү бентальдын бөлүгү. Жогорку балырлар өскөн чектен ылдый жайгашат.

**Эмаль** – тиштин коронкасын каптап турат.

**Эмбол** – үзүлгөн тромб же анын бөлүгү, бактериалдуу масса, шишиктин бөлүгү, майдын тамчысы, абанын исиркектери.

**Эмболия** – кан, лимфа тамырларында кан, лимфа агымдары менен келген бөлүкчөлөрдүн (эмболдордун) тыгылып калышы.

**Эмболюс** – жөргөмүштордүн эркегинин жыныстык мүчөсү.

**Эмбриогенез** – организмдин түйүлдүгүнүн өнүгүшү.

**Эмбриология** – организмдин түйүлдүгүнүн өнүгүшүн изилдөөчү илимий тармак.

**Эмбрион** – 1) Жаныбар, адам организминин өнүгүшүндөгү эң баштапкы мезгили, жумуртка клеткасынын көбөйүшүнөн баштап энелик организмден чыкканга чейинки. 2) Гүлдүү өсүмдүктөрдүн уругундагы түйүлдүк. 3) Уруктанган жумуртка клеткасынан пайда болот, папоротник сымалдуулардын, уруктуу өсүмдүктөрдүн түйүлдүгү.

**Эмбриондук камера** – үлүлкабыктуу жалгыз клеткалуу жандыктардын эң биринчи түйүлдүгүнүн үйү.

**Эмбриотека** же түйүлдүк баштыгы – кээ бир жөнөкөй түзүлүштүү жандыктардын түйүлдүктөрү жашоочу баштыкча.

**Эмдөө** – ветеринарияда малга вакцина, иммундук сары суу, глобулин куюп, организмдин ар кандай жугуштуу ылаңдарга туруктуулугун сактоо. Мал ылаңын алдын алуу максатында же аргасыздан эмделет. Алдын алып эмдөө жыл сайын, ал эми аргасыздан эмдөө чарбада ылаң пайда болгон кезде жүргүзүлөт.

**Эмезис** – кусуу.

**Эмигрант** – кан тамырларынан тегеректеги ткандарга чыккан кан клеткалары.

**Эмиграция** – айбандардын өз аймагынан башка жайларга оолашы.

**Эмоция** – субьективдүү реакция, психикалык ойлонуу, толкундануу (коркуу, кубаныч, жинденүү ж.б.у.с.). Тышкы, же ички козгогучтардын негизинде пайда болот.

**Эмпиема** – көңдөйлүү органда, дене көңдөйлөрүндө ириңдин топтолушу. Бул муун көңдөйү, плевра, аба алып жүрүүчү баштыкчалар, өт баштыкчасы, жатын ж.б.

**Эмподий** – жөргөмүштөрдүн буттарынын муундарындагы кыпчыкей.

**Эмульсия** – сууда эрибей турган майлар, бальзамдар дисперстүү абалда болушу. Дарылоо максатында колдонуудa эмульсияны аралаштыруу керек.

**Эндартрит** – артериялардын ички бетинин сезгениши.

**Эндемизм** – эндемиктердин жашоо комплекси, б.а. бир жайда байыр алып жашоо прцесси.

**Эндемик** – белгилүү бир аймакта гана кездешүүчү жергиликтүү түр, же системалык категория.

**Эндемикалык остедистрофия** – фосфор, кальций алмашуусунун бузулушу, скелеттин структурасынын өзгөрүшү менен коштологон илдет, ооруу.

**Эндемиялуу ылаңдар** – топурак, суу жана тоютта малга керектүү химиялык заттардын жетишсиздигинен же көптүгүнөн пайда болот. Алар: гипокобальтоз, эндемиялуу богок, энзоотиялуу атаксия, эндемиялуу энтерит, эндемиялуу остеодистрофия, ошол эле цинк, марганец ж.б. жетишпегендиктен пайда болгон ылаңдар.

**Эндогендүү инфекция**, же аутоинфекция – организмдин резистендүүлүгү төмөндөгөндө андагы инфекциянын өрчүшү.

**Эндодерма** – 1.Өсүмдүктөрдүн сабактарында, тамырларындагы биринчилик кыртыштын ички катмары. 2)Түйүлдүктүн ички катмары (энтобласт), көп клеткалуу жаныбарларда. 3)Эки катмарлуу жаныбарлардын (ичеги көңдөйлүүлөрдүн, губкалардын) ички катмарынын бети.

**Эндокард** – журөк көңдөйүн ичтеп турган ички чели.

**Эндокардит** – жүрөктүн ички бетинин сезгениши.

**Эндокринология** – физиология жана медицинанын бир бөлүмү, эндокриндүү бездердин түзүлүшүн, функциясын, аларды дарылоо ыкмаларын изилдейт.

**Эндокриндүү бездер** – бөлүп чыгаруучу түтүкчөлөрү жок секреттерин түз эле канга же лимфага бөлүп чыгаруучу бездер (гипофиз, эпифиз, калкан, калкан тегерегиндеги бездери, тимус ж.б.).

**Эндокутикула** – каскак жандыктардын кабыгынын (терисинин) ички катмары.

**Эндолимфа** – ички кулактын чыгырыгына толгон суюктук.

**Эндометрит** – жатындын былжырлуу кабыкчасынын сезгениши.

**Эндомитоз** – 1) Клетканын ядросунда хромосоманын көбөйүшү (кээде көп эсе). Бөлүү жипчелери пайда болбойт. Ядролук кабыкча эрип, ядро бөлүнүп, анан клетка өзү бөлүнөт, полиплодияга алып келет. 2) Нуклеопротеиддүү жипчелердин – хромонемалардын көп эсе көбөйүшү, гиганттуу хромосомаларды пайда кылат.

**Эндопаразитизм** – ичинде мителик кылып жашоо (ткандарында, ичегилеринде ж.б.).

**Эндопаразиттер** – дененин ичинде зыян келтирүүчү мителер; организмдин ички чөйрөсүндө мителик кылып жашоочу жандыктар, микробдор.

**Эндоплазма** – клеткалык цитоплазманын ички бети, анда клетканын органоиддери жайгашат.

**Эндоплазмалык тор** – клетканын ичиндеги бир тордуу органоид.

**Эндоподит** – рак сымалдуулардын аяктарынын ич жагындагы барасы; кыймылдоо, жылуу функциясын аткарат.

**Эндосперм** – өсүмдүк уруктарындагы запастоочу триплоидүү ткань, анда азык заттар топтолот.

**Эндостиль** – деңизде жашоочу көпчүлүк омурткасыз жандыктардын кызыл өңгөчүнүн жанындагы органы; жем ташуу ишине катышат.

**Эндостоз** – сөөктүн ички бетинен мээлүү көңдөйлүү бөлүгүн карай сөөк тканынын өсүшү.

**Эндотелий** – кан жана лимфа түтүкчөлөрүнүн ички бетин түзүүчү клеткалар, мезенхимадан пайда болот.

**Эндотоксин** – бактериалдык клетканын бузулушунун негизинде сыртка чыккан уулуу заттар.

**Эндофит** – өсүмдүк сымал организм (өсүмдүктөрдүн өзүлөрү, козу карындар, прокариоттор) башка бир нерсенин ичинде жашашат. М: таштардын арасында балырлар, же өсүмдүктөрдө (эндомикорида) ж.б.

**Эндофитүү өсүү** – шишиктин түтүкчөлүү органдын (бронх, карын, ичегилер, жатын ж.б.) ичин көздөй өсүшү.

**Эндофлебит** – веналардын ички бетинин сезгениши.

**Эндоцервицит** – жатын моюнчасынын былжырлуу кабыкчасынын сезгениши.

**Эндоциста** – цистанын ички жумшак чели.

**Эндоцитобиоз**, же аягына чыкпаган фагоцитоз – фагоцитоз процессине дуушар болгон микробдор бузулбай, жашоо мүмкүнчүлүгүн сактап, клетканын цитоплазмасында көбөйүп кайра эле инфекциянын булагы болот.

**Энзоотия** – белгилүү аймакта, чарбада, калктуу пункутта жаныбарлардын инфекциялык илдетинин таралышын көрсөтүүчү эпизоотологиялык категория.

**Эн салуу** – зоотехниялык эсеп кысапты туура жүргүзүү максатта белги коюу.

**Энтерит** – ичке ичегинин былжырлуу кабыкчасынын сезгениши.

**Энтеролиттер** – карын ичеги жолдорундагы ичеги конкременттери (таштар), тыгыз денечелер. Минералдык зат алмашуунун бузулушунун, тамак сиңирүү жолдоруна майда барат керексиз кыл кыбыр, акиташ, топурак ж.б. туш болушунун негизинде пайда болот.

**Энтобактерин** – катуу ылаң пайда кыла турган споралуу бактериядан (Bacillus thuringiensis var. Galleriae) – алынуучу биологиялык инсектицид. Курт – кумурска түрлөрүн жок кылууда пайдаланылат. Э. өсүмдүк, адам, ошол эле пайдалуу курт – кумурскаларга зыян келтирбейт.

**Энтодерма** – көп клеткалуу жандыктардын түйүлдүгүнүн ички катмары.

**Энтойкия** – организмдердин чогуу жашоосунун бир формасы, майдалары чоңдорунун ичинде зыян келтирбей жашашат.

**Энтомоз** – курт-кумурскалар мителери тарабынан козголуучу айыл чарба жаныбарларынын ылаңдары.

**Энтомология** – курт-кумурскалардын түзүлүшүн, жашоосун, эволюциясын, маанисин ж.б. изилдөөчү илимий тармак.

**Энтомофагдар** – курт- кумурскалар менен тамактануучу организм. Айрым Э. зыяндуу курт- кумурскаларды жоготуп турууда мааниси зор.

**Энтомофилия** – курт-кумурскалардын жардамы менен өсүмдүктөрдүн кайчылаш уруктануусу.

**Энтомохория** – курт-кумурскалардын жардамы менен урук, мөмө, спораларды таралышы.

**Энцефалит** – баш мээнин сезгениши.

**Энцефаломиелит** – баш жана жүлүн мээнин сезгениши.

**Эозинофилдер** – лейкоциттердин бир формасы, бактериалдуу токсиндерди зыянсыздандырууга жөндөмдүү.

**Эозинофилия** – канда эозинофилдердин санынын көбөйүшү. Инвазиялык илдеттерде (фасциолез, кокцидиоз, инфекциялык анемия ж.б.) байкалат.

**Эозинопения** – канда эозинофилдердин санынын азайышы. Курч септикалык инфекциялык илдеттерде, интоксикация болгондо байкалат.

**Эпибентос** – көлмөлөрдүн үстүндө кездешүүчү организмдер.

**Эпигенез** – түйүлдүктөр өөрчүгөндө органдар, мүчөлөр жаралуу жөнүндөгү бир илимий көз караш.

**Эпигина** – жөргөмүштүн жатынынын оозун жабуучу бөтөнчө бир орган.

**Эпидермис** – 1) Омурткалуу жаныбарлардын, адамдын терисинин үстүңкү катмары, көп клеткалуу жалпак эпителийден турат. 2) Жогорку өсүмдүктөрдүн сырткы жабуучу тканы.

**Эпизоотикалык лимфангит**, же африкалык сап – туяктуулардын өнөкөт инфекциялык илдети. Тери, тери алдындагы клетчатка ириңдүү сезгенип, лимфа түйүндөрү түтүкчөлөрү жабыркаланат. Илдеттин негизги булагы ачыткыч козу карыны жана оорулуу жаныбарлар.

**Эпизоотикалык очок** – инфекцияны козгоочу булактары бар мал кармоочу жай, аймакжана башка. Эпизоотикалык процесстин биринчилик звеносу.

**Эпизоотикалык процесс** – жугуштуу илдеттердин татаал үзгүлтүксүз пайда болуу, таралуу процессии. Ооруган малдан таза малга жугушу менен байланыштуу.

**Эпикард** – жүрөктүн сыртын каптап турган чел.

**Эпикаридиум** – рак сымалдуулардын личинкалык бир стадиясы.

**Эпикутикула** – каскак жандыктардын сырткы кабыгынын тышындагы, суу өткөрбөс мом сыяктуу катмар.

**Эпимерит** – грегарина жандыктарынын денесинин баш жак бөлүгү.

**Эпиморфоз** – 1) Түз өнүгүү. 2) Регенерациянын бир формасы.

**Эпинерва каналдары** – деңизде жашоочу тикен терилүүлөрдүн денесиндеги нерв өткөрүүчү каналдар.

**Эпипелагиаль** – күндүн жарыгы жакшы тийген суунун үстүңкү бөлүгү.

**Эпиподит** – рак сымалдуулардын жаакбуттарынын сырткы калың кабыгы.

**Эпиподиум** – деңизде жашоочу үлүлдөрдүн буттарынын түбүндөгү бөтөнчө бир бүгүшү.

**Эпистаз** – доминанттуу гендер өз ара таасир көрсөтүшүп, биринин аракетин бири басып коюсу.

**Эпистерриум** – деңизкирпилердин сырткы кабыгындагы эбелек.

**Эпистом** же ооз жапкыч – жөргөмүш сымалдуулардын оозундагы бир орган.

**Эпистрофей** – моюндун экинчи омурткасы.

**Эпителий** – 1) Теринин, көздүн чечекейин, дененин ички көңдөйлөрүн, ж.б.у.с. каптап туруучу ткань. 2) Өсүмдүктөрдө айрым ички көңдөйлөрдүн бетин түзүүчү жука беттүү клеткалар.

**Эпителий клеткалары** – эпителий тканынын клеткалары.

**Эпитокия** – жыныстык продуктылар жетилип келатканда кээ бир организмдин (мисалы, көп түктүү курттардын) сырткы кебетеси жана ички түзүлүшүнүн өтө өзгөрүп калышы.

**Эпитоктук формалар** – жандыктардын эпитокия мезгилиндеги түрлөрү.

**Эпифиз** – омурткалуу айбандардын мээсинин үстүнкү бези; муунбаш; жиликтердин муунга ашталуучу эки жоон башы.

**Эпифилл** – башка өсүмдүктөрдүн жалбырагынан орун алган өсүмдүк – эпифит.

**Эпифит** – башка өсүмдүктөрдөн (негизинен дарактуу) орун алган өсүмдүктөр, бирок мителик кылышпайт.

**Эпифрагма** – кургакта жашоочу үлүлдөрдүн кышкы чээнге киргенде үлүлкабыгынын оозуна тарткан көшөгөсү.

**Эпойкия** – организмдердин чогуу жайгашышынын бир формасы, мында майдалары – чоң организмдерде жайгашат.

**Эполеттер** – медузалардын ооз жагындагы бир кошумча бүгүш.

**Эргастоплазма** – РНКсы көп, жаш клетканын цитоплазмасы.

**Эргономика** – эмгек процесстерин изилдөөчү илимий тармак, эмгектин жакшы шарттарын түзүү максатында, адамдын ден–соолугун, ишке жөндөмдүүлүгүн сактоо боюнча иштерди жүргүзөт.

**Эрекция** же кобуу – жыныс мүчөсүнө кан толуп катуулануу.

**Эрепсин** – ичегидеги ферменттердин бири.

**Эрионейкус** – рак сымалдуулардын личинкалык бир стадиясы.

**Эритме** – дары затын толук эриткенде алынган тунук суюктук.

**Эритробласттар** – эритроциттерди жаратуучу клеткалар.

**Эритропоэз** – сөөк мээсинде эритроциттердин пайда болушу.

**Эритроциттер** – кызыл түстөгү кан денечелери, ядросуз клеткалар, гемоглобинден турат. Ткандарга – кычкылтекти, ткандардан – көмүр кычкыл газын ташыйт.

**Эритроцитоз** – эритроциттердин убактылуу көбөйүшү.

**Эрозия** – тери, былжыр кабыкча эпителийинин бузулушу. М: жатын моюнчасынын эрозиясы.

**Эстен тануу** – кокусунан пайда болгон патологиялык абал, мээнин курч анемиясынын негизинде кыска мөөнөткө сырткы козгогучтарга реакциянын жоктугу.

**Эстеразалар** – татал эфирлерди, мисалы, майды, ажыратууга катышуучу ферментер.

**Эстеттер** – үлүлкабыттуу кээ бир жандыктардын кабыктарынын тешиктериндеги бөтөнчө бир сездиргич органдар.

**Эстреус** же күүлөө – ургаачы айбандын эркек айбанды эңсеп каалоочу убагы.

**Этиология** – оорулардын себептери жөнүндөгү илим.

**Этология** – жаныбарлардын жүрүм-турумдарын изилдөөчү илим (зоологиянын бир тармагы).

**Эукариоттор** – жогорку организм, клеткасында калыптанган ядросу бар. Ядро ядролук кабыкча менен цитоплазмадан бөлүнүп турат. Эукариотторго козу карындар, өсүмдүктөр, жаныбарлар кирет.

**Эфемер** – 1) Кыска, жазгы жашоо циклына ээ бир жылдык өсүмдүк. 2) Жашоо цикли кыска келген жаныбар.

**Эфемероид** – көп жылдык өсүмдүк. Гүлдөө мезгили узак эмес, жыл сайын вегетация байкалат. Э. талаа, жарым чөл, чөлдөргө, ошол эле жазы жалбырактуу токойлорго мүнөздүү.

**Эфиппиум** – дафниялардын уруктанган жумурткалары жашоочу жай.

**Эфира** – медузалардын личинкалык бир стадиясы.

**Эффекторлор** – ар кандай козгогучтарга жооп кайтаруучу ар кандай органдар.

**Эхинококк** же чер – тасмакурттардын личинкалык бир стадиясы, кишинин жана айбандардын ички органдарында мите болуп жашайт.

**Эхиноплутеус** – деңизде жашоочу тикен терилүү жандыктардын личинкалык бир стадиясы.

**Эякулят** же чүчүү – жыныстык катышууда эркек айбандын бир чүчүгөндө бөлүп чыгарган спермасы.

**Эякуляция** – аталык организм уруктарын бөлүп чыгаруусундагы татаал рефлектордук акт жана жатын бездеринин секреттеринин бөлүп чыгуу процесси.

## – Ю –

**Ювенилдүү** – жыныстык жактан жетиле элек (личинкалуу, нимфалдуу жаныбарлардын өнүгүү фазаларына тиешелүү).

**Ювенилдүү гармон** – нормалдуу метаморфозго тоскоол кылуучу курт кумурскалардын гормону. Химиялык жаратылышы боюнча изопреноид.

## – Я –

**Ядро** – тукум куучулук маалыматтарды алып жүрүүчү, кабыкча менен капталган клетканын эң маанилүү органоиди. Клеткада белоктун синтезин жана башка физиологиялык процесстерди башкарат. Я. бир же бир канча ядрочолордон, хромосомалардан жана кариоплазмадан турат.

**Ядро чели** – клетканын ядросунун сыртындагы жука чел.

**Ядрочо** – ядронун ичиндеги бир же бир канча майда, тыгыз денечелер. 80-85% белоктон турат. Ядрочодо РНКнын концентрациясы жогору.

**Якобсон органы** – сойлоктордун жыт билдирүү органдарынын бири.

**Ярус** – 1. Өсүмдүк коомдоштугундагы катмар, анда өсүмдүк органдары м: тамырлары, же болбосо жалбырактары бир сызыкта жайгашат. 2. Жер бетиндеги м: чөптөр, жапыз бадалдар, бийик бадалдар, жапыз дарактар же болбосо бийик дарактар ж.б. жана андагы консументтер, редуценттер.

**Ярустуулук** – өсүмдүк коомдоштугунун (жер бетиндеги экосистеманын) горизонтторго, ярустарга, катмарларга ж.б. тилкелениши.

**Язва** – айыкпаган ткандын жарасы. Формасы, тереңдиги, абалы боюнча ар кандай түрлөрү болот.